КЫРГЫЗ ССР ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫ
ТИЛ ЖАНА АДАБИЯТ ИНСТИТУТУ

К. СЕЙДАКМАТОВ

КЫРГЫЗ ТИЛИНИН КЫСКАЧА ЭТИМОЛОГИЯЛЫК СӨЗДҮГҮ

«ИЛИМ» БАСМАСЫ
Фрунзе 1988

а,
к,
й,
з,
де
р-
п,
де
н
и
з-
а-
б-
л-
г-
г-
й

Тилдеги сөздөрдүн келип чыгышына арналган эмгек кыргыз тилинде алгачкы ирет түзүлдү. Азыркы кыргыз тилиндеги сөздөрдүн айрымдарынын келип чыгышы лексикалык, тыбыштык, семантикалык, морфемалык, синтаксистик закон ченемдүүлүктөргө негизделип түшүндүрүлөт. Этимологиялык талдоого азыркы кезде келип чыгышы күңүрттөнүп калган сөздөр тандалып алынган. Эмгекте кыргыз тилинин өзүнө (жалпы эле түрк тилдерине) таандык жана монгол, иран, араб тилдеринен кабыл алынган сөздөрдүн келип чыгышы талданат.

Китеп филолог адистерге, студенттерге жана кыргыз тилинин тарыхына кызыккан көпчүлүк элге арналат.

Басмага Тил жана адабият институтунун Окумуштуулар совети тарабынан сунуш кылынып, Кыргыз ССР илимдер академиясынын Редакция-басма совети кабыл алган

Жооптуу редактору — филология илимдеринин кандидаты *Д. Исаев*

Рецензенттер: филология илимдеринин кандидаты *А. Биялиев.*
Филология илимдеринин кандидаты *Э. Абдулдаев*

© «Илим» басмасы, 1988-ж.

КИРИШ СӨЗ

Кыргыз тили түрк тилдеринин тобуна кирет да, азыркы якут, тува, хакас, алтай, казак, уйгур, өзбек, түркмөн, кара калпак, татар, башкыр, чуваш, ногой, карачай, балкар, кумык, азербайжан, караим, гагауз, турция тилдери менен тектеш келет. Түрк тилинде сүйлөгөн элдер биздин эрага чейинки мезгилде Борбордук Азиянын аймагында тарыхый аренага чыгып, монгол, манчжур, тунгус, иран жана кытай тилинде сүйлөгөн элдер менен чек аралаш жашап, алар менен карым-катышта болгон. Бирок ал кездеги түрк тили кандай болгонун так айтуу кыйын. Анткени ошол кездеги түрк тилин толук бойдон чагылдыра турган жазуу эстеликтери сакталбай, айрым сөздөр, кишилердин аттары жана титулдар кытайча транскрипцияланып берилгени гана бар. Алардын негизинде түрк тилинин толук абалын элестетүү мүмкүн эмес [1]. Ошондуктан ал кездеги түрк тилин салыштырма-тарыхый методдун негизинде теориялык жактан гана божомолдоого болот. Байыркы түрктөр орхон-енисей руналары менен жазган жазуу эстеликтерин VII—X кылымдарда калтырышкан. Мына ошол жазуу эстеликтери азыркы түрк тилдеринин баарына орток жана эң алгачкысы болуп эсептелет. Кыргыздар жөнүндөгү тарыхый маалыматтар байыркы түрктөр жөнүндөгү кабарларга мезгилдеш [2]. Ал кездеги тилдин абалын чагылдыра турган жазуу эстеликтери болбогон соң, кыргыз тилинин VII кылымдагы абалын Орхон, Енисей жана Талас өрөөнүндөгү табылган эстеликтеринин тилине өтө жакын болгон деп болжолдоого туура келет. Түрктөр кийинчерээк брахми, уйгур, манихей, араб, сирия жазууларын пайдаланышып, жазуу эстеликтерин калтырышкан, XIII кылымга чейинки түрк жазуу эстеликтериндеги сөздөр өзүнчө жыйналып, «Древнетюркский словарь» деген ат менен 1969-жылы басылып чыкты. Мына ушул сөздүк байыркы түрк тилин-

[1] *Баскаков Н. А.* Введение в изучение тюркских языков. — М., 1962.—119-бет.

[2] *Бартольд В. В.* Сочинения. — Т. II. — Ч. I. — М., 1963.— 437-бет.

деги сөз байлыктарын чагылдырган негизги справочник материал болуп таанылат. Ошондуктан ал кыргыз тилиндеги сөздөрдүн келип чыгышына байланыштуу тарыхый маалыматтардын жыйындысы катары кызмат кылат.

Азыркы кыргыз тилиндеги морфологиялык түзүлүшү күнүрттөнүп, уңгу жана мүчөсү кайсы экенин ажыратуу кыйындап калган *айык, алкынды, безгек, булак, жакшы, жалга, жөргөм, жумуртка, жуучу, жүгөн, качыр, кепше, котор, куткар, маңдай, мертин, ойгон, отуз, тапшыр, тил, тирүү, токмок, тумак, туман, чейин, чийне, чык, шылта, эгиз, ээрчи* сыяктуу толуп жаткан сөздөрдүн келип чыгышы мына ушул байыркы түрк тилиндеги абалына карата аныкталып, сөздүккө киргизилди. Байыркы түрк жазуу эстеликтеринин тилдин тарыхы үчүн зор мааниси бар экенин таануу менен, дагы бир орчундуу маселени эске алуу керек. Кайсы гана тилде болбосун жазуу алда канча кийин пайда болгон. Демек, белгилүү бир тил пайда болуп, өнүгүп-өсүп, далай жолдорду басып өткөн соң гана жазуу ойлонуп чыгып, жазууда ошол кийинки мезгилдеги тилдин абалы чагылдырылат да, жазуу келип чыкканга чейинки кездеги тилдин абалы белгисиз бойдон калат. Ушундай көз караш менен алып караганда, байыркы түрк жазуу эстеликтери тилдин тарыхына байланыштуу кубулуштардын баарын чагылдыра албайт. Жазуу чыкканга чейинки тилдин тарыхын мүнөздөп берүү үчүн тил илиминде салыштырма-тарыхый метод колдонулат. Бул метод боюнча тектеш тилдеги фактылар жазуу эстеликтериндеги фактылар менен салыштырылып, алардын эң алгачкы формасы аныкталып, ошого жараша праформасы реконструкцияланат. Реконструкцияланган формадан келип чыккан ар кандай түрлөрү бул же тигил тилде кандай абалга келгени көрсөтүлөт.

Түрк тилдериндеги сөздөрдүн этимологиясын изилдеген Э. В. Севортян Байыркы кездеги түрк тилине мындай мүнөздөмө берет: 1) сөздүн үндүү тыбыштары туруктуу болбой, белгилүү деңгээлге чейин башка тыбыштарга алмашылып айтыла берген; 2) сөздүн үнсүз тыбыштары да туруктуу болбой, ар кандай башка тыбыштарга алмаштырылып кете берген; 3) белгилүү фонетикалык закон ченемдүүлүк ырааттуу түрдө ишке ашпай, бир учурда ал колдонулса, экинчи бир учурда ал колдонулбай калган жана айрым тыбыштык закон ченемдүүлүктөр чектелген абалда болгон [3]. Мындай мүнөздөмө белгилүү даражада кыргыз тилиндеги сөздөргө да ылайык келет. Алсак, байыркы түркчө *суг* сөзү азыркы кыргыз тилинде *сугар, сугат* сыяктуу сөздөрдө эски калыбын сактап кала берген, ал эми дифтонгулуу говорлордо аяккы *г* тыбышы *в* тыбышына өтүп, *сув* түрүнө келген. Мына ушул *в* тыбышы каткалаң *п* тыбышына өткөнү *супсак* сөзүндө айтылат. Дифтонг түрүндөгү *в* тыбышы үндүүгө айланышынан адабий тилдеги *суу* түрү келип чыккан. Бирок процесс муну менен эле чектелбестен, *шыба (<шыба+а)* деген сөздө сөз башындагы *с* тыбышы *ш* тыбышына алмашса, *у* тыбышы *ы* тыбышына алмашкан. Натыйжада азыркы кыргыз тилинен байыркы *суг* сөзүнүн *суг, сув, суп, суу, шыб* деген түрлөрүн көрүүгө болот.

Азыркы кыргыз тилиндеги *кой* этиши байыркы түрк эстеликтеринде *кот, код, коз, кой* түрүндө болгон. Кыргыз тилинде *кой* этиши өзүнчө сөз катары колдонулат, бирок анын *кот* деген алгачкы формасы болгон түрү *котор* деген этиштин составында сакталып кала берген.

Мындай, тыбыштары туруктуу болбой, башка тыбыштарга алмашып кеткен учурлар түрк тилдеринде өтө эле ар түрдүү жана арбын. Аларды түрк тилдерин өз ара салыштыруу аркылуу же кыргыз тилинен өзүндөгү фактылардан табууга болот. Алсак, азыркы кыргыз тилиндеги *кабырга, мелдеш, мурун, ноокас, сайын, ороо, кирпик, чалгы, чүлүк, бөлтүрүк, сокур, чөмөлө, түгөн, жүзө, үртүк, чабалекей* сыяктуу сөздөрдүн тыбыштык, морфемалык түзүлүшүндөгү кубулуштарды башка түрк тилдериндеги фактыларга таянып, келип чыгышын түшүндүрүп берүү мүмкүнчүлүгү табылды. Ал эми айрым сөздөрдүн байыркы кездеги формасы же ага жакын түрү кыргыз адабий тилинин өзүндө, диалектилеринде, говорлорунда сакталып калгандыктан *сак — соо, боо — байла, бел бак, чачпак, желдик — жегелдирик* сыяктуу сөздөрдүн келип чыгышы ушундай кубулуштарга байланыштуу чечмеленди.

Кыргыз тилчилери, бардык эле түрк тилинде сүйлөгөн элдердин тилчилери сыяктуу, Улуу Октябрь со-

[3] *Севортян Э. В.* Этимологический словарь тюркских языков. (Общетюркские и межтюркские основы на гласные). — М., 1974.— 31-бет.

циалисттик революциясынын жеңишинен кийин зарыл болгон практикалык маселелерди чечүү менен алек болуп келди. Графика, орфография маселелерин иштеп чыгуу, мектеп окуучуларына окуу китептерин түзүү, котормо сөздүктөрдү түзүү сыяктуу орчундуу иштерди аткарды. Тилдин тарыхын, сөздөрдүн келип чыгышын изилдөөгө анчалык көңүл бурулган жок. Ошондуктан мындан отуз жыл мурда Фрунзе шаарында болуп өткөн илимий конференцияда Б. А. Серебренников түрк тилдери боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрдө салыштырма-тарыхый метод солгун колдонулары жана этимологиялык иликтөөлөргө жарды экендигин айткан эле [4]. Андан берки мезгилде түркология бир топ жылыштар болду. Түрк тилдериндеги сөздөрдүн тарыхына, салыштырылып изилденишине арналган эмгектер жаралды [5]. Салыштырма-тарыхый грамматика боюнча изилдөөлөр пайда болду [6]. Этимологиялык изилдөөлөрдүн жыйнактары да чыкты [7]. Байыркы түрк жазма эстеликтериндеги сөздөр өзүнчө сөздүк болуп жарыяланды [8]. Э. В. Севортяндын этимологиялык сөздүгүнүн алгачкы томдору басылып чыкты [9]. Чуваш тили боюнча чакан этимологиялык сөздүк түзүлүп, [10], казак тилинин кыскача этимологиялык сөздөгү жарык көрдү [11]. Булар кыргыз тилинде да кыскача этимологиялык сөздүк түзүүгө жол көрсөтүп, ишти бир топ оңойлотту.

Кыргыз тинилдеги сөздөрдүн тарыхына, келип чыгышына, морфологиялык түзүлүшүнө, тыбыштык өзгөрүүлөрүнө байланыштуу маалыматтар К. К. Юдахиндин [12], М. М. Мураталиевдин [13], Б. М. Юнусалиевдин [14], Б. О. Орузбаеванын [15], С. Кудайбергеновдун [16], С. Давлетовдун [17], Д. Исаевдин [18], К. Дыйкановдун [19], К. Конкобаевдин [20], Х. К. Карасаевдин [21], К. Сейдакматовдун [22] эмгектеринде аздыр-көптүр берилип кел-

[4] *Серебренников Б. А.* Сравнительно-исторический метод в языкознании и история изучения тюркских языков//Труды Института языка и литературы АН Киргизской ССР. Вып. VI. — Фрунзе, 1956.—17-бет.

[5] Историческое развитие лексики тюркских языков. — М., 1961; Проблема общности алтайских языков. — Л., 1971; Очерки сравнительной лексикологии алтайских языков. — Л., 1979; *Мусаев К. М.* Лексики тюркских языков сравнительном освещении. — М., 1975; *Мусаев К. М.* Лексикология тюркских языков. — М., 1984.

[6] *Щербак А. М.* Сравнительная фонетика тюркских языков.— Л., 1970; *Щербак А. М.* Очерки по сравнительной морфологии тюркских языков (имя). — Л., 1977; *Щербак А. М.* Очерки по сравнительной морфологии тюркских языков (глагол). — Л., 1981; *Серебренников Б. А., Гаджиева Н. В.* Сравнительно-историческая грамматика тюркских языков. — Баку. 1979; Сравнительно-историческая грамматика тюркских языков. Фонетика. — М, 1984.

[7] Исследования по этимологии чувашского языка. — Чебоксары, 1981; Алтайские этимологии. — Л., 1984; Теория и практика этимологических исследований. — М., 1985.

[8] Древнетюркский словарь. — Л., 1969.

[9] *Севортян Э. В.* Этимологический словарь тюркских языков (Общетюркские и межтюркские основы на гласные). — М., 1974; Ошонуку: Общетюркские и межтюркские основы на буквы «Б». — М., 1978; Ошонуку: Общетюркские и межтюркские основы на буквы «В», «Г»; «Д». — М., 1980.

[10] *Егоров В. Г.* Этимологический словарь чувашского языка.— Чебоксары, 1964.

[11] Казак тілінін кыскаша этимологиялык сөздігі. — Алматы, 1966.

[12] *Юдахин К. К.* О киргизском термине «акын».//Академику Владимиру Александровичу Гордлевскому к его семидесятипятилетию. Сборник статей. — М., 1953; Ошонуку: Киргизско-русский словарь. — М., 1965.

[13] *Мураталиев М.* Эпчи — «аял».//Труды Института языка, литературы и истории (Киргизский филиал АН СССР). Вып. III.— Фрунзе, 1948.

[14] *Юнусалиев Б. М.* Киргизская лексикология. — Фрунзе, 1959.

[15] *Орузбаева Б. Ө.* Кыргыз тилиндеги сөз жасоочу аффикстер (Кыскача маалымат). — Фрунзе, 1958; Ошонуку. Словообразование в киргизском языке. — Фрунзе, 1964.

[16] *Кудайбергенов С.* Кыргыз тилиндеги ат атоочтор. — Фрунзе, 1960; Ошонуку. Кыргыз тилиндеги таандык категориясы. — Фрунзе, 1961; Ошонуку. Наименования единиц числительных в тюркских языках//Кыргыз терминологиясынын маселелери. — Фрунзе, 1981.

[17] *Давлетов С.* Азыркы кыргыз тилиндеги тактоочтор. — Фрунзе, 1960.

[18] *Исаев Д.* Жер-суу аттарынын сыры. Фрунзе, 1977.

[19] *Дыйканов К.* Кыргыз тилинин тарыхынан. Фрунзе, 1980.

[20] *Конкобаев К.* Топонимия Южной Киргизии. Фрунзе, 1980.

[21] *Карасаев Х. К.* Накыл сөздөр. — Фрунзе, 1982.

[22] *Сейдакматов К.* Фонетические изменения слова «тил» в тюрко-монгольских языках//Звуковая и семантическая структура языка. — Фрунзе, 1975. Ошонуку. Акчага байланыштуу сөздөрдүн келип чыгышы//Кыргыз терминологиясынын маселелери. — Фрунзе, 1981; Ошонуку. Кыргыз тилиндеги сөз маанисинин жана вариантгарынын өнүгүшү. — Фрунзе, 1982, Ошонуку. Сөз варианттарынын кээ бир өзгөчөлүктөрү жөнүндө//Тюркологические исследования. — Фрунзе, 1983; Ошонуку. Үй жаныбарларын айдоодо жана чакырууда айтылчу сөздөрдүн келип чыгышы//Кыргыз терминологиясынын маселелери. — Фрунзе, 1984; Ошонуку. Древнетюркское слово «куз» в топонимии Киргизии//Ономастика Киргизии. I, — Фрунзе, 1985.

ген эле. Аларды чогултуп, белгилүү бир ыраатка келтирип, элге тартуулоо зарылчылыгы бышып жетилди. Кыргыз тилиндеги сөздөрдүн келип чыгышы менен элди тааныштыруу, ага болгон кызыгууларды арттыруу, элдин күн санап өсүп жаткан талаптарын канаатандыруу жана кыргыз тилинин тарыхын тереңдетип изилдөөгө көмөк көрсөтүү максатында колуңуздардагы сөздүк түңгуч ирет түзүлдү.

СӨЗДҮКТҮН ТҮЗҮЛҮШҮ

Азыркы кыргыз тилиндеги сөздөрдүн ичинен келип чыгышын түшүндүрүп берүүгө мүмкүн болгон сөздөр алфавит тартиби боюнча жайгаштырылды. Араб, иран, грек тилдеринен кабыл алынган сөздөрдүн өз алфавити менен жазылган түп нускасы полиграфиялык мүмкүнчүлүктөргө байланыштуу берилген жок. Азыркы түрк тилдери колдонгон алфавиттер ар түркүн: Советтер Союзундагы түрк элдери орус графикасынын негизиндеги алфавиттен пайдаланышса, Синьизяндагы уйгурлар араб графикасынын негизиндеги жазууну колдонсо, турциялыктар латын алфавитинде жазышат. Ошону менен бирге Советтер Союзундагы түрк тилинде сүйлөгөн элдердин алфавитинде кыргыз алфавитинде жок ар түрдүү тамгалар жолугат. Аларды кыргыз алфавитиндеги тамгаларга ылайыктап өзгөртүп жазууга туура келди.

Ар бир сөзгө берилген этимологиялык талдоо чакан макала түрүндө жазылды. Ар бир сөздүн өзгөчөлүгүнө жараша айрым сөздөр байыркы түрк тилиндеги же азыркы түрк тилдериндеги фактылардын негизинде талданса, кээ бирлери азыркы кыргыз тилинин өзүндөгү фактылардын негизинде лексикалык, семантикалык, фонетикалык, морфологиялык жана синтаксистик жактан түшүндүрүлдү.

Кээ бир сөздөрдүн келип чыгышы жөнүндө айтылган ар түрдүү пикирлер бар. Зарыл болгон учурда андай пикирлердин айрымдары келтирилет, бирок ар бир пикирдин тууралыгы же туура эместиги атайын талкууга алынбайт. Бул же тигил сөздүн келип чыгышына байланыштуу автордун негизги ою макаланын өзөгүн түзөт.

Өтө зарыл болгон сөздүн келип чыгышын далилдей турган тилдик фактылар кайсы булактан, кайсы автордон алынганы кашаанын ичинде көрсөтүлдү.

Кашаанын ичине шарттуу түрдө кыскартылып алынган автор же китеп биринчи жазылып, андан кийин үтүр коюлат. Андан кийин бир эле автордун бир нече эмгектеринин биринен болсо, анын чыккан жылы көрсөтүлөт (Мисалга Севортян, Щербак дегендерди караңыздар). Чыккан жылы көрсөтүлгөн соң, башка учурлардагыдай эле маалымат кайсы беттен алынганы көрсөтүлөт. Кашаанын ичиндеги кыскартылып алынган авторлор менен сөздүктөрдүн толук аталышы сөздүктө өзүнчө берилди.

Бир сөздүн келип чыгышы менен экинчи сөздүн келип чыгышы да тыгыз байланыштуу болуп калган учурлар да кездешет. Мындай учурда андай сөздөрдүн келип чыгышы жөнүндөгү маалымат бир макалада баяндалат. Экинчи сөздүн келип чыгышы ошол сөзгө шилтенет. Мисалга *торпок, тогуз, туулга, куш* ж. б. сөздөрдү караңыздар.

Сөздүктүн аягында 5 тиркеме берилди. Алардын биринчисинде сөздүктө талдоого алынган сөздөрдүн тизмеси берилсе, экинчисинде талданган сөздөрдүн морфемалык составдарга ажырашынын көрсөткүчү, үчүнчүсүндө тыбыштык өзгөрүүлөрдүн, алмашуулардын, түшүп калуулардын, кошулуулардын, метатезалык орун алмашуулардын көрсөткүчү, төртүнчүсүндө кабыл алынган сөздөрдүн көрсөткүчү берилди. Аяккысында кыргыз тилиндеги мүчөлөрдүн тизмеси берилип, ар биринин кыскача түшүндүрмөсүнөн кийин мисалдар келтирилди.

КЫСКАРТЫЛЫП АЛЫНГАН ТИЛДЕР

аз.	азербайжан
алт.	алтай
баш.	башкыр
гаг.	гагауз
каз.	казак
кар.	караим
карач.	карачай
ккал.	кара калпак
ктат.	крым татары
кум.	кумык
кырг.	кыргыз
лоб.	лобнор
ног.	ногой
өзб.	өзбек
санскр.	санскрит
тат.	татар
тув.	тува
тур.	турция
түрк.	түркмөн
уйг.	уйгур
хак.	хакас
чув.	чуваш
шор.	шор
як.	якут

Белгилер

>...га өтөт, ...болуп өзгөрөт
<...дан пайда болгон.
~алмашат, туура келет
//жарыш

Кыргыз алфавити

А Б В Г Д Е Ё Ж З И Й К Л М Н Ң О Ө П Р С Т У
Ү Ф Х Ц Ч Ш Щ Ь Ы Ъ Э Ю Я

А

ААРЧЫ Уңгусу *аар* — азыркы *аруу* «таза», *арыт*, *арт* «тазала» деген сөздөгү *ар* уңгусу менен тектеш. Кыска үндүү *а* созулмага айланып кеткен, *-чы* мүчөсү этиштен этиш жасоочу мүчө экени *чапчы* деген учурда даана көрүнөт: *чап+чы*. Байыркы кезде *ар* уңгусунун өзү эле «ааарчы» дегенге жакын маани берген. Ушул этишке омонимдеш *бет ааарчы, кол ааарчы, жүз ааарчы* сыяктуу учурларда айтыла турган зат атооч маанисиндеги *ааарчы* сөзү да бар. Ал толук айтканда *бет ааарчучу, кол ааарчучу, жүз ааарчучу* болууга тийиш болгон түрүнүн кыскарышынан келип чыгат. Анткени сөздүн аягындагы окшош болуп кайталанган *-чучу* деген муундардын бири кыскарып калат.

АГАЙЫН *Ага* жана *ини* деген сөздөр биригип, бир сөзгө айланганда, *ини* сөзүнүн агындагы *и* тыбышы түшүп, алдына *й* тыбышы кошулган. Ошентип, ал бир сөзгө айланып, жалпылап көрсөткөн маани берип калган.

АГЫЛГА Азыркы кыргыз тилиндеги *оолак* сөзү байыркы түрк тилинде жана азыркы түрк тилдеринин айрымдарында *аглак* түрүндө айтылган сөзгө туура келет. Мына ушул сөздүн өзү байыркы түркчө *агла* (ДТС, 21) этишинен жана андан атооч жасоочу *-к* мүчөсүнөн турат. Байыркы түркчө *аглак* сөзүн монгол тилинде сүйлөгөн элдер кабыл алган. Алар *аглак* сөзүнүн аяккы *ак* бөлүгүн *га* кылып метатезалаштырган. Натыйжада *агылга* сөзү жаралган. Азыркы калмак тилинде *аглга* болуп айтылат (КРС, 25). Мына ушул сөз кайра кыргыз тилине кабыл алынган. Ошондо *агылга* сөзү *оолак* деген сөздөн айырмалуу маани берип калган. Кыргыз тилинде *оолак* сөзү «алыс», «ыраак» дегенге жакын мааниде колдонулса, *агылга* сөзү «эч ким жок», «эч ким көрбөгөн мезгил» дегенге жакын маанини берип калган.

АДАШ А. М. Щербак байыркы түркчө *ас* этиши «адаш» маанисинде колдонгонун архетиби деп эсептейт

(Щербак, 1970, 193). Ошол *ас* этиши азыркы кыргызча *аз* этишине туура келет. Сөздүн аягындагы *с* тыбышы жумшаруу менен, мааниси да азыркы кыргыз тилинде өзгөрүп кеткен.

Морфологиялык составы боюнча алганда *адаш* этиши *ад+а+ш* деген бөлүктөрдөн турат. Мунун да *ад* уңгусу жогорку *ас* этишине туура келет. Кумык тилинде *адамак* этиши «шашуу, шашып калуу» маанисин бергенине караганда *ас* уңгусуна *-а* мүчөсү жалгануу менен, *ада* этиши жаралган. Закон ченемдүүлүк боюнча *аса* болбой, *ада* болуп калышы мындайча түшүндүрүлөт. Эки үндүүнүн ортосундагы *с* тыбышы жумшарып *з* тыбышына айланганда, ал тамтаза *з* түрүндө эмес, башкылардыкындай тиш менен тилдин учунун жардамы менен айтылган *з* же *д* тыбышына жакын болуп угулган. Айрым тилдерде *з* тыбышы *д* тыбышына өтүп кеткен. Натыйжада *аса*>>*аза*>*ада* болуп өзгөргөн. Мына ушул *ада* этишине кош мамиленин *-ш* мүчөсү жалгануудан *адаш* этиши пайда болгон.

АДЫР Тоонун майда кокту-колоттуу жерлери *адыр делет*. Бул сөз *ад+ыр* деген эки морфемадан турат. А. М. Щербак *ад* этишин «ажыра, бөлүн, тара» маанисинде байыркы түрк тилине таандык деп карайт. Мына ошол этишке зат атооч жасоочу *-р* мүчөсү жалганып, *адыр* сөзү жаралган. Ал «ажырап, бутактап кеткен жер» дегенге жакын маани берген. Зат атооч жасоочу *-ыр* мүчөсү азыр пассивдүү болуп калган, бирок мурда активдүү колдонулган мүчөлөрдүн катарына кирет. Азыркы кыргыз тилиндеги *чукур (<чуку+р), бүкүр (<бүк+үр), качыр (<кат+ыр)* деген сөздөрдө этиштен атооч жасоочу *-ыр* мүчөсү катышары даана көрүнөт.

АДЫРГЫ К. К. Юдахин *адыргы* сөзүнүн котормосун «распялка» деп туура берген (Юдахин, 23). Ал эми «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» аны «кылыч сыяктуу кылып жыгачтан жасалган өрмөк соккуч» катары түшүндүргөн (КТТС, 20). Бирок *кылыч* деген өрмөктүн куралы эки сөздүктө тең берилбей калган. Түшүндүрмө сөздүктө *адыргы* кылычтын ордуна түшүндүргөн. Чындыгында өрмөктүн эриш жиптерин экиге бөлүп жана өйдө көтөргөндө аралары чын аралардын ачып аркакты өткөрүүгө мүмкүнчүлүк бере турганын *адыргы* дейт.

Адыргы сөзү *адыр* деген негизден жана *-гы* мүчөсүнөн турат. *Адыр* сөзү *ад* деген уңгу этиштен жана этиштен этиш жасоочу *-р* мүчөсүнөн куралган. Анын *ад* уңгусу азыр өзүнчө колдонулбайт, бирок байыркы мезгилде «айрыл», «бөлүн», «ажыра» деген маани берген өзүнчө сөз болгон. Ага *уч* этишинен *учур* этиши жаралган сыяктуу болуп, аркылуу мамиленин *-ыр* мүчөсү жалганып, *адыр* деген өтмө этиш келип чыккан.

Байыркы түрк тилиндеги *адыр* этиши азыркы кыргыз тилинде *айыр* болуп, *д* тыбышы *й* тыбышына өтүп, өзгөрүп кеткен. Бирок *адыргы* деген учурда *адыр* өзгөрүүсүз кала берген.

Адыргы сөзү *сыдыргы, шыпыргы, кыргы, сүргү* деген сөздөрдүн тибинде жасалган. Анткени өрмөктүн эриш жиптерин экиге ажыратып туруучу функциясы негизгиси болгондуктан, ал *адыргы* аталган, ал азыркыча *ɛйтканда* «ажыраткы» дегенге жакын маани берген.

АЖЫРА Э. В. Севортян *ажыра* этишин *ай+ыр+ +а* бөлүктөрүнөн турат деп карайт (Севортян, 1974, 93). Алгачкы *ад* сөзүнө атооч жасоочу *-р* мүчөсү кошулуп жаралган *адыр* негизге этиш жасоочу *-а* мүчөсү уланып, *ажыра* сөзү пайда болгон. «Байыркы түрк сөздүгүндө» *адыр* сөзү «отделение, ответвление, развилина» болуп которулган (ДТС, 11). Мына ушундай маанидеги сөзгө этиш жасоочу *-а* мүчөсү жалганып, *адыра* этиши келип чыккан. Ал «бөлүнүп, ачаланып кетүү» маанисине ээ болуу менен бирге, *д* тыбышын *ж* тыбышына өзгөртүп жиберген.

АЖЫРЫК Сабагынын башындагы урук байлоочу бөлүгү 4—5 ичке ача болуп кетчү, каксооораак жерге чыгуучу чөп *ажырык* аталат. Анын тамыры заарасы тутулгандарга дары болот. Башы 4—5 ачага ажырап турушу чөптүн атынын коюлушуна негиз берген. *Ажырык* сөзү *ажыра* этишине зат атооч жасоочу *-к* мүчөсү улануу аркылуу келип чыккан. *Ажыра* деген этишке *-к* мүчөсү улангандан кийин пайда болгон жаңы сөздүн аяккы муунундагы *а* тыбышы *ы* тыбышына өтүп кеткен. Натыйжада *ажырак* эмес, *ажырык* деген түргө келген.

АЙГАК Кандайдыр бир кылмыштуу ишке бирге катышып же аны көрүп-билип, кийин аны айтып берип, айыбын ачып, күнөөнү мойнуна коюп берген кишини *айгак* дейт. Бул сөз *ай+гак* деген эки морфема-

дан турат. Анын *ай* уңгусу байыркы түрк тилинде азыркы *айт* сөзүнүн маанисин берген (ДТС, 25). Ошол сөзгө атооч жассочу *-гак* мүчөсү уланып, *айгак* сөзү жаралган. Мындай *-гак* мүчөсү *кускак, туткак* сыяктуу учурларда көнүмүшкө айланган сапатты билдирет. Ошону менен бирге *баткак, сайгак, таңгак, сойгок* деген сыяктуу сөздөрдө этиштен зат атооч сөздөрдү жасайт.

АЙГЫР Бул сөздүн келип чыгышы жөнүндө айтылган пикирлер абдан көп. Алар жөнүндөгү кыскача маалыматтар Э. В. Севортяндын этимологиялык сөздүгүндө берилген (Севортян, 1974, 108). Ар түркүн пикирлердин көбүнүн чындыкка жакындыгы болушу мүмкүн. Бирок бул сөздүн келип чыгышы жөнүндө төмөнкүдөй болжолду сунуш кылууга болот.

Байыркы түрк жазууларында *адгыр//азгыр* түрүндө айтылган сөз азыркы кыргыз тилинде *айгыр* болуп айтылат. «Байыркы түрк сөзүдүгүндө» *азгыр* сөзү «свирепый» болуп которулган (ДТС, 72). Ушуга караганда байыркы *адгыр//азгыр>айгыр* сөзү айгырдын мүнөзүнө жараша коюлган. Анткени жылкынын башкалары адамдын эркине оңой көнөт, үйрөнөт, үйүрдөгү айгырды байлап да, камап да токтотуу кыйын. Ошону менен бирге айгыр үйүрүнө башка малды, ит-кушту да жолотпойт. К. Дыйкановдун *айгыр* деген сөз *ат+ +кыр* («эркек ат») дегени чындыкка көп жакындашпайт (Дыйканов, 22). Анткени ат болгон соң айгырдай азынып, чалпоолук кыла албай калат.

АЙДАК Кыргыз тилинде итти тукуруу үчүн *айдак, туайт, айт* сөздөрү колдонулат. Булардын алдыңкы экөө жалаң гана итти тукурууда айтылса, акыркысы малды кайрууда жана башка жаныбарларды тукурууда да жумшалат.

Бул сөздүн тыбыштарында айырмачылык болгон менен, составында бирдейлик бардыгы оңой баамдалат: *айд+ак, ту+айт, айт*. Баарына орток болгон *айт* уңгусу итти тукуруучу сөздөргө негиз болгон.

Ошол *айт* уңгусу эмне деген маанидеги сөз экендигине мындайча жооп берүүгө болот. Азыркы кыргызча *ит* деген сөз казак тилинде *ыйт* болуп айтылат, бирок *ит* түрүндө жазылат. А. М. Щербак *ыйт* түрүндөгүсү эң байыркы формасы деп эсептейт (Щербак, 970, 194). Ушул пикирге кошулуп, байыркы мезгилде *ыйт* жана *айт* деген сөздөр *а* жана *ы* тыбыштарын

алмаштырып, вариантту айтылган деген болжолго келебиз. Ал варианттар *ит* деген маани берген.

Итти тукуруу үчүн байыркы кыргыздар *ит* деген сөздүн өзүн айткан, антпесе ит башка жаныбарга айтып жаткан экен деп, тукурганды «түшүнбөй» калышы мүмкүн деп билишкен. *Айдак* сөзү *айт+ак* деген бөлүктөрдөн турат. Мунун *айт* деген уңгусу — жогорку *ит* деген маанидеги сөз: *ит<ыйт>айт*. Ага *-ак* мүчөсү уланганда, эки үндүүнүн ортосундагы *т* тыбышы *д* тыбышына өзгөрүп кеткен. Мындай кубулуш азыркы кыргыз тилинин фонетикасында жок, бирок этимологиялык талдоолордун негизинде айрым сөздөргө бул сыяктуу кубулуштар сейрек болсо да учурайт.

Жогорку *-ак* мүчөсүнүн маанисин так айтуу азырынча кыйын. Ошондой болсо да анын маанисин болжолдоого болот. Азербайжанча *кешөк,* кара калпакча *кешек* сөзү «бото» маанисин берет. Кыргыз тилинде *көш-көш!* деген сөз аркылуу жалпы эле төөлөрдү чакырат. Буларды өз ара салыштырганда *-ак* мүчөсү уңгуга эч кандай жаңы маани бербей турганы аныкталат, ал бирде жаныбардын атын билдирген сөзгө уланса, бирде ал жаныбарды чакырган сөзгө кошулат.

АЙДӨШ Тик эмес, жантайыңкы келип, улам эңиштеп кеткен жерди *айдөш* дейт. Бул сөз *аюу төш* деген эки сөздүн биригишинен келип чыккан. Талас говорунда *айдөш* сөзүнө *аюу төш* сөзү бирдей маанide азыр да айтылат. Алгачкы *аюу төш* деген эки сөз бириккенде, экөө тең өзгөргөн, биринчи сөздүн аягындагы *уу* созулмасы түшсө, экинчи сөздүн башындагы *т* тыбышы жумшак *д* тыбышына өткөн. Натыйжада *айдөш* деген сөз келип чыккан.

АЙКАРА Кийимдин этегинин бир учу баш жакка, экинчи учу -аяк жакка келгендей кылып салууну же жабууну *айкара* дейт. Бул сөз *айка* этишинен жана туюк мамиленин *-л* мүчөсүнөн куралган. Азыркы кыргыз тилинде *айкал* этиши «кынала жанашкан абалда болуу» дегенди билдирет (КТТС, 27). Чындыгында ал этиш азыркы *айкаш* этиши сыяктуу «кайчылаш келүү, бири-бирине карама-каршы келип, анан жанашуу» деген маанини берген.

Айкал этишине чакчыл *-а* мүчөсү жалганган түрү азыркы кыргыз тилинде сейрек айтылат. Бирок ошол алгачкы *айкала* түрүнөн азыркы *айкара* деген активдүү колдонулган варианты келип чыккан. Ал үчүн *л*

тыбышы *р* тыбышына өткөн: *айкала>айкара*. Эң алгачкы *айкала* сөзү «кыйгач, карама-каршы, кайчы» деген мааниде болгон.

АЙКАШ Бул сөз *айка* деген уңгудан жана кош мамиленин *-ш* мүчөсүнөн турат. Сөздүн уңгусу болгон *айка* этиши азыркы кыргыз тилинде өзүнчө айтылбайт. Андан жаралган *айкал* жана *айкаш* деген кийин жасалган формалары гана бар. Болжолу, *айка* этиши «каршы чыгуу» маанисин берген. Ага кош мамиленин *-ш* мүчөсү уланган *айкаш* формасы «бири-бирине каршы чыгып, бетме-бет жакын келүү» деген мааниге ээ болгон. Кийин анын өтмө мааниси жаралып, *айкаш* этиши жалпы эле «бетме-бет чыгып кармашуу, салгылашуу» дегенди билдирип калган.

АЙНЕК Араб тилинде *айн* сөзү «көз» маанисин берет (АРС, 709). Анткени ал тамганын жазылышы көздүн сүрөтүн элестетет. Ал сөзгө кичирейтүүчү *-ек* мүчөсүн кошуп, ирандыктар *айнек* деген сөздү жараткан (ПРС, 354). Ал «көз айнек» маанисин туюнтат. Кыргыз тилине *айнек* сөзү кабыл алынганда иранчасынан башка мааниси пайда болуп, «терезенин көздөрүнө салына турган шишеден жасалган зат» деген маани берип калган.

АЙРАН Азыркы кыргыз тилинде бышырылып уютулган сүт тамак *айран* делет. Каймагы алынбаган сүттөн уютулганын *жуурат айран* дейт. Кой жана эчкинин сүтүнөн уютулган айран да *жуурат* аталат. Ал эми каймагы алынбай уютулган *жууратган* же *жуурат айрандан* май бышып алгандан кийин калган суюктукту *бышма* же *койлосун* дейт.

Байыркы кезде *айран* сөзү мына ушул «бышма» же «койлосун» деген мааниде болгон. Аны *айран* деген аты айтып турат. Анткени бул сөз *айыр+ан* деген бөлүктөрдөн турат (Севортян, 1874, 111). *Айыр* деген этишке зат атооч жасоочу *-ан* мүчөсү жалганып, *айран* сөзү келип чыккан. Ал «майы бөлүнүп (ажыратылып) алынган суюктук» дегенге жакын маани берген. Кийин бышылбаган болсо деле *айран* делип аталып кеткен.

АЙТ I *к. айдак.*

АЙТ II *к. айгак.*

АЙЫК «Оорусунан сакаюу» деген маанидеги сөз *ай+ык* деген морфемалардан куралган. Анын *ай* деген уңгусу алгачкы *саг* «соо, сак» сөзүнүн башкы *с* тыбышы түшкөн түрү болуп эсептелет. Ошол сөзгө

этиш жасоочу *-ык* мүчөсү жалганып, *сагык* түрүнөн *агык>айык* болуп өзгөрүп, *айык* сөзү келип чыккан. Ал үчүн *г* тыбышы *й* тыбышына өткөн. *Айык* сөзү башка түрк тилдеринде «ачыл» (күнгө карата), «эсине келүү» деген мааниде да айтылат (Севортян, 113). Кыргыз тилинде андай маанилери өнүккөн эмес, «сакаюу», «жакшы болуу» маанисинде гана колдонулат.

АЙЫМ Асмандагы ай кыргыз элинин түшүнүгүндө сулуулуктун символу болгон. Сулуулук аялдарга таандык назиктиктин, мээримдүүлүктүн артыкча бир белгиси катары каралган. Ошондуктан аларга *айым* деген кайрылуу урматтагандыкты да туюнткан. Алгач *айым* деген сөзгө I жактын таандык мүчөсү жалгангандыктан, сүйлөөчүгө гана таандык болуп айтылган. Кийин таандык мүчө өзүнүн ал касиетин жоготуп, уңгуга биригип кеткен, өзүнөн кийин таандык, мүчөлөрдү жалгай бере турган болуп калган: *айымым, айымың, айымы.*

АЙЫҢ Азыркы кыргыз тилинде *айың* сөзү «ушак», «имиш сөз» дегенге жакын мааниде айтылат. Ал *ай+ың* деген морфемалардан турат. Уңгусу *ай* байыркы кезде *айт* деген маани берген, ага этиштен атооч сөз жасоочу *-ың* мүчөсү жалганып, *айың* «ушак» маанисиндеги сөз келип чыккан (ДТС, 29).

АЙЫРМАЧ Балдар жыгылбасын үчүн баштарын ача кылып жасап, эки капталынан жиптер менен байлап коё турган ээр *айырмач* аталат. Алгачкы *айыр баш//айры баш* деген сөздөр бириккенде, сөздүн аягындагы *ш* тыбышы *ч* тыбышына өтүп кетип, *айырмач* менен *айры баш* дегендердин тыбыштык түзүлүшү окшошпой калган.

Ээрдин *айры баш* аталганын *куш баш ээр* же оозеки речте айтыла калчу *кучмач ээр* деген менен салыштырып билүүгө болот.

АКСА Бул сөздүн *ак* уңгусу азыркы *оо* деген этиштин байыркы формасы болуп эсептелет. Ага кыймыл-аракеттин көп кайталаганганын билдирүүчү *-са* мүчө кошулуп, *акса* сөзү «бир жагына ооп басып жүрүү» дегенге жакын маани билдирген. Кыймыл-аракеттин көп кайталанганын *-са* мүчөсү билдирерин *теп* сөзү менен *тепсе* этишин салыштыруудан даана көрүүгө болот. *Теп* этиши бир гана жолу жасалган кыймылды туюнтат. Ал эми *тепсе* дегени *тебеле* дегенге барабар маани берет.

Байыркы *ак* деген уңгу этиш *акса* сөзүндө тыбыштары өзгөрүлбөстөн сакталып калган. Ал казакча *актар* деген этиште да айтылат. Кыргызча *аңтар* дегенде *к* тыбышы *ң* тыбышына алмашылган. Азыркы кыргыз тилиндеги *оо* этиши ошол *ак* этишинин аяккы *к* тыбышы үндүүгө айланышынан келип чыккан. Мындай кубулуш байыркы *сак* дегенден *соо* сөзү келип чыкканга абдан окшош.

АКТАЙ Бул сөздүн уңгусу түшүнүктүү, бирок *-тай* деген мүчөсүнүн мааниси белгисиз. Ушундай мүчө *кара жолтой, ак жолтой* деген учурларда да келет. Монгол тилинде *-тай* мүчөсү кыргыз тилиндеги *-луу* мүчөсүнүн маанисинде кеңири колдонулат (Дондуков, 81). Ошого караганда бул *-тай* мүчөсү кыргыз тилине монгол тилинен келип кирген дешке болот. *Актай кагаз, ак жолтой* деген сөздөрдү «актуу кагаз», «ак жолдуу» деп которууга болот.

АКЧА Азыр *акча* деген сөз менен *чака* деген сөз бири-бирине эч байланышы жоктой көрүнөт. Талдай келгенде мындай болуп чыгат. *Акча* сөзүнүн маанисин кээде *чака* сөзү да берерин «жол кирелик теңгечакаң жетиштүүбү», «жалаң сары чакадан 5 сомдук тыйын бар экен» деген сыяктуу мисалдардан көрүүгө болот.

Чака сөзү «акча, тыйын» дегенден башка да «суу ала турган металл идишти» да билдирет. Аны казак, өзбектер бакыр дешет. «Бакыр» өзүнчө «жез», «мис» деген маани да берет. Алтайлыктар андай идишти *көнөк* дейт, кыргыз тилинде болсо *көнөк* деп териден ышталып жасалган бээ сааш үчүн колдонулуучу формасы, көлөмү боюнча чака сыяктанган идишти айтат. Кыргыз тилинин айрым говорлорунда чаканын ордуна *челек* сөзү колдонулат. Адабий тилде болсо *челек* «жыгачтан жасалган чака сыяктанган идиш» дегенди билдирет.

Жогоркулардын бардыгы чака сыяктуу идишти байыркы кезден азыркы күнгө чейинки ар кандай нерседен жасалганын да даана көрсөтөт. *Көнөк* дегени териден, *челек* дегени жыгачтын чел кабыгынан, *бакыр* дегени жезден жасалган кездегилерин өздөрү эле айтып турат.

Акча менен чака деген сөз тектеш. *Чака* дегени алгачкы *акча* деген сөздүн тыбыштары орун тартиби алмаштырып жайгашуусунан келип чыккан: *акча* > *чака*. Ал эми *акча* деген сөздү көпчүлүк окумуштуулар *ак+ча* деген бөлүктөрдөн турган сөз деп карайт (Будагов, Дмитриев, Егоров, Севортян). Бул пикир боюнча *акча* сөзү азыркы «агыш» маанисиндеги сөз болуп чыгат. Биздин оюбузча, *акча* сөзү *ак+чао* деген эки сөздөн турат. Байыркы түрк тилинде *чао* табгачтардан кабыл алынган сөз болгон (ДТС, 139). Ал «акча» маанисин берген. Анын астына *ак* деген түрктүн сөзүн кошуудан күмүштөн жасалган акчаны билдирген сөз пайда болгон. Кийин *акча* сөзүнүн маанизи дагы кеңип, кагаздан жасалган ачка бирдигин да туюнтууга жетишкен.

АЛ III жактын жактама ат атоочу жана шилтеме ат атоочунун милдетин аткарган *ал* сөзү *мен, сен, бул, тигил* деген ат атоочтор сыяктуу *а+л* бөлүктөрүнөн турат. *Мен* деген ат атооч *бул, бери, биз* деген ат атоочтор менен уңгулаш болгон сыяктуу *ал* ат атоочу да *ары, алар* деген сөздөр менен уңгулаш. I, II жактын жактама ат атоочтору *мен, сен* түрүндө аягында *-н* мүчөсү жалганып айтылса, III жактын *ал* деген ат атоочу аягына *-л* мүчөсү жалганып айтылат. Бул белгиси боюнча *ал, бул, тигил, ошол, ушул* деген шилтеме ат атоочтордун тибине окшошуп кетет. Мындай окшоштугу бекер эмес. Анткени *а* же *ал* деген сөз *бу//бул, тиги//тигил* деген сыяктуу эле шилтеме ат атоочтук милдетти да аткара алат. *Мен, сен* деген сөздөр жалаң гана жактама ат атоочтук милдет аткарып, шилтеме ат атоочтук милдетти аткарган *бу//бул, тиги//тигил* деген өзгөчө түрлөрү колдонулат. Ал эми *ал* деген сөз шилтеме ат атоочтук милдет аткарарын көрсөтө турган *-л* мүчөсү жалганган калыбында туруп, жактама ат атоочтук милдетти да аткарып калган.

Ал ат атоочу кээде *а* түрүндө эле болот. Мисалы: *алар (а+лар), ага (а+га, ары (а+ры)*. Айрым учурда аягындагы *л* тыбышы *н* тыбышына өтүп, *ан* түрүнө келет. Мисалы: *андан, анан, андыктан, андай, анча, анда*. Мындай учурда *ал* сөзү *ан* болуп өзгөрүп, *мен, сен* деген жактама ат атоочтун тибинде болот. Ушуга караганда мурда *ан* деген III жактагы жактама ат атооч болгон, кийин ал сөз *ал* болуп өзгөрүп, шилтеме ат атоочтук формада туруп, жактама ат атоочтук милдетти да аткарып калган деп тыянактоого болот.

АЛАКАН Бул сөздүн уңгусу *алак* азыркы *эли* деген сөз менен уңгулаш. *Эли* сөзү алгач *элиг* «колдун манжасы, кол» түрүндө болгон (ДТС, 170). Мына ошол *элиг* «кол» деген сөз айрым түрк тилдеринде

алигиче колдонулат. Ал тилдерде *элик* сөзү колдун алаканы салаалары бирге турган бөлүгүн жалпы билдирет. Байыркы кыргыз тилинде да ошондой маани бериши мүмкүн. Бирок кийин анын эки түрдүү варианты колдун эки түрдүү бөлүктөрүн жеке-жеке билдирип калган. *Алакан* дегени манжалар ажырай элек жердеги колдун ички тарабын, *эли* дегени манжаларын билдирүүгө өткөн.

Алакан сөзүн *алак+ан* бөлүктөрүнө ажыратып, *-ан* мүчөсүн кичирейтүүчү мүчө деп болжолдоого болот. Ал жалганып «колчо» деген маани берип, андан «колдун салааларга ажырай элек жердеги ички тарабы» дегенди билдирүүгө өткөн. Ал эми *эли* дегенде алгачкы *элиг* деген формасынын аягындагы *к* тыбышы түшкөн.

АЛАПАЙ Кыргыз тилинде *алапайын таппай* деген фраза айтылат. Мындагы *алапай*-арабча *лаббай* деген сөздөн өзгөргөн түрү. *Лаппай* деген сөз бүрөө чакырганда жооп иретинде айтылат. Кыргыз тилинде сөздүн алдына *а* тыбышы кошулган.

АЛАСА *Ал* этишине *-аса* деген сейрек учуроочу мүчө жалганып, *аласа* деген зат атооч сөз жасалган. Мындай мүчө *бербесе, тубаса* деген сөздөрдө да катышат.

АЛАСТА Кыргызча *аласта* этиши «арчанын түтүнү менен ысырыктоо» дегенди билдирет. Кара калпакча *аласла,* казакча *аласта,* хакасча *аласта* этиштери да кыргыз тилиндегидей маани берет. Ногойчо *аласла* этиши «оттун үстүнө бышыруу» дегенди туюнтат. Хакас тилинде *алас* сөзүнүн өзү «түтүн менен ыштоо» дегенди түшүндүрсө, турция тилинде *алаз* сөзү «жалын» дегенди билгизет (ТурРС, 43).

Жогоркуларга караганда *аласта* сөзү *алас+та* деген эки бөлүктөн турат. Кыргыз тилинде өзүнчө жеке колдонулбаган *алас* сөзү хакас тилиндеги сыяктуу «арчанын түтүнү» дегенди билдириши мүмкүн, андан *аласта* этиши келип чыккан. Эгер турция тилиндеги сыяктуу «жалын» дегенди туюнтса, анда андан келип чыккан *аласта* этиши «жалында» дегенди билдирип калмак.

АЛБАРС Кыргыз тилинде *албарс* сөзү *алмас//алмаз* деген сөз сыяктуу маани берет. Азыркы кезде кадимки алмазды илимий термин катары колдонгон менен, эпикалык чыгармаларда аны *албарс* деп айтууга жол берилет. Мындай учурда айтылган *албарс*

сөзү «курч болот» деген мааниде да боло алат. Мисалы: *албарс кылыч, ач албарс.*

Албарс сөзү алгачкы *алмаз//алмас* деген сөздөн келип чыккан. *Алмас* сөзүнүн аягындагы *с* тыбышынын алдына *р* тыбышы кошулган. Ошол эле учурда *м* тыбышы *б* тыбышына өткөн, *алмаз>алмас>алмарс>>албарс.* Мындай болуп *р* тыбышы кошулуп кетиши орусча *сажень* сөзүн *саржан* деп кабыл алганда, иранча *гилас* сөзүн *гиларс* деп кабыл алган учурларда да даана көрүнөт.

АЛБЫР Бул сөз *ал+быр* морфемаларынан куралган. Анын *ал* уңгусу байыркы түрк тилинде өзүнчө сөз болгон ,«кызыл, ачык кызыл» маанисин берген (ДТС, 31). Ушундай мааниде азыркы көпчүлүк түрк тилдеринде сакталып калган. Кыргыз тилинде болсо *ал мончоктой бала* деген фразада *ал* сөзү өзүнчө колдонулат, *алча (<ал+ча)* сөзүндө мааниси белгисиз уңгу түрүндө сакталган.

Ал эми *-быр* мүчөсүн атоочтон этиш жасоочу сейрек мүчө десек болот. Азыркы *жалбар* этиши *жал++бар* морфемаларына ажыратсак, анын *-бар* мүчөсү *албыр* этишиндеги *-быр* мүчөсү менен тектеш. Алгач *-бар* мүчөсү гана болгон деп эсептесек, анын *а* тыбышы *ы* тыбышына алмашуусунан *-быр* мүчөсү жаралышы мүмкүн.

АЛДА Этиш сөз *ал* деген уңгудан жана *-да* деген мүчөдөн турат. Уңгусу азыркы түркмөн тилинде «айла», «амал», «куулук» деген мааниде азыр да колдонулат. Байыркы түрк тилдеринде *ал* сөзү араб тилинен кабыл алынган. Арабча *ал* деген сөз, «айла», «амал» деген мааниде колдонулган (АРС, 257). Кийин андан *-ла* мүчөсүнүн жардамы менен жасалган *алда* деген сөз жаралып, уңгунун өзү жекече колдонулбай калган.

АЛДЫ Бул сөз таандык мүчөсүз жеке колдонулбайт. Уңгусу *алд* деп эсептөө кыйын, анткени *алга* деген учурда уңгусу *ал* экени, *-га,* барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү экени даана көрүнөт. Уңгусу *ал* болсо, *-ы* таандык мүчө болсо, анда *-д* деген эмне экени белгисиз бойдон калат.

Кыргыз тилиндеги *эрин, орун, мурун, карын* деген сөздөргө таандык мүчө жалганганда *эрди, орду, мурду, карды* болуп кетет. Уңгунун аягындагы үндүү түшүп, *р* тыбышынан кийин айтылууга тийиш болгон *н* тыбышы *д* тыбышына өтүп кетет. Дал ушул сыяктуу

кубулуш алгачкы *алын* «маңдай», «чеке» (ДТС, 35) дегенге таандык мүчө жалганганда да болгон. Закон ченемдүүлүк боюнча *алын+ы* болууга тийиш болгон сөздөн *алды* деген келип чыккан. Мындагы *-ын* мүчөсүн Ф. Г. Исхаков байыркы кезде III жактагы таандык мүчөлүк милдет аткарган куранды деп карайт (Исхаков, 132). Ошол кезде *алын* сөзү азыркы *алды* дегенге барабар мааниде болгон. Бирок кийин *-ын* мүчөсү өзүнүн таандык мүчөлүк касиетин жоготкон соң, андан кийин да дагы бир жолу таандык мүчөнү жалгоого туура келген. Натыйжада *алын+ы* дегенден *алды* сөзү жаралган. Ушундай көрүнүштөр *асты, үстү* деген сөздөрдө да учурайт.

АЛКА Кыргызча *жалга* этиши казакча *жарылка* болуп айтылат. Казакча *жарылка* этиши алгачкы *йарлыкка (<йар+лык+ка)* дегенден келип чыгат (ДТС, 242). *Жарлыка* сөзүндөгү *лы* тыбыштары *ыл* болуп өзгөрүп айтылышынан казакча *жарылка* түрү келип чыккан. Анын *ры* тыбышы түшүп калышы *жалга* этишинин келип чыгышына себеп болгон. Кийин ошол *жалка* этишинин алдыңкы *ж* тыбышынын түшүшүнөн *алка* деген сөз жаралган.

АЛКЫНДЫ *Майдын* же *самындын алкындысы* деген сыяктуу учурларда айтылган *алкынды* сөзү *алк+ынды* бөлүктөрүнөн куралган. Байыркы түрк эстеликтеринде *алк* сөзү «түгөт» маанисин берген (ДТС, 37). Ошол этишке *-нды* мүчөсү жалганып, *алкынды* сөзү жасалган, ал «түгөндү» маанисин берген. Азыркы кыргыз тилинде *алк* этиши өзүнчө колдонулбайт, бирок андан келип чыккан *алкынды* сөзү жашап калган.

АЛМА *Алма* жемишинин атын билдирген сөз кыргыз тилине индоевропа тилдеринен келип кирген. Ал «кычкыл» деген маани билдирет. Чындыгында эле алманын саал кычкыл даамы болот. Мына ушул кычкылдыгы анын атынын келип чыгышын камсыз кылган.

АЛМАШ Азыркы *айырбаш, айырбашта* деген сөздөргө *алмаш* сөзү маанилеш келет. Анткени алар бир уңгудан келип чыгат. Алгачкысы *айырбашта* десек, ал *айырбаш* болуп кыскарып, андан кийин *алмаш* болуп өзгөргөн. *Айыр* деген сөз кыскарып, *ал* түрүнө келип, *р* тыбышы *л* тыбышына өтсө, *баш* деген сөз *маш* болуп кеткен.

АЛМУРУТ Иран тилинде *моруд* сөзү эле «алмурут» маанисин берет. Ушуга караганда анын алдындагы *ал* бөлүгү арабча *ал* деген артикль дешке болот. Арабча *ал* артикли сөзгө жаңы маани кошпойт, анын зат атооч сөз экенин гана көрсөтөт.

АЛТЫ БАКАН Селкинчек сыяктуу күүлөнүп тээп ойноп турган оюн *алты бакан* аталат. Мунун аты *алты бакан* деген эки сөздөн турат. Мындагы *бакан* сөзү «союл», «таяк» маанисиндеги сөз эмес, монголчо *багана* «столб» деген сөз менен тектеш. Анткени *алты баканды* чоң дарак өспөгөн жерге куруу үчүн алты жоон жыгач орнотkон. Түз орнотулган эки жыгач күүлөнгөндө оңго же солго соп жыгылып калбасын үчүн эки капталынан тиретип койгон. Ошондуктан ал алты бакан аталган.

АЛТЫГАНА Бул өсүмдүк өзүнүн атын алтын сыяктанып жылтыраган түрүнө карата алган. Чындыгында эле анын сырткы кабыгы алтын түспөлдөнүп көрүнөт. *Алтын* деген сөзгө *-ган(а)* мүчөсү кошулганда, уңгунун аягындагы *н* тыбыны түшүп калган. Мындай кубулуштар монгол тилинде кеңири учурайт. Монгол тилдерине жана түрк тилдерине орток болгон *сонун* сөзүнөн этиш жасалганда, аягындагы *н* тыбышы түшүп калышы (мисалы: *сонурка*) бул тилдерге да мүнөздүү. Ал эми *-ган(а)* мүчөсү кыргыз тилиндеги *караган, бүлдүркөн, көбүргөн* сыяктуу өсүмдүктөрдүн атында да кезигет. Ал мүчө монгол тилдериндеги өсүмдүктөрдүн аттарында абдан кеңири колдонулат. Ушул *-ган(а)* мүчөсү, «өсүмдүк» деген маанидеги мүчө десек да болот. Ошондо *алтынгана* дегенибиз «алтын түстүү өсүмдүк» деген маанидеги сөздөн келип чыгат.

АЛЧА Жемиш өсүмдүгүнүн аты анын кызыл түстөгү жемиштерине карата берилген, сөздүн уңгусу болгон *ал* саргыч кызыл түскө карата азыркы түркмөн, азербайжан тилдеринде азыр да колдонулат. Ал сөзүнүн кыргыз тилинде да жогоркудай мааниде болгонун *ал мончоктой бала* деген учурда көрүүгө болот. Болжолу, *ал* сөзү «саргыч кызыл» деген мааниде мурда кыргыз тилинде да колдонулуп келген. Кийин ал өтө сейрек колдонулуп калган. Ал эми *-ча* мүчөсү *кызылча, жашылча* деген сөздөрдө да катышат.

АНА *Мына, тигине* деген шилтеме ат атоочтордун тобуна кирчү *ана* сөзү *ал* деген уңгудан жана *-а* деген мүчөдөн турат. *Мына* сөзү *мен* деген биринчи

жак менен, *тигине* сөзүнүн уңгусу *ти* түпкүлүгү *си>>сен* жактама ат атоочу менен, *ана* сөзү *ал* деген үчүнчү жактагы ат атооч менен байланышы бар экени оңой эле байкалат. Булардын *мына, тигине, ана* деген түрдө айтылышына сурама ат атооч *кана* сөзүнүн таасири күчтүү тийген. Ага жооп болуп айтылган шилтеме ат атоочтор да ага окшош болуп айтылуудан жогоркудай сөздөр келип чыккан.

АНАН III жактагы *ал* ат атоочу чыгыш жөндөмөсүнүн *-дан* мүчөсүнүн башкы тыбышынын түшүрүп кабыл алган түрүнөн бул сөз келип чыккан. Алгач бул сөз *андан кийин, андан соң* деген сыяктуу тизмекте айтылышы мүмкүн. Бирок өзүнөн кийинки сөздүн кыскартылганынан кийин, анын өзү эле жалпы тизмектин маанисин берип калган.

АНАЧЫ Кыргыз тилинде «Эчки тууй албай жатып койго аначы болуптур» деген ылакап айтылат. Мындагы *аначы* сөзү «төрөткө жардам берүүчү аял» дегенди билдирет. *Аначы* сөзү *ана+чы* деген морфемалардан куралган. *Ана* уңгусу азыркы кыргыз тилиндеги *эне* сөзүнө туура келет. Азыркы түркчөдө, азербайжан, гагауз, караим, кумык, карачай-балкар, казак, кара калпак, татар, уйгур, өзбек тилдеринде *ана* сөзү кыргыз тилиндеги *эне* сөзүнө маанилеш колдонулат.

Ушул *эне* деген сөзгө кесипти билдирген *-чы* мүчөсү жалганып, *энечи* сөзү жаралган. Аялды көбүнчө карыган кемпирлер төрөткөн. Караим тилинде *анацы* сөзү «акушер» маанисинде айтылат. Ушуга караганда *аначы* сөзү кыргыз тилинде да «акушер» дегенге жакын маани билдириши кокустук эмес. *Ана* деген сөзгө *-чы* мүчөсү уланганда келип чыккан сөз уңгунун өзүндө жок жаңы маани билдирип калган.

АНЫК Азыркы кыргыз тилинде *анык* сөзү «ачык», «түшүнүктүү», «белгилүү» деген маани берет да, уңгу менен мүчөгө ажыратылбаган бир бүтүн сөз болуп эсептелет. Чындыгында бул сөз *ан+ык* деген бөлүктөрдөн куралган. Анын *ан* уңгусу байыркы кезде «түшүнүктүү болуу» деген маани берген (Севортян, 1974, 152). Ошол уңгуга этиштен атооч жасоочу *-к* мүчөсү жалганып, *анык* деген сөзү келип чыккан.

АҢДЫ Азыркы кыргыз тилинде *аңды* деген сөз «акмалап байкоо» деген мааниде адамга карата да, башка нерселерге карата да айтыла берет.

Бул сөз байыркы кезде *аңды* түрүндө болуп, аңдарды акмалап байкоо үчүн гана айтылган (ДТС, 47). Ошондуктан ал *аң+ды* деген бөлүктөрдөн турат. Кийин жалаң эле «жаныбарларды аңдуу» маанаси кеңиш, «бардык эле нерселерди аңдуу» дегенди туюнтуп калган.

АНКАЙ Кыргызча *аңкай* сөзү *аңк+ай* деген бөлүктөрдөн куралат. Анын *аңк* уңгусу түркмөн тилинде алигиче *аңк бол* деген учурда өзүнчө колдонулат (ТРС, 45). Ага кыргызча *аң-таң* болуу деген учурдагы *аң* сөзү жакындашат. Алгачкы *аңк* уңгусу «таң калган абал» дегенди билдирген. Этиш жасоочу *-ай* мүчөсү жалгануудан *аңкай* этиши келип чыккан.

АҢКОО Куулук-шумдугу жок, аркы-беркини оңой менен байкабаган кишини кыргызча *аңкоо* дейт. Бул сөз да жогорку эле *аңк* деген сөзгө этиш жасоочу *-а* мүчөсүнүн жалганышынан жана этиштен атооч жасоочу *-к* мүчөсүнөн куралган *аңкак* деген сөздүн аягындагы *к* тыбышы үндүүгө айланышынан келип чыккан. Алгач ал *аңкак>аңкав* болуп өзгөргөн. Кийин азыркыдай түрүнө келген.

АҢТАР Сөздүн уңгусу болгон *аң* казакча *актар* этишиндеги *ак* уңгусуна, кыргызча *оодар* этишиндеги *оо* уңгусуна туура келет. Булардын эң алгачкысы *ак* дешке болот. *Ак* уңгусу *акса* этишинде да катышат *(кара, акса)*. Мына ошол *ак* деген уңгуга этиштин аркылуу мамилесин уюштуруучу *-дар>тар* мүчөсүнүн жалганышынан *актар* сөзү келип чыккан. Уңгудагы *к* тыбышы *ң* тыбышына өңгөрүшү *аңтар* сөзүн жаратканы. Ал эми *к* тыбышынын үндүүгө айланышынан *оодар* этиши пайда болгон.

АҢЫР Жону боз, башы кызыл ак өрдөктү *аңыр* дейт. Анын этин жебейт. Бул өрдөктүн аты өзүнүн *аң-аң!* деп тынымсыз үн чыгарып турушунан келип чыккан. Канаттуунун өзүнүн *аң* деген үнүнө *-ар* мүчөсү кошулган. Ушуга окшош *-ар* мүчөсү *тартар* деген куштун атында да катышат. *Тартар* да тынымсыз *тарт-тарт!* деген дабыш чыгарып турат.

АПАЙ *Апай* сөзү кыргыз тилинде өзүнчө айтылбайт. Ал *апай бет* деген учурда гана тизмектелип келет. Ушул *апай бет* деген тизмек К. К. Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгүндө» «плоский склон горы» болуп которулган (Юдахин, 60). Ал эми «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» «айдөш», «айдөшөөк келген» делип берилген (КТТС, 55). Биздин оюбузча,

апай бет айдөшүнөн эмес, адыр-күдүрү жок, тегиздигинен улам аталат. Ошондуктан *апай бет* дегенди «тегиз бет», «сулуу бет», «жайдак бет» деп түшүндүрүү чындыкка жакын келет.

АПАН-ТАПАН Төө жөнүндө айтылган табышмакта *Апан-тапан, жаман чапан, ийри комуз, жарык жылдыз* делет. Мында *апан-тапан* дегени — *буту, жаман чапаны — жүнү, чуудасы, ийри комузу — мойну менен өркөчү, жарык жылдызы — көзү*.

К. К. Юдахин *апан-тапан* сөзүн «неуклюжий» деп которсо (Юдахин, 60), «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» аны кайталап, «эпсиз, эби жок, олжогой, кеби-сыны жок» деп түшүндүргөн (КТТС, 55). Биздин ою бузча, бул жерде сөз төөнүн эби-сыны жоктугунда эмес, анын *таманы (тапаны)* жөнүндө болуп жатат. Ошондуктан *апан-тапан* дегенди кошмок сөз катары карабастан, анын составындагы *тапан* сөзүн *таман* сөзү деп билип, *апан* дегенин анын аныктоочу катары карoo зарыл. Казак тилинде *апан* деген сөз «оюк», «чуңкур» деген маани берет (КазТТС, 291). Бирок төөнүн таманында оюк, чуңкур жок, андыктан бул сөз *апан-тапан* дегенге туура келбейт.

Жогорку *апан* сөзү *апыйган<алпыйган* деген сөздүн тыбыштары кыскарып, *тапан* сөзүнө ылайыкташып кеткен түрү деп айтууга болот. Анткени төөнүн таманы алпыйып абдан чоң. Ушундай чоң таманын баса белгилөө аркылуу төөнүн өзгөчө белгисинин бирин табышмакка чагылдырган. Ал үчүн *апыйган< алпыйган* деген үч муундуу сөздүн бир муунун кыскартып, *тапан* деген сөзгө окшоштуруп айтуу табышмакты көркмөдөп, укмуктуу кылуу талабына ылайыкталган.

АПТА Иранча *хафт* сөзү «жети» деген санды билдирет. Бул сөз кыргыз тилине кабыл алынганда «жети күндүк убакыт (жума)» дегенди билдирип калган. Кабыл алынганда сөз башындагы *х* тыбышы түшүп, сөздүн аягындагы *фт* тыбыштарынан кийин үндүү тыбыш кошумчаланган. Кыргыз тилине араб тилинен кабыл алынган *жума* деген сөз да кабыл алынган. *Апта* сөзүнө караганда *жума* сөзү кеңирээк колдонулат.

АРАА Жыгачты, металлды кесүү үчүн колдонулуучу курч темирден жасалган тиштүү курал *араа* делет. Бурят тилинде *араа(н)* сөзү «азуу тиш» дегенди билдирет (БРС, 54). Болжолу, кыргыздар монголчо

араа(н) сөзүн куралдын атын билдирүү үчүн атайын кабыл алган. Анткени араанын тиши азуу тишти элестетет, азуу тиштердин эки чети миздүү келген сыяктуу араанын тиштери да бири оң жакка, экинчиси сол жакка кыйшайыбыраак келет. Араанын тиштеринин андай болушу кесилген нерсенин эки жагын ашыгыраак жеп, өзүнүн кыпчылып калбашын камсыз кылат.

Кыргызча *азуу* деген сөз монголчо *араа(н)* сөзү менен *р* жана *з* тыбыштары алмашуу аркылуу тектеш болушу мүмкүн. Анткени карачай-балкар, татар, башкыр тилдеринде *азав* түрүндөгүсү да айтылат. Ошондо монголчо *араа(н)* менен кыргызча *азуу* сөздөрүнүн жакындыгы оңой байкалат. Бирок мындай байланышы бар болуп турса да, кыргыздар монголчо сөздү кесе турган куралдын аты үчүн пайдаланып, өзүнүн *азуу* деген сөзүн чайнай турган негизги тиштерди атаган боюнча калтырган. Башка түрк тилдеринде араааны *бычкы* дейт. Ал байыркы кездеги маанисиси боюнча *кески* (кесүүчү курал) дегенге туура келет.

АРАК Араб тилинде *арак* сөзү түз мааниде «тер», «буу» дегенди билдирет. Өтмө мааниде ал *арак* деген ичкиликти туюнтат (АРС, 653). Анткени арак буулантып айдоо жолу менен арабдарда алгач пайда болуп, кийин коңшулаш элдерге да тараган.

АРАЧЫ Кыргыз тилинде *арачы* деп да, *арачачы* деп да айта берүүгө жол берилет. Бул экөөнүн маанисиси бирдей, «урушкан кишилерди ажыратуучу киши» дегенди билдирет. Алгачкысы *арачачы* деген түрү дешке болот. Ошол толук түрүндөгү *чачы* деген аяккы бөлүгүндөгү тыбыштар эки кайталангансып көрүнгөндүктөн, анын бирин кыскартып коюдан *арачы* деген варианты келип чыккан.

АРБА Кыргыз тилинде *арба, арбаңыз* деп учурашуу сейрек болсо да колдонулат, анын ордуна *саламатсызбы* деген учурашуу үстөмдүк кылат. Бул сөз *ары* деген этишке терс *-ба* мүчөсү жалгануудан куралат да «чарчаба», «талба» деген маани берет. Уңгунун аягындагы *-ы* тыбышы түшүп калышы *арба* сөзүнүн *арыба* дегенден келип чыгарын күңүрттөнтүп жиберген.

АРГЫМАК Асыл тукум күлүк ат *аргымак* аталат. Бул сөз *аргы+мак* морфемаларынан куралган. *Аргы* уңгусу азыркы кыргыз тилинде өзүнчө сөз болуп колдонулбайт. Бирок азыркы кумык тилинде *ар-*

гы этиши «ыргы, секир» маанисинде айтылат. Э. В. Севортян *аргы* сөзүн «арыштап чуркоо, жүгүрүү» маанисиндеги сөз деп эсептейт (Севортян, 1974, 171). Бул *аргы* этиши азыркы кыргызча *арышта* деген этишке да негиз болгон. *Арыш* сөзү алгачкы *аргы*+*ш* сөзүнүн *г* тыбышы түшүп калышынан келип чыгат.

Э. В. Севортян *аргы* этишинин бир варианты *ыргы* деген кыпчак тилдериндеги сөз деп карайт. Бул болжол туура дешке болот. Анткени аргымак аттар жорголоп, таскактап, жортуп жүрбөстөн, арыштап жүгүргөн тукумдагы жылкынын түрүнө кирип, арыштап чуркашы аркылуу *аргымак* аталышы бышык. Ат арыштап чуркаганда ыргып, секирип да жаткансып көрүнөт.

Кийинки мезгилде асыл тукумдуу күлүк аттын баарын эле *аргымак* деп атай берүүгө жол берилип, арыштап чуркай турган өзгөчөлүгүнө карата берилген *аргымак* атынын мааниси так сезилбей, азыркы кезде *аргымак* сөзү *тулпар, буудан* деген сөздөргө мааниси боюнча окшош сыяктанып кеткен. Чындыгында *тулпар* аттын эң мыктысы, ал арыштап да, таскактап да чуркап, ачкалыкка, ысык менен суукка чыдамдуу келет. Аргымакта андай касиеттердин баары бола бербеши мүмкүн.

АРКАК Кездеменин, таардын узунунан кеткен эриш жибине туурасынан өткөрүлүүчү жип *аркак* аталат. Бул сөз кыргызча, уйгурча *аркак* делсе, азербайжан, түркмөн, турция тилинде *аргач*, башкыр, кара калпак, казак тилдеринде *аркау* болуп, айтылат. Жогоркулардын *аркак* дегени алгачкысы деп эсептелгенде, *аргач* түрү аяккы *к* тыбышы *ч* тыбышына алмашуудан, *аркау* түрү ал тыбыштын *в* тыбышына өтүшүнөн келип чыгат.

Аркак сөзү *арка*+*к* деген бөлүктөрдөн турат. Тува тилинде *аргы* этиши 1) «току», «өр»; 2) «сок» маанисинде алгичке сакталып калган (ТувРС, 66). Мына ушул этиш огуз тилинде *арга* түрүндө, кыпчак тилинде *арка* түрүндө байыркы кезде колдонулушу мүмкүн. Ага зат атооч жасоочу *-к* мүчөсү кошулуп, *аркак* сөзү келип чыккан. Алгач *аркак* сөзү «өргүч», «токугуч» дегенге жакын маани берген. Кийин *арга//арка* этишинин мааниси көпчүлүк түрк тилдеринде унутулушу менен, *аркак* сөзүнүн келип чыгышы күңүрттөп, билинбей калган.

АРКАН Үч же беш жипти катуу чыйратып, бириктирип толгоо аркылуу жасалган узун жана жоон жип *аркан* аталат. Бул сөз *арка*+*н* деген бөлүктөрдөн турат. *Арка* деген уңгусу *аркак* деген сөздү жасоого катышкан, азыркы кыргыз тилинде өзүнчө айтылбаган менен, тува тилинде сакталып калган *аргы* «1) току, өр; 2) сок, эш» деген сөзгө туура келет. Этиштин зат атооч жасоочу *-н* мүчөсү жалгануудан *аркан* сөзү келип чыккан. Ал «өрүлгөн, чыйратылган жип» дегенге барабар маани берген.

АРС Кыргыз тилиндеги *арс* же *арс чычкан* сөзүн К. К. Юдахин «горностай» деп которгон (Юдахин, 19). Бул сөз байыркы түрк эстеликтеринде *ас* түрүндө болгон (ДТС, 59). Кыргыз тилинде *с* тыбышынын алдына *р* тыбышы кошулган.

АРСТАН Жаныбарлардын падышасы катары эсептелген эң чоң жырткычтын — арстандын, атынын келип чыгышы жөнүндө айтылган толуп жаткан болжолдор бар.

Э. В. Севортян аны *арс*+*лан* деген бөлүктөргө бөлүп, *арс* уңгусу *арсылда* деген сөздө катышып, жапайы жырткычтардын арылдашын туураган сөз деп карайт, *-лан* мүчөсүн кыймыл-аракеттин аткарылышын көрсөтүүчү мүчө деп эсептейт (Севортян, 1974, 77—178). О. Прицак *арстан* сөзүн *барс*+*лан* деген бөлүктөргө ажыратып, *барс* сөзү иран тилинен кабыл алынган, *-лан* мүчөсү коллективдүүлүктү билдирет деп эсептейт.

Байыркы түрк тилинде *арсал* сөзү «сары, куйкул сары» деген маани берген (ДТС, 55). Мына ушул сөздүн аяккы *ал* деген тыбыштары *ла* болуп метатезаланган, аягына ашыкча *н* тыбышы кошулуп, *арслан* түрүнө келген. Азыркы огуз тилдеринде ушундай формасы колдонулат. Кыргыз тилинде *с* тыбышынан кийинки *л* тыбышы прогрессивдүү ассимиляциянын таасири менен *т* тыбышына өтүп, *арстан* болгон. Мындай атка арстан өзүнүн өңүнө жараша зэ болгон. Ал жолборстон, кабылан менен илбирстен куйкул саргыч түсү менен айырмаланат.

АРТ Монгол тилинде *ар* сөзү «арт», «арка» деген маани берет. Ушуга караганда *арт* сөзү да *ар* уңгусунан жана *т* мүчөсүнөн куралат. Ал эми *-т* деген мүчөнүн мааниси Э. В. Севортян жатыш жөндөмөсүнө туура келет деп карайт (Севортян, 1974, 179).

Адамдын жана жаныбарлардын денесине карата айтылган сөздүн мааниси дагы өнүгүп, «ашуу» маанисин билдирүүгө жетишкен. Мындай болуп өзгөрүү *бел* сөзүнө да тиешелүү. Алсак, *бел* «адамдын, жаныбардын бели» деген маанисинен «тоонун, ашуунун бели» деген мааниге чейин өнүккөн. *Арт* сөзүнүн «ашуу» мааниси *Көк-Арт, Жарык-Арт, Кабак-Арт, Балык-Арт* сыяктуу жер аттарында сакталып калган. Азыркы күндө *арт* сөзү «ашуу» маанисинде өзүнчө сөз болуп колдонулбай калган. Ошондуктан жогорку географиялык аттардын баары кыргыз тилинде *Көгарт, Кызарт, Торгарт, Жаркарт, Кабакарт, Балгарт* болуп бирге жазылып жүрөт.

АРУУ *Ары* этиши байыркы кезде «тазала» маанисинде болгон. Андан *арыл,арыт* деген сөздөр жаралган. Ал эми *ары* этишине сын атооч жасоочу *-г* мүчөсү жалганып, *арыг* «таза» сөзү жасалган (ДТС, 51). Анын аяккы *г* тыбышы үндүүгө айлануудан *аруу* деген түргө келген.

АРЫ Бул сөздү кээде *нары* деп айтабыз. Бирок чындыгында анын *ары* болуп, баш жагында *н* тыбышы жок айтылганы туура. Анткени ал III жакты билдирген *ал, а* деген уңгудан келип чыгат. *Бери* деген сөз I жакты билдирген *бу, бул* деген шилтеме ат атоочтон келип чыгат. Шилтеме ат атоочторго байыркы кезде багытты билдирүүчү *-ры* деген мүчө жалгануудан *ары, бери, ичкери, жогору, илгери* деген сөздөр келип чыккан.

АРЫК I Э. В. Севортян түрк тилдериндеги *арык* «канал» сөзүн *ар+ык* деген бөлүктөргө ажыратып, *ар* уңгусун «ак» маанисинде деп эсептеп, *-к* мүчөсүн кыймыл-аракетти билдирүүчү мүчө деп карайт (Севортян, 1974, 189). Бул боюнча *арык* сөзү «суу агуучу жай» дегенге жакын маанидеги сөз болуп чыгат. *Арык* сөзүнүн келип чыгышы жөнүндө айтылган башка пикирлер да бар.

Биздин оюбузча, түрк тилдериндеги *арык* сөзү алгачкы *айрык* деген сөздөн келип чыгат. Сөздүн составындагы *й* тыбышынын түшүп калышынан *айрык* сөзү *арык* түрүнө келген. Чындыгында эле арыктагы суулар коктудагы нуктан айрылып алынып кетет. Ушул өзгөчөлүгү боюнча сууну башка жакка алып кете турган чуңкур *арык* аталган.

АРЫК II Семиз сөзүнө карама-каршы маанидеги *арык* сөзү *ары+к* морфемаларынан куралган. *Ары*

этиши азыркы кыргыз тилинде көбүнчө «чарча», «чаалык» деген маани берет, чанда гана «аз» «арыкта» этишине маанилеш келет Алсак, *жата берсе, ат арыйт, жүрө берсе жол арбыйт* деген макалда *ары* этиши *арыкта* этишине барабар маани берет. Кыргыз тилинде *аз* этиши «арыкта», «жүдө» деген мааниде колдонулат. Бул *ары* жана *аз* этиштери *р* жана *з* тыбыштары алмашкан бир эле сөздүн варианттары болуп эсептелет (Мусаев, 1984, 375). *Ары* этишине сын атооч жасоочу *-к* мүчөсү уланып, *арык* сөзү келип чыккан.

Арык-торук деген кош сөздүн составында *торук* сөзү азыркы кыргыз тилинде өзүнчө айтылбайт. Байыркы түрк жазуучуларында *тур* түрүндөгү этиши да «арыкта» маанисинде колдонулган (ДТС, 587). Азыркы алтай тилинде ал этиш *торо* болуп айтылат. Мына ушул этиштен кыргызча *торук* деген сын атооч сөз жасалган. Составындагы *р* тыбышынын *з* тыбышына алмашуусу боюнча бул сөз азыркы кыргыз тилиндеги *тоз* этишине туура. *Тоз* этиши кыргыз тилинде «эскирүү», «жыртылуу» жана «качып-бозуу» деген мааниде *тозбогон тон; ашык ойногон азат, томук ойногон тозот, азган менен тозгондор* сыяктуу учурларда айтылат. *Ары, тору* деген учурларда *р* тыбышы менен айтылганда сөздүн аягында үндүү тыбыш да катышат, ал эми алардын *з* тыбышы менен айтылган *аз, тоз* варианттарында аяккы үндүү түшүп калат. Ушундай кубулуш кыргызча *эри>эз* жана монголчо *боро* — кыргызча *боз* деген сөздөрдүн ортосунда да болот.

АСТЫ III жактын таандык мүчөсү жалганып турган бул сөз *алды, үстү* сөздөрү сыяктуу эле алгачкы *асын* деген уңгуга таандык мүчө уланганда, уңгунун азгындагы *ы* тыбышы түшүп, *с* тыбышынан кийин келчү *н* тыбышы каткалаң *т* тыбышына өтүшүнөн келип чыгат. *Мурун, карын, эрин, орун* ж. б. сөздөргө таандык мүчө жалганганда *мурду, карды, эрди, орду* болуп өзгөргөн сыяктуу эле *асын+ы* дегенден *асты* түрү пайда болот. *Алды* деген сөздүн уңгусу *ал* болгон сыяктуу эле *асты* дегендин эң алгачкы уңгусу *ас* дешке болот. Анткени байыркы түрк жазуучуларында *аспа* деген формасы да учурайт. Анын *-ра* мүчөсү багыт жөндөмөсүнүн мүчөсү экени белгилүү. Ошондо *ас* дегендин өзү эле байыркы кезде азыркы *асты* дегенге жакын маани берген деген тыянак чыгат. Байыркы *ас* деген уңгуга III жактын таандык мүчөсү *-ын* жалганып, азыркы *асты* дегенде эң аягында таандык

мүчө дайыма уланып айтылган сыяктуу болуп, *асын* түрүндө айтылган болуу керек. Бирок ал бара-бара өз маанисин жоготуп, таандык мүчө экени даана сезилбей калганда, аягына дагы бир жолу таандык мүчөнү улоого туура келген. Ошентип *ас+ын* сөзүнө *-ы* мүчөсү жалгануудан *асты* деген андан алда канча айырмаланган формасы жаралган.

АСЫРА Адамды, жаныбарды багууга, кийинтүүгө карата айтылган *асыра* этиши *ас+ра* бөлүктөрүнөн турушу мүмкүн. Мындагы *ас* уңгусу *-аш* деген сөздүн бир түрү. Андай экенин байыркы түрк жазуучуларында *киши* жана *киси, баш* жана *бас* бир эле сөз *ш* же *с* тамгасы менен жазылышынан көрүүгө болот. Болжолу, ал кезде *ш* жана *с* тыбыштары алмаштырылып айтыла берген. Ошондогу абалдан *ш-* чылдык казак, кара калпак, ногой тилдерине жайылтылса, *с-* чылдык калган түрк тилдерине тараган. Бирок анын айрым элементтери аралаш бойдон жашап келген. Ошолордун бири ушул *асыра* деген сөз десек болот. Алгачкы *ас* деген уңгуга *куу* деген сын атоочтон *куура* деген жасалган сыяктуу эле *-ра* мүчөсү жалганышынан *асра* деген этиш келип чыгышы мүмкүн. Эки үнсүз тыбыш келип калган жердин ортосуна *ы* тыбышы кошумчаланган.

АТ Түрк тилдериндеги *акта* жана *ат* сөздөрү маанилери боюнча өз ара жакын, монголчо *агт(а)* сөзү менен тектеш келет. Ошондуктан бул сөз түрк жана монгол тилдерине иран тилинен кабыл алынган деген пикирди П. М. Мелиоранский эң алгач айткан. Бул боюнча иранча *ахтан* этиши «сууруп алуу, алып таштоо» маанисин туюнткан. Мына ушул сөздүн *акт>ат* болуп өзгөрүшүнөн азыркы кыргызча *ат* сөзү келип чыккан.

Ат сөзүнүн *акт(а)* сөзүнөн келип чыккандыгынын тууралыгы дагы мындайча кыйыр далилденет. К. К. Юдахиндин «Кыргыча-орусча сөздүгүндө» *так* сөзү мындай которулган: *так* V *то же, что кош* IV *(окрик, но обращенный к одной лошади).* Кээ бир тилдерде анын ордуна жөн эле *ак* деп айтканы да учурайт. Мунун *ак* варианты алгачкы *акт* формасынын аягында катар келген үнсүздөрдүн акыркысын түшүрүп коюудан келип чыгат. Ал эми *ат* сөзү, тескерисинче, аяккы *т* тыбышын сактап; анын алдындагы *к* тыбышын түшүргөн түрү болуп эсептелет. *Так* деген учурда алгачкы *акт* сөзүнүн аяккы *т* тыбышын сөздүн башына алып келип, орун тартибин өзгөртүп жайгашуудан жаралган. Ошондуктан атты *так* же *ак* деп айтуунун өзү да «ат» маанисин берген сөз болуп чыгат.

АТААНДАШ Кыргыз тилиндеги *атаандаш* сөзү *атаан+даш* деген бөлүктөрдөн турат. Анын *атаан* уңгусу монгол тилдеринен кабыл алынган. Бурят тилинде *атаа(н)* 1) «зависть, вражда: 2) состязание, соперничество, конкуренция»; калмак тилинде 1) «зависть, 2) состязание, соперничество»; монгол тилинде 1) «зависть, 2) ревность» болуп которулат. Кыргыз тилинде *атаан* сөзү өзүнчө жеке айтылбайт. Ага этиш жасоочу *-лаш* мүчөсү жалганган түрү гана айтылат.

АТАК Кыргыз тилинде *атак* сөзү *ат* сөзү менен бирдей маани берип да калат. Мисалы: *Жоону сайса, эр сайды, аты калды Манаска* (макал). *Атагың чыкпаса, жер өрттө* (макал). Ушуга караганда *атак* сөзү *ат+ак* бөлүктөрүнөн турат деп эсептөөгө болот. *Ат* уңгусуна кошулган *-ак* мүчөсүн уңгуга жаңы маани кошумчалай албай турган мүчө деп кароого болот.

АТАЛА Сууга ун чалып, сүт кошулуп бышырылган суюк тамак *атала* делет. Кээ бир жердегилер жарманы да атала дей берет. Бул сөздүн *атал* уңгусу кыргызча *талкан (тал+кан)* сөзүндөгү *тал* уңгусуна, *чал (талкан чал)* дегендеги *чал* этишине туура келет. Булардын эң алгачкы уңгусу *тал* деп эсептегенде *атал* түрүндөгүсүнө *а* тыбышы кошулат. Ал эми *чал* деген учурда алгачкы *т* тыбышы *ч* тыбышына алмашып кеткен.

Атала сөзү алгачкы *атал+а* морфемаларынан куралган дешке болот. Ал эми *атал* уңгусу *чал* этишине туура келгендиктен, жалпы мааниси «чалма», «чалып жасалган тамак» дегенге туура келген сөз болуп чыгат.

АТАЛГЫ Бозо сүзүүдө колдонула турган аспап *аталгы* же *аталга* аталат. Иймекей жыгачтын ортосуна ашталган сапка кайыш ороп коюп, кайыштын эки учун жаа сыяктуу жыгачка байлап коёт. Жаа сыяктуу жыгачты ары-бери кыймылдатканда аталганын учундагы иймекей жыгачы ары-бери чимирилип, бозонун тобу үстүнө калып, маңызы кездемеден өтүп кетишин камсыз кылат. *Аталга* сөзү жогорудагы *атала* сөзү сыяктуу эле *атал+га* деген бөлүктөрдөн туруп, «чалгы, чала турган аспап» дегенди билдирген сөз болуп чыгат.

АТАН Бычылган эркек төө түрк жана монгол тилдеринде *атан* делет. Э. В. Севортян бул сөз *ат*+*ан* деген бөлүктөрдөн туруп, *ат* этиши азыр колдонулбаган менен, байыркы кезде *быч* деген маани берген деген пикирди айтат. Мына ушул эле этиштен *ат* деген жылкыга карата айтыла турган сөз да келип чыккан деп карайт (Севортян, 1974, 202). Бул боюнча *атан* сөзү «бычылган» маанисиндеги сөз болуп чыгат.

А. М. Щербак *атан* сөзү *ат* сөзү менен байланыштуу болуу керек деген болжолду айтат (Щербак, 1961а, 104). Бул болжолго толугу менен кошулууга болот. Анткени ургаачы төөнү билдире турган *инген* сөзү *инек* деген сөзгө *-ан* мүчөсү кошулуудан келип чыкканы даана көрүнөт. Демек, *атан* деген сөз да *ат* деген сөзгө *-ан* мүчөсү кошулуудан келип чыккан. Ал мүчө кошулуу менен формасындагы айырмачылыкка жараша төөнүн бычылганын билдирип, жылкынын бычылганын туюнткан *ат* деген сөздөн обочолонуп кеткен.

АТАШ КҮРӨК Бул сөздү иран тилинен кабыл алган кезде кызык кубулуштар болуп кеткен. Кыргыз тилинин түштүк диалектисинде от кыпчый турган кычкач *аташ күрөк* делет. Ал чындыгында күрөккө эч окшобойт, кадимки эле кычкач сыяктанып ичке жалпак темирден ийилип жасалат. Күрөккө эч окшобогон буюмду *күрөк* деп атап калышына төмөнкүдөй себеп болгон. Иранча *аташ* сөзү кыргызча *от* дегенди билдирет, ал эми *гирак* бөлүгү эки составдан турат, *гир* дегени *гирифтан* «брать» этишинин учур чагынын формасы, *-ак* мүчөсү — бир нерсенин аты экенин билдирүүчү мүчө. Иранча сөзмө-сөз которгондо *аташгирак* деген «от кармагыч» дегенди билдирет. Бирок бул татаал сөздүн экинчи бөлүгүн кыргыздар өзүнүн *күрөк* деген сөзүнө окшоштуруп кабыл алган. Натыйжада «кармагыч» деген маанидеги сөз *күрөк* болуп өзгөртүлгөн.

Иранча *аташгирак* болуп сөзгө сөз кошуу аркылуу жасалган сөздү кыргызча *аташкүрөк* деп бирге жазуу ылайык өндөнөт. Антип бирге жазбаганда бул сөздүн *гирак* бөлүгү *күрөк* деген кыргыздын өз төл сөзү менен чаташтырылып, маанисин туура түшүнүүгө кедерги болот.

АТКАР Кыргыз тилинде *аткар* деген эки этиш бар. Анын бири «адамды атка мингизүү, минүүгө жардамдашуу, узатуу» деген маани берет. Ал сөз *ат*

деген уңгуга этиш жасоочу *-кар* мүчөсүнүн жалганышынан келип чыгат. Ушул сыяктуу жол менен жасалган *башкар (баш+кар), ичкер (ич+кер), эскер (эс+кер)* ж. б. сөздөр бар.

Ал эми «орундатуу, бүтүрүү» деген маанидеги *аткар* этиши башка уңгудан, башка мүчөдөн турат. Уңгусу болуп *атак* сөзү эсептелет. Ал болсо — азыркы кыргызча *аяк (айак)* деген сөздүн байыркы формасы. Ошол уңгуга атоочтон этиш жасоочу *-ар* мүчөсү жалгануудан *атакар*>*аткар* этиши келип чыккан. Ал сөз азыркыча «аякта» дегенге жакын маани берген. Атооч сөздөрдөн этиш жасоочу *-ар* мүчөсү кыргыз тилинде кеңири учурайт. Мисалы: *жашар (жаш+ар), бозор (боз+ор), агар (ак+ар), тазар (таза+р), жаңыр (жаңы+р)* ж. б.

Атак уңгусу азыркыча *аяк (айак)* сөзүнө туура келет. Азыркы кыргызча *күт* жана *күй* деп айтууга боло бере турган сыяктуу эле *т* тыбышы *й* тыбышына алмашуудан *айак* дегени кийин пайда болгон. Бирок эски *атак* сөзү өзүнүн мурдагы калыбын сактап кала бергени ушул *аткар* этишинде учурайт. Ошол *аткар* этиши азыркы *аякта* деген этиш сыяктуу маани берген. Анткени *аякта* этишинин өзү алгачкы *атак* деген сөздөн жасалат, мүчөлөрү башка болгон менен маанилери бирдей болуп калган. Мындай болушуна *атак, аяк (айак)* деген сөздөр адамдын бутун гана эмес, «адамдын денесинин эң ылдыйкы жагы» дегенди да билдирген. Ал эми адамдын башы анын денесинин атын гана эмес, «башталышы» деген да маани берген. Ошондуктан *аткар* этиши «аягына чыгуу» дегенди, башкача айтканда, «башталган ишти бүтүрүү, орундатуу, аягына чыгаруу» дегенди туюнткан. Ушундай маанини *аткар* жана *аякта* этиштери бере алышы алардын уңгусунун бир сөздөн экенине байланышкан.

АТКЫ Кыргыз тилинде *аткы* этиши «тырмактарын же чеңгелин батыра кармоо» маанисин берет. Мындай этиш башка түрк тилдеринде колдонулбайт. Монгол тилиндеги *атгах* этиши «1) зажимать в кулак, 2) брать горстью» болуп которулат. Ошондуктан *аткы* этиши кыргыз тилине монгол тилинен кабыл алынган дешке болот. Кабыл алынганда аяккы *а* тыбышы *ы* тыбышына алмашып, мааниси да бир аз өзгөргөн.

АТТА «Бир нерседен секирип өтүү» маанисин берген бул сөз алгачкы *ат*+*та* дегенден келип чыгат. Мындагы *ат* уңгусу — азыркы «кадам» маанисиндеги

сөз (Севортян, 1974, 322). Ага этиш жасоочу *-ла* мүчөсү жалганганда *атта* этиши келип чыгып, ал «кадамдоо» дегенге жакын маани берген. Кийин ал жалаң «секирип өтүү» маанисин билдирип, алгачкы маанисинен алыстап кеткен.

АЧАРЧЫЛЫК Азыркы кыргыз тилинде *ачарчылык, аччылык, ачкалык* деген сөздөр бирдей мааниде колдонула берет. Алтай тилинде алардын маанисин *ачана* сөзү туюнтат. Кыргыз тилинде бул сөздөрдүн антоними болуп *токчулук* сөзү колдонулат, *тоёрчулук, токтук* формалары айтылбайт же синонимдеш маани бере албайт. Ушуларга караганда *ачарчылык* сөзү *ач+ар+чалак* бөлүктөрүнөн турат. Анын *ач* уңгусу «ачка» маанисин берет, атоочтуктун *-ар* мүчөсү *-чылык* мүчөсү менен бирге жалганып, *ачарчылык* сөзү жасалган. Башка сөздөрдө бул мүчөлөр биригип айтылып, жаңы сөз жасашы учурабайт.

АЧУУ Бул сөз азыр абдан өткүр даамга жана абдан катуу чыккан дабышка карата айтылат. Ал маанилеринин кайсынысы алгачкысы экенин кесе айтуу кыйын. Ошондой болсо да алардын даамга карата айтылганы алгачкысы, ал эми дабышка карата айтылганы метафора жолу менен кийин келип чыкканы деп болжолдоого болот. *Ачы* этишине сын атооч жасоочу *-г* мүчөсү жалганып, байыркы кезде *ачык* сөзү жаралган (ДТС, 4). Ал формасы *ачык* түрүндө өзбек тилинде жана өзбектерге коңшулаш жашаган кыргыз говорлорунда дагы эле айтылат. Ал эми кыргыз адабий тилинде болсо аяккы үнсүз тыбышы үндүүгө айланышынан *ачуу* деген сын атооч келип чыккан.

АШАР Арабча *хашар* этиши «чогултуу, жыйноо» маанисин берет (АРС, 219). Андан *хашр* деген зат атооч жасалат да, «чогулуш», «жыйын» деген маани билдирет. Мына ушул сөз кыргыз тилине *ашар* түрүндө кабыл алынып, «элди жыйнап, ошолордун күчү менен ишин бүтүрүп алуу» деген маани берип калган.

АШАТ Кыргыз тилинде териге улпак аралашкан ачыган айранды сүйкөп коюуну *ашатуу* дейт. Бул сөз уйгур жана өзбек тилинде *ашла* болуп колдонулат. Ушуга караганда кыргызча *ашат* сөзү *аш+ат* бөлүктөрүнөн турат. Анын *аш* уңгусу алгачкы *аш* «тамак» маанисиндеги сөздүн маанисинин өнүгүшүнөн келип чыгышы мүмкүн. Болжолу, улпак кошулган айран да *аш* делип аталган. Мына ошол сөзгө этиш жасоочу *-ла* мүчөсү жалганып, *ашла* сөзү келип чыккан. Кыргыз тилинде үнсүздөрдүн ээрчишүүсү боюнча ал *ашта* болмок, бирок *-та* мүчөсүндөгү тыбыштар метатезаланып, *ашта* түрүнөн *ашат* түрүнө келип калган.

АШКАБАК Азыркы кыргыз орфографиясында *ашкабак* сөзү бирге жазылганы көнүмүшкө айланып кетти. Чындыгында бул *аш+кабак* деген эки сөздөн турат. Анткени *суу кабак, таш кабак* сыяктуу кабактын түрлөрү да бар. Таш кабагынан көбүнчө буюмтайымдар жасалса, ашкабагынан тамак-аш жасалат.

АШТА Азыркы кыргыз тилинде *ашта* этиши «курал-жарактардын металлдан жасалган башын сабына бекитип коюу» дегенди билдирет. Мисалы: *найза ашта, кетмен ашта, керки ашта*. Байыркы түрк тилинде болсо, тескерисинче, куралды эмес, «идиш-аяктын жарака кеткен жерин бекитип коюу» дегенди билдирген. Махмуд Кашгаринин «Диванында» *ол аяк ашлады* «он скрепил (разбитую) чашу с помощью скобы» деген мисал келтирилген. Анткени ал кезде *аш* сөзүнүн өзү «идиш-аяктын жаракаларын кармата турган металлдан жасалган кичинекей кадоо» дегенди билдирген (МК I, 80). Ошол уңгуга этиш жасоочу *-ла* мүчөсү жалганып, *ашта* этиши келип чыккан. Сөздүн байыркы мааниси сакталып, бир калыпта тура бербестен, кыргыз тилинде идиш-аякты жамоого, кадоого карата *ашта* сөзү колдонулбай, металлдан жасалган бөлүгүн жыгачка кептеп, киргизип бекитүүгө карата гана айтыла турган сөз болуп калган.

АШТОО Азыркы кыргыз тилинде малга туз, жем бере турган идиш *аштоо* аталат. Мурдагы аштоолор узун жыгачтан оюлуп жасалып, эки башы казыкка ашталып бекитилип коюлчу. Биздин күндөрүбүздө *аштоо* жыгач доскалардан бириктирилип жасалып, жылдырып коюуга ылайыкталып, өзүнө бекитилген буту менен боло баштады. Кээде резина дөңгөлөктү эки бөлүп тилип, ага туз, жем салып, аны да *аштоо* дечү болду. Бирок аштоонун аты мурда узун жыгачты оюп, эки башын казыкка аштап бекитип койгонунан улам келип чыккан. Анткени бул сөз *аш+та+оо* деген бөлүктөрдөн турат. *Аш* уңгусуна этиш жасоочу *-ла* мүчөсү жалгануудан *ашта* сөзү келип чыккан. Ал этишке зат атооч жасоочу *-оо* мүчөсү жалгануудан *аштоо* сөзү жаралган.

АШЫК Арабча *(г)ашык* сөзү «сүй» деген маани берет (АРС, 661). Ошол эле этиштен *(г) ашык* деген сын атооч сөз жасалат да, кыргызча «сүйгөн» маани-

син туюнтат. Мисалы: *ашык жар — сүйгөн жар.* Ушул эле сөздүн башкы *а* тыбышы *ы* тыбышына өзгөрүшүнөн араб тилинде *ышкы* «сүйүү» деген зат атоочтук маани берген түрү да азыркы кыргыз тилине келип кирген.

АЯК I Кыргыз тилинде *аяк* сөзү *бут* сөзүнүн синоними катары айтылат. Бул сөз *ай+ак* морфомаларынан куралган. *Ай* уңгусу азыркы *атта* этишинин *ат* дегенине туура келет. Бул *ат* деген уңгу «кадам» же «кадамда» деген маани деп эсептесек, анда *ат+ак* сөзү «басып жүргүч орган» дегенге жакын сөз болуп чыгат.

АЯК II Жыгачтан жасалган көлөмү анча чоң эмес, тегерек идишти билдирүүчү *аяк* сөзү алгачкы *атак* деген сөздөн келип чыгат. Аны мындай чечмелөө мүмкүн. Байыркы замандагы мал чарбачылыгы менен кесип кылган көчмөн ата-бабаларыбыз малдын терисинен кийим кийип, андан буюм-тайым, идиш-аяк жасагандыгы белгилүү. Анткени ал кезде териден жасалган буюмдар, идиштер көчүп-конуп жүрүүгө ылайык келген. Алар сынбайт, оңой менен айрылбайт. Ошондуктан *аяк* деген идишти алар алгач кара малдын шыйрагынын туюк сыйрып алган терисинен жасашкан. Ошол шыйрактын терисинен жасалганы үчүн ал ошондой *аяк (айак)* деген атка ээ болгон. *Табак, баштык, казан* деген сөздөр да ушундайча пайда болгону ушуну ырастайт (Алар жөнүндөгү маалыматтарды тиешелүү сөздөрдөн окуңуздар).

Алгач буттун терисин туюк сыйрып алып, иштеткенден кийин түбүн түптөп коюудан *аяк* жасалган. Кийин анын көлөмүндөгү идишти карападан, жыгачтан жасоого өтсө деле, алгачкы териден жасалган кездеги аты колдонула берген. Азыр пластмассадан, форфордон, айнектен, металлдан жасалса деле, атам заманда коюлган аты ал идишке коюла берет. Анткени алардын көлөмү жагынан бирдей болушу негизги ролду ойнойт.

Б

БААРЫ «Бүт, бардыгы» деген маанидеги айтылган сөз *жок* деген сөзгө карама-каршы маани берген *бар* сөзүнө сөз жасоочулук касиетке ээ болгон таандык мүчөсү *-ы* жалганышынан пайда болгон. Андай экени

баары-жогу келди деген тизмектен айкын көрүнөт. Бул кош сөздүн составында карама-каршы маанидеги *бар* жана *жок* деген сөздөр турганы эч талашсыз. Ошол экөөнүн тизмеги жалпыланган «баары» дегенге жакын маани берет. Мына ушул *бар+ы* сөзү тактооч маанисине ээ болушу менен, демейдеги *бары-жогу* белгисиз деген сыяктуу өзүнүн түз маанисинде турган *бар+ы* түрүнөн айырмаланышы үчүн уңгудагы үндүү созулуп айтылып, *баары* түрүнө келген.

Ошол *баары* сөзүнүн аягында III жактын таандык мүчөсү жалганганы мындайча далилденет. Ушул сөз жөндөлгөндө таандык мүчөлүү сөз сыяктуу жөндөлөт. Мисалы: И. *баарынын,* Б. *баарына,* Т.*баарын,* Ж. *баарында,* Ч. *баарынан.* Ошол элс учурда барыш жөндөмөдө *баарыга (баарыга белгилүү сөз),* чыгыш жөндөмөдө *баарыдан (баарыдан мурда)* болуп да жөндөлө берет. Бул болсо *баары* сөзүнүн таандык мүчө жалганып жасалганын жана ал мүчө өз касиетин жоготкондуктан, ал мүчөдөн кийин барыш, чыгыш жөндөмөлөрүндө таандык мүчөсүз сөздөрдөй жөндөлө баштаганын көрсөтөт.

БАБЫРГАН Үкү сыяктуу канаттуулардын кичинекейи *бабырган* аталат. Мындай атка конушка ал куштун түн ичинде үн салып, бакырып чыкканы себеп болгон. Бурят тилиндеги *бабарха* (БРС, 72) этиши кыргыз тилиндеги *бабыра* этишине туура келет. Кыргыз тилинде *бабыр* сөзү тынымсыз көп сүйлөгөн кишиге карата айтылат. *Бабырган* деген сөздү жасоого *бабыр* уңгусу алынып, ага *-ган* мүчөсү уланган. Бул *-ган* мүчөсү *сагызган, көгүчкөн* деген канаттуу куштардын атында да катышат, аны «куш» деген маанидеги морфема деп эсептегенде, *бабырган* сөзү «бабырап көп бакырган куш» деген маанидеги сөз болуп чыгат.

БАГЛАН Азыркы кыргыз, казак жана уйгур тилдеринде *баглан* сөзү «энесин эмбей, союуга жарап калган козу» деген мааниде колдонулат. Бул сөз кыргыз жана казак тилдерине уйгур тилинен келип кириши мүмкүн. Анткени уйгур тилиндеги *багла* сөзү кыргызча *байла* сөзүнө туура келет. Уйгурча *баглан кой* деп да айтылат (УйРС, 193). Кыргызча *баглан козу* же жөн эле *баглан* деп айтууга болот, бирок *баглан кой* дешке болбойт. Уйгурча *баглан кой* дегени кыргызча *байланган кой* дегенге туура келет. Ушуга караганда *баглан козу* сөзү алгач «байлап семиртилген козу» де-

ген мааниде айтылган. Кийин *баглан* деген сөздүн өзү өле калып, «союуга жарай турган козу» дегенди билдирип калган.

Баглан сөзү *баг+ла+н* бөлүктөрүнөн турат. Жалпы мааниси боюнча «байланган (сүмиртилген)» дегенге жакын түшүнүктү билдирет.

БАГЫН «Баш ийүү, моюн сунуу» маанисинде айтылган бул сөз *бак* этишинен жана өздүк мамилеанын *-ын* мүчөсүнөн куралган. Азыркы кыргыз тилинде *бак* этиши «асыроо, баш-көз болуу» маанисин берет. Байыркы түрк жазууларында *бак* этиши «байка, кара» маанисинде болгон (ДТС, 81). Кыргыз тилиндеги *күлө багып мамиле кылат* деген учурда «кара» маанисинде айтылат. Байыркы түрк жазууларында *меңе көрти* деген сүйлөм «мага багынды» маанисинде колдонулган (ДТС, 317). Орто Азияда XIV кылымда жазылган Мухаммед Салихтин «Шейбани-наме» дастанында *бак* сөзү жогорку *көр* сөзүнүн маанисинде болгон. Анда «Күп уруш бирло олиб Туркистон, Боктурой деб арабу Хиндистон» деген ыр сабы жолугат (35-бет). Кыргыз тилинде *кара* этиши *багын* сөзүнүн маанисин да билдирет. *9-майда фашисттик Германияны толук каратып буттүк* десек болот. Демек, *бак, көр, кара* деген синонимдердин бири билдирген маанини экинчиси, үчүнчүсү да билдирүүгө өткөн.

Жогорудагы фактыларга караганда байыркы заманда адамдар багынганын билдирүү үчүн ага карап турушу (болжолу, хан такта отурган кезде) эле жетиштүү болуп, ал жерде жок же ага далысын салып тургандар багынбаганын туюнткан окшойт.

Азыркы кыргыз тилинде *бак* сөзүнүн эң алгачкы «кара» деген мааниси күңүрттөп, андан келип чыккан «асыроо» деген мааниси өнүгүп кеткен. Азербайжан тилинде *бак* этишинин алгачкы мааниси ошол бойдон сакталган (АзРС, 52).

БАГЫТ «Кара» маанисиндеги *бак* этишине атооч жасоочу *-ыт* мүчөсү жалганып, *багыт* сөзү жасалган. Ал алгач «караган тарап, жак» деген маани берген. Кийин азыркыдай «бет алган тарап» маанисине өткөн. Антишине *бак* үңгусунун «кара» мааниси күңүрттөнүп кетиши да себеп болгон. *Багыт* дегенди уюштыруу-га катышкан *-ыт* мүчөсү этиштен зат атооч жасоочу куранды катары *жайыт, кийит, тоют, күйүт* сыяктуу сөздөрдө даана байкалат.

БАГЫШТА Кыргыз тилиндеги багышта этиши «1) посвящать, приносить в дар; 2) приносить в жертву» болуп которулат (К. К. Юдахин, 92). Бул этиш байыркы түрк эстеликтеринде *багышла* түрүндө болгон (ДТС, 78). Иран тилдеринин тобуна кирген тажик тилинде *бахшидан* этишинин учур чактагы формасы *бахш* болот, ал кыргыз тилиндегидей маани берет. Мына ушул *бахш* формасы негиз болуп алынып, ага этиш жасоочу *-ла* мүчөсү уланып, *багышта* этиши келип чыгышы мүмкүн. Кыргыз тилиндеги *каала* этиши да ушундайча пайда болгон (караңыз *каала*).

БАДАНА Азыркы кыргыз тилинде *бадана* эпосторду «соот» маанисинде айтылат. Мисалы: *бадана тон, бадана шым.* Ошол эле учурда *бадана* сөзү соттун көзүнө карата да колдонулуп, *бадана көз, көзү баданадай* түрүндө келе берет. Ал эми кыргыздын эпосторунда соотту кураштырган болот шакекчелердин көзү бирде тооктун, бирде чымчыктын, бирде торгойдун көзүнө окшоштурулат. Ушуга караганда сооттун ар бир шакекчелеринин көлөмү кандай экенин мүнөздөө үчүн аны чымчыктын, бөдөнөнүн, торгойдун жана тооктун көзүнө салыштырууга болот. Ушундай салыштыруулардын негизинде *бадана* деген сөздүн өзү келип чыккан.

Кыргызча *бөдөнө* тажик тилинде *бедона* болуп айтылат (ТаджРС, 59). Ал *бадана* жана *бөдөнө* сөздөрүнө туура келет. Сооттун шакекчелеринин көзү бөдөнөнүн көзүнө салыштырылып *бадана көз, бадана көздүү, көзү баданадай* деген сөз айкалыштары жаралган. Алгачкы *бадана көз соот* дегендин ордуна *бадана* дегени эле айтылып, бирок ошол бир сөздө түшүп калган берки тизмектер биригип туюнткан мааниси сакталып кала берген. Болжолу, соотторду Орто Азиядагы отурукташып калган тажиктин усталары жасаган. Тажиктерден соотту сатып алуу менен бирге, кыргыздар алардын тилиндеги *бадана* деген сөздү да кошо кабыл алып, аны термин катары колдонуп калышы мүмкүн.

БАЙКЕ Өзүнөн улуу бир туугандарына жана жашы улуу кишилерге карата айтылчу бул сөздө да демейде айтылчу *аке* сөзү катышат. Улуу кишилерди *аке* деп айтуу жөнөкөй эле атоого жатса, ага *бай* деген эпитетти кошуп айтуу мурда аны урматтагандыкка да жатчу. Алгач ушундай мааниде айтылган *бай аке* түрүндөгү сөз тизмеги биригип, *байке* деген түргө келип, сөздөгү урматтоочулук да күңүрттөнө түшкөн.

Натыйжада *бай* эмес, *кедей* кишиге деле жашынын улуулугуна карата *байке* деп айтууга мүмкүн болуп калган.

БАЙКУШ Үкүдөн кичине, бабыргандан чоң түн ичинде учуп жүрө турган куш *жапалак, жапалак үкү, байкуш, байуулу* атала берет. Мындагы *байкуш* сөзү *бай+куш* деген эки сөздөн турат. Монгол тилинде *бай* деген сөздүн өзү эле «сова» дегенди билдирет. Ага кыргызча *куш* сөзү биригип, *байкуш* түрүнө келген.

Болжолу, *бай* деген аты бул куштун *бай-бай* деп чакырган үнүн туураган сөздөн келип чыккан.

БАЙЛА Бул этиш сөз байыркы түркчө *баг* «боо» сөзүнө этиш жасоочу *-ла* мүчөсү жалгануудан пайда болгон. Байыркы *баг* сөзүнүн аяккы тыбышы *й* тыбышына өтүшүнөн келип чыккан *бай* үңгусуна мүчө жалганганда гана колдонууга мүмкүн болуп, ал өзүнчө айтылбайт. Демейде анын ордуна *боо* сөзү пайдаланылат. Ал *боо* сөзү байыркы *баг* сөзүнүн аяккы тыбышы үндүүгө өтүшүнөн жаралган: *баг>бав>бов>боо.*

Чапчак сөзүнүн аягындагы *пак* бөлүгү — байыркы *баг* сөзүнүн каткаландашкан варианты. Ошентип, байыркы *баг* сөзүнөн кыргызча *пак, бай, боо* варианттары келип чыккан.

БАЙПАК Иранча *пай* сөзү кыргызча «бут» маанисин берет. Ошол сөзгө *кап* сөзү тамгаларын *пак* түрүнө өзгөртүп жалганышынан *байпак* сөзү келип чыккан. Сөзмө-сөз ал «буттун кабы» деген маани билдирген. Кыргыз тилинде *кап* сөзү *бак* болуп, ал эми *бак* сөзү *кап* болуп өзгөрүп калганы татаал создөрдүн составында жыш учурайт (*казанбак, чаркап* ж. б. сөздөрдү караңыздар).

БАЙУУЛУ Жапалактын бир аты *байуулу* түрүндө сейрек болсо да кыргыз говорлорунда жолугат. Бул сөз *бай+уул* деген эки сөздөн турат. *Бай* дегени монгол тилинде «жапалак» маанисин берет. Ал эми *уул* сөзү да монгол тилинде «жапалак» дегенди туюнтат. Ушул эле сөз урду тилинде да жогоркудай мааниде айтылат. Демек, *байуулу* деген сөздө бир эле мааниде ги эки сөз биригип, бир куштун атын билдирип калган.

БАЙЧЕЧЕКЕЙ Эрте жазда чыга турган гүлдүн аты *бай, чечек* деген сөздөрдөн жана кичирейтүүнү билдирген *-ей* мүчөсүнөн турат. *Бай* үңгусу кандай маани бере турган сөз экенин кесе айтуу кыйын, ал

малга, дүнүйөгө бай дегендеги *бай* сөзүнө эч окшобойт. Болжолу, бул сөз иранча *бахор* «жаз» деген сөз *баар>бар>бай* болуп өзгөрүшүнөн келип чыгат. Ал эми *чечек* сөзү — «гүл» деген маанидеги сөз. *Чечек* сөзү байыркы түрктөр, монголдор тарабынан кеңири колдонулган. Оспа оорусун тергеп айтууда колдонулган *чечек* деген сөз өзүнүн негизги «гүл» маанисинде эмес, ошол «оспа оорусу» деген мааниде гана жашап калган. Иран тилинен кабыл алынган *гүл* деген сөз басымдуу колдонулуп, *чечек* деген сөз абдан пассивдүү болуп кеткен. Ошондуктан ал *байчечекей, ак чечек* деген өсүмдүктөрдүн атында гана сакталып калган. Иран тилдери менен байланышы болбогон сибирдик түрк тилдеринде *чечек* сөзү *гүл* деген сөздүн маанисин билдирүү үчүн абдан кеңири колдонулат.

БАК Байыркы түрк тилинде *бак* этиши «байка», «кара», «көр» деген мааниде айтылган (ДТС, 81). Ушундай мааниде азыркы бир катар түрк тилдеринде кезигет. Кыргыз тилинде *бак* этиши «байка», «көр», «кара» этиштеринин маанисинде өзүнчө айтылбайт, *көрүп-багып туруп, күлө багып карап* деген сыяктуу учурларда гана айтылганда алгачкы маанисине жакын турат. Ал эми *баш бак* деген учурда *бак* этиши көзгө байланыштуу эмес, *баш* деген сөз менен тизмектешип, фразеологизмди түзүп калган.

Алгач *бак* сөзүнүн мааниси «байка», «көр», «кара» дегенге туура келген. Андан өнүгүп-өсүп отуруп башка маанилери келип чыккан. Баланы багуу, сорулуу кишини багуу, малды багуу да дайыма карап, көз болуп турууну талап кылат. Ошондуктан кыргыз тилинде ушундай жаңы мааниси өнүгүп, алгачкы мааниси көөнөрүп калган.

БАКА Сууда жана кургакта жашаган жаныбардын аты анын *бак-бак* деп чардаганына жараша берилген. Баканын үнүн тууроо үчүн кыргыз тилинде *бак-бак* деген сөз бекер колдонулбайт. Ошол дабышын туураган сөздөн кийин дагы үндүү тыбышты кошуу аркылуу ал жаныбардын атын билдирген сөз келип чыккан.

БАКАЛООР У.-К. Ш. Дондуков бурятча *боолзуур* «тамак, алкым (жаныбарлардын)» деген сөздү *боохо* «буу, байла» этишинен келип чыгат, ал *боо+лзуур* деген морфемалардан куралган, ал эми *бахалзуур* «тамак, алкым (адамда)» деген сөздө да *-лзуур* мүчөсү катышат, бирок *баха* үңгусу өлүү үңгу, болуп калган

деген пикирин айтат (Дондуков, 39). Биздин оюбузча, бурятча *боолзуур* деген учурдагы *боохо* этиши *баха* этиши менен уңгулаш. Мындагы *баха* этиши түркчө *бага(<багла)* дегенге туура келет. Ошондо *бакалоор* «байланышкан жер же байлана, буула турган жер» деген маанини берген сөз болгон.

К. К. Юдахиндин кыргызча-орусча сөздүгүндө жана түшүндүрмө сөздүктө *бакалоор* түрү гана берилген. Кыргыз тилинин Талас говорунда *бакалжоор* түрү да учурайт. Булар монгол тилдеринен кабыл алынган, монгол тилдеринде да *бахлуур, багалзуур* болуп эки түрдүү айтылат.

БАКЫР Катуу кыйкырганды билдирүүчү этиш *баа* деген дабыш тууранды сөзгө этиш жасоочу *-кыр* мүчөсү жалгануудан пайда болгон. Дабыш тууранды сөздөрдөн ушундайча жол менен жасалган этиштер кыргыз тилинде кеңири учурайт: *үшкүр (<үш+күр), өкүр (<ө+күр), ышкыр (<ыш+кыр), түкүр (<түү+күр)* ж. б.

БАЛА Бул сөз түрк тилдерине индия тилдеринен келип кирген болуу керек. Анткени байыркы түрк жазууларында *бала* сөзү «жаныбарлардын баласы» же «кул» деген мааниде гана болгон (ДТС 80). Анын ордуна *огул* деген сөз колдонулган. *Уры огул* «уул, эркек бала» дегенди, *кыз огул* «кыз, кыз бала» дегенди билдирген (ДТС, 364). Индия тилдеринин бири болгон урду тилинде *бала* сөзү 1) балакай, балача; 2) «куулук шумдуксуз» деген маани берет. Ал эми *бал* «уул, улан», деген маани билдирет, *балак* сөзү «жаш бала, эмчектеги бала» деген маани берет. Ушуларга караганда *бала* деген сөз байыркы түрк каганатынан кийинки мезгилде, болжолу, караханиддердин тушунда индия тилдеринен түрк тилдерине кабыл алынган болуу керек.

БАЛГЫН *к.* ЖЫЛГЫН.

БАЛДАК Түрк жана монгол тилдеринде *балдак* сөзү ар түрдүү мааниде айтылат. Казак тилинде *балдак* деген эки сөз бар: *балдак* I «колтукка кысып жүрүүчү таяк»; *балдак* II «шакек, жүзүк». Кыргыз тилинде *балдак* деген бир эле сөз бар, ал «1) колтукка кысып жүрүүчү таяк; 2) кылычтын же канжардын сабы; 3) бүркүт кондуруучу таякча» маанилерин туюндурат (КТТС, 83).

М. Рысянен *балдак* монголчо «рукоятка», «ручка» деген маанидеги сөздөн келип чыккан деп эсептейт

(Севортян, 1978, 58). Ушул пикирге толугу менен кошулууга болот. Монголчо *бар* этиши кыргызча «карма, тут» деген сөзгө туура келет. Ага этиштен атооч жасоочу *-дак* мүчөсү жалганып, *балдак* сөзү келип чыккан, бирок *р* тыбышы *л* тыбышына алмашуудан *балдак* болуп өзгөргөн. Мындай *-дак* мүчөсү зат атооч жасай турган мүчө экенин кыргызча *куурдак (<куур+дак)* деген сөздөн да даана байкайбыз.

Алгач *бардык* сөзү «кармагыч», «тутка» маанисинде болгон. Кийин ар кандай семантикалык өзгөрүүлөргө дуушар болуп, колго кармай турган же салына турган нерселердин атын билдирүүгө өткөн.

БАЛЕК Чикит оюндагы бир карышча узундуктагы эки башы кыйгач кесилген кичине жыгач *балек* аталат. Муну кээ бир жердегилер *бала чикит* деп атаса, айрымдар *чикиттин баласы, чабалакейдин баласы* деп атайт. *Балек* сөзү *бала+ек* деген эки бөлүктөн турат. *Бала* деген сөзгө кичирейтүү маани берүүчү *-ек* мүчөсү уланган. Натыйжада «чикиттин, чабалакейдин баласы» деген маанидеги сөз келип чыккан.

БАЛТЫРКАН Калмак тилинде *балдр* сөзү «аргын» маанисин берет. Андан жасалган *балдрлх* этиши «1) чаар ала болуу,; 2) *өтмө* эки тилди аралаштырып сүйлөө» деген маанини туюндурат (КРС, 80). Кыргыз тилиндеги *балдыра* этиши «сөздү так айтпай, башка тыбыштарды аралаштырып сүйлөө» деген маани берет. Ушуларга караганда алгач *балдыр* сөзү «чаар, ала» маанисин берген, ошол кезде *балтыркан* сөзү жасалган дешке болот. Анткени балдыркандын кабыгынын сыртында каралжын, кызгылтым түстөгү сепкил сыяктанган чаары бардыгы белгилүү. «Чаар, ала» маанисиндеги *балтыр* сөзүнө *-кан* мүчөсү уланып, *балтыркан* сөзү жаралган. Мындай мүчө өсүмдүктөрдүн атын жасоодо кеңири катышат.

БАЛЫК Э. В. Севортян *балык* сөзүн *бал+ык* морфемаларына ажыратып, «балчылда, ургула, балкый, чайка, шалпылдат» деген сөздөр менен байланыштырып караган (Севортян, 1978, 80). Биздин оюбузча, түркчө *балык* сөзү монголчо *загас* сөзү менен тектеш. Монгол тилдеринде ар түрдүү болуп айтылган сөз алгачкы *йилгасун* сөзүнөн пайда болгонун В. И. Рассадин айтат (Рассадин, 1982, 138). Монголчо *йилгасун* сөзү түркчө *йылбыш, йылбышкак* сөзүнө тектеш. Ал сөз монгол тилинде *йилгасун>загасун>загас* болуп өзгөрсө, түрк тилинде *йылык>балык* бо

луп өзгөрүп, *й* тыбышы *б* тыбышына алмашкан. Натыйжада балыктын аты денесинин жылбышкактыгына жараша келип чыкканын аныктоо монгол жана түрк тилдеринин экөөндө тең мүмкүн болбой калган.

БАҢГИ Азыркы кыргыз тилинде *баңги* же *маңги* сөзү «апийим ичкен же нашаа чеккен киши» деген маани берет. Чындыгында Индияда, Иранда *баңги* деп мас кылуучу өсүмдүктүн өзүн айтат. Мас кылуучу өсүмдүктү колдонгон (ичкен, жыттаган, тарткан) кишинин өзү Орто Азия элдеринде *баңги* аталып калган.

Баңги деген өсүмдүк кайсы экенин так айтуу кыйын. Кыргыз тилинде *меңдубана* деген өсүмдүк бар. Ал *баңги дубана* дегенден келип чыккан. Ушуга караганда *баңги* кылчу өсүмдүк ушул болгон. Аны тартуудан мас болгон. Кийин нашаа тартып, апийим ичип мас болгондо деле *баңги* тартканга окшоп калгандыгы боюнча бардыгын жалпылап *баңги* деп атоого мүмкүндүк түзүлгөн.

БАПАН *Башы — бапан, аягы — сапан* деген жорго сөздө *бапан* сөзү айтылат, бирок анын мааниси кыргыздар үчүн түшүнүксүз. Мындагы *бапан* сөзү казак тилинде «камыштын башы» деген маани берет (КазТТС, 2, 95). Чындыгында эле камыштын башы бапыйып турган менен, сабагы кадимки эле саман сыяктанып турат. Ошондуктан *башы — бапан, аягы — сапан* деген жорго сөз камышка байланыштуу келип чыккан дешке болот. Бирок ал өтмө мааниге ээ болуп, жакшы эле демилге менен башталып, аягына чыгарылбай калган ишке карата айтылат. Мындагы *сапан* сөзү *бапан* сөзүнө карата ылайыкташып өзгөрүп *м* тыбышы *п* тыбышына өтүп кеткен *саман* деген сөз деп билүү керек.

БАРМАК Азыркы кыргыз тилинде *бармак* сөзү «кол менен буттун чоң жана жоон манжасы» жана «жалпы эле беш манжа» деген маани берет. Көпчүлүк түрк тилдеринде беш манжа деген мааниде айтылат. Ушуга караганда *бармак* сөзү монголдун *барих* «карма, тут» деген этишинен келип чыгарын Г. Рамстедт сунуш кылган (Севортян, 1978, 67). Жогорку пикирди толук колдоп, *бармак* сөзү монголчо *бари* «карма» деген үңгудан жана атооч жасоочу *-мак* мүчөсүнөн турат да, «кармагыч, туткуч» маанисиндеги сөз деп эсептөөгө болот.

БАРСАЙ Байыркы түрк тилинде *барс* сөзү «чымын-чиркейдин чакканынан кийин пайда болгон шишик» маанисин берген (ДТС, 84). Биздин оюбузча, мына ушул сөзгө этиш жасоочу *-ай* мүчөсү жалгануудан *барсай* сөзү келип чыккан. Барсайып шишип же көөп кетүү чымын-чиркейдин чакканынан кийин пайда болору белгилүү. Бирок кыргыз тилинде *барсай* сөзүнүн үндүүлөрүн өзгөртүп коюу аркылуу ага маанилери жакын болгон *борсой, бөрсөй, бырсый* деген сөздөрдү да жасоого болот. Эгерде үндүүлөрдү өзгөртүп коюу аркылуу жасалган сөздөрдүн эң алгачкысы *барсай* деген түрү деп эсептесек, анда кыргыз тилиндеги тууранды этиштердин келип чыгышын түшүндүрүп бере турган «ачкычты» да тапкан болобуз.

БАРСКАН Мындай сөз казак, кара калпак, түркмен тилдеринде жок, уйгурча *базган* (УйРС, 187), өзбекче *боскон* (УРС, 83) түрүндө айтылат. Уйгур тилинде сөз ортосунда *р* тыбышы түшүп калары белгилүү, өзбек тилинде ал тыбыш түшпөө керек эле. Кыргыз тилиндеги *барскан* деген сөздү уңгу жана мүчөгө ажыратуу мүмкүн эмес. Өзбек тилиндегисин эң алгачкы формасына жакыны деп алсак, анда ал *бас+кан* деген бөлүктөрдөн туруп, *бас* этишинен чыгат. Байыркы түрк эстеликтеринде *басгук* сөзү «чоң, оор» маанисинде болгон (ДТС, 85). Ошондой маанини кыргызча *бас+кан* сөзү туюнтууга өтүшү мүмкүн. Ал үчүн кыргыз тилинде *с* тыбышынын алдына ашыкча *р* тыбышы кошулган.

БАРЧА «Бары, бардыгы» деген мааниде *барча* сөзү да кыргыз тилинде сейрек колдонулат. Мындай сөз өзбек, татар тилдеринде активдүү айтылат. Бул сөз *баары (<бар+ы), бардыгы (<бар+дык-+ы)* сөздөрү сыяктуу эле *бар* деген сөздөн жана *-ча* мүчөсүнөн турат. Алтай тилинде *ончо* деген сөз *он+чо* дегенден туруп, «бардыгы» деген маани берет. Мындагы *-ча* мүчөсү *канча* деген сурама ат атоочтун аягында келген *-ча* мүчөсү менен тектеш жана ошол *канча* деген суроого ылайык жооп катарында айтылган *мынча, анча, ушунча, ошончо* деген сөздөр сыяктанып жасалып, тактоочтук мааниге ээ болгон.

БАРЫМТА Жоготкон же алдырып койгон малын, дүнүйөсүн башка бирөөдөн тапкандыгын далилдөө үчүн анын орчундуу бир нерсесин кармап алып коюучулук салты *барымта* аталат. Барымтага малы кармалып калган киши өзүнүн күнөөсүздүгүн далилдесе, кайра кайрып алат, далилдей албаса алдырган бойдон кала бериши мүмкүн.

Бул сөз кыргыз тилине монгол тилинен кабыл алынган. Монголчо *барих* этиши «карма, тут» деген маани берет. Ага *-мта* мүчөсү жалганып, *барымта* сөзү келип чыккан. Монгол тилинде ал сез «факт, негиз, далил» деген маани берет. Кыргыз тилинде *барымта* сөзү андан бир аз өзгөчөлөнгөн мааниде кабыл алынган.

БАСМАЙЫЛ *Айыл* сөзүнүн өзү эле тажик тилинде «басмайыл» маанисинде колдонулат (ТадРС, 20). Кыргыз тилинин өзүндө да *басма* сөзү «басмайыл» маанисинде кээде айтылат. Демек, бирдей мааниде деги эки сөз биригип, кайра эле ошондой маани билдирип калган.

БАШ *Адамдын, жаныбарлардын башы* деген учурдагы *баш* сөзү Махмуд Кашгариде *бааш* түрүндө жазылган. Тофалардын тилинде ал *bahш* болуп айтылат. Кыргыз тилинде *баш тердим* дегенди *машак тердим* деп айтса болот. Мындагы *машак* сөзү алгачкы *башак* сөзүнөн келип чыгат. Мына ушул *башак* сөзү алгачкы *багаш* сөзүнөн келип чыгышы мүмкүн. Алгачкы *багаш* сөзү *баг+аш* бөлүктөрүнөн турган. *Баг* уңгусу азыркы *буу, байла* дегендеги *буу* жана *бай* уңгуларына туура келет, ага *-аш* мүчөсү уланганда кежакын маани берген. Анткени жаныбарлардын башы жип менен байлап, бошотуп жибербей кармап турчу жери экени белгилүү. Ал эми эгиндин башы болсо данын ошол жерине байлайт.

Алгачкы *багаш* сөзүндөгү *г* тыбышы тофалар тилинде фарингализацияланып, болор-болбос айтылышка айланып, байыркы *багаш* сөзү *bahш* түрүнө келген. Ал эми Махмуд Кашгаринин заманында ал тыбыш эки үндүүнүн ортосунда түшүп, *бааш* сөзү жаралган. Көпчүлүк түрк тилдеринде *бааш* сөзүндөгү *аа* үндүүсү кыскарып, *а* түрүнө келип, *баш* сөзү колдонула баштаган. Бирок алгачкы *багаш* сөзүнүн тыбыштары метатезаланып, *башаг>башак>машак* болуп айтылган түрүндө байыркы *г* тыбышы *к* тыбышына өткөн абалында сакталып кала берген.

БАШТЫК Кара малдын баш терисин сыйрып алып, ооз жагын тегеректеп кесип, алкым жагын түптөп, катырып коюшунан жасалган идиш кыргыз тилинде *баштык* аталган. Ушундай баштыктарды эл 1940-жылдардын аягына чейин урунуп келди.

Баштык сөзү *баш* деген сөзгө *-лык* мүчөсү жалгануу аркылуу жасалган. Алгач ал «баш териден жасалган идиш» деген мааниде түшүнүлгөн. Кийин андай идиш таардан, кездемеден, кийизден, башка эле териден жасала баштаса деле, эски аты аларга карата колдонула бергендиктен, азыркы кезде *баштык* сөзүнүн *баш* сөзүнөн жасалары оңой байкалбай турган болуп калган.

БЕЗБЕЛДЕК Тоодак тукумуна кирүүчү бетегелүү талаада жашай турган куш *безбелдек* аталат. Ушул эле куш казак жана кара калпак тилдеринде *безгелдек*, өзбекче *безгалдак*, ногойчо *безгелек*, азербайжанча *безкек* аталат. Булардын ичинен казак, кара калпак жана өзбек тилиндеги формалары — сөздүн эң алгачкы калыбын сактаганы. Анткени бул канаттуу талаа жеринде безип катуу чуркашы менен белгилүү. Катуу чуркаганды билдирген *без* этишине *-галдак* мүчөсү уланып, *безгелдек* сөзү келип чыккан. Мындай *-галдак* мүчөсү *кашкалдак (<каш+калдак), казгалдак (<каз+калдык)* деген канаттуулардын атын билдирген, *кызгалдак (<кыз+галдак), саргалдак (<сары+галдак), кашкалдак (<каш+калдак)* деген гүлдөрдүн атын билдирген сөздөрдө да катышат. Сөз жасоочу *-галдак* мүчөсү келип чыгышы боюнча *-лдырык, -дырык, -дык, -га* мүчөлөрү менен тектеш келет. *Кашкалдак* деген канаттууну жана гүлдү кыргызча *кашкалдырык* деп айтууга да болот. Ушуга караганда *-галдак* мүчөсү дагы кыскарып, *-галак* түрүнө келсе, мүчөсүнүн тыбыштары кыскарып калган варианты болуп чыгат. Ал эми ногойчо *безгелек* деген учурда *-галдак* мүчөсү дагы кыскарып, *-галак* түрүнө келсе, азербайжанча *безкек* деген учурда *-кек* болуп калган. Кыргыз тилинде болсо алгачкы *-галдак* мүчөсүнүн башындагы *г* тыбышы *б* тыбышына өтүп, башка тыбыштары кыскарган эмес: *безгелдек>безбелдек.*

Жалпы мааниси боюнча *безбелдек* сөзү «безгич (безип чуркагыч)» дегенге жакын маани берет.

БЕЗГЕК Азыркы түрк тилдеринин көпчүлүгүндө *безгек* сөзү айтылат, бирок анын жалпы мааниси түшүнүктүү болгон менен, кандай морфемалык составдан куралганы белгисиз. Байыркы түрк тилинде *без* деген өзүнчө этиш болгон, ал «калтыра, титире» маанисин берген (ДТС, 97). *Безгек* менен ооруган киши абдан үшүп, калтырап-титирей берет. Ошондуктан мындай ооруну байыркы түрктөр *безгек* атаган. Бул

сөз *без+гек* деген морфемалардан куралган, *без* уңгусуна *-гак* мүчөсү уланган, *-гак* мүчөсү адатка айланган кыймыл-аракетти билдирүү үчүн *кускак (<кус+как), туткак (<тут+как)* сыяктуу сөздөрдө да колдонулат.

БЕЙБАШ Иран тилиндеги *бей* приставкасы орусча *без* приставкасына, кыргызча *-сыз* мүчөсүнө туура келет. *Бейбаш* сөзмө-сөз которгондо «башсыз» деген маани берет. Иранча *бей* приставкасы кабыл алынган айрым сөздөр менен кошо кыргыз тилине кирсе (мисалы: *бейкам, бейкүнөө, беймаза* ж. б.), *бейбаш, бейтааныш* деген сөздөрдө болсо кыргыз тилинин өзүнүн *баш, тааныш* деген сөздөрүнүн алдына келип улана турган абалга жеткен.

БЕК Байыркы түркчө *бег* «башчы, бийлөөчү» сөзү азыркы кыргыз тилинде *бек* түрүндө айтылат. Бул сөз байыркы түркчө *йег* «жакшы» (ДТС, 242) деген сөздөн келип чыгышы мүмкүн. Мындай болжолго келүүнүн эки негизи бар. Биринчиден, кыргыз тилинде *жакшы* сөзү «атактуу, даңкы чыккан, эл бийлеген адам» (КТТС, 175) маанисинде да айтылат. Ушундай маани байыркы түркчө *йег* «жакшы» деген сөздө да болуп өтүшү мүмкүн. Экинчиден, сөз башындагы *й* тыбышы *б* тыбышына алмашкан. Натыйжада байыркы түркчө *йег* сөзү *бег* түрүнө келген.

БЕКЕН Кыргыз тилинде суроолуу сүйлөмдөрдө сөздүн же сүйлөмдүн аягы суроо мүчөсү *-бы* менен бүтөт. Ал мүчө башка мүчөлөрдөн мурда келиши мүмкүн эмес. Ошондой эле укукка баяндоо мүнөзүн берген *экен, эле, де* деген сөздөр да ээ. Ошондуктан сөздүн аягына келчү *-бы* мүчөсү менен жогорку сөздөр орун талашып калат. Аны кыргыз тили оңой чечкен. Алардын экөөнө тең жол берип, *Келген экенби?* же *Келгенби экен?* деп айта берүүгө мүмкүн болот. Бирок *Келгенби экен?* деген түрү активдүү колдонула баштап, *-бы* мүчөсү өзүнөн кийинки сөздүн башына улаңып, *бекен (<бы экен), беле (<бы эле), бейм (<бы дейм)* деген сөздөр жаралган.

БЕЛИМЧИ Байыркы түрк эстеликтеринде *белиң* сөзү «коркунуч, дүрбөлөң» маанисин берген. Андан *белиңчи* сөзү жасалып, «дүрбөлөңчү» маансинде болгон (ДТС, 84). Кыргыз тилинин түштүк говорлорунда *белиң алган ат* делип үркөк, жалт берме ат аталат. Бул говорлордо байыркы *белиң* сөзүнүн тыбыштык түзүлүшү сакталуу менен бирге, маанисиндеги жакындык да белгилүү деңгээлде сакталган: *дүрбөлөңчү> үркөк, коркок*. Ал эми кыргыз тилинин түндүк говорлорунда *белимчи* сөзү бирөөнүн сөзүн, кыймылын туурап жасай берме болуп калган кемпирлерге карата гана колдонулат, анын *белимдет* деген этиши да айтылат. Бул говорлордо *ң* тыбышы *м* тыбышына өтүү менен бирге, маанисинде да бир топ өзгөрүү болгон. Алгачкы «коркок», үркөк, дүрбөлөңчү» дегенден «тууроочу» дегенге жакындашып кеткен.

БЕЛ КҮРӨК Тажик тилинде *бел* сөзүнүн өзү эле кыргызча «күрөк» дегенди билдирет (ТадРС, 59). Кыргыз тилинде *бел күрөк* сөзү «темир күрөк» дегенди туюнтат да, жыгач күрөктөн айырмалайт. Тажикче *бел* сөзү кыргызча *күрөк* сөзүн сүрүп чыгара албай, анын аныктоочу болуп, күрөктүн түрүн билдирүү үчүн пайдаланылып кеткен.

БЕРЕСЕ *Бер* деген этишке *-аса* мүчөсү уланып, аточ сөз жасалган. Мындай мүчөнүн жардамы менен жасалган сөздөр кыргыз тилинде абдан сейрек, *аласа, тубаса* деген сөздөрдө гана жолугат.

БЕРЕШЕН «Колу ачык, март» маанисиндеги *берешен* сөзү *бер* этишинен келип чыкканы оңой баамдалат, бирок анын *-ешен* мүчөсү этиштен сын атоочу мүчө катары башка сөздөрдө кезикпейт. Бул мүчө *оорукчан, ысыкчан, суукчан* деген сыяктуу учурда айтылган «өнөкөтү бар» деген маани билдирген *-чан* мүчөсүнүн өзгөрүп кеткен түрү болушу мүмкүн.

БЕРКИ *Бу(л)* деген шилтеме ат атоочто келген *бу* уңгусу *мен* дегендеги *ме, биз* дегендеги *би* деген уңгулар менен биригип, бир эле уңгунун ар түрдүү варианттарын түзөт. Мындагы *бе* деген уңгуга *-ры* деген багытты билдирген мүчө жалганган. Ага *-ки* мүчөсү уланганда *и* тыбышы түшүп, *берики* болбостон, *берки* деген түргө келген.

БЕТЕГЕ Амир Темирдин небереси Захар ад-дин Мухаммед Бабур Орто Азияны Мухаммед Шайбаниге тартырып жиберип, кыштын күнү Афганистанга ашып бара жатканда, бетегени көрүп, ал жөнүндө минтип жазат: «Анжиянда бул чөптү *бутхак* деп атайт, эмне үчүн андай аталганынын себеби белгисиз болчу, бирок бул жерде билдим: бул чөп чогуусу менен өскөндүгү үчүн *буте-как* деп атаган окшойт». Анткени иран тилинде *буте* деген сөз «бадал, чогуу өскөн өзүнчө топ» деген маани берет. Ал *караган-бута* деген учурда кыргыз тилинде да айтылат. Ал эми

ках сөзү «майда саман, топон» дегенди билдирет. Бабурдун байкоосу туура болсо, анда бетеге бир тамырдан бир нече сабак өсүп чыгып, өзүнчө бир чогуу турган топ болуп көрүнгөндүгү үчүн ушундай наамга ээ болгон.

Жогоркудай пикирге кошулууга болот. Анткени түрк тилдеринде бетегенин аттары ар түрдүү. Алсак *кылкан* (кырг., чув. *кылган*) башк., тат., ног., *боз* (каз., өзб.), *чейран оту* (аз.), *агот* (аз.), *ак селеу* (каз.). *азаогу* (тув.), *каңгы* (тув.), *селин* (түркм.), *чалов* (өзб.), *хал сарыг* (хак). *Бетеге* сөзү кыргыз, ногой, башкыр, кумык, казак тилдеринде гана айтылат. Ушуга карагандa Бабурдун пикири туура өңдөнөт.

БИЗ Көптүк сандагы I жакты билдирген *биз* деген ат атооч сөз *би* уңгусунан жана көптүктү билдирчү *-з* мүчөсүнөн турат. Мунун *-би* уңгусу азыркы *мен* жактама ат атоочунун уңгусу болгон *ме* дегенге, *бу, бул* шилтеме атоочундагы *бу* дегенге, *бери* сөзүндөгү *бе* бөлүгүнө туура келет. Байыркы *бе* же *би* уңгусунун өзү эле азыркы *мен* дегенге барабар маани берген. Ага көптүктү билдирген *-з* мүчөсү жалгануудан *биз* сөзү келип чыккан. Ал сөзмө-сөз «мендер» дегенге жакын маани берген.

БИЙ Социалисттик Улуу Октябрь революциясына чейинки кыргыз жана казак элдеринде *бий* соттун милдетин аткарган. Белгилүү бир болуштукта шайланган бийлер ошол аймактагы чыр-чатактарды чечкен. Бул сөз байыртан бери түрк тилинде сүйлөгөн элдер колдонуп келген *бек* «князь» деген сөздөн келип чыккан. Азыркы азербайжан тилинде сөздүн аягындагы *к* тыбышы *й* тыбышына өтүп кеткен. Мисалы: *көк*> *көй*. Дал ушул сыяктуу жол менен байыркы түркчө *бек* сөзү азербайжан жана турция тилдеринде *бей* түрүнө келген (ТурРС, 112). Анан ошол формасы башка түрк тилдерине да тарап, *э*>*и* кубулушу да ишке ашып, *бей* дегенден *бий* түрүнө келген.

БИЙИК Байыркы түрк тилинде *бедү* этиши болгон, ал «бийикте, жогорула» деген маани берген (ДТС, 91). Ошол этишке *-к* мүчөсү жалганып, *бедик* деген сөз жаралган. Сөздүн ортосундагы *д* тыбышы *й* тыбышына өтүшүнөн *бийик* түрүнө келген. Азыркы түрк тилдеринин көпүчүлүгүндө *бийи* деген уңгу этиш сакталып калган эмес, бирок андан жасалган *бийик* же *бүйүк* түрүндөгү сөз гана белгилүү болуп калган. Ошондой болсо да азыркы турция тилинде *бүйү* этиши «чоңой,

көбөй» деген мааниде алигиче сакталып калган (ТурРС, 139). Ал эми тува тилинде *беди* этиши «жогорула, бийикте» маанисинде азыркы күндө да айтылат (ТувРС, 88). Бул тилде байыркы түрү да, мааниси да сакталган. Караим тилинин таракия говорунда *бийи* этиши «жогорула, бийикте» маанисинде алигиче колдонулат. Ушуларга караганда кыргыз тилиндеги *бийик* сөзү алгачкы *бийи* деген этиштен жана андан атооч жасоочу *-к* мүчөсүнүн тизмегинен турат.

БИЛЕРИК Түркмөн, турция, гагауз, караим, карачай-балкар, ногой, кара калпак тилдеринде *билезик, билзек,* өзбекче *билагузук,* түркмөн, турция, өзбек тилдеринин диалектилеринде *билерзик* түрүндө айтылган сөз кыргыз тилинде *билерик* болуп айтылат. Бул сөз «колдун билегине салынчу кооздук» дегенди туюнтат. Түрк тилдеринин ичинен өзбек тилиндеги *билагузук* деген түрү эң алгачкы формасына жакыны болуп эсептелет, анткени бул сөз алгачкы *билек+йүзүк* деген эки сөздүн биригишинен куралган. Өзбек тилинде толук түрүнө жакын абалы сакталып калган: *билаг+узук*. Байыркы түрк тилинде *йүзүк* сөзү «шакек» маанисин берген (ДТС, 288), *билек+йүзүк* сөзү «билекке тагынчу шакек» дегенге барабар маани берген.

Алгачкы *билек* жана *йүзүк* деген сөздөрдүн биригишинен *билегйүзүк* сөзү жаралган. Бириккен сөздө *билек* бөлүгүнүн аягындагы *к (г)* тыбышы *й* тыбышына өтүп, казак тилдеринин диалектилеринде жолуга турган *билейзүк* түрү жаралган. Мындагы *й* тыбышы мурдагы *р* тыбышынын алмашканы экен деп туура эмес «оңдоп айтуудан» түркмөн, турция, өзбек тилдеринин диалектилериндеги *билерзик* түрү келип чыккан. Ал эми *р* тыбышы сакталып кала берип, андан кийинки *з* тыбышы түшүп калышынан кыргызча *билерик* түрү пайда болгон. *Билезик* деп айткан тилдерде, тескерисинче, *р* тыбышы түшүп, *з* тыбышы сакталган.

БИРГЕ *Бирге баруу, бирге жүрүү* сыяктуу учурда айтылган *бирге* сөзүн *бир+ге* деп ажыратуу туура эмес. Бул сөз *бир* деген сөзгө этиш жасоочу *-ык* мүчөсү жалгануудан пайда болгон *бирик* этишине чакчыл *-а* мүчөсү кошулуудан келип чыккан. Ал закон ченемдүүлүк боюнча *бириге* болуп айтылышы керек эле, бирок сөздүн ортосундагы *и* тыбышы кыскарып калышынан *бирге* түрүнө келген.

Демейде *бириге калуу, бириге түшүү* деп айтканда *бир+ик+е* бөлүктөрүнөн келип чыккан *бириге* сөзүн-

дө *и* тыбышы түшпөйт. Мындагы *бириге* сөзү этиштин чакчыл мүчөсү катышкан тизмеги экени даана көрүнөт. Ал эми *бирге* дегени тактоочтук маани берет. Маанилериндеги айырмаларды көрсөтүү үчүн экөө эки башкача болуп айырмаланып айтылууга багыт алган.

БИРДЕМЕ Кыргыз тилинде *неме* деген сөз бар. Ал *ар неме, бир неме, боз неме* деген сыяктуу учурда *неме* түрүндө кала берет. Бирок жогорку эле *ар, бир* деген *р* тыбышы менен аяктаган сөздөрдөн кийин башкы үнсүз тыбышын *д* тыбышына өзгөртүп, *ардеме, бирдеме* да болуп колдонулат. *Эч* деген таңгыч жандоочтон кийин анын башкы тыбышы *теме* болуп өзгөрөт: *эчтеме*. Аны менен чектелип тим болбостон, *деме* түрү *демке* болуп, ортосуна *к* тыбышы кошулуп да айтылат. Сөздүн ортосундагы *м* тыбышы *ң* тыбышына өтүп, *деңке* болуп да кетет. Кийин ал түшүп, *деке* дегени пайда болот: *неме>деме>демке>деңке>деке*. Дал ушундай жол менен *теме* вариантынан да *темке>теңке>теке* деген түрлөрү келип чыгат. Мисалы: бирдеме, бирдемке, бирдеңке, бирдеке, эчтеме, эчтемке, эчтеңке, эчтеке.

БИРОК В. В. Радлов *бирок* сөзү, *бир+ак* деген бөлүктөрдөн турат деп түшүндүргөн (Радлов 4 т., III, 1904, 6). Ошондон бери түркологдор *бирок* сөзүн *бир* деген сан атооч сөз менен байланыштуу карап келүүдө. Э. В. Севортяндын этимологиялык сөздүгүндө да жогорку көз караш улантылган (Севортян, 1978, 151). Биздин оюбузча, түрк тилдериндеги *бирок* сөзү фарс тилиндеги *бер-акс* деген сөздөн келип чыгат (ПРС, 65). Ал тилде *бер* деген предлог *акс* сөзү менен биригип кеткен. *Акс* сөзү «тескери» деген маани берет, андан кыргызча *акистен* «тескерилен, терс кыялы кармоо» этиши жасалган. Ал эми *бер* деген предлог бир нерсенин үстүндөгү нерсени көрсөтүү үчүн пайдаланылат. Ошол предлог менен *акс* сөзү бириккенде байламталык милдет аткарган сөз келип чыккан. Иранча ошол байламта түрк тилдерине кабыл алганда, мааниси эч өзгөргөн эмес, анын формасы бир аз өзгөргөн, сөздүн аягындагы *с* тыбышы түшүп калган.

БОГОК Кыргыз тилиндеги *богок* сөзү К. К. Юдахиндин сөздүгү боюнча «1) зоб *(болезнь);* 2) второй подбородок; 3) посевы зерновых в начале колошения; 4) (*точнее* апийимдин богогу) чашечка цветка опийного мака; 5) *южн.* название болезни овец» болуп которулган (Юдахин, 137). *Богок* сөзү *бог+ак* бөлүктөрүнөн турат. Анын *бог* уңгусу байыркы түрк эстеликтеринде азыркы *буу* этишинин маанисинде болгон (ДТС, 109). Этиштен зат атооч жасоочу *-ак* мүчөсү жалгануудан *богок* «бууп калма» маанисиндеги оорунун атын туюнткан сөз жаралган.

БОГОО Байыркы түрк тилинде *бокагу* сөзү «күнөөлүү кишилерге кийгизилген кишен, чынжыр, зоолу» дегенди билдирген (ДТС, 112). Ошол сөз азыркы кыргыз тилинде *богоо* түрүнө келген. Бул *бокогу* сөзү *бок+огу* деген бөлүктөрдөн турат. Байыркы түрк тилинде *бог* этиши «буу, байла» маанисин берген, ага этиштен атооч жасоочу *-агу* мүчөсү жалганып, *бокагу* сөзү келип чыккан. Ал сөз «байлап койуучу» дегенге жакын маани берген.

БОГУЗ Азыркы кыргыз тилинде *богуз* сөзү «тегирмендин таштарынын ортосундагы тешиги» деген маани берет (Юдахин, 137). Байыркы түрк жазууларында жана азыркы көпчүлүк түрк тилдеринде *богуз* сөзү «тамак, алкым, мууздоо» деген маани берет. Байыркы кыргыз тилинде да *богуз* сөзү ушундай мааниде колдонулган. Адамдын тамагына окшоштурулуп тегирмендин ташындагы тешиктер да *богуз* аталган кезде кыргыз тилинде *богуз* сөзү «тамак, алкым» маанисинде айтылган. Кийин *богуз* сөзү ал мааниде адамга, жаныбарларга карата айтылуусу чектелип, тегирмендин ташына карата айтылганда сакталып калган.

БОГУЗДА Тегирмендин үстүңкү ташы саал көтөрүлүп калып, дан майдаланбаган бойдон түшсө же алдыңкы ташынын тешигиндеги шынаалар түшүп калып, дан сууга чубуруп калса, *тегирмен богуздап кетти* дейт. Мындагы *богузда* этиши *богуз* уңгусунан жана этиш жасоочу *-ла* мүчөсүнөн куралган. *Богуз* сөзү — «тегирмендин ташынын көзөнөгү» деген сөз, ага *-ла* мүчөсү уланганда келип чыккан *богузда* этиши «көзөнөгү аркылуу агызып калуу» дегенди билдирип калган.

БОЖОМОЛ Бул сөз *жоромол, болжол* деген сөздөргө маанилеш, бирок анын морфологиялык составын аныктоо кыйын. Биздин оюбузча, *божомол* сөзү *болжол* деген сөздүн *л* тыбышы *ж* тыбышынын алдынан жылып, сөздүн аягына барып жайгашып калышынан келип чыккан: болжо+мо>божомол. *Болжомо* сөзү *болжо* этишинен жана андан зат атооч жасоочу *-ма* мүчөсүнөн турат. *Болжо* этишинен *-л* мүчөсү ула-

нуудан *болжол* деген зат атооч сөз да жасалып, маанисси боюнча *болжомо* дегенге туура келет.

БОЗУНАЧ К. К. Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгүндө» *бозмош, бозноч, бозунач, бозынач* сөздөрү «бессмертник» болуп которулган (Юдахин, 138—139). Мунун алгачкы экөө түштүк диалектисине таандык экени да айтылган. Биздин оюбузча, мына ошол *бозмош* варианты эң алгачкы абалына жакыны, анткени алгач ал *боз+баш* деген эки сөз биргип, *бозбош* түрү келип чыгышы мүмкүн, анткени өсүмдүк боз баштуу болот. Биринчи муундагы *о* тыбышына карап экинчи муундагы *а* тыбышы да *о* тыбышына өткөн. Кийин *б* тыбышы *м* тыбышына өтүп, *бозмош* түрү келип чыкса, өз кезегинде андан *бознач>бозунач>бозынач* түрлөрү жаралган.

БОКОНО К. К. Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгүндө» *боконо* сөзү «ложные ребра» болуп которулган (Юдахин, 140). Ал эми «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» «кыска кабырга» болуп түшүндүрүлгөн (КТТС, 105). Орусча «ложные ребра» кыргызча *сүбөө* дегенге туура келет, ошондуктан боконунун «кыска кабырга» болуп түшүндүрүлгөнү туура. Монгол тилинде *богино* сөзү «кыска» дегенди билдирет, *богино хабырга* дегени кыргызча *боконо кабырга* же жөн эле *боконо* дегенге туура келет. Чындыгында кыргыз тилинде моюн омурткалары менен тушташкан эң биринчи жана кыска кабырга боконо аталат. *Боконо* сөзү көпчүлүк түрк тилдеринде жок, ошондуктан бул сөз кыргыз тилине монгол тилинен кабыл алынган деп эсептөөгө болот.

БОКОЧО Түрү суук, коркунучтуу нерсе кыргыз тилинде *бокочо* же *мокочо* аталат. Бул монголчо *могой* «жылан» деген сөздөн келип чыгышы мүмкүн. Монголчо *могой* сөзүнө кичирейтүүчү *-ча* мүчөсү кошулганда, үнгунун аягындагы *й* тыбышы түшүп калып *могочо>мокочо>бокочо* түрүнө келген.

БОКЧО Азербайжан тилиндеги *богча* сөзү «1) узел, узелок; 2) вязанка» турция тилинде *бохча* «квадратный платок или кусок материи»; уйгур тилинде *бохча* «сумка из материи (*употребляется для хранения белья, для книг и как портфель для школьников*)» болуп которулса, кыргыз тилиндеги *бокчо* 1) чемодан, мешок; узел с ценными вещами *(который обычно хранят старухи);* 2) мягкая подстилка под детскую колыбель *(когда везут ребенка, поставив колыбель перед собой на луку седла)»* болуп которулган (Юдахин, 141). Ушул эле сөз монгол тилинде *богц* түрүндө айтылып, «1) дорожная, переметная сумка; 2) седельная кобура» дегенди туюнтат (МРС, 72). Калмак тилинде болсо *богц (богць)* сөзү «подподушник *(куда кладут всякие мелочи)»* дегенди туюндурат. Бурят тилинде *богчо* сөзү «1) седельная кобура 2) дорожная сума» дегенди билдирет.

Түрк жана монгол тилдериндеги *бокчо* сөзү *бок+чо* деген бөлүктөрдөн турат. Мунун *бок* уңгусу байыркы түрк тилинде *бог* түрүндө айтылып, «дорожная сума, упакованные для перевозки вещи, узел *(с вещами)»* болуп которулат (ДТС, 109). Ага кичирейтүүчү *ча* мүчөсү жалгануудан *бокчо* сөзү келип чыккан.

БОЛУШ К. К. Юдахин *болуш* этишин *бол* «быть, становиться, делаться» этишинин кош мамилеси деп эсептеген (Юдахин, 144). Биздин оюбузча, *болуш* «помогать» этиши *бол* «быть...» этишине эч байланышпайт. Бул этиш байыркы түрк эстеликтеринде *йулу* «помогать» (ДТС, 278) этишине кош мамиленин *-ш* мүчөсү жалгануудан келип чыгат. Сөз башындагы *й* тыбышы *б* тыбышына өтүп, алгачкы *йулуш//йолуш* этиши кыргыз тилине *болуш* болуп өзгөрүп, *бол* «быть» этишине окшош болуп калган.

БОО Байыркы түрк эстеликтеринде *ба* этишинин өзү эле азыркы кыргызча *байла* деген сөздүн маанисин берген (ДТС, 76). Ошол *ба* деген этишке *-г//к* мүчөсү жалгануудан *баг//бак* сөзү келип чыккан. *Баг//бак* сөзү «байлап коюучу же байланып коюлган» дегенди билдирген. Ушул *бак* сөзү кыргыз тилинин өзүндө *чачпак* деген сөздүн составында *пак* түрүндө сакталып калган, ал эми *байла* деген этиштин составында *бай* (*+ла*) түрүнө келген, алгачкы *г (к)* тыбышы *й* тыбышына өтүп кеткен. Демейде байыркы *баг (бак)* сөзү кыргыз тилинде *боо* түрүнө келген, сөздүн аяккы *г (к)* тыбышы эринчил дифтонгуга өтүп, ошол эринчил тыбыштын таасири астында алдындагы *а* тыбышы да эринчил *о* тыбышына өзгөргөн. Кийинки баскычында *бов* түрүнөн созулма үндүү жаралып, *боо* калыбына келген.

БООР «Байыркы түрк сөздүгүндө» *багыр* сөзүнүн төмөнкүдөй маанилери көрсөтүлгөн: «1) печень; 2) живот, брюхо; 3) *перен.* сердце; 4) родственник кровный» (ДРС, 78). Э. В. Севортяндын сөздүгүндө *багыр* сөзүнүн маанилери мындайча берилген. «1) печень,

печенка; 2) сердце; 3) грудь; 4) живот; 5) передняя часть предмета; 6) бок, склон горы; 7) родственник, кровный родственник» (Севортян, 1978, 18). Ошону менен бирге автор *багыр*. 4) «живот» деген маанисин борбордук мааниси деп эсептеп, калган маанилердин баары андан өнүккөн деген тыянакка келген. Андан тышкары сары уйгурлардын тилиндеги *пегин* «ичеги» деген сөз *баг>бег* болуп өзгөрүшү аркылуу *багыр* жана *пеген* сөздөрү *баг+ар, баг+ын* деген морфемалардан куралып, *баг* этишине *-ар* жана *-ын* мүчөсү жалгануудан келип чыккан сөз деп болжолдойт. Эгер багыр жана *пеген* сөздөрүнүн тектештиги чындык болсо, анда монголчо *мах(ан)* «эт» кыргызча *быкын//мыкын* «сүбөөнүн ылдый жагындагы бүлкүлдөк эт» деген сөздөр да *багын>быкын* болуп өзгөрүшү менен жакындашат. Ошондо *боор, эт, ичеги, жүрөк* деген сөздөрдүн маанисин берген *багыр, быкын* деген сөздөр бир уңгудан чыккан болор эле.

Г. Рамстедттин түркчө *багыр* «боор» сөзүн монголчо *багир* «жумшак» сөзүнөн келип чыккан деген пикиринде чындыктын үлүшү бар. Эт, боор, жүрөк, ичеги-карындардын баары жумшак, аларда сөөк, тараамыш, кемирчектери жок болору белгилүү. Ошондуктан малдын эти, ичеги-карды, өпкө-жүрөгү, боору жумшактыгы боюнча бир уңгудан чыккан сөз менен аталышы мүмкүн.

Түркчө *багыр* сөзүнүн келип чыгышын мындай түшүндүрүүгө болот. Монгол тилинде *багир* сөзү «кочкул кара түс» дегенди билдирет (МРС, 54). Ушуга караганда түрк тилдериндеги *багыр* «боор» сөзү монголчо *багир* деген сөз аркылуу түшүндүрүлүшү боордун кара кочкул түсүнө төп келет. Боордун өңү анын аталышына негиз болгон. Ошондуктан боордун тушундагы, жанындагы жерлер да ал сөз менен атала беришинен «2) жүрөк, 3)көкүрөк, боор жак; 4) ич; 5) алды жак; 6) каптал деген маанилери келип чыккан. Түркчө *багыр* «боор» сөзүнөн орусча *багровый, багряный* деген сын атооч сөздөр жаралышы да бул сөздүн түпкү мааниси өңдү-түстү билдирген сөз болгондугуна кошумча далил боло алат.

Кыскасы, монголчо *багир* сөзү түрк тилдерине *багыр* түрүндө кабыл алынган. Көпчүлүк түрк тилдеринде байыркы түрүн сактап калса, кыргыз тилинде *боор* болуп өзгөргөн.

БООРСОК Азыркы турция, азербайжан тилдеринде жана байыркы түрк тилинде *багарсук* же *багырсук* сөзү «ичеги-карын» дегенди билдирсе, кыпчак тобундагы жана сибирдик түрк тилдеринде «майга бышырылган тоголок же чарчы формадагы нан» дегенди билдирет. Бул сөз *багыр+сак* формаларынан турат. Анын *багыр* уңгусу байыркы түркчө *йакры* «ич май» (ДТС, 238) деген сөздөн алынып, ага *-сак (-сук)* мүчөсү жалганган. Байыркы түрктөр малдын ич майына бышырылган ич эттерди (ичеги-карын, боор, бөйрөк) *йагырсук* аташы мүмкүн. Кийин анын ордуна майда камырды бышыра турган болгондо, эски аты жаңы нерсеге карата колдонула берген.

Сөздүн башындагы *й* тыбышы *б* тыбышына өтүүдөн байыркы *йакрусук* сөзүнөн *багырсук* сөзү келип чыккан. Кыргыз тилинде болсо созулма үндүү жаралган, *багырсук* сөзү *боорсок* түрүнө келген. Ушундай тыбыштык өзгөрүүлөр *боорсок* сөзү *боор+сок* бөлүктөрүнөн турат деген пикирдин пайда болушуна негиз болгон (ДТС, 663). Чындыгында *боорсок* «ич май» деген сөздөн келип чыккан, анын *боор (<багыр)* сөзү менен эч байланышы жок.

БООРТОКТО «Боор жагы жерге тийген абалда жатуу» деген маанидеги сөз *боор+ток+то* формаларынан турат. Мунун составында *боор* уңгусу жана этиш жасоочу *-ла (-то)* мүчөсү бар экени даана билинет, бирок *-ток* морфемасынын мааниси белгисиз, мындай мүчө башка сөздөрдө жолукпайт. Аны *оңкочокто* же *тоңкочукта* сөздөрүндөгү *-чок//чук* мүчөсү менен окшоштурууга болот. Кыргыз тилиндеги *оңкочокто* сөзүнүн маанисин *оңколо* деген түрү да бере алат.

БОРБОР К. К. Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгүндө» *борбор* сөзүнөн кийин башка тилден кабыл алынгандыгы көрсөтүлбөй, кыргыздын төл сөзү катары эсептелген. Биздин оюбузча, кыргыз тилиндеги *борбор* сөзү тажик тилиндеги *пурбор* «1 эгин толтурулган» деген сөзүнөн кабыл алынган (ТадРС, 313). Анткени ордо ойнунда борбого чүкөлөр жыйылып салынат, ал жерде хан да жатат. Ошондуктан баары жыйылган жер *борбор* аталган. Кыргыз тилинде *борбор* сөзү «бир нерсенин абдан көп жыйылган жери» деген маанини да туюнтат. Мисалы: *отундун борбору, чөптүн борбору*. Ушундай мааниси алгач пайда болуп, андан ордонун борборуна карата айтылган. Өз кезегинде ошол ордонун борборунан «административдик-тер-

риториялык бөлүштүрүүлөрдүн борбору» деген маанисин кийин өнүккөн.

БОРБУЙ Кыргыз тилиндеги *борбуй* сөзү К. К. Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгүндө» *«пах»* делип которулуп, «бото борбуй, буура сан» деген мисал келтирилген. Ал эми «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» «жука чурай, чап» болуп түшүндүрүлгөн. Түшүндүрмө сөздүктөгү мисалдарга караганда жана котормо сөздүктөгү мисалдан *борбуй* сөзүнүн өзү жука чурайбы же шыйракпы, толорсукпу, кайсынысы экени анык болбой кала берген. Мисалы: *Маралчы узатпай жетип, борбуйдан алып ыргытты эле, карышкыр башы менен жер сүздү* (Бектенов). *Бир ит келип карышкыр менен кармашты, Борбуйдан алып, коё бербей жармашты* (Борбугулов).

Башка түрк тилдеринде *борбуй* сөзү «сан, шыйрак» маанисин берет. Ал эми монгол тилинде жана ага жакын жердеги түрк тилдеринде *борбуй* сөзү жогоркулардан тышкары «кара малдын туюк сыйрылган сан терисинен жасалган идиш» маанисин да берет. Ушунусуна караганда *борбуй* сөзү алгач «сан» деген маани берген. Ошондуктан *борбуй* сөзүнүн өзү да кыргыз тилине монгол тили аркылуу келип кирген (Севортян, 1978, 184) деген пикирди кубаттоого болот.

БОРДО Кыргыз тилинде *борго байла* болуп да айтылат. Ушуга караганда *бордо* этиши *бор+до* бөлүктөрүнөн турат. Бирок *бор* сөзүнүн өзү азыр өзүнчө колдонулбайт, ошондуктан анын мааниси белгисиз. Мына ушул *бор* сөзүнүн маанисин мындайча табууга болот.

Байыркы түркчө *богуз* сөзү түркмөн тилинде *бокурдак,* ногойчо *богырдак* болуп айтылат да, кыргызча «тамак, мууздоо» маанисин берет. Мына ушул *бокур// богыр* уңгусу *богуз* сөзүнө *р* жана *з* тыбыштарынын алмашуусу аркылуу туура келет. Ошондуктан *-дак* мүчөсү жок айтылган *бокур//богыр* сөзүнүн өзү эле *богуз* сөзүнө туура келүү менен, «тамак, алкым» маанисин бере алган. Адамдын алкымын билдирген тамак сөзүнөн иче турган тамак сөзү келип чыккан сыяктуу эле *богур* «алкым» сөзүнөн *богур* «тамак, жем» маанисиндеги сөз келип чыккан. Анын *гу (же ку)* тыбышы түшүп калуудан *бор* түрү жаралган. *Бор* сөзү «тамак, жем» деген маани берген. Ошондуктан азыркы *борго байла* жана *бордо* деген сөздөр жаралган.

БОРУК Кыргыз тилиндеги малдын жашын билдирген сөздөр чыгыш теги боюнча ар түрдүү. Айрымдары түркчө (кыргызча) сөздөр болсо, кээ бирлери монгол, иран тилдериндеги сөздөр менен айтылат. Ушундай ар башка тилдерден кабыл алынган сөздөрдүн орун алышынан кээде чаташуулар да келип чыккан. *Борук* сөзүнүн маанисин так ажыратпай, аны *шишек* сөзү менен бутташтыруучулук орун алат. К. К. Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгүндө» жана «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» бул сөз «эки жаштагы эркек кой» делип түшүндүрүлгөн. Жогорку сөздүктөрдөгү *шишек* сөзүнүн мааниси да *борук* менен бирдей болуп калган. Чындыгында *борук* деп «биттелген козу» аталат. Кээ бир жерде *эки тиштүү, төрт тиштүү, төгөрөк* болуп айтылган сөз башка бир жерде *кунан кой, дөнөн кой, чар кой* же *чарк кой* делет. Мындагы *чарк* сөзү иранча *төгөрөк* деген маанидеги сөз, *кунан* дегени монголчо *шишек (<тишек)* деген маанидеги сөз. Субай кой чарк болгондон кийин кайра ылдыйлай баштайт. Койдун ушундай жаш өзгөчөлүктөрүн так ажыратмайын, пикир алышууда чаташуулар келип чыгат.

А. М. Щербак ногой тилиндеги *бурак* сөзүн «бур, битте, быч» этишинен келип чыккан деп эсептейт (Щербак, 1961, 111). Ушул пикирге толук кошулуп, кыргыз тилиндеги *борук* сөзүн да *бор+ук* бөлүктөрүнө ажыратууга болот. Алгач *бор* «битте, быч» этиши байыркы түрк тилинде болгон, андан жасалган *борук* сөзү «бычылган, бычмал» деген маани берген. Кийин көпчүлүк түрк тилдеринде *бор* этиши өзүнчө сөз катары колдонуудан чыгып калган, бирок андан жасалган *борук* сөзү жашап кала берген.

БОСОГО Азыркы кыргыз тилинде *босого* сөзү «эшиктин кесекиси» деген жалпы маани да берет. Ошол эле учурда анын бөлүктөрүн да билдире алат. Алсак, *босого менен бойлошпо* деген учурда *босого* болуп «эшиктин кесекисинин тикесинен турган эки жыгачы» гана түшүндүрүлсө, *босогону аттаганы* деген учурда жерге тийип турган бөлүгү» гана туюнтулат. Аны *жер босого* же *тамандырык* деп да атайт, жогору жактагысын *баш босого* же *маңдайча* дейт. Кыргыз тилинде *босого* сөзүнүн экинчи мааниси да бар. Бул мааниси «босогонун айланасы, ошого жакын жер» дегенге туура келип, *улага, иреге* сөздөрүнө синонимдеш келет. Э. В. Севортяндын этимологиялык сөздүгүндө түрк тилдериндеги сегиз түрдүү мааниси көрсөтүлгөн (Севортян, 1978, 197).

Бул сөздүн келип чыгышына байланыштуу Э. В. Севортяндын сөздүгүндө монголчо *бос* «тур» жана түркчө *бас* деген сөздөрдүн контаминацияланышы (биригиши) себеп болгон деген ой айтылат. М. Рясянен, В. Г. Егоровдор эсептегендей, *босого* сөзү монголчо *босох* «тур» этишинен келип чыгат. *Тулга* сөзү монголчо *тулах* «жөлө, сүйө, кармап туруу» этишинен чыккан сыяктуу эле *босо+го* бөлүктөрүнөн куралган сөз түрк тилдерине «эшиктин кесекисинин тикесинен турган эки жыгачы» деген мааниде кирип, анан улам маанизи кеңип, тикесинен турбаган башка бөлүктөрүн да туюнтуп калган.

БОТО Төөнүн баласын билдирген сөз түрк тилдеринде *бот, бота, ботак, боталак, бодук, бочук, борум, ботакан* болуп колдонулат жана ал сөздөр дагы башка жаныбарлардын балдарынын аты дегенди да билдирет. Алсак, алар «төөнүн баласы» дегенден тышкары «торопой», «мамалак» (аюунун баласы), «бөжөк», мышыктын баласы, буйболдун музоосу» дегендерди да туюнтат. *Бото* сөзү алгач «төөнүн баласы» деген маани берип, калган маанилери анын семантикалык өнүгүшүнүн натыйжасында кийин жаралган деп эсептөөгө болбой тургандыктан, Э. В. Севортян *бото* сөзүн *бор* «бала туу» этишинен пайда болгонун айтат (Севортян, 1978, 200).

Бул сөз грекче *портис//портакс* «музоо» армянча *орт*, байыркы индияча *пртикас* «жаныбардын баласы» (Широков, 64) сөздөрү менен тектеш. Байыркы түрктөр индия тилинен *бортак//бортук* сөзүн «жаныбарлардын баласы» деген мааниде кабыл алган. Кийин ал сөзүн тыбыштык жана семантикалык жактарында төмөнкүдөй өзгөрүүлөр болгон.

Сөздүн тыбыштык составынан *р* тыбышы түшүп, алгачкы *бортак* сөзү *ботак>ботай>бото>бот* түрүнө келип, негизинен төөнүн баласын билдирүү менен, башка жаныбарлардын (аюунун, чочконун, коёндун, мышыктын) балдарынын атын да туюнткан.

Байыркы *бортак* сөзүнүн *буртак* вариантынын составынан *т* тыбышы түшүп, *бурак* «музоо» түрү келип чыккан. Анын аяккы *к* тыбышы түшкөн түрү азыркы чуваш тилинде *пару* «музоо» деген сөздө сакталган. Монгол тилинде сөздүн аягына үндүү кошулуп, *бирагу* түрүнө келсе, байыркы түрк тилинде *р* тыбышы *з* тыбышына өтүп, *бузагу* «музоо» түрү жаралган. Бул *бурак* варианты негизинен «уйдун баласы» дегенди

билдирүү менен, айрым түрк тилдеринде (диалектилеринде) койдун, носорогдун, жейрендин, пилдин, жирафтын, буйболдун, чочконун, аюунун баласын да билдирет.

Алгачкы *борток* сөзүнүн *б* жана *т* тыбыштары орундарын алмаштырып, метатезалануудан *торбок> торпок* сөзү келип чыккан. Бул сөз да негизинен «уйдун алты айдан ашкан музоосу» деген маани берүү менен, топоздун, аюунун, бугунун ошол курактагы балдарына карата да айтыла берет.

Торпок сөзүнүн *рп* тыбыштарынын ортосуна үндүү тыбыш кошулуп, аяккы *к* тыбышы *й* тыбышына өтүүдөн азыркы *торопой* «чочконун баласы» деген сөз келип чыккан. Ал эми *торпок* вариантынын аяккы *-ок* бөлүгү түшүп, *п* тыбышы *м* тыбышына өтүшүнөн *торум* «кулун» сөзү жаралган.

Кыскасы, азыркы *бото, торпок, музоо, торопой* сөздөрү грекче *бортакс*, байыркы индияча *бортукас* сөзүнөн түрк тилдерине кабыл алынып, тыбыштык түзүлүшү өзгөрүү аркылуу ар түрдүү формага келип, ар кандай жаныбарлардын балдарынын атын билдирип калган.

БӨЖӨК Кыргызча *бөжөк* деген сөзгө тыбыштык формасы боюнча окшош келген сөздөр түрк тилдеринде башка маани берет. Алсак, ногойчо *боҗжөк*, «коңуз» татарча *бөжәк* «курт-кумурска». Казак жана кара калпак тилдериндеги *кежек//гөжек* сөзү кыргызчасына формасы боюнча туура келбейт, анда *б* жана *к* тыбыштары алмашат, бирок *бөжөк* жана *көжөк* сөздөрүнүн маанилери бирдей. Монголчо *бөжин(г)* сөзү да кыргызча *бөжөк* дегенге туура келет.

Түркмөн тилинде *бөкмек* этиши «секирүү», «жүгүрүү» маанисин берет. Андан жасалган *бөкежең* сөзү «секиргич» маанисин туюнтат (ТРС, 114). Мына ушул *бөкежең* сөзүнүн тыбыштары өзгөрүүдөн *бөжөк* сөзү келип чыккан дешке болот. Анткени түркмөн тилинде *товусмак* этиши да «секирүү» дегенди билдирип, андан *товшан (<товус+кан>товшан)* «коён» сөзү келип чыккан (ТРС, 636). Ушул сыяктуу эле жол менен коёндун баласы да аталган. Минтип аталышына коёндун секирип-секирип чуркашы сыяктуу негизги өзгөчөлүгү себеп болгон. Ошол эле сөз менен секирип жүрө турган курт-кумурскалар да аталышы мүмкүн. Ошондуктан *бөжөк* сөзү бир тилде коёнекти билдирсе, экинчи бир тилде курт-кумурсканы билдирип калган.

БӨЙӨН Байыркы түрк эстеликтеринде *бөг* же *бөй* түрүндөгү сөз «жөргөмүш, музоо баш» маанисин берген (ДТС, 116, 117). Ал сөз азыркы кыргыз тилинде *бөө* түрүндө аталат да, «коркунучтуу нерсе» деген жалпылагыч мааниде колдонулат. Ушул сөз *чаян* сөзү менен чогуу айтылганда ага ылайыкташып, формасы боюнча окшош болуу үчүн аягына *-ан* мүчөсүн кошуп алат. Натыйжада алгачкы *бөө* же *бөй* деген түрүнөн *бөйөн* түрүнө келип, *чаян* сөзүнө окшош да, уйкаш да болуп калат.

БӨКӨН Казакстандын талааларында жашай турган тумшугу бүкүр келген ача туяктуу жаныбар *бөкөн* аталат. Бул сөз казакча *бөкен,* уйгурча *бөкен,* монголчо *бөхөн(г)* болуп айтылат. Түрк тилдеринде *бөкөн* сөзү монгол тилинен келип кириши мүмкүн, аткени бул сөз *бөк+өн* деген бөлүктөрдөн турат да, *бөк* сөзү монгол тилинде «бүк, бүгүл, бөкчөй, ийрил, ийил» (МРС, 82) этишине туура келет. *Бөк* деген сөзгө атооч жасоочу *-ан* мүчөсү жалгануудан келип чыккан *бөхөн* сөзү түркчө «бүкүр» же «бүкүрөйгөн» дегенге жакын маани берген. Мындай атты бөкөн өзүнүн бүкүр тумшугуна карата алышы мүмкүн.

Монгол тилинде *бөх(өн)* сөзү «төөнүн өркөчүн» да туюнтат (МРС, 82). Төөнүн өркөчү ийри-буйрулугу үчүн ушундайча аталса, *бөкөн* тумшугунун бүкүрдүгү үчүн аталган болуп чыгат.

БӨКСӨ Азыркы кыргыз тилиндеги *бөксө* сөзү «1) төөнүн этеги 2) бир нерсенин этек жагы; 3) толтура эмес» деген маанилерди туюнтат. Идишке салынган же куюлган нерсе абдан толо болбосо, *бөксө* деп айтууга болот, эгер белинен же түбүнөн болсо *бөксө* деп айтуу мүмкүн эмес. Ушуга караганда мындай учурдагы *бөксө* сөзү байыркы түркчө *бөксөк* «1) акырек, көкүрөк, моюндун түбү; 2) аялдын эмчеги» сөзүнө байланышат. Анткени идиштеги бөксөлүк адамдын мойнуна, акырегине келгенге байланыштыруудан улам бул сөз келип чыгышы мүмкүн.

БӨЛТҮРҮК «Карышкырдын күчүгү» деген мааниде айтылган *бөлтүрүк* сөзүнүн аягында *-дырык* мүчөсү бар деп билгенде, *бөл+түрүк* морфемаларына ажырайт. Кыргызча *моюнтурук* сөзү *моюн+турук* дегенден куралган сыяктуу эле, *бөлтүрүк* сөзүндө *-түрүк* мүчөсү катышышы мүмкүн. Ошондо *бөл* уңгусу түшүнүксүз сөз болуп кала берет. Тува тилинде *бөлтүрүк* сөзү *бөрзек* аталат (ТувРС, 108). Ушуга караганда *бөл* уңгусу алгачкы *бөр (<бөрү)* сөзүнүн *р* тыбышы *л* тыбышына алмашкан түрү болуп чыгат.

БӨРҮ Азыркы кыргыз тилинде карышкыр сөзүнө караганда *бөрү* сөзү азыраак колдонулат. Карышкырдын «оозуң карышкыр!» деген сөздөн келип чыккан аты кийин жаралган. Ал эми *бөрү* деген байыркы аты карышкырдын өңүнө жараша берилген болуу керек. Монголчо *боро* сөзү түрк тилдериндеги *боз* сөзүнө туура келет, алардын *р* жана *з* тыбыштары алмашат. Андан тышкары жоон үндүү *о* ичке *ө* тыбышына алмашуудан *бөрү* сөзү келип чыгышы мүмкүн. Орус тилинде карышкырды «серый» деп айткан сыяктуу болуп алгач ал *боро* же *боро ит* түрүндө айтылып, кийин *бөрү* болуп өзгөргөн окшойт.

БУЙЛА I. Азыркы кыргыз тилинде *буйла* сөзү «төөнүн мурдуна өткөрүлгөн муунак-муунак шиш жыгач жана ага тагылган жипти» билдирет. Ушул эле сөз байыркы түрк тилинде *бутлу//будлу* түрүндө колдонулган. Ал эми азыркы уйгур тилинде ал *буйла//буда,* казак жана кара калпак тилдеринде *буйда,* тувача *буйла,* монгол тилинде *буйл* болуп айтылат. Булардын эң алгачкы формасына жакыны байыркы түркчө *будлу//бутлу* түрлөрү дешке болот. Алгачкы *будлу//бутлу* сөзүнүн *д//т* тыбышы *й* тыбышына өтүшүнөн азыркы кыргызча, уйгурча, тувача жана монголчо *буйла//буйл* түрү келип чыккан. Казак жана кара калпак тилинде *буйда* формасы алгачкы *будлу>будла>буйда* болуп өзгөрүшүнөн келип чыгышы мүмкүн. Ал эми ошол *буйла* формасынын *й* тыбышы түшүшүнөн уйгурча *буда* варианты жаралган.

Байыркы түркчө *будлу//бутлу* сөзү *буду//бутү+л* деген бөлүктөрдөн турат. Байыркы түрк тилинде *буду//боды* сөзү «бекитүү,байлоо, улаштыруу, жабыштыруу» деген маани берген (ДТС, 107). Ага этиштен зат атооч жасоочу *-л* мүчөсү жалганып, *бодул//будул* сөзү келип чыгып, «байлооч» маанисин берген. Монголчо *буйл* сөзү ошол байыркы кезде кабыл алынып, түркчө эски формасын сактап калган. Түрк тилдеринде *буйул* сөзүнүн аяккы *-ул* бөлүгү метатезаланып, *будлу>буйла* болуп өзгөрүп кеткен.

БУЙЛА II *Олжо-буйла* деген татаал сөздүн составындагы *буйла* сөзү *төөнүн буйласы* дегендеги *буйла* сөзү менен эч байланышпайт. Бул *буйла* сөзү алгачкы *булжа* сөзүнүн тыбыштары өзгөрүүдөн келип чыккан. Байыркы түрк тилинде *бул* этиши «тап» этишинин

маанисин берген (ДТС, 121). *Олжо* сөзүнүн уңгусу болгон *ол* сөзү да монгол тилинде «тап» дегенди билдирет (караңыз: *олжо*). Кырғызча *бол* деген этиш азербайжан, турция тилдеринде башкы *б* тыбышын түшүрүп, *ол* болуп айтылат. Ушул сыяктуу кубулуш байыркы түркчө *бул,* монголчо *ол* сөзүнүн ортосунда да болуп өтүшү мүмкүн. Ошондо *олжо* деген монголчо вариантына аналогиялуу болуп *булжа* сөзү да жаралган. Бирок *булжа* сөзүнүн *лж* тыбыштары метатезаланып, *жл* болуп айтыла баштап, *ж* тыбышы *й* тыбышына өтүшүнүн натыйжасында *буйла* түрүнө келген. Андай экенин сейрек болсо да *олжо-булжа* болуп кыргыз тилинде айтылган формасы ырастайт.

БУЛА Кыргыз тилинде *була* этиши «тартып алуу, тоноо» маанисинде айтылат. Ал эпостук чыгармаларда өзүнчө сейрек айтылат да, көбүнчө *талап-булап* деген кош сөздүн составында келет. Мындагы *була* этиши *бул* «жул, жулуп алуу» (Юдахин, 157) этишинен келип чыккан. Этиштин аягына көп кайталанган кыймыл-аракетти билдирүүчү *-а* мүчөсү жалганып, *бул* этишинен *була* сөзү жаралган. Аягына *-к* мүчөсү кошулуудан ошол эле этиштен *булк* деген формасы пайда болгон.

Жогорку *бул, була, булк* байыркы түркчө *йул* (ДТС, 277), азыркы кыргызча *жул* этишинин башкы *й* тыбышы *б* тыбышына алмашуудан келип чыккан. Байыркы түрк тилинде *бул, булк* этиши жогоркудай мааниде болгон эмес. Анын ордуна *йул, йулк* этиштери колдонулган. Ошондуктан азыркы бул, була булк байыркы *йул, йулк* сөзүнөн жогоркудай тыбыштык алмашуудан улам келип чыккан деп эсептөөгө негиз бар.

БУЛАК Байыркы түрк тилинде *йул* сөзү «булак» (ДТС, 277) маанисин берген. Ага *-ак* мүчөсү кошулуп, *йулак* «булак, агым» сөзү жаралган. Сөз башында *й* тыбышы *б* тыбышына өтүүдөн *йулак* сөзү *булак* болуп өзгөргөн. Азыркы *булак* сөзү байыркы түркчө *йул+ак* деген морфемалардан куралган.

БУЛГААРЫ Заводдо ийленип жасалган кайыш *булгаары* аталат. Бул сөз байыркы кезде Волганын боюнда жашаган *булгар* элинин атынан келип чыккан. Терини мыкты иштеткендиктен алардын кайыштары өзгөчө баалуу болгон. Андай кайышты жасаган элдин аты менен ошол буюмду атоого туура келген. Фарсы тилиндеги сын атоочтук маани берүүчү *-ы* мүчөсү кошулган *булгары* түрү көпчүлүк түрк тилдерине жана монгол тилине тараган. Алгачкы *булгары* түрүндөгү сөздүн *а* үндүүсү созулмага айлануудан кыргыз тилинде *булгаары* түрү жаралган.

БУЛДУРУК Чөлдө жана жарым чөлдө жашай турган көгүчкөндөр тукумуна кире турган канаты жана куйругу узун канаттуу *булдурук* аталат. Анын кээ бир түрүнүн боору ак болсо, кээ биринин боору кара болот, баарынын жонундагы жүнү чаар келет. Бул куш *булдурук* аталып калышына анын жонундагы чаары себеп болгон окшойт.

Азыркы кыргыз тилинде *балдыр* жана *булдур* деген сөздөр түшүнүксүз айтылган сөзгө карата айтылат. Мисалы: *балдыр-булдур этүү*. Биздин оюбузча, алгач бул сөздөр аралашкан өңдү-түстү билдирген *балдыр* жана *булдур* түстөгү нерсе *чаар* дегенге барабар келген. Чаар түс ак менен каранын аралашмасы катары кабыл алынган. Ошол кездеги *булдур* «чаар» деген сөздөн *булдурук* сөзү келип чыккан.

Байыркы *балдырык//булдурук* сөзүнүн өңдү-түстү билдирген мааниси унутулуп, анын үнгө карата айтылган кийинки мааниси гана азыркы көпчүлүк түрк тилдеринде белгилүү болуп калган. Алгачкы *балдырак// булдурук* сөздөрүнүн мааниси мындай өнүгүүгө учураган: «аралашма түс>чаар»; «аралашма тил//аралашма сөз>түшүнүксүз тил//сөз. Ушул себептен буллдуруктун аты азыркы кездеги *булдура* деген этиштен чыккан сыяктанып, анын үнүнө байланышкансып сезилет. Чындыгында анын аты байыркы кездеги *булдур* «чаар» маанисинен келип чыгат.

БУРА *Бур* этишине *-а* мүчө жалгануудан келип чыккан *бура* этиши көп кайталанган кыймыл-аракетти билдирет. Мындай болушун *-а* мүчөсүнүн өзгөчөлүгү менен түшүндүрүүгө болот. Ушундай маанидеги азыркы *кура, сүрө, саба* деген этиштердин составынан да жолугат. Ал мүчө уңгуга жалганып, көп кайталанганын билдирүү менен, уңгусу туюнткан маанисинен айырмаланган маани берип турат. Ошондуктан *бура* этишинин мааниси «көп жолу бур» дегенге барабар келе бербейт. *Кура* этишинин мааниси да «көп жолу кур» дегенге туура келбейт. Анткен себеби *-а* мүчөсүнүн көп кайталанган кыймылды билдире тургандыгы кийин даана сезилбей, уңгунун ажырагыс элементи катары сезилип калган.

БУРУКСУ Бул сөз *бурук+су* морфемаларынан куралган. *Бурук* уңгусу демейдеги *бурк эт, буркура* деген учурдагы *бурк* сөзүнө туура келет. Этиш жасоочу *-сы* мүчөсү уланганда уңгунун аягындагы *рк* тыбыштарынын ортосуна үндүү кошулуп, *бурук* түрүнө келген. Мындай кубулуш кыргыз тилиндеги *бырыксы* этишинде да байкалат.

БУУДАЙ Көпчүлүк түрк тилдеринде *бугдай* түрүндө айтылган сөз кыргыз тилинде *буудай*, өзбек тилинин диалектилеринде *бугдаг* түрүндө айтылат. Булардын ичинен өзбек тилинин диалектисиндеги *бугдаг* түрү эң алгачкы калыбына жакыны дешке болот. Анткени бул сөз *буг* же *бугу* «буу, байла» этишинен жана *-дак* мүчөсүнөн турат. *Буг//бугу* этиши азыркы *буу* этишинин маанисинде болгон, ага зат атооч жасоочу *-дак* мүчөсү жалганган. Азыркы *куурдак, шырдак* сөздөрү *куур, шыры* деген этиштерге *-дак* мүчөсү уланып жасалган сыяктуу эле *бугдак//бугудак* сөзү данынын сыртын каптап турган көйнөкчөсү бардыгы үчүн ушундай аталган. Буудай арпа сыяктанып даны башында ачык турбастан, сыртынан кабыкча менен жабылып турат. Мына ушул өзгөчөлүгүнө жараша ал *бугдак* «буулма дандуу эгин» деген атка конгон.

Кийин *бугдак* кыргыз тилинин фонетикалык закончеменмдүүлүгүнө ылайык *бугдай>буудай* болуп өзгөрүп кеткен.

БУУРА Түрк тилдеринде бул сөз *бугра, бугур* түрүндө айтылат. Мындагы *бугра* сөзү алгачкы *бугур* түрүнүн аяккы эки тыбышы метатезаланып айтылышынан келип чыгышы мүмкүн экени даана көрүнүп турат. Сары уйгур тилинде алгачкы *бугра* түрүнөн метатезаланган *пырга* түрү колдонулат. Жогоркудай метатезаланган тыбыштардын орун алышы түрк тилдериндеги *бугра, бугур, буура* сөзүнүн келип чыгышынын түпкү тегинде метатезаланган тыбыштык өзгөрүүлөр бар деген чечимге алып келет. Ю. Немет *бугур, бука, бугу, булан* сөздөрү бир уңгудан келип чыгат деп эсептейт (Севортян, 1978, 236). *Бугра, бугур* сөзү буурадан башка төмөнкүдөй маанилерди да билдирет: 2) жаныбардын эркеги; 3) бука; 4) арстан; 5) күрпү ж. б.

Биздин оюбузча, байыркы түрк тилиндеги *бур* «буркуроо, жыпар жыттануу» (ДТС, 112) этиши азыркы кыргызча *бура* дегенге туура келет. Ошол *бур* этишинен *бурак//бурук* «жыпар жыт, аромат» сөзү жасалган. Бул *бурук* сөзүн азыркы кыргызча *буруксу* деген учурда көрөбүз. Мына ушул *бурак* сөзү метатезалануудан *букар//бугра* жаралса, *бурук* вариантынан *букур//бугур* деген келип чыккан. Бууранын, бугунун, буканын, кочкордун, текенин өзгөчө жыты болору маалым. Ошол буруксуган жыты болгону үчүн ар башка жаныбарлар бир сөз менен аталып калган. Алгачкы *бурак//бурук* калыбынан *бугар//бугур* түрүнө айланган соң, аягындагы *р* тыбышы түшүп калуудан *бука* жана *бугу* түрлөрү келип чыгып, өзүнчө сөздөргө айланган.

БУУРУК Бул сөзгө *буулук* сөзү мааниси боюнча туура келет. Ошону менен бирге *буурук* сөзү алгачкы *буулук (<буу+л+ык)* дегенден келип чыгат. *Буу* этишине *оолук (<оо+лук), соолук (<соо+лук)* этиштерин жасоодо катышкан *-лык* мүчөлөрү жалганып, *буулук* сөзү жаралган. Ал мүчөдөгү *л* тыбышы *р* тыбышына өтүп кетүүдөн *буурук* сөзү пайда болгон.

БУУРУЛ Азыркы кыргыз тилинде *буурул* деген сын атоочтон этиш жасалганда *буурул тарт, буурул бол* түрүндө гана боло алат. Алтай тилинде болсо андан *буурай (<буур+ай)* түрүндөгү этиш жасалат. Ушуга караганда *буур* сөзүнүн өзү эле алгач «буурул» маанисиндеги сөз экенин ырастайт. Байыркы түрк тилинде *богрул//бугрул* ала моюн койго карата гана айтылганы жолугат (ДТС, 109), *богур//бугур* түрүндө туруп, «буурул» маанисинде айтылганы кездешпейт. Биздин оюбузча, байыркы түрк эстеликтеринде кездешкен *барык* «бүдөмүк көрүнгөн нерсе» деген (ДТС, 84) сөздүн *р* жана *к* тыбыштары метатезалануудан *бакыр>багыр>багур>буур* болуп өзгөргөн. Ага сын атоочторго уланууучу *-ыл* мүчөсү жалганып, *буурул* сөзү жаралган. Бурул болгондо накта бир түстө болбой, аралашма түстө болору маалым. Ошондуктан *буурул* сөзү алгачкы *барык* деген сөздөн келип чыгат дешке болот.

БУУРЧАК Кыргыз тилиндеги *буурчак* сөзү *буур+чак* деген бөлүктөрдөн турат. Анын *буур* уңгусу байыркы түркчө *буг+ур* деген морфемалардан куралган. Бул сөздүн *буг* уңгусу азыркы *буу* деген этишине туура келет, *-ур* мүчөсү мааниси боюнча өздүк мамиленин *-н* мүчөсүнө туура келет да, *буурчак* азыркы *муунчак (<бүүн+чак)* сөзүнө мамилелеш болуп чыгат. Анткени буурчактын даны муунчактардын ичи-

не жайгашат. Ошол себептен *буурчак* ушундай аталган.

БУЧКАК Э. В. Севортян *бучкак* сөзүн *буч+как* деген морфемаларга ажыратып, *буч* уңгусу *бурч* маанисиндеги сөз деп карайт (Севортян, 1978, 283). Биздин оюбузча, *бучкак* сөзү *бут+как* деген бөлүктөрдөн турат, анын уңгусу *-бут, т* тыбышы *ч* тыбышына өтүп кеткен: *бут>буч*. Мындай алмашуу байыркы түркчө *катыр* сөзү *качыр* болуп өзгөрүшүнөн байкалат. Ал эми *-как* мүчөсү *бутак* дегендеги *-ак* мүчөсү менен тектеш деп эсептегенде, *бучкак* сөзү өзүнүн «буттун териси» деген мааниси боюнча *бут* сөзү менен байланышат.

БҮГҮН Бул сөз *бу+күн* деген эки сөздүн биригишинен келип чыккан. «Байыркы түрк сөздүгүндө» *бүкүн* жана *бүгүн* варианттары чагылдырылган. Ушуга караганда *бу* жана *күн* деген сөздөр биригип, *бүгүн* түрүнө келгени ошол байыркы кезде эле ишке ашкан.

БҮЛДҮРГӨ Кыргызча *бүлдүргө* түрүндө айтылган сөз кээ бир түрк тилдеринде жогоркуга жакын формада айтылат. Мисалы: казакча *бүлдирге*, каракалпакча *бүлдирге*, башкырча *бөлдөргө*, ногойчо *буэлдирге*. Монгол тилинде бул сөз *бөгөлдөргө* түрүндө айтылат да, анда сөз бир муунга узун болот. Монголчосу сөздүн алгачкы калыбына жакыны деп эсептегенине менен, түркчө *-дырык* мүчөсүнүн монголчо варианты *-дырга (-дөргө)* оңой ажыратылгандан кийин калган *бөгөл* уңгусунун монгол тилиндеги белгилүү бир сөз менен байланышы табылбайт. Түрк тилдериндеги *бул//бөл* уңгусунун маанисин аныктоо да кыйын.

Биздин оюбузча, монголчо *бөгөлдөргө* сөзүнүн уңгусу болгон *бөгөл* сөзү — түркчө *билек* деген сөздүн *бигел>бүгөл>бөгөл болуп* метатезаланып өзгөрүп кеткен. Байыркы түркчө *билектирик* түрүндө айтылган сөздү монголдор *бөгөлдөргө* түрүндө кабыл алган. Уңгусундагы *г* тыбышын түшүрүп, *бүлдүргө* түрүнө келген. Натыйжада камчынын, чокмордун колдон чыгып кетпеси үчүн билекке илинип жүрчү боосу билекке туура келгендиги үчүн аталгандыгын аныктоо мүмкүн болбой калган. Ага түрк тилдеринин өзүндө байыркы *билектирик* түрүнүн сакталбай калышы да өбөлгө болгон.

БҮРГӨН Шыбакка окшош келген чөп кыргыз тилинде *бүргөн* аталса, казакча *бүрген* деп ачуу жемиши бар бадал аталат. Кыргызча *бүргөндү кара бүргөн* деп да коёт. Ушунусуна караганда бул сөз монголчо *бүрэг* «кара, күрөң» (МРС, 96) сөзүнөн келип чыгышы мүмкүн, *бүрэг* сөзүнө факультативдүү айтыла турган *-ан* мүчөсү кошулган.

БҮРК Байыркы түрк тилинде *бүрүк* сөзүнүн *бүркүр* жана *бүркир* варианттары да болгон (ДТС, 133). Азыркы хакасча *пыргыр*, тувача *бүлгүр* байыркы бүркүр вариантынын өзгөрүшү болуп эсептелет.

Азыркы кыргыз тилинде *бүрк* түрүндөгү сөз казакча *бүрик* болуп айтылат, алтайча ал *бүкүр* түрүндө болуп ,байыркы түркчөсүнө окшош келет. Мунун *бүкүр* варианты — этимологиялык жактан туурасы. Анткени бул сөз *бү+күр* деген бөлүктөн турат да, *түкүр, бакыр, экүр* деген сөздөр *ту, ба, ө* тууранды сөздөргө этиш жасоочу *-кыр* мүчөсү жалгануудан келип чыккан сыяктуу эле *бу* деген тыбышты туураган сөздөн жана этиш жасоочу *-кыр* мүчөсүнөн куралат. Бирок кыпчак тилдеринде байыркы *бүкүр* сөзү *к* жана *р* тыбыштары метатезаланып кетип, *бүрүк>бүрк* варианты келип чыккан.

БҮРКҮТ Байыркы кезде *бүре+куш* деген эки сөз биригип, *бүркүт* түрүнө келген. Мунун *бүре* сөзү татарча айтылган *бөрү* «бөрү» сөзү болсо, экинчиси — «куш» деген сөз. *Бөрү куш* «жырткыч куш» деген мааниде сөздүн *куш* дегени *кут* болуп өзгөргөн: *бүре куш>бүрөкут>бүркүт*.

БҮРСҮГҮНҮ Мындан эки күндөн кийинкини *бүрсүгүнү* деп, бир сөз менен да, *эртең, анын соңку күнү, бир күндүн соңунан кийинки күнү* деп да айтса боло берет. Ал эми *бүрсүгүнү* сөзү алгачкы *бири соң күнү* дегендин биригишинен келип чыккан дешке болот.

БҮШҮРКӨ К. К. Юдахиндин сөздүгүндө бул этиш «неясно представлять себе, смутно припомнить» болуп которулса (Юдахин, 169), «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» чала таануу, ачык эмес элестетүү» болуп түшүндүрүлгөн (КТТС, 130). Бул мааниледен тышкары *бүшүркө* этишинин «өзү билип туруп, билмексен киши сыяктанып көрүнүү» деген мааниси да бар. Мына ушул мааниси алгачкысы, андан берки маанилери келип чыккан дешке болот. Анткени *бүшүркө* этишинин *мүшүркө* варианты да бар экени К. К. Юдахиндин сөздүгүндө көрсөтүлгөн (Юдахин, 545). *Мүшүркө* сөзү *мүш+үркө* деген морфемалардан турат. Сөздүн уңгусу болгон *мүш* алгачкы *-мыш* мүчөсүнүн өзгөргөн түрү болуп эсептелет. Ага *ташырка, жатырка*

деген сыяктуу учурдагы этиш жасоочу *-ырка* мүчөсү уланган.

Бүшүркөп сүйлөгөн киши *баландай имиш, төлөндөй имиш* деп, *имиш (<э+миш)* сөзүн көп кошуп айтат. Ошол өзгөчөлүгү боюнча «мышты кошуп сүйлө» деген маанидеги сөздөн *мүшүркө>бүшүркө* келип чыккан.

БЫКЫЙ Демейдеги *жаман* деген сөздүн ордуна *быкый* сөзүн балдардын речинде колдонууга кыргыз тили жол берет. Бул сөз монголчо *бака (й)* сөзүнөн кабыл алынган. Монгол тилинде *бака(й)* сөзү «жаман» деген маани берет.

БЫРЖЫЙ Азыркы *быржый* сөзү *бырыш* деген зат атооч маанисиндеги сөзгө этиш жасоочу *-ый* мүчөсү жалганып жасалган. Ал уланганда уңгунун аяккы муунундагы үндүү түшүп, *ш* тыбышы жумшарып, *ж* тыбышына өткөн. Мындай кубулуштар *тыржый (<тырыш+ый), куржуй (<куруш+уй)* деген сөздөрдө да болгон.

БЫРЫКСЫ Бул сөз *бырык+сы* морфемаларына ажырайт. Анын *бырык* уңгусу *бырк эт, быркылда* деген учурлардагы *бырк* сөзүнө туура келет. Этиш жасоочу *-сы* мүчөсү ага уланганда, уңгусунун аягындагы *рк* үнсүздөрүнүн арасына бир үндүү кыскарылып, *бырык* болуп өзгөргөн. Мындай кубулуш *бурк эт, буркура* этишин *буруксу (<бурук+су)* сөзү менен салыштырганда да байкалат.

БЫЧАК Байыркы кездерде түрк тилдеринде *быч* этиши «кес» маанисин берген (ДТС, 104). Ага зат атооч жасоочу *-ак* мүчөсү жалганышынан *бычак* сөзү келип чыккан. Ошол *бычак* сөзүндө байыркы «кес» мааниси сакталып калган. Кийин *быч* этишинин ал мааниси унутулуп, *бычак* жана *быч* сөздөрүнүн байланышы жок сыяктанып калган.

БЫЧАН Кыргыз тилинин түштүк говорлорунда айтылган *бычан* сөзү «чабылып алынган тоюттук чөп» деген маани берет. Ал жогорку эле *быч* «кес» этишине *-ан* мүчөсү жалгануудан жасалган. Ал сөз «кесилген чөп» дегенге жакын маани берген.

Д

ДА Кыргыз тилиндеги *да* байламтасы *дагы* (байыркы түркчө *такы*) деген толук түрүнүн аяккы тыбыштары түшүп калышынан келип чыккан (Севортян, 1980, Мусаев, 1980).

ДАБАН Кыргыз тилинде *дабан* сөзү *ашуу, кыя, бел* деген сөздөргө салыштырганда сейрегирээк колдонулат. Түрк тилдеринин этимологиялык сөздүгүндө уйгур тилинин таранчы диалектисинде *даба*, адабий тилинде *дава* «тоону ашуу» этиши бар экендигине таянып, бул сөз монгол тилинен кабыл алынганы жөнүндө айтылган пикирге кошулбай тургандыгы баяндалган. Биздин оюбузча, *дабан* сөзү түрк тилдерине монгол тилдеринен кабыл алган. Бул сөз монголчо *давах* «аттап өтүү, ашуу» этишке атооч жасоочу *-аан (<аган)* мүчөсү жалгануудан келип чыккан. Монголчо *дава* этиши кыргызча *аш* этишинин маанисин берсе, *даван* сөзү «ашууну» туюнтат. Түрк тилдерине *даба* этиши белгисиз, андан келип чыккан *дабан* сөзү гана бар. Уйгур тилине *даба* этиши да кошо кабыл алынышы мүмкүн. Ошондуктан уйгур тилиндеги фактыга таянып тыянак чыгаруу жетишсиздик кылат.

ДАГЫ Түрк тилдериндеги *дагы* байламтасы байыркы түркчө *такы* сөзүнөн келип чыгат, *так* этишинен, *-ы* чакчыл мүчөсүнөн куралган деп карайт (К. М. Мусаев, 1980). Биздин оюбузча, *так* этишине чакчыл *-ы* мүчөсү жалганган эмес, бул этиш монголчо *дахих* этишине байланыштуу. Монголчо *дахих* этиши «кайталоо, жаңыртуу» маанисин берет. Буга кыргызча *такып сура* дегендеги *такы* сөзү туура келет. Ушуга караганда байыркы түрк тилдеринде да *такы* этиши болгон. Ошол этишке чакчыл *-ын* мүчөсү жалгануудан *такын>такы>дагы* келип чыккан. Кийинки өнүгүшүндө аяккы *н* тыбышы түшүп, *т* тыбышы *д* тыбышына өткөн.

ДАЙЫМА Кыргыз тилине *дайым* сөзү араб тилинен кабыл алынган (АРС, 340). Мына ушул сөзгө барыш жөндөмөсүнүн мүчөсүн кошуп айтуу кыргыз тилинде эки түрдүү келет. Бирде *дайымга* деп, барыш жөндөмөлөрүнүн мүчөсүн толук айтсак, экинчи бир учурда аны кыскартып, таандык мүчөсүн кабыл алган сөз сыяктантып, *-а* түрүндө гана кошобуз. Ошондуктан *дайымга келип турат* деп да, *дайыма келип турат* деп да айта беребиз.

Барыш жөндөмөсүнүн мүчөсү толук же кыска вариантында уланышы бул сөздөн башка *ылайым, кудай* деген сөздөрдө да айтылат. Мисалы: *ыйалымга келбе — ылайыма келбе, кудайга шүгүр — кудая шүгүр, кудайга тобо — кудая тобо.*

ДАЛДА Кыргыз тилинде *дал* сөзү «так, туура, түз» деген маани берет. Мисалы: *ок дал тийди.* Мына ушул сөзгө этиш жасоочу *-ла* мүчөсү улануудан *далда* «түз багыттоо» этиши жаралган.

ДАҢГЫТ Кыргыз тилинде *даңкай* деген образдуу этиш бар, анын уңгусу — *даңк, -ай* этиш жасоочу мүчө дешке болот. Азыр мааниси белгисиз болгон *даңк* сөзү мурда «чоң, зор» деген маанидеги өзүнчө сөз болгон деп билгенде, ошол сөз *даңгыт* деген сөздө да бар болуп чыгат: *даңк+ит.* Натыйжада *даңгыт* сөзү «чоң ит» деген маанидеги сөздөн жаралат. Аягындагы *ит* сөзү алдындагы жоон үндүү менен айтылган сөзгө жараша өзгөрүлүп *ыт* болуп кеткен.

ДАРБЫЗ Иранча *харбозе* сөзү «коонду» туюнтат (ПРС, 189). Ал сөз кыргыз тилине кабыл алынганда башкы *х* тыбышы *д* тыбышына алмашып, мааниси да өзгөрүп, коонду эмес, ага окшош келген башка бакча өсүмдүгүн билдирип калган.

ДАРГА Тажикче *дар* сөзү «асып койчу жай» деген маани берет. Кыргыз тилине ошол мааниде кабыл алынган. Бирок ал сөздөн кийин кээде бир жолу, кээде эки жолу барыш жөндөмөсүнүн *-га* мүчөсүн жалгап айта берүүгө болот. Мисалы: *дарга ас, даргага ас.* Барыш жөндөмөсү эки жолу уланганда биринчи жолу жалганганы уңгуга сиңип, анын составдык бөлүгү сыяктанып калган.

ДЕЙРЕ Кыргызча *дейре* жандоочу *чейин, дейин, жери, дери* сөздөрүнө маанилеш келет. Маанилеринин бирдей болушу кокустук эмес, баарысы бир уңгудан келип чыгат. Байыркы эстеликтериндеги *теги//тегин* (ДТС, 547) сөзү азыркы кыргыз тилинде *чейин* түрүнө келген. Ал *тег+ин* морфемаларынан куралган. Сөздүн уңгусун түзгөн *тег* сөзү *дейре* жандоочун жаратууга да катышат. Азыркы кыргызча *тий* этишине туура келген байыркы *тег* этишине чакчыл *-ын* мүчөсү жалганууудан *тегин (>чейин)* сөзү пайда болсо, *тег* этишине аркылуу мамилесин уюштурган *-ыр* мүчөсү уланып, ага чакчыл *-а* мүчөсү улануудан *тегире (<тег+ир+е)* сөзү жаралган. Ал азыркыча *тийдире (<тий+дир+е)* дегенге барабар келет. Кыргыз тилинин өнүгүшүндө

т тыбышы *д* тыбышына, *г* тыбышы *й* тыбышына алмашып, *р* тыбышынын алдындагы *и* тыбышы түшүп калган: *тегире>тегре>дегре>дейре.*

ДЕЛЕ Кыргыз тилинде *дагы эле, да эле* сөздөрүн бириктирип, *деле* түрүндө айтса да болот. Булардын бөлөк айтылган жана биригип айтылган түрлөрү жарыш колдонула берет. Бириккен түрү бөлөк айтылганынан келип чыгат: *дагы эле>дале; да эле>деле.*

ДЕЛӨӨРҮ «Дал болуу, эмне кыларын билбей, далдайып калуу» маанисиндеги *делөөрү сөзү дел+оору* деген бөлүктөрдөн турат. Анын *дел* уңгусу — *дал* деген сөздүн үндүүсү өзгөргөн варианты, *-оору* болсо *-жалоору//жашоору* деген учурда да жалгануучу атоочтон этиш жасоочу өтө сейрек колдонулуучу мүчө.

ДОЛОНО Монгол тилинде *долоно* сөзү *долоогоно* болуп айтылат. Анын уңгусу *долоон* «жети» деген санды билдирет. Ал эми *-гоно* мүчөсү *алтыгана* сөзүндө да катышат. Ал мүчө «өсүмдүк» дегенге барабар маани туюнтат. Долононун жалбырагы алма, алча, четиндикине окшобой, жети ача сыяктанып турат. Ошонусуна карата монголдор *болоогоно* «жети ача жалбырактуу өсүмдүк» деп атаган. Ал сөз кыргыз тилине кабыл алынганда *долоно* болуп, *-гоно* мүчөсү *-но* болуп кыскарган. Ошону менен бирге анын «жети ача жалбырактуу» деген мааниси түшүнүксүз болуп калган.

ДОЛУ Кыргызча *долу* сөзү *лөлү* сөзүнөн келип чыгат. Кыргыз тилине араб, иран тилдеринен кабыл алынган сөздөрдө удаа келген эки *л* тыбышынын бирин *д* тыбышына алмаштырып айтуу адаты болгон. Ошондуктан *алла, келла, дилла, мулла, алал* сыяктуу сөздөр *алда, келде, дилде, молдо, адал* түрүндө кабыл алынган. Дал ушундай жол менен лөлү сөзүн долу түрүнө айландырып жиберген. *Лөлү* болсо — «цыган» маанисиндеги сөз. Өзбектер, тажиктер цыганды алиге *лөлү* дешет. Долу сөзү кыргыз тилинде да «цыган» маанисинде колдонулат. Мисалы: *долу келип, тамак сурады.* «Бейжай, ажаан тажаал» деген мааниси мына ушул сөздөн өнүккөн болуу керек.

ДӨБӨ Дөң болуп көтөрүлүп турган жер кыргыз тилинде *дөбө* аталат. Бул сөз *төбө* сөзүнөн келип чыккан. *Төбө* адамдын баш сөөгүнүн үстүңкү жагын туюнтат. Жердеги дөңсөө адамдын башына окшоштурулуп, ошол сөз менен аталган. Кийин адамдын төбөсү менен жердеги дөбөнү айырмалап, алардын маанисин чаташтырбоо үчүн *т* тыбышын *д* тыбышына алмаштырып

айтуу аркылуу маанилерин айырмалоого мүмкүнчүлүк түзүлгөн.

ДӨҢСӨӨ *Дөңсөө* сөзү *дөң* уңгусунан жана кичирейтүүчү *-сөө* мүчөсүнөн турат. Мындай мүчө *каксоо* деген сөздө да учурайт.

ДУДУК Кыргыз тилинде *дудук* сөзү «сүйлөө жөндөмү жок» деген мааниде айтылат. Ушул эле сөз уйгур тилинде «кекеч» маанисинде айтылат. В. В. Радлов бул сөздү *тут+ук* морфемаларына ажыратат (Радлов т. III, ч. 2, 1482). Анын уңгусу «карма» маанисин берет, *-ук* мүчөсү этиштен атооч жасайт. Алгач *тутук* сөзү «кыйналып сүйлөгөн кекеч» маанисинде болгон. Кыргыз тилинде ал мааниси өзгөрүп, «сүйлөө жөндөмү такыр жок» маанини туюнтуп калган. Ошону менен бирге *т* тыбыштары жумшарып, *тутук* сөзү *дудук* болуп өзгөргөн.

ДУКАБА Кыргыз тилинде бул сөз *тукаба* болуп да айтылат. Иран тилдеринде *дукабата* сөзү *ду+кабата* деген бөлүктөрдөн куралып, «эки кабат» дегенди билдирет. Анткени *дукаба* чынында эле эки кабат бүктөлүп турган калыбы боюнча өлчөнөт, азыр аны орусча *дубайна* сөзү менен туюнтуп жүрөт. Иранча *дукабата>дукаба* сөзү кыргыз тилинде кездеменин бир түрүнүн аты болуп кабыл алынган.

ДУЛАЙДАЙ К. К. Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгүндө» *дулай* сөзү мындайча которулган *дулай* 1) зимняя обувь, изготовленная из войлока или овчины *(гл. образом для верховой езды);* 2) нарыв, опухоль *(чаще от пут — на ногах ловчей птицы).* Ошондо *буту дулайдай болуп шишип кетти* деген салыштыруунун мааниси түшүнүктүү болот. Азыркы кезде көпчүлүк элге *дулай* сөзүнүн «бут кийимдин сыртынан каптап кийген кийме байпак» же «куштун бутундагы шишик» деген мааниси белгисиз болуп калып, *дулайдай* же *тулайдай* деген салыштыруу гана белгилүү болуп калган. Ал салыштыруунун кандай пайда болгонун *дулай* сөзүнүн өзүн билгенде гана түшүнүү мүмкүн.

ДУУШАР Азыркы кыргыз тилинде *туш бол* жана *дуушар бол* тизмектери бирдей маани берет. Мындай болушу бул сөздөрдүн бир уңгудан келип чыкканына байланышкан. Байыркы түрк тилинде *тууш* сөзү «жолугуу» маанисин берген (СИГТЯ, 44). Мына ушул *тууш* сөзүнүн башкы *т* тыбышы жумшарып, *д* тыбышына өткөн түрүнөн азыркы кыргызча *дуушар* сөзүндөгү *дууш* уңгусу жаралган. Ал эми байыркы *тууш* сөзүнүн созулма үндүүсү кыска үндүүгө айланганынан *туш бол, туш кел, тушук* сөздөрүндөгү *туш* сөзү жаралган. Натыйжада азыркы *дуушар* жана *туш* сөздөрү тыбыштык жактан кескин айырмалу болуп калган.

Ж

ЖАБАГЫ Байыркы түрк тилинде *йабаку* сөзү «түлөгөн жүн» маанисинде айтылган. Андан бери көптөгөн мезгилдин ичинде бул сөздүн мааниси өзгөргөн. Азыркы азербайжан тилинде *йапагы* сөзү «жазында кыркылган жүн» маанисинде колдонулса, кара калпак тилинде *жабагы* деген эки омоним сөз пайда болгон. Алардын бири азербайжан тилиндегидей маани берсе, экинчиси «алты айдан бир жашка чейинки кулун» дегенди туюнтат. Кыргыз тилинде ушул кийинкидей мааниси гана белгилүү, анын «жазында кыркылган жүн» же «түлөгөн жүн» деген мааниси унутулган.

Азыркы кыргызча *жабагы* сөзүнүн «алты айдан бир жашка чейинки кулун» мааниси байыркы түркчө «түлөгөн жүн» деген маанисинен келип чыккан. Бир жашка чыккан кулун башка чоң жылкылардан башкача түлөйт. Кышындагы калың жүнү жаз чыкканда текши түлөп түшөт. Чоң жылкыларда болсо жүнү жапырт түлөбөстөн, арасынан биринден түшөт да, анчалык байкалбай, түлөгөн жүндөрү түшүп калат. Кулун жаш кезинде жүнү кыска жана суюк келет. Кышкы сууктан сактоо үчүн анын жүнү узарып жана коюу боло баштайт. Мына ушул коюу жүнү өсө баштаган мезгилден тартып кулун *жабагы* аталат. Андай аты түлөп түшмө жүнүнө байланыштуу келип чыккан.

ЖАБЫРА Кыргыз тилинде *жабыра* этишинин биринчи муунундагы *а* тыбыш *ы* тыбышына алмашып, *жыбыра* түрүндө да айтылат. Ал экөөнүн мааниси бирдей, «жайнап көп болуп көрүнүү» дегенди билдирет. Өз кезегинде *жабыра, жыбыра* сөздөрүнүн мааниси *быжыра, бажыра* этиштерине да туура келет. Ошондуктан *жабыра//жыбыра* варианттары *быжыра//бажыра* варианттарына айланган этиш менен тектеш келип, уңгудагы *б* жана *ж* тыбыштарынын ордун алмаштырып метатезалоордон келип чыккан сөздөр болуп эсептелет.

Алгачкы формасы *бажыра//быжыра* же *жабыра//жыбыра* түрү экенин кесе айтуу азырынча кыйын. Анткени кыргыз тилинде *быжыр-быжыр эт* этиши да, *жыбыр-жыбыр* эт этиши да бар. Болжолу, сөздүн *б* жана *ж* тыбыштарынын ордун алмаштырып жайгаруудан келип чыккан эки башка формалары мындан алда канча мурда эле пайда болуп, алгачкы түрү кайсы экенин аныктоо мүмкүн болбой калган. Ошондой болсо да *жабыра//жыбыра* жана *бажыра//быжыра* сөздөрү *жабыр//жыбыр, бажыр//быжыр* деген тууранды сөздөн жана андан этиш жасоочу *-а* мүчөсүнөн турат.

ЖАБЫШ Бул сөз *жап+ыш* деген бөлүктөрүнөн турат. Анын *жап* уңгусу *нан жап* деген учурда азыркы кыргыз тилинде айтылат. Бул этиш байыркы түрк тилинде «жабыштыр» (ДТС, 23) маанисинде болгон. Ошол мааниси азыркы кыргызча *казанга* же *тандырга нан жап* деген учурда сакталып калган.

Жап уңгусуна кош мамиленин *-ыш* мүчөсү жалганып, *жабыш* сөзү келип чыккан. Мындагы *-ыш* мүчөсү биргелешкен кыймыл-аракетти эмес, бир нерсенин экинчи бир несеге карата активдүү кыймыл-аракетин көрсөтөт. *Сен уруш, сен тырыш, сен чаташ, сен туташ* деген сыяктуу учурларда кош мамиленин *-ыш* мүчөсү биргелешкен кыймылды эмес, бир эле нерсенин башка бир нерсеге болгон аракетин гана туюнтат. Кош мамиленин мүчөсүнүн ушундай маанисинин натыйжасында *жабыш* сөзүндө *жап* уңгусу жана *-ыш* мүчөсү бар экени оңой менен байкалбай турган болуп калган.

ЖАГАЛМАЙ Монгол тилинде *загалмай* сөзү «крест» дегенди билдирет да, *загалмай бялзуухай* сөзү эки тумшугу тең карама-каршы ийрилген чымчыктын атын туюнтат. Болжолу, жагалмайдын тумшугу да ушул сыяктуу ийрилип тургандыктан, алгач *жагалмай куш* деген эки сөз берген маани кийин *куш* сөзү түшкөн соң, анын аты болуп кала берген.

Экинчи болжол боюнча, *жагалмай* учканда крест сыяктанган калыпта болуп көрүнөт, канаттары, куйругу жана моюн-башы өз ара барабар келген крестти элестетет. Сары багыш уруусунун тамгасы *жагалмай тамга* же *жагалмайлы* делет, казак элинде *жагалмайлы* уруусу да бар, уруунун тамгасы да бар экени белгилүү. Мындай тамганын аты крест түрүндөгү болгондон келип чыкса, уруунун аты тамгасынын атына байланыштуу келип чыкканы маалым болот. Казак тилинде жагалмайды *жагалтай* деп да атайт. Мындай

болуп айтылышы *турумтай* деген куштун атына окшоштырууга байланыштуу дешке болот.

ЖАГАНА Иран тилинде *йах* сөзү «муз» дегенди билдирет. Ага *-ни* аффикси кошулуудан келип чыккан *йахни* (ПРС, 602) сөзү кыргызча «муздатылган» дегенге барабар маани берет. Бул сөз кыргыз тилине *жагана//жайына* түрүндө кабыл алынып, көбүнчө «муздатылган эт» маанисинде айтылат. Кээде *жагана чай* түрүндөгүсү да колдонулат.

ЖАДА Бул этиштин *ж* жана *д* тыбыштары орундарын алмаштырып *тажа* түрүндө да айтылат. Анын *тажа* түрүн морфемаларга ажыратуу мүмкүн эмес. Болжолу, алгач *жада* этиши гана болгон. *Жада* этиши *йат+а* деген бөлүктөрдөн турат. Мындагы *йат* уңгусу азыркы кыргыз тилиндеги *жат* «бөлөк, башка» деген маанидеги сөзгө туура келет. Байыркы түрк тилинде бул сөз *йад* түрүндө да айтылган (ДТС, 47). Ага этиш жасоочу *-а* мүчөсү жалганып, *йада* сөзү келип чыккан. Алгач *йада* этиши «жат көрүү» маанисинде болуп, кийин семантикалык өнүгүүнүн натыйжасында «жек көрүү» маанисине келип калган.

ЖАЗ Байыркы түрк эстеликтеринде *бити* сөзү колдонулуп келген. Махмуд Кашгариде *йаз* сөзү мурдагы *бити* сөзүнүн ордуна колдонула баштайт. Бул *йаз* сөзү *йиз* «камыш» сөзүнөн келип чыгышы мүмкүн. Байыркы *бити* сөзү азыркы *быч (т>ч)* сөзүнө туура келет да, алгачкы жазуу тамганын элесин кесип, бычып алууга байланыштуу экени туюнтат. Ал эми *йаз* сөзү *йиз* «камыш» дегенден келип чыгышы учталган камыш менен жазуу процессин чагылдырат. Болжолу, терден, арабдардан тараган окшойт.

ЖАЗДЫК Кыргызча *жаздык* сөзү *жазда* этишине зат атооч жасоочу *-к* мүчөсү жалгануудан келип чыгат: *жазда+к>жаздык*. Өзүнчө турганда *жазда* болуп *а* тыбышы менен айтылса, *-к* мүчөсү жалганганда *ы* тыбышына өтүп кетет.

Байыркы түрк тилинде *йат* этишинин *йад, йай, йаз* варианттары болгон. Ал азыркы кыргызча *жаз, жай* деген этиштерге туура келип, *төшөк жаз, шырдак жай* деген учурдагы мааниде болгон. Ошол этиштин *йас* деген вариантына *-ла* мүчөсү улануудан келип чыккан *йаста* сөзү «төшө», «жазда» маанилеринде болгон (ДТС, 245). Алгач жаздалган нерсе башты коюу үчүн гана эмес, алдына төшөлүү үчүн да, сүйөнүп олтуруу

үчүн да кызмат кылган. Кийин гана бул сөздүн мааниси куушурулуп, башка жаздалган нерселерге карата айтылып калган.

ЖАЙДАК Азыркы кыргыз тилинде *жайдак* сөзү сын атооч же тактооч сыяктуу касиетке ээ болуп, баяндооч менен да, атооч сөздөр менен да айкалышып айтыла берет. Мисалы: *жайдак мин, жайдак чап, жайдак ат, жайдак жер.*

Бул сөз байыркы түрк жазууларында *йадаг, йадагун, йадаглыг* түрүндө айтылып, «жөө» маанисин берген. Болжолу, *жайдак* сөзү алгачкы *йалаң адакун, йалан адаглыг* деген эки сөздүн биригишинен келип чыккан.

Эң алгач *йалаң адаклык* же *адагун мин* деген учурда айтылып, атка токум токубай, буту менен мингенди гана туюнткан. Кийин ал тизмек кыскарып, *йадак// йайдак* түрүнө келгенде, адепки сөзмө-сөз мааниси унутулуп, *жайдак* сөзү *жайдак ат, жайдак жер, жайдак* төш сыяктуу учурларда да колдоно турган боло баштап сөздүн алгачкы маанисин жана морфемалык курамын ажыратуу кыйындап кеткен.

ЖАЙЛА Эпостордо, жомоктордо жана бөлмуштарда дуба менен күндү жайлап, жайдын күнү кар жаадырган жадыгөйлөр болгону жөнүндө маалыматтар айтылат. Мындагы *жайла* сөзү *жай+ла* бөлүктөрүнөн турат. Анын *жай* үңгусу *жай таш* деген учурда айтылат. Бул *жай* сөзү байыркы түрк эстеликтеринде *йат* түрүндө айтылган (ДТС, 247). Ал иранча *джаду* сөзүнө туура келген (ПРС, 144). Байыркы түрктөр жана ирандар *йат ташын* дубалап, жайчы кишилер кар, жамгыр жаадырат деп ишенишкен. Кыргыз тилиндеги *жай таш, жайла, жайчы* сөздөрүнүн үңгусун түзгөн *жай* дегени байыркы түркчө *йат* сөзүнүн *т* тыбышы *й* тыбышына алмашуудан келип чыкса, *жадаа, жадыгөй, жадыгөр* деген учурларда иранча формасы сакталган.

ЖАЙЛОО Азыркы *жайлоо* сөзүн *жай+ла+оо* морфемаларына ажыратуу туура эмес. Ал *жай* деген зат атооч сөзгө *-ла* мүчөсү уланган *жайла* этишине зат атооч жасоочу *-к* мүчөсү жалгануудан келип чыккан (ДТС, 227). Аяккы *г* тыбышы үндүүгө айланышы созулма үндүүнүн пайда болушуна алып келген: *жайлак>жайлов>жайлоо.* Ал эми *г* тыбышы *к* тыбышына алмашуусунда *Ат-Жайлак* жайлоосунун аты жаралган.

ЖАК Бул *мага жакты* дегенде айтылган *жак* этиши байыркы түркчө *йак* «жакында, жуукта» (ДТС, 237) этишинен келип чыгат дешке болот. Анын мааниси кеңешинен жаңы мааниси келип чыгышы мүмкүн. Анткени байыркы түрк тилинде *йак* этиши «жакында» маанисин гана берген, ал кезде «жагуу» мааниси болгон эмес. Алгач аралыкка карата гана айтылган *йак* этиши кийин көңүлгө карата да айтыла турган болуп, колдонулушу кеңейип, ошол кезде ушундай мааниси келип чыккан. Жаңы мааниси пайда болгон соң байыркы *йак* этишинин биринчи маанисинде айтылышы унутулуп, кыргыз тилинде *жакын (<йак+ын)* сөзүндө өлүү үңгу түрүндө айтылып калган.

ЖАКШЫ Бул сөз *жак+шы* бөлүктөрүнөн куралган. *Жак* үңгусу байыркы түркчө *саг* «1) соо, 2) жакшы» (ДТС, 480) сөзүнүн *с* тыбышы *ж* тыбышына өзгөргөнү болуп эсептелет. Азыркы кыргыз тилинде сын атооч же тактооч маанисиндеги сөздү жасай турган *-шы* мүчөсү бул сөздөн башка *текши (<тек+ши)* сөзүндө да катышат. *Текши* сөзүндөгү *тек* үңгусу азыркы кыргызча *тең* сөзүнө барабар келет. Демек, *-шы* мүчөсү сын атоочтон же тактоочтон кайра эле ошондой сөз түркүмүн жасай турган мүчө экени даана көрүнөт. *Жакшы* сөзүндө да *йак* үңгусуна *-шы* мүчөсү уланып, кайра эле ошондой маани берген *жакшы* сөзү жаралган.

ЖАКЫН Азыркы кыргыз тилинде *жакын* сөзү морфемаларга ажырабайт, анткени үңгусу же мүчөсү кайсы экени белгисиз. Байыркы түрк тилинде *йак// йагу//йак//йаву* варианттарында айтылган этиш болгон. Ал азыркы кыргызча «жакында, жуукта, жуу» маанисинде колдонулган (ДТС, 224, 225, 237). Мына ошол этишке *-ын* мүчөсү жалгануудан *жакын* сөзү келип чыккан.

Ал эми *йагу//йаву* формасынан *жуу* этиши жаралып, андан *жуук (<йагу//йаву+к)* сөзү пайда болгон.

ЖАКЫР Кыргыз тилинде *жакыр* сөзү «кедей» маанисин берет. Мындай маани берген *бакыр* синоними араб тилинен кабыл алынса, *кедей, кембагал* сөздөрү иран тилинен келип кирген. Байыркы түрк тилинде *жакыр* же *жарды* сөзү мындай мааниде айтылган эмес, ал кезде *чыгай, чыган, йарлыг* сөздөрү кедей маанисинде кеңири колдонулган. Ошондуктан азыркы кыргыз тилиндеги *жакыр* жана *жарды* сөздөрдү

кийин пайда болгон сөздөрдүн катарына кошууга болот.

Азыркы кыргыз тилинде *жону жука* фразеологизми да «кедей» маанисин берет (Юдахин, 260). Ал эми «жоктун жону катуу, өгүздүн мойну катуу» деген макалда да кедейлик жон менен байланыштырылат. Ушуга негиздеп, *жакыр* байыркы түркчө *йагыр* «далы» маанисиндеги сөздөн келип чыккан дешке болот. Болжолу, ал кезде кедейликтин белгиси катары жонунда кийими жоктугу же жонун аябай кызмат кылуудан башка мал-мүлкү жоктугу эсептелген окшойт.

ЖАЛА Жаныбарлар тили менен жалайт. *Жала* сөзүнүн тил менен байланышы мындайча далилденет. Алтай тилинин куманды диалектисинде *дыла* түрүндө айтылган сөз алтай адабий тилиндеги *дала*, кыргыз тилиндеги *жала* сөзүнө туура келет (СИГТЯ, 63). Алтай тилинде сөз башындагы *д (дъ)* тыбышы кыргызча *ж (ж)* тыбышына туура келет. Мына ушул варианты алгачкы *тыла (<тыл+а)* сөзүнөн келип чыгышы мүмкүн. Байыркы түрк тилинде *тыл* сөзү азыркы кыргызча *тил* сөзүнө барабар мааниде колдонулган (ДТС, 266). Ошол сөзгө этиш жасоочу *-га* мүчөсү жалганып, *тылга* сөзү жаралган. Кийин сөз башындагы *т* тыбышы *д, й* тыбыштарына алмашса, мүчөнүн башындагы *г* тыбышы түшүп, *дылга>йалга>жала* сөзү келип чыккан.

ЖАЛАҢ Бул сөздү *жалкы, жалгыз* сөздөрүнө салыштырганда уңгусу *жал* экени, ал эми *-аң, -кы, -гыз* мүчөлөрү экени аныкталат. Бирок ошол *жал* уңгусу кандай маанидеги сөз экени азыркы түрк тилдери тургай, байыркы түрк эстеликтеринен да табылбайт. Ошондуктан *жалаң, жалкы, жалгыз* деген учурдагы *жал* уңгусунун мааниси жөнүндө болжолдоого гана болот.

ЖАЛАҢКЫЧ Бул сөздү *жан алгыч* деп айтса да болот. Ошол толук айтылган *жан алгыч* дегени алгачкы түрү болуп эсептелет, ал сөздүн *л* жана *н* тыбыштары орун алмашып, *жаланкыч* түрүнө келген. Кыргыз тилинде *н* тыбышы *г, к* тыбышынын алдына келип айтылганда дайыма *ң* тыбышына өтүп кеткендиктен, *жаланкыч* сөзү *жалаңкыч* болуп өзгөргөн.

ЖАЛБАР Кыргыз тилиндеги *жалбар, жалдыра, жалоору, жалын* этиштеринин уңгусу *жал* экенин, *-бар, -дыра, -оору, -ын* бөлүктөрү мүчөлөрү экенин бул сөздөрдү өз ара салыштыруу аркылуу оңой эле аныктайбыз.

Бирок азыркы түрк тилдеринде *жал* сөзү өзүнчө маани берген сөз болуп колдонулбайт. Кыргыз тилинде *жашоору* жана *жалоору* бирдей маани берет. Мына ушул *жашоору* сөзүнүн уңгусу *жаш* «көздүн жашы» — деп эсептесек, ага туура келген *жалоору* сөзү да *жал+оору* бөлүктөрүнөн турарын далилдейбиз.

Түрк тилдери сөз аягында *ш* жана *л* тыбыштарын алмаштырып айтуу боюнча барабар эмес эки топко бөлүнөт. Чубаш тили *л -чыл* топко кирсе, калган түрк тилдери *ш -чыл* топко кирет. Ошондой болсо да айрым *л-чыл* вариантта айтылган сөздөр *ш-чыл* тилдерде да сакталып калган. Жогорку *жалбар, жалдыра, жалоору, жалын* сөздөрүнүн уңгусун түзгөн *жал* бөлүгү азыркы күндөгү *жаш* «көздүн жашы» деген сөзгө туура келет. Чындыгында эле жалынып-жалбарган киши көзүнө жаш алып, жашып жиберери белгилүү.

ЖАЛБЫЗ Кыргызча *жалбыз* түрүндөгү сөз азербайжан тилинде *йарпыз* түрүндө айтылат. Бирок бул экөөнүн кайсынысын эң алгачкысы деп эсептебейли, сөздүн морфемалык составы кандай бөлүктөрдөн куралары азыркы кезде белгилүү эмес. Болжолу, бул сөз иранча *чахар-бар* «төрт кырдуу, төрт бурчтуу» (ПРС, 159) сөзүнүн тыбыштары *чарбор>йарбыз//йарпыз>жалбыз* болуп өзгөрүшүнөн келип чыккан. Анткени *жалбыз* гана эмес, *көкөмөрөн, сандык куурай, кийик от* сыяктуу жыпар жыттуу чөптөрдүн сабагы төрт кырдуу келет. Ушундай белгисине жараша иранча аты түрк тилдерине *йарпыз//жалбыз* болуп өзгөрүп кириши мүмкүн.

ЖАЛГА Байыркы түрк тилинде *йарлыка, йарлыгка, йарлыгга, йарылка* этиши болгон (ДТС, 242). Ал этиш *йар+лык+га* морфемаларынан куралган. *Йар* уңгусу азыркы кыргызча «жар чакыртты» деген учурда алигиче айтылат. Ошол уңгуга *-лык* мүчөсү уланып жасалган сөз *йарлык* түрүнө келип, «буйрук, жарлык» маанисин берген. Ага этиш жасоочу *-га* мүчөсү уланып, *йарлыкка* сөзү жасалган. Ал сөздүн тыбыштары кыскаруудан азыркы казакча *жарылка* түрүнө келсе, кыргыз тилинде сөздүн ортосундагы *р* тыбышы түшүп, *жалга* түрүнө келген. Алгачкы «жарлык кылуу» мааниси *жалга* түрү аркылуу туюнтулуп, сөздүн тыбыштык түзүлүшү бир топ өзгөрүп кеткен.

ЖАЛГАН *Калп, төгүн* сөздөрүнө маанилеш болгон *жалган* сөзү *жалга+н* бөлүктөрүнөн куралган. Анын *жалга* уңгусу «ула, кош» деген мааниде азыр да өзүнчө сөз катары колдонулат. Ошол этишке *-н* мүчөсү жалгануудан келип чыккан *жалган* алгач *сөз* деген сөз менен тизмектелип гана айтылган: *жалган сөз*. Кийин ал түшүрүлүп айтылса дале, мурдагы экөө биригип айтылгандай маани туюнтууга өткөн. Натыйжада *жалган* сөзү өзүнчө сөзгө айланып, кийин анын *жалган дүнүйө* деген сыяктуу учурда да айтылышына мүмкүнчүлүк түзүлгөн.

Алгачкы *жалган* сөзү бирөөнүн сөзүн өз калыбында өзгөртүүсүз айтпай, ага дагы башка сөздөрдү кошуп, улап айтканына карата гана айтылган. Кийин ал мааниси кеңип, «туура эмес, калп айтылган сөз» деген маани берип калган.

ЖАЛГЫЗ Бул сөз *жал+кы+з* морфемаларынан куралган. Анын *жал* уңгусу *жалаң* сөзүндө да катышат. Ал эми *-кы* мүчөсү *жалкы, эки* сөздөрүн өз ара салыштырганда аныкталат. Жогорку *жалкы, эки* сөздөрүнө *-ыз* мүчөсү уланганда *к* тыбышы жумшарып, *г* тыбышына өтөт: *жалкы+з — жалгыз, эки+з — эгиз*. Бул *-ыз* мүчөсү *сегиз, тогуз, отуз* сөздөрүндө да болушу мүмкүн деп эсептесек, анда ал сан атооч уюштуруучу мүчө дешке болот.

ЖАЛДА Тилибизде *жалчы* сөзү бар. Ошол сөз менен *жалда* этишин салыштырганда уңгусу *жал* экенин табабыз. *Жал* сөзү азыркы алтай, хакас тилдеринде «акысын төлөп бере турган иш, акы» маанисин берет. Кыргыз тилинде андай мааниси унутулуп, *жал* сөзү өзүнчө колдонулбай, *жалда, жалчы* сыяктуу учурда мүчөлөрдү кабыл алган түрү гана жашап калган. Ошондой болсо да *жал* сөзү жогоркудай мааниде кыргыз тилинде мурда колдонгон дешке болот. Антпесе зат атоочтон этиш жасоочу *-ла* мүчөсү жалганышынан келип чыккан *жалда* этиши да, кесипти билдирүүчү *-чы* мүчөсү уланып жаралган *жалчы* зат атооч сөз да пайда боло алмак эмес.

ЖАЛДЫРА Бул сөз *жал+дыра* морфемаларынан турат. *Жал* уңгусу «көз жаш» маанисиндеги сөз *(караңыз жалбар)*. Ошол уңгуга этиш жасоочу *-дыра* мүчөсү уланып, *жалдыра* сөзү келип чыккан. Мындай *-дыра* мүчөсү *шалдыра* «шал болгонсуп калуу», *далдыра* «дал болуп калуу» сөздөрүндө даана көрүнөт.

ЖАЛКЫ *К. жалаң, жалгыз.*

ЖАЛООРУ Бул сөз *жал+оору* морфемаларынан куралган. *Жал* уңгусу «көз жаш» маанисин берген (караңыз *жалбар, жалдыра*). Ага *-оору* деген сейрек учуроочу мүчө кошулуп, *жалоору* сөзү жасалган. Ушундай эле мүчө *жашоору* сөзүндө да *жал* уңгусунун *ш* тыбышы менен айтылган вариантында да кезигет. *Делөөрү* сөзүндө да ушул эле *-оору* мүчөсү катышышы мүмкүн.

ЖАЛПАК Кыргыз тилиндеги *жалпай, жалпакта, жалпалакта, жалпаңда, жалпалаңда* сөздөрдү өз ара салыштырганда, *жалпак* сөзү *жалп+ак* формаларынан куралганы оңой аныкталат. Бирок оңой аныкталган менен, *жалп* уңгусунун мааниси белгисиз бойдон калат.

Жалп уңгусунун маанисин аныктоо кыргыз тилиндеги башка сөздөрдүн уңгусунун мааниси менен тыгыз байланышып кетет. Алсак, кыргызча *жапалак арчаны* тик өскөн арчага салыштырганда, *жалпак арча* дегенге барабар келет. Жапалак мүйүздү тик мүйүзгө карама-каршы койгондо *жапалак мүйүз* дегенибиз *жалпак мүйүз* дегенге маанилеш болот. Демек, *жалпак* жана *жапалак* сөздөрү бирдей маани берет, алар бир эле сөздүн эки түрдүү варианты болуп чыгат. *Жапалак* жана *жалпак* варианттарындагы *пал* түрүндөгү тыбыштар *лп* болуп метатезаланып жана арасына *а* тыбышы кошулуп же түшүп айтылуудан эки түрдүү сөз жаралган.

Эң алгачкы түрүнө *жапалак* вариантындагы *жапал* уңгусу жакын дешке болот. Анткени ал уңгу *жапал<жапар<жапыр//жапыз* сөзүнөн келип чыгат. Алгач *жапыр//жапыз* сөзү синкретизмдик маани берип, сын атоочтук мааниде да, «жапыз кылуу» этишинин маанисинде да колдонулган. Кийин *жапыз* түрүндө *з* тыбышы менен айтылганы сын атоочтук мааниси менен айырмаланса, *р* тыбышы менен айтылган *жапыр* варианты этиш маанилүү сөзгө айланган. Ошол *жапыр* сын атооч маанисиндеги сөздөн *жапар (ы>а)* варианты жасалып, анын *р* тыбышы *л* тыбышына өтүүдөн *жапал* варианты жасалган. Мына ушул *жапал* түрү *жапалак, жапалдаш* сыяктуу сөздөргө уңгу болуп алынган. Ал эми *жапал* вариантынын *пал* деген тыбыштары *лп (<лап>пал)* болуп өзгөрүшүнөн *жалпак, жалпай* сөздөрүнүн уңгусун түзгөн *жалп* морфемасы пайда болгон.

Жогорку *жалпак* сөзүнүн *л* тыбышы *й* тыбышына өтүүдөн *жайпак* сөзү келип чыгышы мүмкүн. Антке-

ни *жалпак табак* менен *жайпак табак* экөөнүн маанисси бирдей. Ал эми *жалбырак* да *жапырак>жалбырак* дегенден келип чыгышы ыктымал. Даректын жалбырагы өзүнүн *жалпак* келген түзүлүшүнө карата ушундайча аталышы мүмкүн: *жапыр+ак>жабырак>жа-(л) бырак.*

ЖАЛЫН I «Жалдыра» маанисиндеги *жалын* этиши *жал+ын* бөлүктөрүнөн куралган. Анын *жал* уңгусу «көз жаш» маанисин берет (караңыз: *жалбар, жалдыра*). Ал эми *-ын* мүчөсү зат атоочтон этиш жасайт. Алсак, *камын* этиши «кам көрүү» маанисин берет.

ЖАЛЫН II. *Оттун жалыны* деген учурда айтылуучу *жалын* сөзү *жал+ын* морфемаларынан куралган. Байыркы түрк тилинде *йал* сөзү «күй», «ерттөн» маанисин берген (ДТС, 227). Ошол уңгуга этиштен атооч сөз жасоочу *-ын* мүчөсү жалганып, *жалын* сөзү жаралган. Азыркы кыргыз тилинде *жал* этиши андай мааниде колдонулбай, андан жасалган *жалбыртта, жалын* сөздөрү гана бар.

ЖАМА *Жыртыкты жама* деген учурда айтылган сөз азыркы кыргыз тилинде морфемалык составдарга ажырабайт. Тарыхый жагынан алганда бул сөз *жап+а* бөлүктөрүнөн куралышы мүмкүн. Мунун *жап* уңгусу — азыркы эле «эшикти жап» дегенде айтылган этиш, ага *-а* мүчөсү жалганган. Этиш сөзгө дагы эле этиш жасоочу *-а, -ла* мүчөлөрү улануудан көп кайталанган кыймыл аракетти туюнтат. Мисалы: *бур-бура, карма-кармала.* Ушул сыяктуу кубулуш да *жап* этишине *-а* мүчөсүн жалгангандан ишке ашкан. Бирок келип чыккан сөз «кайра-кайра жапкыла» маанисин эмес, «ачык жерлерди бириктирип жабуу» маанисин берип калган.

Уңгунун аягындагы *п* тыбышынан кийин дагы үндүү тыбыш уланганда, эки үндүүнүн ортосундагы катталаң үнсүз тыбыш жумшарып, *б* тыбышына өтүп, андан соң өзүнө окшош кош эринчил *м* тыбышына айланган. Натыйжада закон ченем боюнча *жапа* түрүндө боло турган сөздөн *жама* сөзү келип чыккан. Ошондуктан азыркы кыргыз тилиндеги *жап* этиши менен *жама* этишинин ортосундагы семантикалык жана генетикалык байланыш жок сыяктанып калган.

ЖАМААЧЫ Бул сөз мааниси боюнча *жамак, жамоо* сөздөрү менен бирдей. *Жамаакчы* сөзү *жама+к+чы* деген алгачкы калыбын өзгөртүп жиберген. Эң алгач *жама* этишинен келип чыккан *жамак* сөзү гана

болгон (ДТС, 231). Этиштен атооч жасоочу *-к* мүчөсү сөздүн аягында сакталып калган түрүнөн *жамак* сөзү жаралса, ал тыбыштын үндүүгө байланышынан *жамаа, жамоо* варианттары пайда болгон. Биринчи учурда *к* тыбышы алдындагы *а* тыбышына окшош үндүүгө айланып, *жамаачы* түрүнө келсе, экинчи учурда *к* тыбышы *г>в* болуп өзгөрүп, эринчил *в* тыбышынын регрессивдүү таасири астында алдындагы *а* тыбышы да эринчил *о* тыбышына өтүүдөн *жамов>жамоо* варианты жаралган.

ЖАМГЫР Байыркы түрк тилинде бул сөз *йагмур* түрүндө болгон (ДТС, 225). Мунун *йаг* уңгусу азыркы кыргызча *жаа* этишине туура келет. Ал эми *-мур* мүчөсү байыркы түрк тилинде сейрек кездешип, этиштен атооч сөз жасалган. Мисалы: *алмур* «ач көздүк» (ДТС, 658).

Байыркы *йагмур* сөзү жамгырдын жаашынан улам келип чыккан. Кийин *гм* тыбыштары орундарын алмаштырып, *мг* болуп өзгөргөн. Натыйжада *жамгыр* сөзүнүн *жаа* этиши менен байланышы жок сыяктанып калган.

Кыргыз тилиндеги жаа сөзү жамгырга, карга, мөндүргө карата түз маанисинде айтылып, өтмө мааниде «ок жамгырдай жаады», «туш-туштан кубаттаган сөздөр жаады» сыяктуу учурларда колдонулуп келген. Түркчө *йаг* сөзү байыркы монголчо *йаву* этишине тектеш. Байыркы монголчо *йаву* сөзү азыркы калмак тилинде *йов,* бурят тилинде *яба,* монгол тилинде *яв* түрүндө айтылат (Рассадин, 1952), 97). Бирок монгол тилдеринде бул сөздөр жамгыр, кар, мөндүргө карата айтылбастан, адамга, жаныбарларга карата колдонулат (КРС, 279, БРС, 793). Ушуга караганда байыркы түркчө *йаг* этиши да монгол тилдериндеги *йаву, йов, яба, яв* этиштери сыяктуу жалпы эле «жүр, бас, түш, мин» сөздөрүнүн маанисинде болгон. Алгачкы кеңири мааниси тарып, кийин түрк тилдеринде *йаг* этиши жамгыр, кар түшкөн учурга карата гана айтылууга өткөн.

ЖАМПА «Уйдун тезеги» же «кык аралаштырылып жайылган уйдун тезеги *жампа* аталат. Бул сөз *жап+ма* деген бөлүктөрдөн турат. Уйдун суюк тезегин кык аралаштырып дубалдын бооруна же кургатылып жыйылган көңгө чаптап койсо болот. Ошондуктан ал *жампа* делип аталган. Мында *жап* этиши «жабыш», «жабыштыр» дегенге жакын маани берет (ДТС, 235). Ошол этишке *-ма* мүчөсү улануудан *жапма* сөзү

келип чыккан. Кийин *пм* тыбыштары орундарын алмаштырып, *мп* түрүнө келип, алгачкы *жапма* сөзү *жампа* түрүнө келип калган.

ЖАМЫН Кыргыз тилиндеги *жамын* сөзү *жап+ын* морфемаларынан куралган. *Жап* этишине өздүк мамиленин *-ын* мүчөсү уланганда, эки үндүүнүн ортосундагы *п* тыбышы жумшарып, *б* тыбышына өтүп, андан соң өзүнө окшош кош эринчил *м* тыбышына алмашкан: *жапын>жабын>жамын.*

ЖАНДЫК «Жаныбар» маанисинде айтылган *жандык* сөзү *жан+дык* бөлүктөрүнөн куралган. Анын *жан* уңгусу иран тилинен кабыл алынган. Ал сөздү кабыл алганга чейин кыргыз тилинде *тын* деген сөз ошондой мааниде колдонулуп келген. Ислам динине кирген кезде иранча *жан* сөзүн кабыл алганда, *жан* сөзү мурдагы *тын* сөзүн сүрүп чыгарган.

Жан сөзүнө *-лык* мүчөсү жалганып, *жандык* сөзү жаралган. Бул мүчө азыркы кыргыз тилинде *-луу* болуп айтылат. Мисалы: *балалуу, жандуу.* Ал эми *жандык* сөзүндө байыркы абалына жакын калыбы сакталып, *-дык* бойдон калып, *к* тыбышы үндүүгө айланган эмес. *Жандык* сөзү азыркы *жандуу* деген сөзгө мааниси боюнча да, теги боюнча да туура келет.

ЖАНСЫЗ «Шпион» маанисиндеги *жансыз* сөзү кыргыз тилине араб тилиндеги *жасуз* «шпион» сөзүнөн өзгөрүлүп кабыл алынган (АРС, 158). Сөздүн ортосундагы *с* тыбышынын алдына *н* тыбышы кошулуп, *жансыз* түрүнө келип, ал сөз *жансыз (жаны жок)* деген башка сөзгө тыбыштык түзүлүшү боюнча окшош болуп калган.

ЖАНЫБАР Иранча *жанивар* сөзү кыргыз тилине *жаныбар* түрүндө кабыл алынган. Иран тилиндеги *-вар* мүчөсү кыргызча *-луу* мүчөсүнүн маанисин берет. Сөзмө-сөз которгондо *жанивар* сөзү *жандуу* дегенге туура келет. Кыргызча *бар* сөзүнүн тыбыштары иранча *-вар* мүчөсүнө өтө окшош, ошондуктан кыргыз тилиндеги *жаныбар* сөзүн *жаны+бар* деген эки сөздөн куралган деп натуура эсептөөгө да болот.

ЖАҢГАК Кыргыз адабий тилиндеги *жаңгак* сөзү кыргыз тилинин түштүк диалектисинде *жаңак* түрүндө айтылат. Байыркы түрк тилинде бул сөз *йагак* түрүндө колдонулган (ДТС, 224). Мына ушул байыркы түрүн алгачкысы деп эсептейбиз. Байыркы *йагак* сөзү *йаг+ак* морфемаларынан куралган. Анын *йаг* уңгусу — «май» маанисиндеги сөз, ага кичирейтүүчү

-ак мүчөсү кошулган. Ошондо келип чыккан *йагак* сөзү «майча» дегенге жакын маани берген сөз болгон.

ЖАҢЫР *Үн жаңырды* дегенде айтылчу *жаңыр* сөзү *жаңы+р* бөлүктөрүнөн турат. Анын *жаңы* уңгусу байыркы түрк тилинде *йаңгу* түрүндө айтылган (ДТС, 233). Ал *жаңырык* маанисин берген. Ошол *йаңгу* сөзүнүн өзү *йан+гу* бөлүктөрүнөн турат. *Йан* уңгусу азыркы кыргыз тилиндеги *жан* «кайтып келүү» этишине туура келет. Ага этиштен атооч жасоочу *-гу* мүчөсү улануудан *йангу* «кайтып жаңырган үн» деген маанидеги сөз жасалып, этиш жасоочу *-р* кошулганда *йангыр* этиши келип чыккан. Ал сөз кыргыз тилинде *жаңыр* түрүнө келген.

ЖАПАЛАК *к. жалпак.*

ЖАПЫЗ, ЖАПЫР Кыргыз тилинде *семиз* жана *семир* деген бир уңгудан чыгып, аяккы *з* жана *р* тыбыштары боюнча айырмаланып, эки түрдүү маани берген сөздөр бар. *Жапыз>жапыр* жана *көз>көр* сөздөрү да ушундай түгөйдү түзөт. Болжолу, байыркы кезде түрк тилинде *р* жана *з* тыбыштары менен айтылган варианттары бирдей маани берип, атооч жана этиш сөздүн маанисин туюнткан синкреттик сөз болгон. Кийин алардын маанисин айырмалоо үчүн *з* тыбышы менен бүткөн түрү атооч сөздү билдирип, *р* тыбышы менен аяктаган түрү этишти билдирип, экөө эки башка сөзгө айланган.

Бул түгөйлүү сөздөрдүн уңгусунун маанисин табуу кыйын. *Семиз* жана *семир* түгөйүнүн уңгусу *семи* деп алып, *-з* жана *-р* бөлүктөрүн мүчөсү дешке болбойт. Анткени *семи* деген өзүнчө сөз жок. Ошол сыяктуу эле *жапыз* жана *жапыр, көз* жана *көр* сөздөрүнүн уңгусу *жапы, кө* деп айтуу да мүмкүн эмес. Булардын уңгусу *семир, жапыр, көр* же *семиз, жапыз, көз* варианттарынын бири гана болгон.

ЖАРАК Азыркы кыргыз тилинде *жарак* сөзү «курал», «жабдык» маанисинде колдонулат. Бул сөз байыркы түрк тилинде *йарак* түрүндө «жоокердин үстүнө кийген баданасы, калканчы» маанисинде гана болгон (ДТС, 239). Байыркы *йарак* сөзү *йар+ак* бөлүктөрүнөн турушу, *йар* уңгусу «тери» маанисиндеги сөз болушу мүмкүн. Анткени азыркы кыргыз тилинде *тери-жары* деген кош сөздөгү *жары* сөзү жана *жарганат* сөзүндөгү *жар* сөзү «тери» маанисиндеги сөз. Ошол *жар* сөзүнө кичирейтүүчү *-ак* мүчөсү жалгануудан келип чыккан *йарак* сөзү «териче» же «тери сыяк-

туу нерседен жасалган буюм» маанисин билдирген сөз болгон. Байыркы кездеги калкандар, бадана менен чарайналар катырылган териден жасалгандыктан, алардын аты да терини билдирген *йарак* сөзү менен аталышы мүмкүн.

ЖАРГАК Жүнү алынып, жумшартып иштетилген тери кыргызча *жаргак* аталат. Бул сөз *жар*+*гак* бөлүктөрүнөн турат. Анын *жар* уңгусу — жогоруда *жарак* сөзүндө катышкан «тери» маанисиндеги сөз. Ага кичирейтүүчү *-гак* мүчөнүн уланышынан *жаргак* «териче» сөзү келип чыккан. Бул *-гак* мүчөсү *-ак* деген кичирейтүүчү мүчөнүн бир варианты дешке болот.

ЖАРГАНАТ Жука тери сыяктанган канаты менен учуп жүрүүчү чычкан сыяктуу жаныбарды билдирген *жарганат* сөзү *жар*+*канат* деген эки сөздүн биригишинен келип чыккан. Алдыңкы *жар* сөзү — «тери» же «жаргак» маанисиндеги сөз, ал эми *канат* сөзүнүн башкы тыбышы жумшарып, *ганат* түрүнө келген. Жарганаттын аты ал жаныбардын жаргак сыяктанган канатына байланыштуу келип чыккан.

Жар сөзүнүн варианты болгон *жары* түрү азыркы кыргыз тилинде *тери-жары* деген учурда айтылат. Мындагы *жары* сөзү *жаргак* сөзүнө жакын маани берет.

ЖАРДЫ «Кедей маанисинде байыркы түрк тилинде *йарлыг* сөзү болгон (ДТС, 242). Ал сөз *йар*+*лыг* морфемаларынан куралган. Сөздүн уңгусун түзгөн *йар* сөзү азыркы *жакыр* сөзүнүн байыркы түрү болгон *йагыр* сөзүнүн ортосундагы тыбыштары түшкөн түрү болуп эсептелет: *йагыр*>*йар*. Ал эми *-лыг* мүчөсү азыркы *-луу* мүчөсүнүн маанисин берет. Ошондо *жарды* сөзү азыркы кыргыз тилиндеги «далылуу» (далысынан башка эч нерсеси жок) деген маанидеги сөз болуп чыгат. Байыркы түрк эстеликтеринде *йагыр* сөзү «далы, жон» маанисин берген (ДТС, 224).

ЖАРМАШ Байыркы түрк жазууларында *йармаш* этиши болгон эмес, ал кезде *йап, йапшын, йапыч, йапыш, йапуш* варианттары *жармаш* сөзүнүн маанисин туюнта алган. Ошондуктан азыркы кыргыз тилиндеги *жармаш* этиши алгачкы *жабыш* сөзүнөн келип чыккан деп эсептөөгө болот. Ал эми *жармаш* сөзүн жасоо үчүн *жабыш* сөзүнүн ортосуна *р* тыбышы ашыкча кошулуп, *п* тыбышы *м* тыбышына, *а* тыбышы *ы* тыбышын алмаштырган: *йапыш*>*йарпыш*>*йармыш*>*жармаш*.

ЖАСАЛГА Түрк тилдериндеги *жаса* этиши монгол тилинде да *заса* түрүндө келип, бул тилдерге орток. Монгол тилинде *заса* этишине зат атооч жасоочу *-л* мүчөсүн жалгоо женен жасалган *засал* сөзү кыргызча *жасалга* сөзүнүн маанисин берет. Мындай кубулуштар кыргыз тилинде да бар. Алсак, *болжо — болжол, жырга — жыргал, куура — куурал* деген учурларда этишке *-л* мүчөсү жалганып зат атооч сөз жасалат. Ал эми *жасалга* деген учурда *-л* мүчөсүнүн уланышы менен чектелбестен, андан кийин *-га* мүчөсүн дагы кошууга туура келген. Натыйжада *жасалга* сөзү *жаса* уңгусунан жана *-лга* мүчөсүнөн куралган өңдөнүп, ал кыргыз тилиндеги *табылга, токулга* деген учурда катышкан *-лга* мүчөсүнө окшош болуп калган. Чындыгында *жасалга* сөзү *жаса*+*л*+*га* деген бөлүктөрдөн турат. Мындагы *-га* мүчөсү этиштен зат атооч жасоочу өзүнчө мүчө болуп эсептелет. Аны *тутка* (<*тут*+*ка*) деген сөздөн даана байкоого болот. Ошондо *жасалга* сөзүндө этиштен зат атооч жасоочу *-л* жана *-га* мүчөлөрү катар кошулган деген тыянак келип чыгат.

ЖАТАЛАК Жаткызып-тургузуп ооналактата берүүчү жылкынын оорусу *жаталак* делет. Бул сөз *жат*+*ала*+*к* деген бөлүктөрдөн турат. *Жат* уңгусуна кыймыл-аракеттин көп кайталанышын туюнткан *-ала* мүчөсү кошулган. Мындай мүчө *куу — кубала, теп — тебеле, сеп — себеле* сыяктуу учурларда кездешет. Ошол мүчөдөн кийин атооч жасоочу *-к* мүчө уланып, жаталак сөзү келип чыккан.

ЖАШ АЯЛМЕТ Жетиле элек жаш балалуу-чакалуу кишини *жаш аялмет* деп коёбуз. Бул сөз *жаш*+*аялмет* деген эки сөздөн турат. Биринчи сөз кыргыздын өз сөзү болсо, *аялмет* иран тилинен кабыл алынган. Иран тили арабча *аял* сөзүн «бүлө» маанисинде кабыл алып, ага *-манд* (ТаджРС, 542) мүчөсүн кошкон. Ал мүчө кыргызча *-луу* мүчөсүнө туура келет. Ошондо *жаш аялмет* сөзү «жаш бүлөлүү, жаш бала-чакалуу» маанисиндеги сөз болуп чыгат.

ЖАШООРУ «Ыйламсыроо» маанисиндеги *жашоору* сөзү *жаш*+*оору* бөлүктөрүнөн куралган. Анын *жаш* уңгусу — «көздүн жашы» маанисиндеги сөз. Ошол сөзгө этиш жасоочу *-оору* мүчөсү жалганып, *жашоору* сөзү келип чыккан. «Көзүнө жаш алып сурануу, арыз-муңун айтуу» маанисиндеги сөз өзүнүн ке-

лип чыгышына туура келет. Анткени жашооруган киши чынында эле көзүнө жаш алып жиберет.

Кыргыз тилиндеги *жалоору, жалдыра, жалын, жалбар* деген этиштердеги *жал* уңгусу *л* тыбышы менен айтылган *жаш* сөзүнөн келип чыгат. Байыркы кезде *жаш* сөзү *жал* түрүндө да айтылган. Ошол кезде жогорку этиштер жасалган.

ЖАШЫЛ Бул сөз *жаш* уңгусунун, *-ыл* мүчөсүнөн турарын алтай тилиндеги *йажар (<йаш+ар)* этишинен көрүүгө болот. Алтайча *йажар* этиши «жашыл түскө кел, жашыл бол» маанисин берет. Бул болсо *кызыл* деген сын атоочтон этиш жасалганда кыргыз тилинде да *кызар (<кыз+ар)* болоруна абдан окшошот. Алтайча *буурул* сын атоочунан да *буурай* этиши жасалат. Демек, *жаш, кыз, буур* уңгулары экени, аларга *-ыл* мүчөсү жалганганы даана болот.

Жаш уңгусунун, *-ыл* мүчөсүнүн кандай маани берерин мындайча түшүндүрүү мүмкүн. Кыргыз тилинде *чийки* деген сын атооч бар. Ага *-л* мүчөсүн жалгасак, *чийкил* сөзү «чийки эт сыяктуу түс» деген маани берет. Буга караганда *-ыл* мүчөсү сын атоочтон өндүтүстү билдирген сөз жасай турган мүчө экени көрүнөт. Ал эми *баш* сөзүнө *-ыл* мүчөсүн кошуп, *башыл* десек (мисалы: *кара башыл кой, ак сары башыл эчки),* анда зат атоочтон сын атооч маанисин билдирген сөз жасалат. *Төбө* сөзүнө жалганганда да ошондой болот. Мисалы: *боз төбөл үй, бой төбөл кийинген киши.* Ал эми *жаш* уңгусу болсо өзү эле азыркы «жашыл» сын атоочунун маанисиндеги сөз болгон. Ансыз алтайча *йажар (<йаш+ар)* этиши жасалбас эле. Байыркы түрк сөздөрүндө *йаш* сөзүнүн өзү эле «жашыл» маанисин бергени жогорку пикирлерди кубаттайт (ДТС, 145).

ЖАШЫН Кыргыз тилиндеги *жашын* жана *жашыр* сөздөрүн өз ара салыштырганда, *-ын, -ыр* мүчөлөрү экени, *жаш* уңгусу экени аныкталат. Бирок азыркы кыргыз тилинде *жаш* этиши колдонулбайт. Байыркы түрк тилинде болсо *йаш* этиш сөзү азыркы кыргызча *жашын* сөзүнүн маанисин берген (ДТС, 246).

Мезгилдер өтүшү менен кыргыз тилинде *жаш* этиши колдонулуудан чыгып, унутулган. Бирок мурда ошол этиштен жасалган *жашын, жашыр* формалары сакталып калган.

ЖЕБИРЕ Бул сөз мааниси боюнча да, чыгыш теги боюнча да *бежире* сөзүнө уңгулаш. Алардын *б* жана *ж* тыбыштары орундарын алмашып жайгашуудан бирдей маанидеги *бежире* жана *жебире* сөздөрү жаралган. Булардын алгачкысы *бежире* түрү дешке болот.

ЖЕЛДИК Токулганын биринен болгон *желдик* сөзүн *тердик* сөзү менен салыштырып, *тердик* сөзү *тер+дик* бөлүктөрүнөн турарына таянып, *желдик* сөзүн да *жел+дик* деген морфемаларга ажыратууга болот. Бирок мунун *жел* уңгусунун мааниси эмнени билдиргени белгисиз бойдон калат. Кыргыз тилинин түштүк диалектисинде *желдик* сөзү *жагелдирик (жәгәлдирик)* болуп да айтылат (Юдахин, 210). Ушуга караганда сөздүн алгачкы формасы *жагалдырык* түрүндө болгон деп эсептөөгө мүмкүнчүлүк берет. Сөздүн уңгусун түзгөн *жагал* сөзү алгачкы *такал* этиши болгон. Сөз башындагы *т* тыбышы *й* тыбышына өтүшүнүн натыйжасында *такалдырык* деген сөз *йакалдырык> йагалдырык>йәгәлдирик>желдик* болуп өзгөргөн.

Желдиктин жээги кырданып, саал дөмпөйүп турат. Ошондуктан ээр ал кырууга такалып, алга же артка жылып кетпей, ээрдин эки капталы менен бирге болот. Кыргыздын «найза саймак эрдиктен, ат жоорутмак тердиктен» макалы кыруусу начар тердиктен ээр чыгып кетишине же тердиктин жука жасалышына байланыштуу айтылган.

Сөзүндүн аягында келген *-дырык* мүчөсү кыргыз тилинде *көмөлдүрүк, тамандырык, кычкылдырык, сагалдырык, моюнтурук, кескелдирик, бөлтүрүк, көкүлдүрүк, булдурук, чымылдырык, түйүлдүрүк, кыпчылдырык* сыяктуу сөздөрдө кездешет. Айрым сөздөрдө *-дырык* мүчөсүн кыскартып, *-дык* түрүндө айтууга да болот. Мисалы: *суулдурук — суулук, чымылдырык — чымылдык, кашкалдырык — кашкалдык, кычкылдырык — кычкылдык, кыпчылдырык — кыпчылдык, кычкылдырык — кычкылдык* ж. б. Ушуга караганда азыркы кыргыз тилиндеги *-дырык* жана *-дык* мүчөлөрү чыгыш теги боюнча бирдик түзөт.

ЖЕЛЕ Кулун байлаган *желе* менен *жөргөмуштун желеси, чымчыкка желе тарт* деген учурдагы *желе* сөзүнүн эң алгачкы мааниси «тузак сыяктуу илмек» болушу мүмкүн. Анткени азыркы чуваш тилинде *йала* сөзү «тузак», «илмек» маанисинде гана айтылат (ЧРС, 120). Ушуга караганда алгачкы мааниси ал тилде сакталып кала берген. Кийин *желе* сөзүнүн мааниси кеңейип, «тузак» гана эмес, ага окшош жасалган нерсе-

лерди, маселен, «кулундун желесин» туюнтуп калган.

ЖЕЛМАЯН Төөнүн ургачысынан чыккан күлүгүн *желмаян* деп коёт. *Мая* сөзү «ургаачы төө» маанисинде казак, өзбек тилдеринде колдонулат. Кыргыз тилинде анын аягына артык баш *н* тыбышы кошулуп, *маян* түрүнө келген. Кыргыз тилинде *жел* сөзү айрым сөздөрдүн астына келип айтылат: «жел таман» десек, «көп басканды жакшы көргөн, бир жерге тура албаган» деген маани берет. *Жел өпкө* десек, «мактанчаак» деген маанини түшүнөбүз. *Желмаян* сөзүндө да *жел* сөзү «желдей сызган күлүк» деген маани берет.

ЖЕНТЕК Кыргыз адабий тилинде жана көпчүлүк говорлорунда *жентек* түрүндө айтылган сөз Талас өрөөнүндө *жээнтек* болуп айтылат. Жаңы төрөлгөн баланын тай энеси май жана талкан алып келип, аны сшол айылдагы кишилерге таратып берет. Май кошкон талкан *жээн табак* аталат. Той берген учурда да *жээн табак* аттуу табак ар бир жээнге өзүнчө тартылат. Ушуга караганда алгачкы *жээн табак* деген сөздөр биригип, ортосундагы тыбыштары түшүп, *жээнтек* түрүнө келип, кийин созулма үндүүсү да кыскарып, *жентек* болуп калган.

ЖЕҢКЕТАЙ Кыргызча демейде *жеңе* болуп айтылган сөз бул жерде *жеңке* түрүнө келет. Ага кошулган *той* сөзү *тай* түрүнө келип, *жеңкетай* сөзү жаралган. Болжолу, кыздын жеңелерин сыйлап, аларга той сыяктантып бир нерсе берүү салты кыргыз элине казак, татар элдеринен келген окшойт. Аны *жеңкетай* деген сөздүн өзү айтып турат. Анткени кыргызча *жеңе* сөзү казак, татар тилдеринде *жеңге* түрүндө айтылат.

ЖЕТЕЛЕ Тарыхый жагынан алганда *жетеле* этиши *жет+еле* морфемаларынан куралган. Байыркы түрк тилинде *йет* этишинин өзү эле «жетеле» маанисин берген (ДТС, 253). Ошол уңгу сөз кыргыз тилинде байыркы калыбында сакталбай, ага кыймыл-аракеттин көп кайталанганын билгизе турган *-ала* мүчөсү жалганган түрү менен бирге айтылганы гана колдонулуп калган. Ал эми *жетек, жетекчи* сөздөрүндө этиштин зат атооч жасоочу *-ак* мүчөсү жалганып, *жетек* сөзү жаралган.

ЖЕТИГЕН Асмандын түндүк тарабында турган чөмүч сыяктанган формадагы жарык жылдыздардын тобунун атын билдирген сөз *жети+хан* деген эки сөздүн биригишинен келип чыккан (Щербак, 1961, 102). Алтай тилинде жылдыз болуп калган *жети хан* жө-

нүндөгү легенда алигиче айтылат. Алгачкы *жети+кан* сөздөрү бириккенде *к* тыбышы жумшарып, *а* тыбышы алдыңкы үндүүлөрдү ээрчип *э* тыбышына өзгөргөн: *жети кан>жетиген.*

ЖИБЕК Эң ичке, бирок бекем булалардан турган нерсени *жибек* дейбиз. Ал *жип+ек* деген бөлүктөрдөн турат. *Жип* сөзүнө кичирейтүүчү *-ек* мүчөсүн кошкондо келип чыккан *жибек* сөзү «жипче, ичке жип» деген мааниде болгон. Азыр болсо андай байланышы унутулуп, *жибек* сөзүнүн *жипке* байланышы жоктой болуп калган.

ЖИБЕР Азыркы кыргыз тилинде *Балаңды мага жиберип жибер* деп айтууга болот. Мындай учурда *жибер* сөзү эки кайталанат. Анын бири — негизгиси, экинчиси жардамчы этиштик милдет аткарат. Мына ушул *жибер* сөзүнүн өзү *ийип+ер* деген эки этиштин биригишинен турат. *Ий* сөзү байыркы түркчө *ид* этишине туура келет. Ал этиштин өзү эле азыркы *жибер* этишинин маанисин берген (ДТС, 217). Ага чакчыл *-ып* мүчө жалганган түрү кыргызча *ийип* болуу керек эле. Бирок анын алгачкы *и* тыбышы түшүп, *й* тыбышы *ж* тыбышына өткөн. Ага *ий* этишинин *ир* түрүндө айтылган варианты жалганып, *жибер* сөзү келип чыккан. *Ырдап ий, ырдап ир, ырдап жибер* деген сөздөрдүн мааниси бирдей болушу да ушундан. *Ир* жана *ий* этиштери өз ара бир эле сөздүн вариантгары болсо, *жибер* дегени ал экөөнүн биригишинен келип чыгып, мааниси боюнча кайра эле аларга бирдей болуп калган.

ЖИГИТ Кыргызча *жигит* сөзү эр жеткен уландарга карата айтылат. Алтай тилинде *йиит кыс* деп, бойго жеткен кыздарга карата да колдоно берүүгө болот. Мына ушул *жигит* сөзү байыркы түркчө *йетик* сөзүнүн *т* жана *к* тыбыштары орун алмаштырып, метатезаланган: *йетик>йекит.* Эки үндүүнүн ортосундагы *к* тыбышы кыргыз тилинде жумшарса, алтай тилинде түшүп калган: *йегит>йигит, йиит.* Жигит болгондо адам балалык доорду өткөрүп, жетилет. Чоңоюп калган уулдарга карата *жигит болуп калыптыр* деп айтышыбыз бекеринен эмес, *жигит* сөзүнүн өзү *жет+ик* морфелаларынан куралган. Эр жеткен же бойго жеткен кез баланын жетилгени болот. Ошондуктан *жигит* сөзү алгачкы *жет* сөзүнө зат атооч жасоочу *-ак* мүчөсү улануудан жаралып, жетилген курагына туура мүнөздөмө катары айтылган сөз болгон.

ЖИЙИРКЕН Кыргызча *жийиркен* сөзү татар тилинде *жирен* түрүндө келет. Бул сөздөрдүн алгачкы үңгусу — байыркы түркчө *йер* (азыркы кыргызча *жери*) деген сөз (ДТС, 257). Ошол *йер* этишинен *йерик//жерик* «вкусовые капризы беременных женщин» (Юдахин, 251) сөзү жаралган. Кайра андан этиш жасаганда *жерикен* түрүндөгү эмес, *жеркен* этиши келип чыккан. Ошол *жеркен (жерик+ен)* этиши кыргыз тилинде *жийиркен* түрүнө келген. Татар тилинде болсо *й* тыбышы кошулбастан, *к* тыбышы түшүп, *жирэн* түрү жаралган (ТатРС, 767).

ЖИЛИК Байыркы түрк тилинде *йилик* сөзү «жиликтин ичиндеги чучугун» (ДТС, 261) билдирсе, азыркы кыргыз тилинде ичинде «чучугу бар сөөктү» билдирет. Мындай болушу *жилик* сөзүнүн келип чыгышы менен тыгыз байланыштуу. Анткени азыркы *жилик* сөзү байыркы *йаглык* «майлуу» (ДТС, 225) сөзүнөн жаралган. Алгачкы *йаглык* сөзүнүн *а* тыбышы *э* тыбышына алмашып, ал сөз өз кезегинде *и* тыбышына өтүүдөн жана *г* тыбышы түшүшүнөн *жилик* түрүнө келген. «Майлуу» делип жиликтин өзү же анын ичиндеги чучугу атала бериши мүмкүн болгондуктан, *жилик* сөзү түрдүүчө маани берип калган.

ЖОБУРА Бул сөз *божура* этишине маанисин боюнча туура келет. Анткени *жобура* жана *божура* этиштери *ж* жана *б* тыбыштарын орун алмаштырып айтуудан келип чыгат да, экөө тең алгачкы бир сөздүн эки түрдүү варианты болуп эсептелет.

Алгачкы түрү *божура* деп эсептесек, ал *божур+а* морфемаларынан куралат. Үңгусун *божур* деген тууранды сөз түзөт, ага этиш жасоочу *-а* мүчөсү уланып, *божура* сөзү жасалган. Кийин *б* жана *ж* тыбыштарын орундарын алмаштырып жайгашуудан *жобура* түрү келип чыккан.

ЖОГОРУ Кыргыз тилиндеги *тышкары, ичкери* сөздөрүнө салыштырып, *жогору* сөзүн да *жо+гору* морфемаларына ажыратууга болор эле. Бирок *жо* үңгусу өзүнчө маани берген сөз болуп колдонулбайт. Байыркы түрк тилинде *йок* сөзү «бийик жер» маанисин берген (ДТС, 273). Андан *йокару* сөзү жасалган. Мындай болгондо *жогору* сөзү *йок+ру* морфемаларынан куралат. Үңгуга багытты билдирген *-ру* мүчөсү уланганда, үңгу менен мүчөнүн ортосуна үндүү тыбыш ашыкча кошулган. Натыйжада *йок+ру* формасынан *йокару>жогору* жаралган.

ЖОЛБОРС Илбирс, арстандан жолборсту айырмалап турган белгиси — анын жол-жол болгон ак менен кызыл түс аралашкан темгили. Ошондуктан бул жырткыч *жолбарс* аталып, *барс* сөзүнүн *а* тыбышы *жол* сөзүндөгү *о* тыбышына үндөшүп кетишинен азыркыдай *жолборс* түрүнө келген.

ЖОЛТОЙ *Ак жолтой, кара жолтой* сыяктуу учурда айтылуучу *жолтой* сөзү *жол+той* бөлүктөрүнөн куралган. Анын *жол* үңгусу — «бакыт, таалай, ырыс» деген маанидеги сөз. Монгол тилинде *зол* сөзү «бакыт» манисин берет (МРС, 197). Ал эми *-тай* мүчөсү монгол тилинде кыргызча *-луу* мүчөсүнүн маанисинде колдонулат. Ошондо *жолтой* сөзү «бактылуу» маанисиндеги сөз болуп чыгат.

Кыргыз тилинде *жол* (баса турган жол) сөзү менен *жол* «бакыт» сөздөрүнүн тыбыштык түзүлүшү бирдей болгондуктан, алар бир сөз катары кабыл алуу үстөмдүк кылып кеткен. Ошондуктан *жолуң болгур!, жолдуу* деген сөздөр өзүнчө омонимдер катары тааныльбай, бир сөздүн уясында жайгаштырылып, котормо жана түшүндүрмө сөздүктөрдө өзүнчө белгиленбей келүүдө.

ЖОНГУЧКА Айрым жерлерде *жонгучка//жоңгурчка//жоңучка//жонуска* түрүндө айтылган сөз башка түрк тилдеринде да бар, ал сөз иранча *беде* деген сөз түрк тилдерине кабыл алынганга чейин түрктөр колдонулуп келген сөзү болгон. Ал *йорунчка* түрүндө айтыларын XI кылымда Махмуд Кашгари белгилеген. Ошол кездеги *йорунчка* сөзү азыркы кыргыз говорлорундагы *жонгучка* деген сөздүн *жонгурчка* болуп айтылган түрүнүн *н* жана *р* тыбыштары гипертезаланган варианты болуп эсептелет. *Жонгучка* сөзү *жонгуч+ка* бөлүктөрүнөн турат, *жонгуч* деген үңгусу азыркыча «мингич, жылкы» дегенге туура келет, ал эми *-ка* мүчөсү—*чычырканак, алтыгана, караган* деген сөздөрдө *-канак, -гана, -ган* түрүндө уланган мүчөнүн кыскарган варианты. Жалпысынан *жонгучка* «жылкы жечү чөп» дегенге жакын маани туюнткан. *Жонгуч* үңгусу байыркы түрк эстеликтериндеги *йонт* «жылкы» деген сөзгө туура келет. Алгач *йонгут* деген сөз болгону болжолдонот, ал «мингич» дегенди билдирген. Сөздүн аягындагы *т* тыбышы *ч* тыбышына өтүүдөн кыргыз тилиндеги «мингич» келип чыкса, байыркы түрк эстеликтеринде *-гут* мүчөсү башкы тыбыштарын

түшүрүп, *-т (д)* түрүнө келип, *йонт//йунд* сөзү келип чыккан.

ЖОНКОН Бул сөз *жонконуңду кий, жонконун бермек беле* деген сыяктуу учурларда айтылып, эч нерсеси жок болсо деген контекст менен бирге келет. Ушундай учурда *жонкон* деген сөздү *жон тери* деген тизмек менен алмаштырып, *жон териңди кий, жон терисин бермек беле* деп айтууга болот. Алмаштырып айтылган *жон тери* деген сөз тизмеги түшүнүктүү болуп тургандыктан, *жонкон* сөзүнүн келип чыгышы ага салыштырылып, оңой эле далилденет. *Жонкон* алгачкы *жон+көн* деген эки сөздүн биригишинен жаралган, *жону-жон, көну-тери* маанисиндеги сөз. Азыр деле өзүнчө айтылган *көн* сөзү алдындагы *жон* сөзүндөгү *о* тыбышына карата *ө* тыбышын өзгөртүп жиберип, *кон* түрүнө келип калган.

ЖООЛУК *Жоолук* сөзү азыр негизинен аялдар башына салына турган төрт чарчы кездемени же токулган буюмду билдирет. Бирок сөздүн өзүнүн келип чыгышы «майлык» маанисиндеги сөзгө туура келет. Алгачкы «майлык» мааниси өсүп отуруп азыркыдай мааниге ээ болгон. Андай болушунда *кол жоолук, суу жоолук* сыяктуу баскычтарды басып өтүшү мүмкүн. *Кол жоолук* «кол аарчый турган», *суу жоолук* «суу сүртө турган жоолук» дегенди билдирери даана сезилип турат. Алгач *йаглык* сөзү жалаң эле колдун майын сүртүүгө арналган буюм болсо, кийин ал майы жок эле «колду сүртө турган сүлгү» деген маани берип калган. Таза болгон соң *сулгу* сыяктуу материалды деле башына салына берсе болот. Негизгиси көлөмү бирдей болгондуктан, кол сүргүдөн башка салына турган жоолук деген маани келип чыккан.

Азыркы түрк тилдеринде бул сөз мындай маанилерде которулат: уйг. *йаглик* «салфетка», өзб. *еглик* полотенце», түркм. *йаглык* «большой носовой платок», «платок *(для вытирания рук),* караим. *йавлук* «платок, аз. *йайлык* «головной платок», ккал. *йавлык* «большой белый платок». Бул мисалдар алгачкы *майлык* маанисинен башка салына турган кийим маанисине өсүшүн даана көрсөтөт.

ЖООН Турция тилинде *йог* этиши *«коюл, коюулан, кат, ныкта»* маанисинде алигиче айтылат (ТурРС, 929). Ага этиштен сын атооч жасоочу *-н* мүчөсү уланып *йогун* сөзү жасалып, «коюу, тыгыз» маанисин да туюнтат. Башка түрк тилдеринде *йог* этиши сакталып

калган эмес. Бирок андан келип чыккан *жоон* сөзү көпчүлүк түрк тилдеринде колдонулат. Ушуга караганда байыркы кезде *йог (йок)* этиши бардык эле түрк тилдеринде болгон, андан *йогун (>жоон)* сөзү келип чыккан. Кийин ал этиш унутулуп, андан жасалган сөз гана жашап кала берген.

ЖООР Байыркы түрк жазууларында *йагыр* сөзү «далы» маанисин берген (ДТС, 224). Ошол сөздү *жаурын* түрүндө азыркы казак тили колдонот. Аны алтайлыктар *йарын* түрүнө айландырып алышкан. Кыргыз тилинде болсо анын ордуна *далы* сөзү колдонулса, өзбекче *кўрек* айтылат. «Манас» эпосунда *жарынчы* делип далы менен төлгө тарткан кишилер аталат.

Байыркы *йагыр* сөзүнүн өзгөргөн түрү кыргыз тилинде *жоор* түрүндө сакталып калган. *Жоор* сөзү азыркы кыргыз тилинде ээр токум сүрүп, өйкөп коюшунан пайда болгон жараны билдирет. Мына ошол маани «далы» дегенден келип чыгышы мүмкүн. Анткени көп кыймылда болуп жүргөн, анын үстүнө дөңчө болуп турган далынын башы ээр токумга урунду болуп, көбүнчө жарага айланып кетет. Мына ошондуктан ал жара аттын кайсы жери өйкөлгөнүн билдирүү үчүн *йагыр* сөзү менен аталып, кийин анын мааниси кеңип, далыдан башка жердеги өйкөлгөн жерди да билдирип калган. Ошондуктан азыр *далы жоор, өркөч жоор* деп, кайсы жери жоор болгонуна жараша айырмалап айтууга мүмкүн болуп калган.

ЖООШ Азыркы кыргыз тилиндеги *жоош* сөзү тубаса уңгу болуп эсептелет. Тарыхый жагынан алып караганда бул сөз уңгу менен мүчөлөргө ажырайт. Байыркы түрк тилинде *йавал* этиши «жоошу» маанисин берсе, *йаваш* сөзү «жоош, үйрөтүлгөн, азоо эмес» маанисин билдирген (ДТС, 218). Ал кезде *йавал* этишинен *йаваш* сөзү келип чыкканы даана көрүнүп турган. Азыркы түрк тилеринде *йавал* этиши унутулуп, андан жасалган *йаваш (жоош)* сын атоочу гана сакталган. Бул *жоош* сөзү азыркы *окшо* этишинин *окшош* деген сын атооч жасалган сыяктуу жол менен *жава* этишине сын атооч жасоочу *-ш* мүчөсү жалганууудан келип чыккан. *Жаба* уңгусу *жубат* этишинин уңгусун түзгөн *жуба* менен уңгулаш болушу мүмкүн.

ЖОРГО Тарыхый жагынан алганда *жорго* сөзү *жор+го* бөлүктөрүнөн турат. Анын *жор* уңгусу байыркы түркчө *йор//йоры* этишине туура келет да, азыркы *жүр, бас* сөздөрүнүн маанисин берет. Байыркы түркчө

йорыга сөзү азыркы кыргыз тилинде *жорго* болуп айтылат. Азыркы кезде деле *жүрүштүү ат, жорго жүрүшү бар, басыктуу ат* деп жорго чалыш аттарды айтабыз. Байыркы кезде «басык», «жүрүш» маанисиндеги *йорыга* сөзү аттын желип же арыштап чуркаганына караганда өзгөчө жүрүшүн — жоргосун, билдирүү үчүн колдонулган.

ЖОРУ Байыркы *йагыр* «далы» сөзү «жору этишинде *жор* түрүнө келген. *Түш жору* деген учурда айтылчу бул *жору* этиши *йагыр+ы* курамынан келип чыгат. Анткени байыркы түрктөр, монголдор койдун далысын отко салып күйгүзүп, ошонун жаракаларынын таралышына жараша бир нерселерди чечмелеп айткан. Азыркы күнгө чейин далынын ар бир кырына, чуңкуруна, түз жерине карап, мал ээсинин, «мунусу мындай, анысы андай болот экен» деп айтуучуларды жолуктурууга болот. Бир нерсени билүүнү байыркы бабаларыбыз далыга таянып жүргүзүшүнүн негизинде, далыны билгизген *йагыр* сөзүнө этиш жасоочу *-ы* мүчөсүн кошуудан *йагыры* сөзү келип чыккан. Анан ортосундагы *г* тыбышынын түшүшүнөн *жоору* түрү жаралып, созулма үндүүсү кыска үндүүгө айланышынан *жору* түрүнө келген.

ЖОРУПТА «Эгинди сапырганда чыккан чар-чурларды улам тазалап туруу» маанисинде *жорупта* этиши айтылат. Бул сөз *жоруп* уңгусунан жана этиш жасоочу *-ла* мүчөсүнөн турат. *Жоруп* сөзү иранча «шыпыргы» маанисин берет (ТадРС, 319). Кыргыз тилинде *жорупта* этиши ошол сөздөн келип чыккан. Бирок кыргыз тилинде *жоруп* сөзүнүн өзү «шыпыргы» маанисинде эмес, «эгинди сапырганда чыккан чар» маанисинде колдонулат.

ЖӨКӨР Монголчо *нөкөр* сөзү кыргызча кабыл алынган сөз ошол эле түрүндө да, башкы *н* тыбышын *ж* тыбышына өткөрүп, *жөкөр* түрүндө да айтыла турган болуп кеткен. Ошондуктан бир эле сөздүн эки түрдүү варианты колдонулат. *Жөкөр* варианты *жан* сөзүнө тизмектешип *жан жөкөрү* түрүндө айтылат. Бул *жан жөкөр* тизмеги мааниси боюнча *жан жолдош* дегенге туура келет.

ЖӨНӨ Бир жакка жөнө деген учурда айтылуучу *жөнө* этиши *жөн+ө* деген бөлүктөрдөн турат. Анын *жөн* деген уңгусу азербайжан тилинде *йөн* түрүндө айтылып, «оң, оң жак, алды жак, багыт» деген маани берет (АзРС, 197). Бул сөз кыргызча *оң* деген сөзгө

тектеш, азербайжан тилинде *ң* тыбышы жок, ошондуктан анда *йөн* болуп айтылат. Азербайжан тилинде сөздүн башына *й* тыбышы да кошулган сыяктанып көрүнөт. Кыргыз тилинде да *жөнө* этишинин болушу байыркы кезде *оң* жана *йөн* деген эки түрдүү вариантты кошо жашаган деген ойго алып келет. Мына ошол *йөн* сөзүнө этиш жасоочу *-а* мүчөсү жалганып, *жөнө* «бет алган жагына багыт алуу» деген этиш келип чыккан.

ЖӨНӨКӨЙ Бул сөз *жөн+өкөй* бөлүктөрүнөн турат. Анын *жөн* уңгусу азыркы кыргыз тилинде өзүнчө сөз болуп айтылат. Мисалы: *Бул-жөн маселе эмес, татаал маселе.* Бирок ага уланган *-акай* мүчөсү сейрек учурайт. Азыркы *татына — татынакай, жакшына — жакшынакай* сыяктуу учурларда катышкан *-акай* мүчөсү уланган сөздүн кичирейтип, эркелетип айтылчу формасын жаратат.

ЖӨНТӨК Бул сөз *жөн+төк* бөлүктөрүнөн куралган. Мунун *жөн* уңгусу кыргыз тилинде өзүнчө сөз болуп айтылат. Ага *-төк* мүчөсү *тентек* сөзүнө аналогиялуу болуп уланган. Анткени *бири тентек болсо, бири — жөнтөк* деген учурда бул сөздөр уйкаштырылып айтылат да, алгачкы *тентек* сөзүнүн уңгусун кийинки *жөнтөк* сөзү ээрчип кетет. Чындыгында бул сөз *жөн+лык* морфемаларынан турат. Анын *-лык* мүчөсү азыркы *-луу* мүчөсүнө туура келет. Азыркы *жөндүү* сөзү мына ушул *жөн+лык* формасынан келип чыгат.

ЖӨӨ Азыркы кыргыз тилинде *ат менен келдим, машина менен келдим* деп айтса болот, бирок *жөө менен келдим* деп айтуу мүмкүн эмес, *жөө келдим* дешке гана болот. Байыркы түрк тилинде *жөө менен келдим* деп айтууга да мүмкүн болгон. Ал кезде *йадаг* сөзү менен катар *йадагын, йадаглык* варианттары да айтылган (ДТС, 22). Мындагы *йадагын* сөзү *йадаг+ын* бөлүктөрүнөн туруп, *-ын* мүчөсү курал жөндөмөсүнүн мүчөсү болгон. Ал эми *йадаглыг* сөзү *йадаг+лыг* бөлүктөрүнөн куралып, *-лыг* мүчөсү азыркы *-луу* мүчөсүнүн маанисин берип, *жөөлүү* деп айтканга туура келген. Азыркы кыргызча *аттуу-жөөлүү болуп келишти* дегендин *жөөлүү* сөзү ушуга туура келет.

Байыркы түркчө *йадаг* «жөө» сөзү монголчо *йави* «басуу, кадам шилтөө» этиши менен тектеш, *йадаг* сөзүнүн *йада* уңгусу монголчо *йава* дегенге *д* тыбышы *в* тыбышына алмашуусу аркылуу байланышат. Эң байыркы кезде *йада* этиши «басуу, кадам шилтөө»

маанисинде болгон. Ага этиштен атооч жасоочу *-г (к)* мүчөсү уланып, *йадаг* сөзү жаралган. Кийин *йадаг* сөзүнө *-ын, -лыг* мүчөлөрү жалгануудан *йадагын, йадаглыг* сөздөрү жаралган. Азыркы казак тилинде *жайау,* алтайча *йөйүү* болуп айтылган сөз кыргыз тилинде *жөө* болуп колдонулат. Бул *жөө* сөзү алгачкы *йадаг* сөзүнүн *йайаг>йайав>йейев>жөйев>йөв>жөө* болуп өзгөрүшүнөн келип чыккан.

ЖӨРГӨМ Мылдын ич майын ичеги-карды менен аралаштырып ороп бышырылган тамакты билдирген *жөргөм* сөзү *жөргө+м* бөлүктөрүнөн куралган. Байыркы түрк тилинде *йөргө* этиши «оро» маанисинде колдонулган (ДТС, 176). Ага атооч жасоочу *-м* мүчөсү жалганып, *йөргөм (жөргөм)* сөзү пайда болгон.

ЖӨРГӨМҮШ Кыргызча *жөргөмүш* аталган кичинекей жаныбар башка түрк тилдеринде *өрмөкчү* түрүндө да айтылат. Ошондуктан кыргыз тилиндеги *жөргөмүш* сөзүн *жөргө+м+чү* деген бөлүктөрдөн куралган деп эсептөөгө да болот. Анда *жөргөмүш* сөзү «жөргөм жасоочу» маанисиндеги сөз болуп чыгат. Байыркы түрк тилинде *йөргөм (<йөргө+м)* сөзү «оролуп, байланыштырылып түйүлгөн нерсе» деген жалпы маани берген деп эсептесек, *жөргөмүш* ошондой нерсени жасоочу жаныбар катары түшүнүлгөн. Сөздүн аягындагы *-чү* мүчөсү метатезаланып *-үч* болуп өзгөрүп, анан *-үш* болуп кеткен.

ЖӨРӨЛГӨ Кыргыз тилинде *жөрөлгө* сөзү «белги», «жышаан» маанисин да берет. Бул сөз *жөрө+лгө* бөлүктөрүнөн турат. Байыркы түрк тилинде *йөр* этиши *жору* этишинин маанисин берген (ДТС, 276). Ага атооч жасоочу *-лга* мүчөсү жалгнып, *жөрөлгө* сөзү келип чыккан. Мындагы *-лга* мүчөсү — *тап-табылга* сөзүндөгү мүчө менен тектеш.

Жөрөлгө сөзү «жакшылык же жамандык үчүн жоруп жасалган кандайдыр бир белги» маанисин берген. Азыр да кыргыз тилинде ошол маанини берүү менен бирге, «адат, каада, салт» маанисин да берип калган.

ЖӨТӨЛ *Бечелге жөтөлдүн кереги не* деген учурда айтылуучу оорунун атын билдирген *жөтөл* сөзү кыргыз тилинде *жөтөл* (мисалы, *ал жөтөлдү*) этиши менен окшош келет. Бирок булар ар башка маанидеги *-л* мүчөсү *жөт* сөзүнө уланышынан келип чыгат. Азыркы тува тилинде *чөдүл* сөзү зат атоочту билдирсе, *чөдүр* сөзү этишин билдирет да, бул тилде зат атооч менен

этиш бирдей формада болбойт (ТувРС, 519). Тувача *чөдүр* этишин кыргызча *жөткүр* сөзүнө салыштырууга болот. Ошондо *жөт (<йөт)* сөзү байыркы мезгилде «жөтөл, жөткүр» маанисин бергенин болжолдоого болот. Ага атооч жасоочу *-л* мүчөсү жалганып, *жөтөл* деген оорунун атын билдирген зат атооч сөз жасалган. Ал эми туюк мамиленин *-л* мүчөсү жалгануудан *жөтөл* этиши келип чыккан. *Жөткүр* сөзүндө аркылуу мамиленин *-кыр* мүчөсү уланган. Байыркы *йөт* уңгусунун өзү жеке туруп колдонулбай калгандыктан *жөтөл, жөткүр* сөздөрүнүн уңгу менен мүчөсүн ажырата билүү кыйындап кеткен.

ЖУБАРЫМБЕК Иранча *жубан* «жаш»+*мерг* «өлүм» сөздөрү кыргызча «жаштайында жайрагыр, жаш өлгүр» дегенге жакын маани берет. Анын тыбыштары бир аз өзгөрүүдөн кыргыз тилинде *жубарымбек* сөзү пайда болуп, аягына *бек* сөзү кошулган эркек балдардын атына окшош сөз болуп калган.

ЖУДУРУК Кыргыз тилинде *жудурук* сөзү *муштум* сөзүнүн ордуна өтө сейрек колдонулат. Көбүнчө анын *жудуруктай* деген салыштыруу формасы пайдаланылып, кичинекей же начар көрүнүштөгү нерсеге карата айтылат. Мисалы: *жудуруктай болгон, жудуруктай бала* ж. б.

Бул сөз түрк тилдерине эки түрдүү формада тараган. Батыш жактагы түрк тилдеринин көбүндө (түркия, түркмөн, азербайжан, ногой, караим) *йумурук* түрү тараса, чыгыш жактагы түрк тилдеринде *жудурук* (казак, кара калпак, башкыр, алтай, тува) түрү жайылган. Байыркы түрк тилинде *йудурук* түрү белгилүү болгон.

Түрк тилдериндеги *йумурук* жана *жудурук* сөзү алгачкы *йумулдурук* же *йумдурук* деген сөздөн келип чыгат да, экөө тең бир сөздөн жаралган. Батыш түрк тилдеринде *йум* уңгусу сакталып, *-улдурук//дурук* мүчөсү тыбыштарын түшүрүп кыскарса, чыгыштагы түрк тилдеринде *йум* уңгусунун аяккы *м* тыбышы түшүп, мүчөнүн тыбыштары толугураак сакталган. Натыйжада алгачкы *йумулдурук//йумдурук* сөзүнүн эки түрдүү *йумурук* жана *жудурук* варианттары келип чыккан.

Жудурук сөзүнүн аягындагы *-дырык* мүчөсү *сагалдырык, көкүлдүрүк, тамандырык, көмөлдүрүк* сыяктуу сөздөрдө катышат. Бул мүчө жогорку сөздөрдө атооч сөздөрдөн жаңы сөз жасаса, *кескелдирик, кып-*

чылдырык сыяктуу учурларда *-ылдырык* түрүндө болуп, этиш сөздөрдөн жаңы сөз жасайт. Сөз болуп жаткан *жудурук* сөзү да ушул сөздөр сыяктанып, алгачкы *йум+улдурук* тизмегинен келип чыгат. Анткени колдун манжаларын жумганда *муштум* болот. Ошол өзгөчөлүктөн улам байыркы *йумулдурук* сөзү жаралган.

ЖУКА *к. жупка.*

ЖУМУРТКА Азыркы түрк тилдеринде *жумуртка* сөзү ар түрдүү айтылат: хак, *нымырха,* башк. *йоморткa,* түркм. *йумурта,* аз. *йумурта,* каз., ног. *юмуртка,* ккал. *жумыртка,* як. *сымыыт,* караим. *йымыртга//йымыра//йумурта.*

Бул сөздүн келип чыгышын түшүндүрүү бир топ татаал. Анткени анын алгачкы түрү тыбыштык өзгөрүүлөргө учураган. Азыркы *жумуртка* сөзү — *жумшак* сөзү менен тектеш. Ал мындайча чечмеленет.

Байыркы түрк тилинде *йумрак, йумшак, йымшак, йымырка, йымыртга* сөздөрүнүн баары азыркы кыргызча «жумшак» сөзүнүн маанисин берген (ДТС, 279, 267). Бул сөздөрдүн баары бир уңгудан келип чыгат.

Эң алгачкы абалына жакыны хакасча *нымырха* варианты болгон деп эсептөөгө болот. Анткени байыркы түрк тилинде *йумурка* сөзү *й* тыбышын *н* тыбышына алмаштырып, *нымырха* болгон.

Кыргыз, казак, кара калпак, ногой, башкыр тилдериндеги *йумуртка//йомыртка* вариантындагы сөз жогорку *йумурка* вариантынан башкачараак жасалган. Ал үчүн *жумша* этишинин келип чыгышына кыскача токтолууга туура келет. Байыркы түркчө *йумша* этиши *йум+та* морфемаларынан куралышы мүмкүн (Кудайбергенов, 1966, 160). Мындагы *-та* мүчөсү атоочтон этиш жасоочу *-ла* мүчөсүнүн варианты дешке болот. Түрк тилдеринде *т* тыбышы *р* же *ш* тыбыштарына алмашканы белгилүү (мисалы: *тылда>шылта, атак//адак~*чув. *ура*). Ушундай кубулуштун натыйжасында *йумта* этишинен *йумша* жана *йумра* этиштери жаралган. Байыркы түрк тилдеринде *йумра* жана *йумша* варианттары жарыш колдонулуп келген. Алардан *йумрак* жана *йумшак* сөзү пайда болгон. Эң алгачкы *йумта* түрү *йумра* варианты менен контоминациялоодон *йумурта* этиши жасалып, андан *йумуртка* сөзү келип чыккан. Аяккы *-ак* тыбыштары метатезаланып, *-ка* түрүнө келип азыркы *жумуртка* сөзүнүн пайда болушуна алып келген.

Көптөгөн мезгил өтүшү менен *йумуртка* сөзүнүн составында *ртк* деген үч үнсүздү катар айтуунун кыйынчылыгын жеңилдетүү үчүн кээ бир түрк тилдери *к* тыбышын түшүрүп, *йумурта* десе, кээси *т* тыбышын түшүрүп, *йумурка* түрүнө келтирген. Ушундай өзгөрүүлөрдүн натыйжасында азыркы *жумшак* жана *жумуртка* сөзүнүн теги боюнча бирдиги бузулуп, алардын ортосундагы семантикалык жана генетикалык байланышты сезүү кыйындап кеткен. Ошондой болсо да кыргыз тилинде *тийип койсо эле жарылып калгандай жумуртка беле* деген учурда *жумуртка* абдан жумшак нерсе катары бааланары даана көрүнөт.

ЖУМУШ Байыркы түрк тилинде *йумуш* сөзү «кызмат, тапшырма» маанисин берген (ДТС, 280). Бул сөз байыркы түркчө *ыд//ыт* «жиберүү» этишине *-муш* мүчөсү жалгануудан келип чыккан. Алгачкы *ыд//ыт//ыз* уңгусу азыркы кыргызча *ий* (Мисалы: *берип ий*) болуп өзгөргөн. Ошол сөзгө *-муш* мүчөсү жалганганда *ийmуш>уймуш>йумуш* болуп өзгөргөн. Анткени *жумуш* байыркы кезде элчиликке жиберүү менен да байланыштуу болгон. Кийин бул мааниси өзгөрүлүп, *иш* сөзүнүн маанисине жакындай баштаган. Бирок азыркы кезде деле *жумуш* сөзүндө «бирөөнүн тапшырмасы боюнча аткарыла турган иш» мааниси сезилип турат.

ЖУМША «Жумушка жибер» маанисиндеги *жумша* этиши *жумуш+а* морфемаларынан куралган. *Жумуш* деген сөзгө этиш жасоочу *-а* мүчөсү жалганганда, *ш* тыбышынын алдындагы *у* тыбышы түшүп калган. Ошондуктан *жумша* түрүнө келип, бул сөздүн *жумуш* сөзүнөн келип чыкканын баамдоо кыйындап кеткен. Мындай кубулуштар *оюн-ойно, жыйын-жыйна, кыйын-кыйна* деген сөздөрдө да бар.

ЖУПКА Кыргыз тилинде *жупка* делип абдан *жука* жайылган камырдан бышырылган нан аталат. Азербайжан тилинде, тескерисинче *йуха* сөзү кыргызча «жупканын» маанисинде колдонулса, кара калпак тилинде *жупка* сөзү жибектен согулган эң жука кездеменин атын билдирет (КкРС, 263).

Байыркы түрк эстеликтеринде *йупка, йувга, йувка, йуйка, йука, йуфка* вариантарда айтылган сөз болгон. Бул вариантар кыргыз тилинде толук пайдаланылган. *Жупка* түрүндө толук айтылганы абдан жука жайылып бышырылган нанды билдирүү үчүн алынып, ал эми *п* тыбышы түшүп калган *жука* түрү

сын атоочту туюндуруу үчүн алынган. Натыйжада бир эле сөздүн эки түрдүү варианты семантикалык жиктелүүгө учурап, экөө эки башка маани берген сөздөргө ажырап кеткен. Чындыгында *жупка* өзүнүн жука жайылганына жараша аталган.

ЖУУК *к. жакын.*

ЖУУР *Камыр жуур* деген учурда айтылчу *жуур сөзү* тарыхый жагынан алганда *йогур* (ДТС, 270) сөзүнүн өзгөргөн түрү болот да, *йог+ур* бөлүктөрүнөн турат. Азыркы турция тилинде *йог* этиши *«коюл, коюу бол, кат, нык бол»* (ТурРС, 219) маанисинде колдонулат. Мына ушул этишке аркылуу мамиленин *-ыр* мүчөсү жалгануудан *йогур* этиши келип чыккан. Ал алгач «коюу кылуу» маанисин берген. Унду коюу кылуу үчүн аны сууга аралаштырып көйлөө керек. Мына ошол кыймыл-аракетти *йогур* (жуур) этиши билдирип калган.

ЖУУРАТ Кыргызча *жуурат* сөзү байыркы түрк жазууларында *йогурат//йограт* түрүндө болгон (ДТС, 270). Бул сөз *йогур+т* бөлүктөрүнөн куралган. *Йогур* уңгусу азыркы *жуур* этишке туура келет. Ага зат атооч жасоочу *-т* мүчөсү кошулуп, *йогурт* сөзү келип чыккан. Мындай аты *йогур* этишинин байыркы кездеги маанисине тыгыз байланыштуу болгон. Ал кезде *йогур* этиши «коюу кылуу» маанисин берген. Сүттү коюу кылуу үчүн ага уютку салып, уютуу керек. Уюган соң коюлуп калган сүт тамак *йогурт (жуурат)* аталган.

ЖУУЧУ Бул сөз *жуу+чу* морфемаларынан куралган. *Жуу* уңгусу байыркы түрк тилинде *сав* түрүндө айтылып, «сөз, кабар, кат, макал, аңгеме» сыяктуу маанилерди туюнткан (ДТС, 491). Ага кесипти билдирген *-чы* мүчөсү уланганда жаралган *савчы* сөзү азыркы кыргызча *жуучу* сөзүндөй маани берген.

ЖҮГӨН Кыргызча *жүгөн* түрүндө айтылган сөз аз. *йүйэн,* башк. *юген,* кум. *юген,* ккал. *жүүен,* караим. *йиген,* ног. *ювен,* түркм. *уян,* хак. *чүген,* уйг. *жүген,* як. *үүн* болуп айтылат. Байыркы түрк эстеликтеринде бул сөз *йүгүн* түрүндө болгон (ДТС, 284).

Байыркы түркчө *йүгүн* сөзү алгачкы *түгүн* сөзүнөн келип чыгат дешке болот. Сөздүн уңгусу болгон *түг* азыркы кыргыз тилинде *түй* этишине туура келет. Ага этиштен зат атооч жасоочу *-н* мүчөсү жалганып, *түгүн* сөзү жасалат. Байыркы түрк тилинде *түгүн* сөзү *түйүн* маанисин берген (ДТС, 595). Мына

ушул сөздүн башкы *т* тыбышы *й* тыбышына өтүп, *йүгүн* түрүндө келген. Айрым түрк тилдеринде ошол *й* тыбышы сакталып кала берсе, кыргыз, казак, кара калпак, уйгур тилдеринде *ж* тыбышына айланган. Якут тилинде ал түшүп калган.

Алгачкы *жүгөн* түйүлгөн кайыштан же жиптен жасалган буюм болгондугуна жараша ушундайча аталган.

ЖҮГӨРҮ Байыркы түрк тилинде *төгү* сөзү «таруу» маанисин берген (ДТС, 574). Ал *төг* «түктө, күйшө» (ДТС, 279) этишинен келип чыккан: *төг+и.* Ал эми *йүгүр* сөзү «таруу» маанисин туюнткан, анын *йүр* деген кыскарган варианты да болгон (ДТС, 284, 286). Мындагы *йүгүр* сөзү алгачкы *төг+үр* сөзүнөн келип чыгат. Анткени конок менен тарууга түгүн кетирип акталмайынча, тамак үчүн колдонулбайт, ошого жараша алар *төги, йөгүр (төгүр)* аталган. Алар «түктөлүүчү дан» дегенге жакын маани берген. Конок менен тарууга бир аз окшош келген *сорго, шыпыргы* өсүмдүгү да *конок* жана *таруу* аталган сөз менен аталып, кийин соргого жалбыактары гана окшош келип, бирок данын сотосуна байлай турган өсүмдүк да аталып кетиши мүмкүн.

Жүгөрү сөзү эң байыркы *төг* «түктө, күйшө» этишине *-ыр* мүчөсү жалгануудан жасалган. Сөз башындагы *т* тыбышы *й* тыбышына өтүүдөн жана маанисинде өзгөрүү болуудан *жүгөрү* сөзү жаралган.

ЖҮГҮН Бул этиш байыркы түрк тилинде *йүкүн* түрүндө айтылган (ДТС, 285). Ошол кезде эле бул сөз кандай морфемалардан куралганы белгисиз болуп калган. Байыркы түркчө *йүкүн* сөзү андан да мурдараактагы *чөкүн (<чөк+үн)* сөзүнөн келип чыккан. *Чөк* этиши байыркы кезде «тизелеп отуруу» дегенди билдирген (ДТС, 154). Ага этиштин өздүк мамилесинин *-н* мүчөсү жалганып, *чөкүн* сөзү жаралган. Мына ушул *чөкүн* сөзүнүн башкы *ч* тыбышы *й (ж)* тыбышына өтүүдөн *йүкүн (>жүгүн)* түрүнө келген. Азыркы кезде жүгүнгөндө адам чөгөлөп отурбай, белин бир аз ийип тим болот. Ушуга карап *жүгүн* сөзү *чөгүн (<чөк+үн)* сөзүнөн келип чыкканына шек келтирүү мүмкүн. Замандар өтүү менен байыркы кездеги жүгүнүүнүн өзү өзгөрүп кеткен. Байыркы кезде жүгүнүү баш ийгендиктин бирден-бир белгиси болгон. Хандын алдында бардык кишилер чөгөлөп отуруп, башын жерге тийгизип таазим кылган. Кийин мындай жүгүүнүн

формасы жеңилдетилип, үй-бүлөдөгү аксакалдарга, улууларга белин ийип, колун бооруна алып коюу менен алмашылган.

ЖҮЗ Байыркы адамдардын санаганы мындайча болгон. Баш бармактын биринчи мууну онду, сөөмөйдүн биринчи мууну жыйырманы, ортондун биринчи мууну отузду, аты жоктун биринчи мууну кыркты, чыпалактын биринчи мууну элүүнү билдирген. Башкача айтканда, бир колдун беш салаасындагы ондор биригип элүүнү билгизген, ал *элүү* сөзүнүн өзү—*элиг* «кол» сөзү менен уңгулаш. Ал эми экинчи колдогу элүүнү санап, экөөн кошкону жүз аталат. *Жүз* сөзү үчүн дагы эле «кол» маанисин берген, бирок башка уңгудан келип чыккан сөз пайдаланылган.

Байыркы түрк жазууларында *сү* сөзү «аскер», «армия» маанисинде колдонулган. Мына ошол сөз алгачкы «кол» маанисинен өсүп чыккан дешке болот. Анткени түрк тилдеринде *кол* сөзү да адамдын денесинин бир бөлүгүн билдирүү менен, «аскер» маанисин да берет. *Жүз* сөзүндөгү *жү* уңгусу — ошол *сү* сөзүнүн бир варианты. Азыркы *жүз* («100») сөзү жаралган кезде *жү (сү)* өзүнчө туруп эле кол маанисин берген, ага көптүк *-з* мүчөсү уланган.

ЖҮЗӨ Кыргыз тилинде *иш жүзүнө ашты* же *жүзөгө ашты* деп да айтууга болот. Мындагы *жүзүнө* сөзү *жүз+үн+ө* бөлүктөрүнөн турары белгилүү. Ал эми *жүзөгө* варианты *жүзө+гө* бөлүктөрүнөн турат деп эсептелет. Бирок *жүзө* сөзүнүн өзү татар тилинен кабыл алынган *жүзү (жүз+ү)* сөзүнүн варианты болуп чыгат. Анткени татар тилинде *йөзе (йөз+е* кыргызча *жүзү* сөзүнө туура келет (ТатРС, 193). *Жүзөгө ашты* деген даяр фраза татарчага окшогон түрүн сактап кала берген.

ЖҮЗҮК «Шакек» маанисинде айтылган *жүзүк* сөзү кыргыз тилинин айрым говорлорунда *жүздүк* түрүндө да айтылат. Ал эми алтай тилинде ал *йүстүк* түрүндө гана колдонулат. Бул сөздүн уңгусу *-жүз, -лык* —мүчөсү. *Жүз* уңгусу «колдун манжасы» деген маани берген деп болжолдоого болот. Ошондо *жүздүк* сөзү алгач «колдун манжасына салынчу кооздук» маанисин берген сөз болуп чыгат. Кийин анын *д* тыбышы түшүп, *жүзүк* түрүнө келип, «колдук» же «манжалык» дегенге барабар морфемалык составдан куралары күңүрттөнүп калган. Ошону менен бирге *жүз* сөзүнүн «кол, манжа» мааниси да азыркы түрк тилдеринде сакталып калган эмес.

ЖҮН Кыргыз тилинде *жүн* жана *түк* сөздөрү бирдей маани бергени *бала болуп башыма жүн чыкканы — бала болуп башыма түк чыкканы* деген учурда айтылат. Бул кокустук эмес. Азыркы кыргызча *жүн* сөзү «шерсть; волосы *(на голове); перо (птицы)*» (Юдахин 274) болуп которулса, *түк* «1) волос на теле человека; 2) короткая шерсть животных» (Юдахин, 778) болуп которулуп, байыркы түркчө *түг* «волосы; шерсть» (ДТС, 595) сөзүнүн башкы *т* тыбышы *й* тыбышына алмашуудан келип чыккан. Мындай алмашуудан келип чыккан *түг>түң>түн>йүң>йүн>жүн* варианттарынын экөө эки башка сөзгө айланып, ар бири өзүнчө колдонулганы менен, байыркы кездеги маанилеринде жалпылык сакталып кала берген. Азыркы *жүн* сөзү байыркы түркчө *йүң* «1) куштун жүнү; 2) жүн, тыбыт» (ДТС, 286) сөзүнөн келип чыкса, ошол *йүң* сөзүнүн өзү байыркы *түг* сөзүнүн башкы *т* тыбышы *й* тыбышына, аяккы *г* тыбышы *н (ң)* тыбышына өткөн варианты катары таанылат.

ЖЫБЫЛЖЫ Кыргыз тилинде этиштен этиш жасоочу *-жы* мүчөсү бар. Мисалы: *кубул — кубулжу, чубал — чубалжы, чоюл — чоюлжу, моймол — мойжу* ж. б. Мына ушул мүчө *жыл* сөзүнө жалганышынан *жылжы* формасы жасалат. Абдан акырын жылган нерсеге карата *жыбылжы* деп айтууга болот. Ошол *жыбылжы* сөзү мындай морфемалык элементтерге ажырайт деп эсептөөгө да болот: *жы+бы+л+жы. Жыл* этишинин эң аяккы *л* тыбышынын алдына *-бы* морфемасы кыстарылган сыяктанып көрүнөт. Абдан акырындап калган кыймыл-аракетти мына ошол *-бы* морфемасы берип жаткансып сезилет. Бирок андай морфема башка этиштерде эч учурабайт. Ошондуктан азыркы *жыбылжы* этиши алгачкы *кыбылжы* сөзүнүн *к* тыбышы *ж* тыбышына өзгөрүшүнөн келип чыккан деп чечмелөөгө толук ылайык келет.

ЖЫБЫРА Бул сөз *быжыра* сөзү менен бирдей маани берет. Анткени алар бир уңгудан келип чыгат. Сөздүн составындагы *ж* жана *б* тыбыштарынын орундарын алмаштырып коюудан *быжыра* жана *жыбыра* сөздөрү жаралган. Сөздүн уңгусун *быжыр* же *жыбыр* деген тууранды сөз түзөт, ага этиш жасоочу *-а* мүчөсү жалганып *жыбыра, быжыра* деген этиш жасалат.

ЖЫГАЧ Байыркы түрк тилинде *йагыч* түрүнө

жарыш *йагач* варианты да колдонулган. Мунун эң алгачкысы *йагач* деп эсептесек, анда анын уңгусу *йак* болот да, азыркы *от жак* дегендеги *жак* этишине туура келет. Жалпысынан *йагач* сөзү алгач «отко жага турган отун» маанисин берген сөз болгон. Алгачкы *йагач* түрүнөн *жыгач* болуп өзгөрүшү менен, мааниси да күңүрттөнүп, кандай маанидеги сөз экени билинбей калган.

ЖЫДЫ Азыркы кыргыз тилинде *жыды* сөзү «түгү, жүнү түбүнөн үзүлүп түшүү» маанисинде айтылат. Байыркы кезде болсо *йыд* сөзү *йыт* сөзүнүн бир варианты болгон. Мына ушул *йыд* сөзүнө этиш жасоочу *-ы* мүчөсү уланганда *йыды* сөзү жаралган (ДТС, 274). Ал «жыттануу, жыт чыгаруу» маанисин берген. Кыргыз тилинде *жыды* этиши жогоркудай маани берип калышына теринин жүнүн жыдыткан кезде жытынын буркурап, жаман жыттанып турушу себеп болгон.

ЖЫЙНА Азыркы кыргыз тилинде *жый* жана *жыйна* этиштеринин берген маанилери негизинен бирдей. Алсак, *үйдүн ичин жый* деп да, *жыйна* деп да айтса боло берет. Андай болушу мындайча түшүндүрүлөт. *Жый* этишине зат атооч жасоочу *-н* мүчөсү жалгануудан келип чыккан *жыйын* сөзүнө этиш жасоочу *-а* мүчөсү уланып, *жыйна (<жыйын+а)* келип чыкканда, ал мурдагы *жый* уңгусуна жакын маани берип калган.

ЖЫЙЫРМА Байыркы түрк жазууларында *экирма* түрүндө айтылган сөз *экир+ма* морфемаларынан турары оңой баамдалат. Ошол *экир* сөзү *эки+р* бөлүктөрүнөн куралганы да даана көрүнөт, *-р* болсо *эгиз* сөзүндөгү *-з* мүчөсүнө туура келет. Болжолу, *экиз* сөзүнүн аягындагы *з* тыбышы *бир* деген сөздүн аягындагы *р* тыбышына окшошуп өзгөрүп кетиши да ыктымал. Ал эми *-ма* болсо «он» маанисидеги сөз болушу мүмкүн. Азыркы чуваш тилинде *вунна//вун* сөзү «он» санын билдирет. Ал сөз алдына *в* кошулган *он* сөзү катары эсептелет. Бирок *вон* деген түрү алгачкысы деп эсептегенде гана андан *-ба (<-ма)* деген сөздүн келип чыгышын түшүндүрүүгө болот.

ЖЫЛАН *Жылан* деген жаныбар буту-колу жок туруп жылып жүргөнүнө карата аталган. *Жыл* этиш сөзүнө *-ан* мүчөсү уланып, *жылан* сөзү жасалган (Севортян, 1974, 41).

ЖЫЛАҢАЙЛАК Алгачкы *жалаң аяк (айак)* түрүндө айтылган сөздөрдүн биригип, бир сөзгө айланышынан пайда болгон сөздүн *л* жана *ң* тыбыштары орун алмашып калышынан *жылаңайак* сөзү келип чыккан. Анан *л* менен *й* тыбыштары орун алмашуудан *жыңайлак* түрүнө келген. Бирок сөздүн башкы бөлүгү *жалаң>жылаң* деген сөздөн турарын эске алып, ошондой түрүнө тууралап айтууга ылайыктоонун натыйжасында *жылаңайлак* сөзү жаралган. Аягындагы *айлак* бөлүгү *жыңайлак* түрүндө айткандагы орун алмашуулары боюнча калтырылган.

ЖЫЛАҢАЧ Ичине кийим кийбеген учурга гана карата айтылган *жалаң ич* сөздөрүнүн биригип кетишинен келип чыккан *жылаңач* сөзүнүн мааниси мурдагысынан кеңип, «үстүнө кийим кийбеген, эч кийим кийбеген» маанисин берип калган. Бирок көбүнчө анын алгачкы мааниси үстөмдүк кылат. Ичине кийим кийбеген адамдын жонунда да кийими жок болушу мүмкүн. Ошондуктан *жылаңач* сөзү көбүнчө майка, көйнөгүн кийбеген учурга карата айтылат. Ошол себептен жалпы эле денесине эч бир кийим кийбеген учурду так айтуу үчүн *энеден туума жылаңач* түрүндө айтууга туура келет.

Алгачкы *жалаң ич* тизмегиндеги *ич* сөзүнүн *и* тыбышы астынкы сөздөгү жоон үндүүлөргө үндөшүп, *а* тыбышына өтүп кеткен. Ошол себептен *жылаңач* сөзү *ич* сөзүнө байланышпагансып калган. Ал эми *л* жана *ң* тыбыштарынын ордун алмаштырып айтуудан *жыңалач* варианты пайда болгон.

ЖЫЛАҢБАШ Баш кийимсиз абалды *жылаң баш*, же *жыңалбаш* деп айтабыз. Анын составында *баш* сөзү турганы оңой ажыратылат. *Жылаң* сөзү алгачкы *жалаң* сөзүнүн *а* тыбышы *ы* тыбышына алмашуудан келип чыкса, *жыңал* сөзү анын *л* жана *ң* тыбыштары орун которуштуруудан пайда болгон.

ЖЫЛБЫРСКА Убагы жетпей туулган козу-улактын териси *жылбырска* аталат. Бул сөз монгол тилинен кабыл алынган. Монголчо *зулбаска* (МРС, 204) сөзү кыргыз тилине кабыл алынганда *с* тыбышынын алдына *р* тыбышы ашыкча кошулган. Кыргыз тилинде *жылбыска* түрү да кезигет. Ал түрү монголчо оригиналына жакындык кылат.

ЖЫЛГЫН Кыргыз тилинде *балгын* сөзү да, *жылгын* сөзү да бир өсүмдүктүн атын билдирет. Бул бекеринен эмес. Сөздүн башындагы *б* жана *ж* тыбыштары

алмашуудан эки түрдүү сөз келип чыгып, бир эле өсүмдүктүн атын билдирип калган. Түрк тилдеринде *йулган* (аз.), *йылган* (кум.), *жылгын* (кырг.) болуп айтылган сөз монголчо *балгана,* кыргызча *балгын* сөзүнө мындайча туура келет. Алгачкы түрү катары байыркы түркчө *йылгун* вариантын эсептесек, *йылгын* дегенден *балгын болуп* өзгөргөндө биринчи муундагы *а* тыбышы *ы* тыбышына өтөт. Байыркы түрк жазууларында *йылгун* (ДТС, 266) сөзү гана болгон. Ал кезде *балгын* сөзү болгон эмес. Ушуга карап *йылгын* сөзү алгачкысы, анын башкы *й* тыбышы *б* тыбышына алмашуусунан *балгын* варианты келип чыккан деп эсептөөгө толук негиз бар.

ЖЫЛКЫ Кыргыз тилинде *уй, кой, эчки* деген сөздөр ал жаныбарлардын жалпы атын да, ургаачысын да билдирет, бирок ошол үлгүгө салып *бээ, инген* деп айтып, жылкы менен төөнүн жалпы атын жана ургаачысын түшүнүү мүмкүн эмес. Жылкы сөзү *ат, айгыр, бээ, кулун, тай* деген сыяктуу түшүнүктөрдүн баарын камтыйт.

Жылкы сөзү *жыл+кы* бөлүктөрүнөн куралган Анын *жыл* уңгусу байыркы *йон//йун* этишинин *йун>йын>йыл* болуп өзгөргөн варианты дешке болот. Байыркы *йон//йун* этиши азыркыча *мин* деген этишке туура келет. Ошондуктан *жылкы* сөзү *минги* дегенге барабар боло алат.

ЖЫЛОО Өзбекче *жилав,* түркмөнчө *жылов,* кара калпакча *жылау* сөзү монголчо *жолоо(н)* болуп айтылат. Байыркы түрк тилинде *йола* сөзү «жетеле, кошто» маанисинде айтылган (ДТС, 271). Кыргызча *жылоо* жогорку *йола* сөзүнөн пайда болгон, *йола* этишине зат атооч жасоочу *-к* мүчөсү жалгануудан *йолак* сөзү жаралган. Сөздүн аягындагы *к* тыбышы үндүүгө айланып, *йолак* сөзү *йолоо>жылоо* түрүнө келген.

ЖЫЛТЫРКАН Ташка чыккан шыбактын бир түрү *жылтыркан* аталат. Анын *жалтыркан* варианты да бар. Бул сөз жалбырагынын жылтыраган түсүнө карата айтылышы мүмкүн. *Жылтыр* сөзүнө *-кан* мүчөсү уланган. Мындай мүчө өсүмдүктөрдүн атын билдирүүдө кеңири пайданылат. Мисалы: *балтыркан, караган* ж. б.

ЖЫЛУУ Азыркы *жылуу* деген сын атоочту *жылы+уу* морфемаларына ажыратуу — жаңылыштык. Антип ажыратуу *жылуу* деген кыймыл атоочко гана ылайык келет. *Жылуу* сын атоочу *жылы+к* курамынан пайда болгонун *ысык-жылык тамак* дегенге салыштырып аныктоого болот. *Ысык* сөзү *ысы* этишине сын атооч жасоочу *-к* мүчө жалганып жасалган сыяктуу эле, *жылы* этишине *-к* мүчөсү уланып, *жылык* сын атоочу пайда болгон. Бирок ошол *к* тыбышынын өнүгүшү экөөндө бирдей болгон эмес. *Ысык* деген сөздө анын өзгөрбөй калган түрү басымдуу колдонулат. Ал эми ошол *к* тыбышынын үндүүгө өтүшүнөн пайда болгон *ысуу* түрү *ысуула (<ысуу+ла)* деген учурда гана айтылат. Тескерисинче, алгачкы *жылык* түрү *ысык-жылык тамак* деген учурда гана айтылып, демейде андан келип чыккан *жылуу* түрү колдонулат.

ЖЫПАР Буркураган жагымдуу жыт кыргыз тилинде *жыпар* аталат. Бул сөз иранча *чахар-бар* «төрт кырдуу» сөзүнүн *чарбар>йапар>йыпар>жыпар* болуп тыбыштары өзгөрүшүнөн келип чыгышы мүмкүн. Анткени төрт кырдуу *сандык куурайдын, көкөмөрөндүн, жалбыздын, кийик оттун* жыты жыпар жыттанат. Алгачкы «төрт кырдуу» деген иран сөзү кийин тыбыштык жактан өзгөрүү менен бирге, мааниси боюнча да өзгөрүүгө учурап, «жагымдуу жыт» дегенди туюнтуп калган окшойт.

ЖЫШААНА Иранча *нешан* сөзү кыргызча «белги» маанисинде кабыл алынган. Ошол сөз кыргыз тилинин Таластан түштүктү көздөй кеткен территорияларында *нишан, жышан* түрүндө жарыш колдонула берет. Көбүнчө эрди жырык болуп төрөлгөн балдардын атын ошондой белгисине карап, *Нышан* же *Жышан* деп коёт. Ал эми Түндүк Кыргызстанда анын *жышан, жышаана* түрү гана белгилүү.

Монголчо *нөкөр* сөзү *жөкөр* болуп өзгөргөн сыяктуу эле иранча *нешан* сөзү кыргыз тилинде *жышан* түрүнө келип, алгачкы *н* тыбышын *ж* тыбышына алмаштырган.

ЖЭЭК Бул сөз алгачкы *йакак* сөзүнүн үндүү тыбышы ичке үндүүгө алмашышынан жана сөздүн ортосундагы *к (г)* тыбышынын түшүп калышынан келип чыккан. Кыргызча *суунун жакасы* дегенди *суунун жээги* деп айтса да боло берет. Ушуга караганда алгачкы *йакак* сөзү «кийимдин жакасы» маанисинде болуу менен бирге, кийин башка нерселерге карата да айтылышынан өтмө маанилери жаралып, өзгөрүп кеткен. Бир эле уңгудан келип чыккан *жака* жана *жээк* сөздөрүнүн бир маанисинде гана жалпылык сакталып, калгандары айырмалуу болуп калган.

З

ЗУҢКУЙ Узун болуп көрүнгөн нерсеге карата айтылган *зуңкуй* деген элестүү этиш *зуң+куй* деген морфемалардан куралган. Анын *зуң* уңгусу — алгачкы *узун* деген сөз, ага этиш жасоочу *-кый* мүчөсү уланып, *узункуй* сөзү жаралган. Бирок ал ошол калыбында тура бербей, башкы үндүү тыбышын түшүрүп, *к* тыбышынын алдындагы *н* тыбышы *ң* тыбышына өтүп айтылган калыпка келип, пайда болгон *зуңкуй* сөзүндөгү *зуң* уңгусун *узун* деген сөздөн жаралганын баамдоо кыйындап кеткен.

Азыркы кыргыз тилиндеги *уңкуй* этиши да *зуңкуй* этишине жакын мааниде колдонулат. Бул этиш *зуңкуй* этишинин башкы *з* тыбышы түшүшүнөн келип чыгышы мүмкүн, ал эми *заңкай* этиши болсо *з* тыбышын түшүрбөстөн, үндүү тыбыштарын өзгөртүүдөн жаралышы мүмкүн: *зуңкуй>уңкуй, зуңкуй>заңкай.*

И

ИДИШ Байыркы түрк тилинде *иди* этиши «жый» маанисин берген (ДТС, 203). Ага зат атооч жасоочу *-ш* мүчөсү жалгануудан *идиш* сөзү келип чыккан. Алгачкы *идиш* «буюм-тайымды, тамак-ашты чогултуп, жыйнап салуучу буюм» маанисиндеги сөз болгон. Азыркы кезде *иди* этиши унутулуп, андан жасалган *идиш* сөзү гана сакталып, кандай маанидеги сөз экенин билүү кыйындап калган.

ИЗДЕ Бул сөз *из+де* деген морфемалардан куралганы оңой байкалат. Байыркы кездеги аңчылар жаныбарды изин кууп жүрүп таап алган. Ал кезде *изде* сөзү өзүнүн түз маанисинде болгон.

ИЗИЛДЕ Бул сөз *из+ил+де* морфемаларынан куралган. *Из* сөзүнө уланган *-ил* мүчөсү кээде *-үүл* түрүндө да келет. К. К. Юдахиндин сөздүгүндө *изүүл* же *изил* сөздөрүнүн өзүнчө мааниси, формасы эмнегедир көрсөтүлгөн эмес. Чындыгында кыргыз тилинде *изил* же *изүүл* сөздөрү «из сыяктуу белги, дайын, дарек» маанисинде *изилине түш, изилин бил, изүүлөнө түш, изүүлүн бил* сыяктуу учурларда айтылат. Болжолу, *жызылын билгизбөө* деген учурда айтылган *жызыл* сөзү ушул *изил* сөзүнүн варианты болушу мүмкүн. Мына ушул *жызыл* сөзү да К. К. Юдахиндин кортормо сөздүгүнө жана «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүнө» кирбей калган.

Жогорку *изил* сөзүнө этиш жасоочу *-ла* мүчөсү жалгануудан *изилде* сөзү келип чыккан.

ИЙГИ «Жакшы» деген мааниде айтылган *ийги* сөзү азыркы кыргыз тилинде сейрегирээк колдонулат. Бул сөз байыркы түркчө *эдгү* сөзүнөн келип чыгат. Байыркы түркчө *д* тыбышы *й* тыбышына өтүп, *э* тыбышы *и* тыбышына алмашуудан *ийги* түрүнө келген.

Байыркы түркчө *эдгү* сөзүнүн уңгусун *эд* түзөт. Ал азыркы кыргызча *өт* этишине туура келет. *Өт* этишине атооч жасоочу *-гү* мүчөсү жалганып, *өтгү>өдгү>эдгү* сөзү жасалган. Ал сөз формасы боюнча азыркы кыргызча *өткү* сөзүнө туура келип, мааниси боюнча «баарысынан өткөн жакшы сапаттагы» дегенди туюнткан. Бул сөзү *бил* сөзүнүн *билги* сөзү келип чыкканга абдан окшош жасалган.

ИЙИК Жип ийрүүчү куралды билдирген *ийик* сөзү *ий+ик* бөлүктөрүнөн куралган. Анын *ий* уңгусу *жыгачты ий* дегенде айтылган сөзгө туура келет. Этиштен зат атооч жасоочу *-к* мүчөсү улаганда, *ийик* келип чыккан. Бул сөздүн алгачкы мааниси «жүндү ийип жип кылуучу курал» дегенге барабар болгон.

Жаш балдар, кээде чоң кишилер деле ийикти *ийрик* деп коёт. Мисалы: *ийрик ийрип олтурчу экен.* Мындай учурда сөздү жасоого *ийир* этиши негиз болот да, зат атооч жасоочу жогорку эле *-к* мүчөсү кошулуп, *ийрик,* сөзү пайда болот. *Ийик* сөзү «жүндү ийип жип кылуучу курал» болсо, *ийрик* сөзү «ийрип жип кылуучу курал» дегенге барабар түшүнүктү билдирет.

ИЙНЕ Азыркы түрк тилдеринде *ийне* сөзү ар түрдүү формада айтылат. Алсак, уйг. *жиңнә,* түркм. *иңне,* хак. *иңзе,* тат. *энә,* башк. *эне,* кум. *ине,* аз. ккал. каз., кырг. *ийне* түрүндө колдонулат. Бул сөз байыркы түрк тилинде *йигне* жана *йиңне* түрүндө болгон (ДТС, 261, 262).

Байыркы *йигне* түрү сөздүн эң байыркы формасына жакыны, бирок эң алгачкысы эмес. Анткени байыркы *йигне* сөзүнүн өзү алгачкы *тик+не* бөлүктөрүнөн пайда болгон. Мунун *тик* уңгусу азыркы *кийим тик* дегендеги *тик* этишине туура келет. Ага этиштен атооч жасоочу *-не* мүчөсү жалганып, *тикне* сөзү келип чыккан. Сөздүн башындагы *т* тыбышы *й* тыбышына өтүп, *к* тыбышы *г* тыбышына жумшарып, анан *й* тыбышына өтүүдөн *йигне* түрүнө келген. Алгачкы *тикне* сөзү «ти-

гүүчү курал» дегенди билдирип, анын *тик* этишинен келип чыкканы даана көрүнүп турган. Мезгилдер өтүү менен *тикне* сөзү *тигне>йигне>йийне>ийне* болуп өзгөрүп, азыркы түрк тилдериндеги *ийне* жана *тик* сөздөрүнүн ортосунда генетикалык байланышы байкалбай турган абалга келген. Этиштен зат атооч жасоочу *-на* мүчөсү *чийне* сөзүндө да катышат.

ИЛБИРС Илбирс жолборстон сырткы түрү боюнча ала чокул тактары бар түсү менен айырмаланат. Ошол белгисине карап *илбирс (<ала+барс)* аталышы мүмкүн. Анткени азыркы кыргыз тилиндеги *ала* сөзү алтай тилинде *өлө* болуп айтылат. Болжолу, ушул сыяктуу болуп *ала* сөзү *өлө, иле* түрүндө айтылган түрк тилинде пайда болгон ат кийин бардык түрк тилдерине тарап кетиши да мүмкүн.

ИЛГЕРИ Бул сөздү *ил+гери* морфемаларына бөлүштүрүү туура өңдөнүп көрүнөт. Анткени *ил* уңгусу *ал* сөзү (мисалы: *алга<ал+га) ил* болуп өзгөрдү дешке болот, *-гару* багыт жөндөмөнүн мүчөсү болуп эсептелет (миласы: *тыш+кары, ич+кери*).

Бирок бул сөздүн *илик* уңгусу, *-ри* эле мүчөсү дешке болот. Анткени огуз тилдериндеги *илкинчи* сан атоочу *илик+инчи* бөлүктөрүнөн турат. *Илик* уңгусу «алды, башы» деген маани берген өзүнчө сөз катары ал тилдерде азыр да колдонулат. *Илкинчи* сөзү кыргызча *биринчи* сөзүнүн маанисин туюнтат. Мына ушундагы *илик* уңгусуна *-ри* мүчөсү уланышынан *илгери* сөзү келип чыккан дешке болот. Анткени *-ри* мүчөсү байыркы түркчө *асра* «астыга, астыдагы», *үсрө* «үстүгө, үстүдөгү» сөздөрүндөгү багытты билдирүүчү мүчөнүн бир варианты болуп эсептелет. Илик уңгусуна *-ри* мүчөсү уланганда уңгусунун аяккы муунундагы *и* тыбышы түшүшүнөн уңгусу алгачкы түрүн өзгөртүп жиберет.

ИЛЕК-ИЛЕК Орусча *аист* аталган канаттуунун атын билдирген *илек-илек* сөзү ал канаттуунун үнүн туураган сөздөн келип чыккан. Гагауз тилинде *лаклакы* сөзү анын тумшугун шак-шак эттирип чыгарган үнүн туураган сөз болуп колдонулат (СИГТЯ, 346). Ал *л* жана *ш* тыбыштарынын алмашуусу боюнча кыргызча *шак-шак* деген тууранды сөзгө туура келет.

ИМЕР Бул сөз *ийир* этишине мааниси боюнча жакын. Маселен, *малды ийрип кел* менен *малды имерип кел* деп айтуунун эч айырмасы жок. Анткени бул эки этиш тең бир уңгудан пайда болгон. Кыргызча *имере*

сөзү алтайча *эбире* болуп айтылат. Кыргызча *м* тыбышынын ордуна алтайча *б* тыбышы келет. Анткени *м* жана *б* тыбыштары — кош эринчилер, ошондуктан алардын биринен экинчисине өтүшү толук мүмкүн. Ал эми *б* тыбышы болсо алгачкы *г* тыбышынын *б* тыбышына алмашканы десек, *эйир* этиши да, *имер* этиши да алгачкы *эгир* сөзүнөн келип чыгат: *эгир>эйир>ийир; >эгир>эбир>эмир>имер.*

ИМИШ Азыркы *барган имиш, келген имиш* сыяктуу учурда колдонулган *имиш* сөзү байыркы *э(р)* этишине азыркы кыргызча *-ган* мүчөсүнө барабар маани берген *-мыш* мүчөсүнүн жалганышынан куралган. Өзүнчө маани бербеген *э(р)* этиши качандыр бир кезде *бол* сөзүнүн манисин берген. Андан жасалган *экен (<э+кен, эмес (<э+мес), эле (<э+ди), эт (<э+т)* сөздөрү бар. Мына ушул *э* этишине *-мыш* мүчөсү жалганып жасалган *эмиш* сөзү огуз тилдеринде азыр да кыргызча *экен* сөзүнүн маанисинде колдонулат. Кыргыз тилинде *экен* сөзү негизги формасы катары колдонулуп, *эмиш* сөзү модалдуу мааниге ээ болуп, күдүктүктү, өз көзү менен көрбөй, бирөөдөн укkан кабарга таянгандыкты билдирип калган. Бирок *жазмыш, турмуш, тарамыш* сыяктуу зат атоочтордун составында, *Төлөмүш, Токтомуш, Тентимиш* өңдүү адам аттарында жана *ичимиш бол, жемиш бол* сыяктуу учурларда сакталып кала берген.

ИНГЕН «Ургаачы төө» маанисиндеги *инген* сөзү *инек+ен* формаларынан куралган. Уйдун, топоздун ургаачысын билдирген *инек* сөзүнө *-ан* мүчөсү кошулганда, төөнүн ургаачысын билдире турган жаңы сөз жаралган. Бычылган жылкыны билдирген *ат* сөзүнө *-ан* мүчөсү жалгануудан *атан* сөзү келип чыгып, бычылган төөнү билдирип калган сыяктуу эле, *инек* сөзүнөн *инген* сөзү жасалып, ургаачы төөнү туюнтуп калган.

ИНЕК «Музоолуу уй же мамалагы бар топоздун ургаачысы» деген маани туюнткан *инек* сөзү тууралуу эки түрдүү пикир айтылып келүүдө. А. М. Щербактын далили боюнча *инек* сөзү *эне+ак* бөлүктөрүнөн турат (Щербак, 1961, 97). *Эне* сөзүнө кичирейтүүчү *-ек* мүчөсү жалганып, *э* тыбышы *и* тыбышына алмашуудан *инек* түрүнө келген. Азыркы кыргыз тилинде койго карата *кашка козунун энеси,* уйга карата *ак музоонун энеси* деп айта берүүгө болот. Ушул жагын эске ал-

ганда *инек* сөзүнүн *эне* сөзүнөн келип чыкканы ынанаарлык сезилет.

Э. В. Севортян *эне//ине* этишинен *инек* сөзү келип чыккан деп эсептейт (Севортян, 1974, 359). Болжол кылынган *ине* этиши «туу» маанисин берген сөз катары таанылат. Ошондо *инек* сөзү «туучу» (жаныбар) маанисиндеги сөз болуп чыгат. Бирок *ине* этиши реалдуу сөз болуп качандыр бир кезде түрк же монгол тилдеринде колдонулганы биротоло далилдене элек.

ИРГЕ Бул сөз *ирик+а* морфемаларынан куралган. *Ирик* сөзү азыркы кыргыз адабий тилинде колдонулбайт, анын аяккы *к* тыбышы түшүп калган *ири* түрү гана айтылат. Ал эми *ирик* деген алгачкы түрү кыргыз тилинин түштүк диалектисинде сакталып кала берген. *Ирге* сөзү алгачкы *ирик* формасына этиш жасоочу *-а* мүчө жалгануудан келип чыккан. Этиш жасоочу мүчө уланганда, үңгүнүн аяккы муунундагы үндүү тыбыш түшүп калган.

ИРДЕ *Ирге* сөзүнө маанилеш болгон *ирде* сөзү *ир+де* бөлүктөрүнөн турат. Анын *ир* үңгусу *-ири* деген маанидеги сөз, ага этиш жасоочу *-ла* мүчөсү жалганып, *ирде* сөзү келип чыккан. Ошол *ир* үңгусунун өзү алгачкы *икир//игир* сөзүнөн келип чыгышы мүмкүн. Эки үндүүнүн ортосундагы *к (г)* тыбышы түшүп, алгачкы *икир* сөзү *ир* түрүнө келип калган деп эсептешке болот. Монголчо *их* сөзү кыргызча «чоң, улуу, улук» маанисин берет. Ошол сөзгө *-ир* мүчөсү жалганып, *ихэр* сөзү жасалып, ал сөз кыргыз тилине *эгиз* «бийик» болуп кабыл алынса, ортосундагы тыбыштары түшүшүнөн *ир//эр* түрүнө келген. Азыркы *ири* сөзүнүн алгачкы формасы болгон *ирик* түрү мурдагы *икир* деген түрүнүн *р* жана *г* тыбыштары метатезаланган түрү дешке болот. Кыскасы, *ирик* жана *икир* сөздөрү бир үңгунун эки түрдүү варианты болуп эсетелет.

ИРИК «Үч жаштан жогорку эркек кой» маанисиндеги *ирик* сөзү алгачкы «чоң» маанисиндеги сөздөн келип чыгат. Анткени ал сөөгүнүн өсүшү жагынан чегине жетип, чоңойгон куракка келет.

ИТ Башка үй жаныбарларынан ит өзүнүн жытчылдыгы менен айырмаланат. Ушул өзгөчөлүгү иттин атын билдирген сөздүн өзүндө чагылдырылган. А. М. Щербак азыркы *ит* сөзүнүн праформасы *ийт//ыйт* түрүндө болгон деп эсептейт (Щербак, 1970, 194). Алгачкы *ыйт* түрү азыркы казак тилинде сакталган, анда *ит* болуп жазылган сөз *ыйт* болуп айтылат. Чуваш тилинде, *йыта* же *йыт* болуп айтылган сөз кыргызча *ит* сөзүнө туура келет. Ошондуктан алгачкы *йыт* сөзү *йыт>ыт>ит* болуп өзгөрүп, азыркы кыргыз тилиндеги сөз жаралган.

ИТЕЛЕ Бул сөз *түрткүлө* сөзүнө барабар маани берет жана *ит+ала* морфемаларынан куралат. Байыркы түрк эстеликтеринде жана азыркы айрым түрк тилдериндеги *ит* сөзүнүн өзү эле кыргызча *итер* этишинин маанисинде айтылат. Ошол *ит* этишине кыймыл-аракеттин дагы көп жолу кайталанарын туюнта турган *-ала* мүчөсү жалганып, *ителе* сөзү келип чыккан. Натыйжада «түрткүлө» маансиндеги сөз жаралган. Мындай мүчө *сеп-себеле, теп-тебеле* сыяктуу уңгуларда да көп кайталанган кыймыл-аракетти туюнтуу үчүн жалганат.

ИТЕР Бул сөз *ит+ар* морфемаларынан куралган. *Ит* этишинин өзү эле байыркы түрк тилинде «түрт» маанисин берген (ДТС, 215). Азыркы кыргыз тилинде *ит* этиши андай мааниде айтылбайт. Болжолу, байыркы кезде *ит* этишинин өзүнчө колдонулушу айрым түрк тилдеринде мүчүлүш боло баштап, ага *-ар* мүчөсү жалганган түрү гана айтыла турган болуп калган. Натыйжада *итер* сөзүнүн мааниси алгачкы *ит* үңгусу берген мааниге барабар келип калган. Чындыгында *-ар* мүчөсү жалганган сөз ошол этиштин аркылуу мамилесинин маанисин бермек. Мындай *-ар* мүчөсү азыркы *чык-чыгар, быш-бышар* сыяктуу этиштерде катышат.

ИТИРКЕ Жагымсыз нерсени көргөндө, сезгенде, эстегенде келүүчү сезим *итирке* аталат. Бул сөз *итир+ке* бөлүктөрүнөн турат. *Итир* үңгусу — жогорку *итер* сөзүнө барабар, ал эми *-ке* мүчөсү — этиштен зат атооч жасоочу мүчө. Мындай мүчө *тут-тутка* сөзүндө да катышат. *Итирке* сөзү, «итере турган сезим» маанисиндеги сөз болгон деп эсептөөгө болот.

ИЧИРКЕН Бул сөз *ичирке+н* морфемаларынан куралган. Анын *ичирке* үңгусу жогорку *итирке* сөзүнө *т* тыбышы *ч* тыбышына алмашусу боюнча туура келет. Ага этиш жасоочу *-н* мүчөсү жалганып, *ичиркен* сөзү жасалган. Муздак суу жылаңач этине чачырганда адам ичиркенет. Сууктан, муздак суудан ичиркенип кеткенде колдонулчу *ичикий* сырдык сөзү да ушул *ичирке* сөзүнүн *р* тыбышы түшүшүнөн келип чыгышы мүмкүн: *ичирк+ий>ичикий*.

ИЧКЕ Бул сөз түрк тилдеринде абдан айырмалуу болуп айтылат: *инже* (турец., ктат.), *инче* (аз.), *инче* (түркм., кум.), *чинже* (чув.), *ниске* (хак.), *ничке* (баш.), *ничке* (тат.), *инчке* (кбал.), *ингичкэ* (өзб.), *йиңишке* (ног.), *жиңишке* (каз., ккал.), *чиңге* (тув.), *чичке* (алт.), *сиһиьигес* (як.), *ичке* (кырг., лоб.).

Э. В. Севортян бул сөздүн уңгусун *инч* этиши деп эсептейт (Севортян, 1974, 365). Биздин оюбузча, *ичке* сөзү алгачкы *түкчө* (*<түк+ча)* сөзүнөн келип чыгат. Ошол сөздүн *т* тыбышы *ч, с, й, н, ж* тыбыштарына алмашуудан түрк тилдериндеги формалары жаралган. Ал үчүн алгачкы *түкчө* сөзүнүн *к* тыбышы кээ бир түрк тилдеринде *н* тыбышына алмашса, кээ биринде *кч* тыбыштары *чк* болуп метатезаланып кеткен: *түкчө> түчке>чичке >ничке>ичке; түкчө>түңче > йүңче>йуничке>жиңичке>инче; түкчө>түңчө> сиһьичес.*

Кыргыз тилинде *ичке* нерсени кылга салыштыруу көнүмүш нерсе. Ошондуктан *кылдай ичке* делет. Байыркы түрктөр да *ичке* нерсени кылга салыштырган. Ан үчүн алар ошол кездеги «кыл, жүн» маанисиндеги *түк* сөзү алып, ага кичирейтүүчү же салыштыруу маанидеги *-ча* мүчөсүн жалгап, *түкчө* сөзүн жасаган. Ал сөз эң алгач «кылдай, кылча» маанисин берген.

ИЧКИЛИК Кыргыз элинин өткөндөгү турмушунда уруулук жиктелүү күчтүү болгон. Анткени көп кылымдар бою уруучулук-феодалдык түзүлүштө жашап келген. Ошого байланыштуу жалпы кыргыз элин түзгөн уруулар негизги үч топко бөлүнгөн: *оң, сол, ичкилик. Оң* менен *сол* сөздөрү аскердин *оң* жана *сол канаты, арааны* дегенден улам келип чыккандыгын өткөн кылымда эле В. В. Радлов айткан. Ал эми *ичкилик* деген терминдин кандайча пайда болгону азыркы күнгө чейин кыргыз тилчилери, тарыхчылары тарабынан аныктала элек.

Биздин оюбузча, *ичкилик* сөзү *оң, сол* сөздөрү сыяктуу эле аскердик түзүлүшкө байланыштуу келип чыккан. *Ички* сөзү *ич+ки* бөлүктөрүнөн куралып, ал 15—16-кылымдарда Орто Азиядагы элдерде «борбордогу, хандын карамагындагы» деген маани берген. Ушундай маани бергенин ошол кезде арабча, персче, түркчө жазылган кол жазмалардан окууга болот. Анткени *оң* жана *сол* канат ар бири өзүнүн аскер башчысы бар өзүнчө топ болгон. Ал эми борбордук топко хан өзү жайгашкан. Хан борбордук топтогу өзүнүн

тикеден-тике көз алдында турган колду башкаруу менен бирге, *оң* жана *сол канатка,* жалпы шартка көз салган. Борбордук топтун аскерин ичкилерден чыккандар түзгөн. Хандын өзүнө түздөн-түз баш ийип, анын ордосунда кызмат кылгандар *ички* аталган. XVI кылымда жазылган Мухаммад Салихтан «Шейбанийнама» атту чыгармасында «Унгу сул борга кийиндилар чуст, Белларин богладилар размга руст. Ичкиси доги мукаммал булды, Ичкидин хоннинг эшиги тулды» — деген маалымат айтылат (106-бет). Ал эми хандын бийлигин таанып, ага баш ийүү менен, өзүнчө уруу болуп, ханга тиешелүү кызматын кылып берип тургандардан куралган оң менен сол канаттагылар *тышкы, тышкылык* аталган дешке болот. Азыркы күнгө чейин *тышкылык* деген жалпы аты сакталбай, анын *оң* жана *сол* деп ажыратылган калыбындагысы гана сакталган. Ичкиликтер болсо борбордук туунун кай жагына жайгашканына жараша *оң* жана *сол* болуп бөлүнгөн. Ошондуктан алар да *оң колдук ичкилик, сол колдук ичкилик (чап колдук)* болуп өз ара айырмаланышкан.

Мына ушундайча *ичкилик* жана *тышкылыкка* ажыратуу, анын ар бирин оң жана солго бөлүү байыркы замандан бери келе жаткан салттан улам келип чыккан. Байыркы түрк жазууларында *ички* деген термин жогорку *ички* сөзүнө жакын маани берген, тактап айтканда «[1]) мамлекеттин чегинин ичиндеги баш ийгендер 2) хандын өзүнүн карамагындагы, ордосундагы» дегенге жакын маанини билдирген. *Ичкилик* сөзү XV—XVI кылымдарда гана активдүү колдонгонуна караганда, кыргыз элинин өзүнчө аскери болуп ,мамлекеттик түзүлүшкө келген мезгили да ошо мезгилге жашташ же андан бир аз мурдараак болушу мүмкүн. Кантсе да уруулардын союзунан кыргыз эли түзүлгөн кезде оң канатта турган жана ага аскер бере турган уруулар жалпысынан бириктирилип, оң аталып калган. Ошондой эле жол менен сол канаттагы уруулар аталган. Борбордук корпус *ички, ичкилик* аталган.

ИЧМЕК Байыркы түрк тилинде *ичлик* сөзү кыргызча *ичмек* сөзүнүн маанисин берип, *ичмек* сөзү «козунун терисинен жасалган ичик» маанисин туюнткан (ДТС, 202). Кыргыз тилинде байыркы *ичмек* сөзүнө туура келген сөз *ичик* болуп өзгөрүп, *л* тыбышы түшүп калса, мааниси да өзгөрүп, киши кие турган тыш

кийимди билдирип калган. Ошол сыяктуу болуп *ичмек* сөзү да өзгөргөн. Азыркы кыргыз тилинде бул сөз аттын жонуна эң биринчи салына турган токумдун биринин атын билдирет. *Ичмек* сөзү *ич+мек* бөлүктөрүнөн турат. Анын *-мек* мүчөсү мааниси боюнча *-лык* мүчөсүнө туура келет. Бирок ар бир тилде *-лык* же *-мак* мүчөсү дифференцияланып, ар бири уланган сөзүнө өзгөчө маани берип калган.

ИШ Байыркы түрк тилинде *ыд//ыз//ыт* этиши «жиберүү» маанисин берген. Мына ушул этиштин *ыт* варианты менен азыркы *иш* деген зат атооч сөз тектеш дешке болот. Анткени байыркы кездеги *йумуш* сөзү жөн эле иш эмес, «атайын тапшырылган иш, кызмат, элчилик» деген маани берип, андан *йумша* этиши келип чыгып, ал байыркы кездеги *ыт* этишине маанилеш болгон. Синкретизмдик уңгу болуп *ыт* сөзү алгач «жиберүү» жана «жиберилген иш, тапшырылган иш» манисин бирдей туюнтушу мүмкүн. Кийин *ыт* сөзүнүн аяккы *т* тыбышы *ш* тыбышына алмашуусунан *ыш>иш* сөзү жаралып, алгачкы *ыт* этишинен айырмалу түргө келип, экөө эки башка сөзгө ажыраган.

ИШЕН Кыргызча *ишен* сөзү—монголчо *итгех*, бурятча *этигэхэ*, калмакча *итих (иткехе), ицх (ицхе)* сөздөрү менен тектеш. Алгачкы түрү катары монголчо *итгэ* формасын эсептөөгө болот. Анын *т* тыбышы *ц* тыбышына өткөн варианты калмакча *иц* этишинде айтылат. Бул *ц* тыбышы *т>ч>ц* аркылуу өнүккөн деп эсептегенде, түркчө (кыргызча) *ишен* этишиндеги *ш* тыбышы алгачкы *т* тыбышынын *ч* тыбышына алмашкан варианты *ш* болуп өзгөрүшүнөн жаралат: *т>ч>ш*.

Кыргызча *ишен* этиши *ише+н* бөлүктөрүнөн турат. Анын *ише* уңгусу монголчо *итгэ*, калмакча *иц (е)* этишине туура келет. Ошол этишке өздүк мамиленин *-н* мүчөсү жалганып, *ишен* сөзү келип чыккан.

Г. Вамбери *ынан* жана *ишен* этиштери бир уңгудан чыгарын айткан (Севортян, 1974, 656). Ушул пикирди колдоп, алгачкы формасы *ишен* түрү болгон, анын *ш* тыбышы *л* тыбышына алмашуусунан *илан>ынан* түрү жаралган дешке болот.

К

КААЛА Бул сөз *каа+ла* бөлүктөрүнөн турат. Сөздүн уңгусун түзгөн *каа* иранча *хах* сөзү экенин В. В. Радлов өткөн кылымда эле аныктаган (Радлов, т. II ч. 1, 199). Ал *хах* сөзү *хастан* этишинин учур чактагы формасы болуп эсептелет. Иран тилинде *хах* этиши *каала* маанисин берет.

Ушул этишти өзбектер *хохламак* түрүндө кабыл алган, аларда сөздүн уңгусу тыбыштык түрүн сактаган. Кыргыз тилинде уңгунун аягындагы *х* тыбышы үндүүгө айланган, натыйжада *каала* этиши келип чыккан. Казак тилинде болсо уңгунун аягындагы *х* тыбышы түшүп, *кала* этиши жаралган.

Иран тилинде *хах* этиши *хастан* этишинин учур чактагы форма болуп турса да, ага түрк тилдери өздөрүнүн этиш жасоочу *-ла* мүчөсүн кошкон.

КААЛГА *Эшиктин каалгасы* деген учурда айтылуучу *каалга* сөзү кыргыз тилине монгол тилинен кабыл алынган. Монгол тилинде *хаа* этиши кыргызча *жап* сөзүнүн маанисин берет. Ошол *хаа* этишине зат атооч жасоочу *-лга* мүчө жалганып, *хаалга* сөзү келип чыккан. Ал «жабуучу» дегенге жакын маани берген.

Этиштен зат атооч жасоочу *-лга* мүчөсү кыргыз тилиндеги төл сөздөргө да катышат. Алсак, *жаса — жасалга, тап — табылга* сөздөрүндө да байкалат.

Монголчо *хаа* этиши түрк тилдериндеги *кап* этишине туура келет. Бирок байыркы түрк тилинде *кап* этиши «1) карма; 2) уурда; 3) чап, кол сал» маанисин берери көрсөтүлгөн. Байрыкы кезде *капга* «дарбаза»; *капак* «капкак» (ДТС, 420) сөздөрү да берилгенине караганда, *кап* этиши «жап» маанисинде да колдонулган.

КАБАК I Көз менен каштын ортосундагы аралыкты билдирген *кабак* сөзү *кап+ак* бөлүктөрүнөн куралган. Сөздүн уңгусу — *кап* этиши, ал «жап» маанисин берет. Ага этиштен зат атооч жасоочу *-ак* мүчөсү жалганып, *кабак* сөзү келип чыккан. *Кабак* сөзү алгач «жапкыч, жапма» дегенге жакын маани берген. Анткени адам көзүн жумганда жана ачканда кабак кыймылдайт, көздүн асты бир калыпта турат.

Этиштен зат атооч жасоочу *-ак* мүчөсү кыргыз тилинде кеңири колдонулат. Мисалы: *быч-бычак, кес-кесек, жала-жалак* ж. б.

КАБАК II *Кабак* же *ашкабак* деп айтылган учурдагы сөз тоголок же сүйрү келип, муунак болгон мөмөсү бар өсүмдүктү билдирет. Бул *кабак* сөзү *кап*+*ак* морфемаларынан куралган.Сөздүн уңгусун түзгөн *кап* уңгусу — «бир нерсенин үстүн жаап турган бөлүгү» деген маанини билдирген зат атооч сөз. Ага кичирейтүүчү маани туюнткан *-ак* мүчөсү жалганып, «кабакча» маанисин билдирген. Мындай аты кабактын *таш кабак* деген түрүнөн ар түрдүү буюмдар жасалганына байланыштуу болушу мүмкүн.

КАБЫК «Бир нерсенин сыртын каптап турган бөлүгү» маанисиндеги *кабык* сөзү жогорку *кабак* II сөзү менен тектеш. Алгачкы *а* тыбышы *ы* тыбышына алмашуудан *кабык* сөзү келип чыккан. Тыбыштары алмашу менен, маанилери да айырмаланып кеткен. Азыр *кабык* сөзүн сыртынан каптап турган бардык нерселерге карата айтууга болот, *кабак* сөзү бир гана өсүмдүктүн атын билдирүү менен чектелген.

КАБЫЛАН Азыр Кыргызстандын аймагында *кабылан* деген жаныбар жашабайт. Бул сөз аркылуу кыргыздар мышык тукумуна кирчү жырткычтардын кайсынысын айтканын да билүү кыйындап калган. Леопард да, гепард да кара чаар келет. Бирок алар бири-биринен кескин айырмаланат. Леопард жыгачка чыгып, сууда да сүзө алат. Гепард болсо тырмагы иттин тырмагы сыяктуу келип, мышыктын тырмагындай бүктөлүп турбайт. Ошондуктан ал абдан катуу чуркай алат. Байыркы мезгилде гепардды күчүк кезинен колго багып, үйрөтүп алып, тайган сыяктуу аң улоого пайдаланган. Кыргыз эли да *кабылан* деп ушул гепардды аташы мүмкүн. Анткени *кабылан* сөзүнүн уңгусун түзгөн *кап* сөзү «карма, тиште» маанисин берген этиш болуп эсептелет. Ал эми *-лан* мүчөсү *арстан, сырттан* сөздөрүндө да катышкан мүчө болуп эсептелет. Азырынча анын мааниси белгилүү боло элек.

КАБЫРГА Көпчүлүк түрк тилинде жана кыргыз тилинде *кабырга* түрүндө айтылган сөз казак тилинде *кабыртка* жана *кабырга* болуп колдонулат. Ушул сөз монгол тилинде *хавирга(н)* жана *хавис(ан)* варианттары менен айтылышы *кабырга* сөзүнөн келип чыгышына байланыштуу орчундуу фактылардан болуп эсептелет.

Казак тилиндеги *кабыртка* формасы азыркы *кабырга* сөзүнүн мурдагы формасы болгон. Катар келген

үч үнсүз тыбыштын ортоңкусу түшүп калуудан, *кабырга* сөзү жаралган: *кабыртка*>*кабырга*.

Ал эми *кабыртка* сөзүнүн өзү алгачкы *каптырга*// *каптырык* сөзүнүн өзгөрүшүнөн келип чыккан деп болжолдойбуз. *Каптырга* сөзү *кап*+*дырга* формаларынан куралат, *каптырык* сөзү да *кап*+*дырык* деген составдан турат. Мындагы *кап* уңгу байыркы түркчө «карма» маанисиндеги этиш, ага уланган *-дырга* мүчөсүнүн монголчо варианты.

Каптырга сөзү *желдик* сөзүнө барабар маани берерин К. К. Юдахин белгилеген (Юдахин, 344). Аттын токулгасынын *желдиги* же *каптыргасы* кабырганын үстүнө келет, ошондуктан *каптырга* сөзү алгач «кабырга» маанисиндеги сөз болгон деп болжолдоого болот. Мына ушул *каптырга* сөзүнүн *-тырга* мүчөсү тыбыштарынын орун тартибин ооштуруп жайгаштыруудан казак тилиндеги *кабыртка* формасы жаралган. Ал *каптырга* сөзү *кабыртка* болушунан келип чыгат.

Ошол *кабыртка* формасынын *т* тыбышы түшүшүнөн *кабырга* сөзү жаралган. Ал эми *т* тыбышы түшпөстөн, уңгунун аягындагы *п* тыбышы түшүшүнөн *карчыга* сөзү пайда болгон. Кыргыз тилинде *карчыга* деп кабыргалар бири-биринен ажыратылбай, бирге турганы айтылат. Бул сөз алгачкы *кабыртка* сөзүнүн *картка*>*картыга*>*карчыга* болуп өзгөрүшүнөн жарылган.

КАЗАН Азыркы кыргыз тилинде *карын* сөзүнүн ордуна *аш казан* деп айтууга жол берилет. Байыркы түрк тилинде *карын* (ДТС, 427) сөзү болгон эмес. Ушуга караганда алгачкы *карын* сөзүнүн *р* тыбышы *з* тыбышына жана *ы* тыбышын *а* тыбышына алмаштыруудан *казан* сөзү келип чыккан. Ошондуктан *карын* дегендин ордуна *аш казан* деп айтууга мүмкүн болуп калган.

Малдын карынын байыркы элдер идиш катары пайдаланган. Карынга май куюу, сүзмө куюу азыркы күнгө чейин колдонулат. Карынды идиш катары пайдалануу байыркы кезде азыркыдан таптакыр башкача болушу мүмкүн. Карынга суу куюп, аны отко асып тамак бышыруу мүмкүн эмес, карын күйүп кетет. Карын — малдын ичиндеги идиш жасай турган эң чоң мүчөсү. Ошондуктан көлөмү боюнча барабар келген металлдан жасалган идиш да карынды билдирген сөз менен аталып калышы мүмкүн. Кыскасы, *казан* сөзү — *карын* сөзү менен тектеш.

КАЗАНБАК Көчүп-конгондо казан сынбасын жана булгабасын үчүн аны талдан согулган себетке же капка салып койгон. Ал идиш *казан кап* аталган. Кийин бул эки сөз биригип, *кап* сөзү метатезаланып, *бак* болуп өзгөргөн. Натыйжада *казанбак* сөзү келип чыккан.

КАЗЫК Азыркы кыргыз тилиндеги *казык* сөзүн морфемаларга ажыратуу кыйындап кеткен. Бул сөз *каз(а)+к* морфемаларынан куралган. Байыркы түрк тилинде *д* тыбышы *к (г)* тыбышына алмашкан учурлар болгон. Байыркы түркчө *эдиз, эдер* сөзү *эгиз* «бийик», *эгер «ээр»* болуп өзгөргөн. Дал ушул сыяктуу өзгөрүү байыркы *када* этишинде да болуп өткөн.

Байыркы түрк тилинде *када* этиши болгону белгисиз. Монгол тилинде *хада* этиши «1) как, када; 2) так, када» маанисин берет (МРС, 479). Мунун экинчи мааниси кыргыз тилинде *топчу када* деген учурда айтылат. *Сыныкты када* деген учурда ушул этиштин бир башка-чараак мааниси айтылса, ордо ойнунда *кадамакты када* дегенде өзгөчө мааниси колдонулат.

Башкыр тилинде байыркы *када* этиши тишчил *з* тыбышы менен айтылып, *каза* түрүнө келген. Анда *казау* этиши «тыгуу, кагуу» (БашРС, 311) маанисин берип, андан *казау* «мык» сөзү жасалган. Ошол эле этиштен *казык* (БашРС, 312) сөзү да келип чыккан. Кыргыз тилинде болсо байыркы *д* тыбышы *з* тыбышына өзгөрүп, *када* сөзүнөн *казык* сөзү жаралган, уңгунун аягындагы *а* тыбышы *ы* тыбышына алмашкан.

Байыркы *када* этишин аягында ашыкча үндүү тыбыш айтылган монголчо варианты десек, аягында үндүүсү жок түрүн түркчө варианты дешке болот. Ошондо байыркы монголчо *када* этиши түркчө *кад* сөзүнө туура келет. Мына ушул *кад* варианты *д* тыбышы *к (г)* тыбышына алмашуу боюнча *как* болуп өзгөргөн. «Байыркы түрк сөздөрүндө» *када* этиши жок болгон менен, *как* «ур, сок, как» (ДТС, 422) этиши болушу ушундай кубулуш аркылуу түшүндүрүлөт.

Азыркы кезде кыргыз тилинде *казык как* деп айтылган тизмекте байыркы кездеги бир эле уңгудан чыккан эки сөз катар айтылат. *Казык* сөзүнүн уңгусун түзгөн *каз(а)* сөзү да азыркы *как* этишинин маанисинде болгон.

КАЙГЫ Бул сөз *кай+гы* бөлүктөрүнөн куралган. Байыркы түрк тилинде *кай* этиши «көңүл буруу, кейишүү, кайгысын бөлүшүү» (ДТС, 406) маанисин берген.

Мындай этиш азыркы кыргыз тилинде өзүнчө колдонулбайт, бирок *кайыш* (мисалы: *кабыргасы кайышуу* (Юдахин, 325) деген учурда сакталып калган. Ал эми *-гы* мүчөсү этиштен зат атооч жасашы *тепки (тепки же), түртку (түрткүсү менен)* сыяктуу учурларда даана көрүнөт.

КАЙКАЙ «Башты жогору көтөрүп, көкүрөгүн керип ,белин кайкалатып жүрүү» (КТТС, 263) маанисиндеги *кайкай* этиши *кай+кы+й* морфемаларынан куралган. Сөздүн *кай* уңгусу «кайрылуу, бурулуу» (ДТС, 406) маанисин берген. Ага этиштен атооч жасоочу *-кы* мүчөсү жалганып, *кайкы* сөзү келип чыккан. Мына ушул сөзгө этиш жасоочу *-й* мүчөсү улануудан *кайкый* сөзү жаралган.

КАЙКЫ *к. кайкай.*

КАЙКЫЙ *к. кайкай.*

КАЙМАК Сүттүн үстүнө жыйналып калган майлуусу *каймак* аталат. Бул сөз *кай+мак* бөлүктөрүнөн куралган. Анын *кай* уңгусу *кайпы* этишинин *п* тыбышы түшүп, *кайы* болуп өзгөргөн түрү дешке болот. Ага зат атооч жасоочу *-мак* мүчөсү жалганып, *кайымак>каймак* сөзү келип чыккан. Мындай *-мак* мүчөсү кыргыз тилинде *куймак, оймок, иймек, өрмөк* сыяктуу сөздөрдү уюштурууда кеңири катышат.

КАЙНА Байыркы түрк тилинде *кайын* жана *кайна* этиштери негизинен бирдей маани берген. Мунун алгачкысы *кайын* «1) кайна; 2) *өтм.* жайна, кыжылда» түрү дешке болот. Мына ушул *кайын* түрүнө кыймыл-аракеттин көп кайталанганын туюнта турган *-а* мүчөсү жалганып, *кайна* «1) кайна, быш; 2) оргу, атырыл; 3) *өтм.* жабыра, кыжылда; 4) *өтм.* албууттан, оргушта (сезимге карата); 5) каяша кыл» (ДТС, 407) этиши жасалган. Кыргыз тилинде алгачкы *кайын* этиши унутулуп, кийинки *кайна* варианты гана колдонулуп калган.

КАЙНИ *Кайын* сөзү катышкан башка сөздөрдү толук түрдө да *(кайын ата, кайын эне, кайын эже)*, кыскарта бириктирип да *(кайната, кайнене, кайнеже)* айтууга болот. Бирок *кайын ини* деп толук айтуу азыркы кыргыз тилинде мүмкүн эмес, аны *кайни* түрүндө кыскартып гана айтабыз.

Алгачкы *кайын ини* тизмегинин биригишинен *кайни* сөзүнүн келип чыгышына окшош болгон эки муундун катар келиши (гаплология) себеп болгон. *Кайын* сөзүнүн аягында турган *ын* бөлүгүнөн кийин экинчи

сөздүн башындагы *ин* тыбыштарын удаа айтылууга тийиш болгондуктан, өтө окшош болгондуктан бирин түшүрүп айтууга туура келген. Бирок андан сөздүн жалпы мааниси бузулган эмес. Натыйжада *ини* сөзүнүн башкы *ин* бөлүгү түшүп калган менен, *ини* сөзүнүн милдетин *и* деген түшпөй калган бөлүгү эле аткарып калган.

КАЙРА I. «Дагы, кайталап» маанисиндеги тактооч сөз *кайыр* этишинен жана ага уланган чакчыл *-а* мүчөсүнөн куралган. Чакчыл мүчө этиштерге жалганып тактооч, байламталар жасалганын *жана, көздөй, карай, баштап* ж. б. сөздөрдөн көрүүгө болот. *Кайыр* этишинин өзү *кай+ыр* бөлүктөрүнөн турарын *кайт, кайта* сөзүнө салыштырып аныктоо мүмкүн. *Кайт* сөзүнүн аягында этиштин аркылуу мамилесинин *т* мүчөсү бар деп эсептесек, *кайыр* сөзүндө аркылуу маанинин *-ыр* мүчөсү бар. Маселен, *уч — учур, кет — кетир* сыяктуу болуп *кай* этишине *-ыр* мүчөсү уланган. Бирок ошол *кай* уңгусу өзүнчө турганда маани бербей, өлүү уңгуга айланып калган. Байыркы түрк жазууларында *кай* сөзү «кайрыл, бурул» маанисин берген өзүнчө сөз болгон (ДТС, 406).

КАЙРА II *Бычак кайра* деген учурда айтылган *кайра* сөзү *кайыр+а* бөлүктөрүнөн турат. Анын *кайыр* уңгусу байыркы түрк тилинде «1) кум; 2) борпоң топурак» (ДТС, 407) маанисин берери көрсөтүлгөн. Мындан тышкары *кайыр* сөзү «кумдан уюган таш» маанисин да бериши мүмкүн. Мына ошол маанидеги *кайыр* сөзүнө этиш жасоочу *-а* мүчөсү жалганып, *кайра* сөзү келип чыккан. Бул сөз алгач «кумдуу ташка жануу» маанисин берген дешке болот. Кийин *кайра* этишине зат атооч жасоочу *-к* жалганып, *кайрак* сөзү мурдагы *кайыр* сөзүнө барабар маани туюнтуп калган.

КАЙСЫ Сурама ат атоочтун бири болгон *кайсы* сөзү *кай* уңгусунан жана эки жолу жалганган таандык мүчөдөн куралган. Анын *кай* уңгусу *кай бир, кай жерде* сыяктуу учурларда өзүнчө сөз катары азыркы кыргыз тилинде колдонулат. Мына ошол уңгуга шыр эле таандык мүчөсүнүн *-сы* вариантын улоо мүмкүн эмес. Анткени III жактын *-сы* деген таандык мүчөсү үндүүлөр менен аяктаган сөздөргө гана жалганат. Үнсүздөр менен бүткөн сөзгө *-ы* түрүндөгү таандык мүчө жалганат. *Кай* уңгусу менен *-сы* мүчөнүн ортосунда дагы бир таандык мүчө болгон. Байыркы түрк жазууларында *кайу (<кайы)* сурама ат атоочу азыркы кыргызча *кайсы* сөзүнүн маанисинде колдонулган (ДТС, 402—409). Болжолу, байыркы кыргыз тилинде да *кайы* түрү колдонулуп келген. Бирок ал өз маанисин жоготкон соң, андан кийин дагы бир жолу таандык мүчөсүн жалгоого туура келген. Бирок ал мүчө жалганганда астындагы *-ы* түрүндөгү таандык мүчө түшүп калган. Ал эми азыркы *кайсынысында?* дегенде таандык мүчө төрт жолу кайталанат, эки жолу *-ы* мүчөсү, эки жолу *-сы* мүчөсү.

КАЙТ *Кайра кайт, үйгө кайт* сыяктуу учурларда айтылуучу *кайт* сөзү *кай+ыт* бөлүктөрүнөн куралган. *Кай* уңгусу «кайрыл, бурул» (ДТС, 406) маанисин берген. Ага аркылуу мамиленин *-ыт* мүчөсү уланып, *кайыт* сөзү жасалган. Ал байыркы түрк тилинде «свернуться, подвернуться, наклониться на сторону» (ДТС, 406) маанисин туюнткан. Кыргыз тилинде мүчөнүн башындагы *ы* тыбышы түшүп, *кайт* түрүнө келген.

КАЙТА *Кайта кел, кайта бар* сыяктуу учурларда айтылган *кайта* сөзү *кай+ыт+а* бөлүктөрүнөн куралган. *Кай* «кайрыл, бурул» (ДТС, 406) уңгусуна аркылуу мамиленин *-ыт* мүчөсү уланган түрү кыргыз тилинде *кайт* түрүнө келген. Ага чакчыл *-а* мүчөсү уланганда *кайта* сөзү жаралып, тактооч маанисин берип калган.

КАЙТАР Кыргыз тилинде *кайтар* сөзү беш маани берет. Аны *жылкы кайтар, короо кайтар, жоон кайтар, кайтарып айт, кайтарып бер, көөнүн кайтар, мизин кайтар, чабуулду кайтар* ж. б. сыяктуу учурларда айтууга болот (КТТС, 205—206). Бул этиш *кай+тар* бөлүктөрүнөн турат. *Кай* уңгусу «кайрыл, бурул» (ДТС, 406) маанисин берген. Ага этиштин аркылуу мамилесинин *-тар* мүчөсү уланып, *кайтар* сөзү жаралган. Мындай *-тар* мүчөсү кыргыз тилиндеги *кыстар* этишинде даана көрүнөт.

Алгач *кайтар* сөзү «1) кайыр, бур; 2) кайтар, артка кетир, чегиндир» маанисин гана берген (ДТС, 408). Кийин андан *кой кайтар, жоон кайтар, бергенин кайтар, көөнүн кайтар* деген сыяктуу учурлардагы маанилери келип чыккан. Ошол кезде *койду кайтаруу* койду басып бара жаткан багытынан өзгөртүп, башка жакка кайрып коюу катары түшүнүлгөн. Азыркы кезде ал мааниси унутулуп, *кой кайтаруу* «койду багуу» катары түшүнүлөт.

КАЙЧЫ «Байыркы түрк сөздүгүндө» *кайчы* сөзү катталган эмес, бирок анда *кай* этиши «кый» маанисинде колдонулары көрсөтүлгөн (ДТС, 406—440). Мына ушул *кай* этишине кесипти билдирген *-чы* мүчөсү жалганып, *кайчы* сөзү жасалган. Ал «кыйуучу, кесүүчү» маанисин берген.

КАЙЫҢ Байыркы түрк тилинде бул сөз *кадың* жана *кайың* түрүндө айтылган. Азыркы түрк тилдеринин ичинен хакасча *казың*, якутча *катың* болуп колдонулат. Байыркы түрк тилинде *каз* сөзү жыгачтын кабыгын билдирген. Ошол сөзгө *-ың* мүчөсү жалганып, *казың* сөзү келип чыккан. Бул мүчөнүн маанисси азырынча белгисиз.

Ошондой болсо да *кайың* өзүнүн кат-кат болгон кабыгы бар болгондугу үчүн ушундай аталган. Адамдар байыркы заманда эле кайыңдын кабыгынан ар түрдүү идиш жасоону билген. Кайыңдыкы сыяктуу кабык башка жыгачтарда болбойт. Ушул өзгөчөлүгү анын атынын келип чыгышына себеп болгон.

КАЙЫР *к. кайра.*

КАЙЫШ I Бул сөз байыркы түрк тилинде *казыш* түрүндө айтылган. Ал эми *кадыз* сөзү ал кезде «1) кабык; 2) кабыкча» маанисин берген (ДТС, 403). Ушуга караганда бул сөздүн уңгусу *кад* болгон. Ал сөз *каз* сөзү сыяктуу «жыгачтын кабыгы, териси» же «малдын териси» маанисин берген сөз болушу мүмкүн. Ага *-ыш, -ыз* мүчөлөрү жалганып, *кадыш, кадыз* сөздөрү келип чыккан. Ошол *кадыш* сөзүнүн *д* тыбышы *й* тыбышына өткөн түрүнөн кыргызча *кайыш* сөзү жаралган. Алгач *кадыш* сөзү жөн эле «тери» (кабык) маанисин берип, *кабык* сөзү менен уңгулаш болгон. Кийин гана *кайыш* сөзүнүн мааниси өзгөрүп, «ийленген тери» деген маани берип калган.

КАЙЫШ II. Кыргыз тилинде *кайыш* этиши «1) ийилүү, ийрейүү, майышуу; 2) кыйналуу, жанга батуу; 3) бирөөгө жаны ачуу, жаны кейүү; 4) *өтм.* карышуу, көгөрүү, тырышуу, өжөрлөнүү» (КТТС, 268) маанилеринде колдонулат. Мына ушулардын баарысы алгачкы *кайыш* деген бир сөздөн пайда болгон. *Кайыш* этиши *кай* «1) кайрылуу, бурулуу, 2) көңүл буруу, кейишүү (ДТС, 407) маанилеринен өнүккөн. Байыркы түрк тилинде *кайыш* «көңүл буруу, кейишүү (ДТС, 407) мааниси гана берилип, башка маанилери берилген эмес. Болжолу, *кайыш* этишинен анда көрсөтүлбөгөн маанилери кийин өнүккөн.

КАКАЙ Кыргыз тилинде *кайкай* этишинин ортоңку *й* тыбышын түшүрүп, *какай* кылып айтса да боло берет. Мисалы: *кайкайып бас — какайып бас. Кайкай* этиши *кайкы* деген сөздөн келип чыккандыктан, ал толук түрү болуп эсептелет да, *какай* варианты *й* тыбышын түшүрүп, кийин жаралган болуп чыгат. Ошондуктан кыргыз тилиндеги *койкой — кокой, бойтой — ботой, бөйтөй — бөтөй* сыяктуу варианттуу айтылган сөздөрдүн ортосунда *й* тыбышы түшпөй айтылган түрү алгачкысы дешке болот.

КАКЫР Бул этиш *ка* деген дабышты туураган сөзгө этиш жасоочу *-кыр* мүчөсү жалгануудан пайда болгон. Анткени ушул сыяктуу *бакыр, түкүр, өкүр, үшкүр, ышкыр, бышкыр* сыяктуу сөздөргө *-кыр* мүчөсү уланып жасалган.

КАЛАК Кыргыз тилинде ысык нерсени карман алса, бир жерин күйгүзүп алса, *калак, калакай, калак-чолок, калак-чолок калматай!* деп чоочуйт. Мындагы *калак* сөзү калмак тилиндеги *халаг* (МРС, 502) сөзүнөн кабыл алынган. Монголчо *гал* сөзү «от, өрт» дегенди билдирсе, *хал* этиши «1) жалында; 2) күй» маанисин берет.

Ал эми *калак-чолок* кош сөзүндөгү *чолок* сөзү калмакча *цольгх* «ысык нерсени басып күйгүзүү» этишинен келип чыккан *чолок* сөзү болушу мүмкүн (КРС, 636). *Калак-чолок калматай* деген учурдагы *калматай* сөзү монголчо *халуун* «ысык, апатап» сөзүнөн жасалган *халуунт* «жалындуу» маанисиндеги сөз дешке болот. Анын аягына сырдык сөздүк маанидеги *-ай* мүчөсү жалганып, *халуунтай* түрүндөгү сөз кыргызча *калматай* болуп өзгөргөн.

Ошондо *калак-чолок калматай!* сөзүнүн баары «от, чок, жалын, ысык» деген маанини билдирген сөздөр болуп чыгат.

КАЛП Араб тилинде *калб* сөзү «тескери, терс, оодарылган, аңтара» деген маани берет. Мына ушул сөз кыргыз тилине кабыл алынып, *калп* түрүнө келип, «жалган, төгүн, өтүрүк» сөздөрүнө синонимдеш болуп калган. Оң же туура айтылган сөздү тескери кылып айтуудан *калп* сөз келип чыгат. Ушундай өзгөчөлүгүнө жараша *калп* сөзү жаралса, ага маанилеш *жалган* сөзү *жалга* «ула» деген этишке зат атооч жасоочу *-н* мүчөсү уланууудан пайда болуп, алгач бирөөнүн сөзүнө өз сөзүн улап айтылган сөздөрдү туюнткан. Ал эми *төгүн* сөзү *төк* деген этишке *-н* мүчөсү уланып жаса-

лып, «ашыкча сөз кошуп, кырынан төгүлтө ашырып жиберилген сөз» дегенди билдирген. Азыр сейрек колдонулган *өтүрүк* сөзү болсо *өт* этишине *-ырык* мүчөсү жалгануудан келип чыккан. Мындай мүчө *бас* этишинен жасалган *басырык* сөзүнөн да байкалат. Алгач *өтүрүк* сөзү «айтылганынан өтө чапкан башка кошумча сөздүү» деген маани берген. Кийин *калп, жалган, төгүн, өтрүк* сөздөрүнүн жекече өзгөчөлүктөрү даана сезилбес болуп өзгөрүп, баарынын маанилери бири-бирине жакындашуу багытында өнүгүп, бирдей маани туюнтуп калган.

КАМА Кыргыз тилинде *кама* сөзү «1) тегеректеп курчап алуу; 2) камакка алуу, түрмөгө отургузуу; 3) кысылган кыйын абалга келтирүү» маанисин берет. Бул сөз *кап+а* морфемалардан куралган. Байыркы түрк тилинде *кап* сөзү «карма, кармап ал» (ДТС, 420) маанисинде болгон. Мына ушул этишке кыймыл-аракеттин көп жолу кайталанганын туюнта турган *-а* мүчө жалганып, *капа* сөзү келип чыккан. Азыркы азербайжан тилинде *гапамак* этиши «жабуу, бекитүү» маанисине ээ болсо, түркмөн тилинде «курчоо» дегенди туюнтат. Ногой тилинде *капа* этиши «1) айдап киргизүү, бекитүү ;2) кармоо» дегенди билдирсе, кара калпак тилинде *кама* этиши «1) айдап киргизүү; 2) камоо» маанисин берет.

Азербайжан, түркмөн, ногой тилдеринде байыркы *кап* үнгусу өзгөрүүсүз сакталган. Кара калпак тилинде жана көпчүлүк түрк тилдеринде үнгунун аягындагы *п* тыбышы эки үндүүнүн ортосундагы абалда *м* тыбышына өткөн. Натыйжада алгачкы *капа* түрүнөн *кама* түрүнө келген.

КАМАН Монгол тилинде *хамар* сөзү «тумшукту» билдирет. Мына ушул сөздүн аяккы *р* тыбышы *н* тыбышына алмаштырылып кабыл алуудан *каман* сөзү жаралган болуу керек. Байыркы түрк тилинде *каман* сөзү болгон эмес. Ал кезде *лагзын,* кийинчерээк *тоңуз* сөздөрү колдонулган.

Жапайы же колдо багылган чочко башка жаныбарлардан жерди түртө турган тумшугу менен айырмаланат. Мына ушул өзгөчөлүгү анын эркектерин билдире турган сөз болуп кабыл алынышы мүмкүн.

КАМПА Эгин сактоочу склад кыргыз тилинде *кампа, амбар* делип айтыла берет. Азыр *кампа* сөзү кеңири колдонула баштап, *амбар* сейрек айтылууга

өттү. Эпикалык чыгармаларда көбүнчө *амбар* колдонулат.

Амбар сөзүн К. К. Юдахин иран тилинен кабыл алынган деп эсептеген (Юдахин, 55). Иранча *анбар* сөзү кыргызча *амбар* түрүндө кабыл алынып, колдонулуп келген. Бул сөздү бир аз жымсалдап айтуу үчүн баш жагына *к* тыбышын кошуп, аяккы *р* тыбышын түшүрүүгө туура келген. Натыйжада *кампа* сөзү жаралган.

КАМЧЫ Азыркы *камчы* сөзү кандай морфемалардан куралганын ажыратуу кыйын. *Кам* үнгусу, *-чы* мүчөсү десек, алар кандай маани бергенин аныктай албайбыз. Бирок *камчы* сөзүнүн *к* жана *ч* тыбыштарын орун алмаштырып жайгаштырып көрөлү: *камчы>чамкы.* Мына ошол *чамкы* сөзүн *чам* жана *-кы* бөлүктөрүнө ажыратууга болот. Андагы *чам* үнгусу *чап* этишинин *п* тыбышы *м* тыбышына өткөн түрү болуп чыгат. Башкача айтканда, *чапкы* деген сөздүн тыбыштары өзгөрүп кетишинен *камчы* сөзү жаралган. XI кылымдагы Махмуд Кашкаринин «Диванында» *камчы* түрү белгиленген. Демек, ошол кезге чейин эле алгачкы *чапкы* сөзү *камчы* түрүнө келип айтылышы норма болуп калган.

КАНДАГАЙ Азыркы кыргыз тилинде балбандар, батырлар кийчү текенин терисинен жасалган жаргак шым *кандагай* аталат. Монгол тилинде болсо *хандгай* сөзү орусча *лось* деген жаныбарды билдирет. Ушуга караганда алгач кыргыз тилинде да *кандагай* сөзү лосту билдирген. Бирок кийин андай жаныбар Тянь-Шанда жок болуп калганда, ал сөз ошол жаныбардын терисинен жасалган шымдын атында сакталып калган. Балбандар менен баатырларга кандагайдын терисинен шым тигип берүү мүмкүн болбой, анын ордуна текенин териси пайдаланылса деле, эски көнүмүш боюнча ал шымдын аты *кандагай* аталып кала берген.

КАПКА «Дарбаза» маанисин берген *капка* сөзү *кап* үнгусунан жана *-ка* мүчөсүнөн куралган. Мындагы *кап* этиши *жап* этишине жакын маани берет. Ага этиштен зат атооч жасоочу *-ка* мүчөсү жалганган. Андай мүчөнү *тепке* сөзүнөн даана байкоого болот. Комуздун кылын өйдө тээп, чертилгенде эркин кыймылдап, үн чыгарышы үчүн *тепке (<теп+ке)* жасалары белгилүү. Ошондой эле *капка* сөзү алгач «жаба турган нерсе» деген маани берген.

КАПКАК Жогорку эле *капка* сөзүнө кичирейтүүчү *-к* мүчөсү жалганып, капкага караганда көлөмү алда канча кичине болгон, идиштерди жаба турган нерсе *капкак* аталып калган.

КАПКАН «Карма» маанисин берген *кап* этишине *-кан* мүчөсү жалгануудан *капкан* сөзү жаралган. Ал «кармай турган курал» дегенге жакын маани берген. Бирок азыр капкан чаап кармайт, анын ошондой чапкандыгынан улам ушундай аталгандыр деп ойлоого да болот. Бирок эң байыркы мезгилде металл *капкан* пайда боло электе эле *капкан* сөзү жаралып, коё бербей кармап калуучу касиети негизги белгиси болгондуктан ушундайча аталган дешке болот.

КАРА Азыркы кыргыз тилиндеги *көр* жана *кара* этиштери бирдей эле маани берет. Ошондой болсо да болор-болбос айырмасы бардыгы байкалат. *Көр* этиши «бир жолу гана көз чаптырып өтүү» дегенге жакын маани берсе, *кара* сөзү «бир нече ирет көз жүгүртүү, байкоо» дегенге жакын маани берет. Мисалга «Мен жоголгон атты көрдүм» менен «Мен жоголгон атты карадым» дегенди алалы. *Көрдүм* сөзү катышкан учурда сүйлөөчү аны кайсы бир жерден бир жолу көзүнө учуратканын айтса, *карадым* сөзү катышканында болсо жоголгон атты табуу үчүн көп убакыт бою бир топ жерлерге көз чаптырганы айтылат. Мына ушуга карап *кара* этишинин аягындагы *-а* — мүчө, ал көп кайталанган кыймыл-аракетти билдирет дешке болот. Ал эми *кар* уңгусу *көр* этишинин бир варианты болуп эсептелет. Болжолу, маанилериндеги өзгөчөлүктү дааналаш үчүн алардын тыбыштарын өзгөртүп жиберүү аркылуу формасы боюнча да айырмаланып тургандай кылуу талабы боюнча ушундайча иштелген.

КАРАГАЙ *Карагай* сөзүн *кара+гай* бөлүктөрүнөн турат деп эсептесек, *-гай* мүчөсү *ыргай* деген сөздө да бар деп билебиз. *Торгой, чакчыгай* сыяктуу канаттуулардын аттарынын аягында да жогорку эле *-гай* мүчөсү бар дешке болот. Анткени монголчо *шаазгай* сөзү кыргызча *сагызган,* монголчо *халхай* сөзү кыргызча *чалканга* туура келет. Кыргызча сөз аягында келген *н* тыбышы монголчо *й* тыбышына алмашкан. Ушундай алмашуу алгачкы *караган* сөзүндө да болгон деп эсептесек, азыркы *карагай* сөзү экөө тектеш болуп чыгат. Кыргыз тилиндеги *караган* деген бадал өсүмдүгү өңү-түсүнүн каралыгынан ошондой аталса, *карагай* сөзү болсо байыркы түркчө *кара* «бийик» сөзүнөн

келип чыккан. *Карагай* менен *караганды* чаташтырбоо үчүн *караган* деген алгачкы омонимдин биринин аягындагы *н* тыбышын *й* тыбышына алмаштыруу аркылуу экөө эки башка формага келип калган.

КАРАГАН Алтыгана бадалы өзүнүн алтын сыяктанган түсүнө карата аталган сыяктуу эле *караган* бадалы да сабагынын сырткы түрүнө жараша аталган. Чындыгында эле анын сырты кара болот. *Кара* сөзүнө өсүмдүктөрдүн атында көп учурсочу *-ган* мүчөсү уланган. Мисалы: *бүлдүркөн, балдыркан, көбүргөн, бүргөн* ж. б.

КАРАКТА «Тоноп алуу, тартып алуу» маанисиндеги *каракта* сөзү *карак+та* бөлүктөрүнөн турат. Сөздүн уңгусу *карак* азыркы кыргыз тилинде өзүнчө айтылбайт. Бирок башкыр, ногой тилдеринде *карак* сөзү «уруу» маанисинде азыр да колдонулат. Татар тилинде ошол эле сөз «ууру» дегенди билдирсе, караим тилинде «тоноо, талоон» дегенди билдирет (КарРПС, 293). Кыргыз тилиндеги *каракта* этишиндеги *карак* сөзү мына ушул караим тилиндегидей маанидеги сөз болгон, ага этиш жасоочу *-ла* мүчөсү уланып, *каракта* сөзү келип чыккан.

КАРАКЧЫ I. Жолоочуларды тоноп алчу кишини билдирген *каракчы* сөзү жогорку *карак* «талоо, талоон» деген сөзгө кесипти билдирген *-чы* мүчө жалгануудан келип чыккан.

КАРАКЧЫ II. «Киши сөлөкөтүнө окшотуп эски кийим-кечеден жасалып, короонун же огороддун четине орнотулган нерсе» маанисиндеги *каракчы* сөзү метатезаланып, кээде *карачкы* болуп да айтылат. Бул сөз *карак+чы* бөлүктөрүнөн куралган. Анын *карак* уңгусу — азыркы *кароо* деген кыймыл атоочтун байыркы кездеги формасын сактаган варианты. Ага кесипти билдирген *-чы* мүчөсү уланган. Келип чыккан *каракчы* сөзү «кароочу» маанисин берген.

Каракчы жаман-жуман нерселерден жасалып, коркунучтуу көрүнгөн. Ошондуктан анын алгачкы «кароочу» деген түз мааниси өзгөрүп, «кейпи суук нерсе» деген өтмө мааниси жаралган.

КАРАПА Чоподон бышырылып жасалган идиштерди билдирген *карапа* деген сөздөн кийин кабыл алынгандыгы жөнүндө К. К. Юдахин белги койгон эмес. Биздин оюбузча, *карапа* сөзү гректин keramos «топурак» деген сөзүнөн кабыл алынган. Кабыл алынганда биринчи муундагы *е* тыбышы аяккы муундагы

жоон үндүүлөрдү ээрчип, *а* болуп өзгөрүп, *м* тыбышы *п* тыбышына алмашкан: *керамос>карама>караба>карапа.*

КАРГА «Бирөөгө жамандыкты, кырсыкты тилөө» маанисиндеги *карга* сөзүнүн кандайча келип чыкканын аныктай турган түздөн-түз далилдер азырынча жок. Ошондой болсо да бул сөздүн келип чыгышына кыйыр далилдерди келтирүүгө болот. Байыркы түркчө *йарлыка* сөзү кыскарып отуруп *жалга* сөзү келип чыгып, андан *карга* сөзүнүн карама-каршы маанисиндеги *алка* сөзү келип чыкканы белгилүү. *Карга* сөзү да алгачкы бир-эки муунун жоготуп, тыбыштык жактан кыскарууларга учурап, азыркыдай түргө келиши мүмкүн. Анын алгачкы түрү *каршылыка (<каршы+лык+а)* болушу ыктымал. Ал алкагандагыга салыштырганда каршы тилектеги сөздөрдү айтканы үчүн ушундай аталган болуу керек.

КАРКЫРА *Кар-кур* деген үн чыгаргандыгы үчүн бул куш каркыра аталып калган. Азыркы алтай тилинде *турна* туркулдаган үн чыгарат делет. Ушуга караганда *турна* сөзү да үнүн туураган сөздөн келип чыккан.

КАРМА Монголчо *гар* сөзү «колду» билдирет. Байыркы түрк жазууларында *кары* сөзү «колдун билеги» маанисин берген. Мына ушул сөзгө этиш жасоочу *-ма* мүчөсү жалганган дешке болот. Бирок зат атоочтон этиш жасаганы даана көрүнүп турган *-ма* мүчөсү катышкан сөз азыркы кыргыз тилинде жок. *Тырма, серме, жөрмө, чырма, ирме* сыяктуу этиштердин аягында *-ма* элементи катышкан менен, алардын уңгусу зат атооч сөз экенин далилдөө мүмкүн эмес.

Азыркы кыргыз тилинде *кары* сөзү «колдун чыканактан ийинге чейинки бөлүгү» деген маани берет. Ал эми *кар жилик* дегенде малдын алдыңкы бутундагы шыйрагы менен далысынын оросундагы жиликти билдирет.

КАРТ «Кары, карыган» маанисинде айтылган *карт* сөзү чувашча *карт* деген зат атооч сөздөн келип чыгат. Чуваш тилинде *карт* сөзү көп маани берет. Анын 6-мааниси «барыш, тырыш» дегенди туюнтат (ЧРС, 146). Карт кишинин бети-башын, мойнун бырыш басып кетет. Мына ушул өзгөчөлүгүнөн улам карыган кишилер *карт* аталган окшойт.

КАРТА Жылкынын жоон ичегиси *карта* аталат. Бул сөз *карт* «бырыш, тырыш» маанисиндеги сөздөн

келип чыгат. Жылкынын жоон ичегисинин ички бети карт-карт же бүдүр-бүдүр бырыш болуп турат. Ошондуктан ал *карт* аталган.

Чуваш тилинде сөздүн аягында бир үндүү тыбыш бирде кошулуп, бирде түшүп, факультативдүү айтыла берет. Бул *карта* сөзүнүн аягына *карт* сөзүнө салыштырганда ашыкча келген ушундай тыбыш кошулган. Анын кошулушу менен *карт* жана *карта* сөздөрүнүн маанилери айырмалуу болуп, экөө эки башка нерсени билдирип калган.

КАРТАЙ Азыркы *картай* сөзү *карт+ай* бөлүктөрүнөн турат. Атоочтон этиш жасоочу *-ай* мүчөсү жалганганда пайда болгон *картай* сөзү алгач «бырыш-тырыштуу болуу» деген маани берген. Кийин жалпыланып, «кары болуу, ак сакал болуу» маанисин туюнтуп калган.

КАРЧЫГА *к. кабырга.*

КАРШЫ Байыркы түрк тилинде *карыш* этиши болгон. Ал «1) жолугуу; 2) беттешүү, каршы чыгуу; 3) урушуу, жоолашуу» маанисин берген (ДТС, 428). Ошол сөзгө *-ы* же *-у* мүчөсү улануудан *каршы* сөзү келип чыгып, «1) душмандык, уруш, чатак; 2) карама-каршылык; 3) жоо, душман» жана *каршу* «1) карама-каршылык; 2) каршы, бетме-бет» маанисиндеги сөз пайда болгон.

Кыргыз тилинде *каршы* сөзүнө *-ма* мүчөсүн жалгап, *каршы-каршы* деген кош сөздү жасоого болот. Бирок бул формасы сейрек колдонулат. Жогорку *-ма* мүчөсү жалганганда, сөздүн *-шы* бөлүгү түшүп, анын ордуна *а* тыбышы келет да, кош сөз *карама-каршы* түрүнө келет. Татар тилинде эки сөздү бириктирип турган *-ма* мүчөсү да түшүрүлүп, *кара-каршы* болуп колдонулат (ТатРС, 229).

КАРЫК Күн ачык болуп турганда карда жүргөн кишинин көзүнө күндүн нуру кардын чагылышынан улам көзү ооруп, жакшы көрө албай калат. Ушундай учурда айтылчу *карык* сөзү *кар+ык* бөлүктөрүнөн турат, *-ык* мүчөсү аточ сөздөрдөн этиш жасай турганын *бирик (<бир+ик), жолук (<жол+ук, кезик (<кез+ик), тушук (<туш+ук), өчүк (<оч+үк, ачык (<ак+ык), атык (>ат+ык)* сыяктуу сөздөрдөн көрүүгө болот.

КАРЫШКЫР Жырткыч айбанды каргоо иретинде ат койгонун сөздүн өзү эле айтып турат. Элдин айтымында кээде карышкыр ачкалыктанбы же нервде-

рине күч келгендиктенби, айтор, койду качырган менен, өлтүрө албай калган учуру болот. Андай учурда оозу карышып калат дешет. Ошентип, «карышып калсын» деген тилек менен *бөрү* деген атын айтпастан, *карышкыр* деп атоодон улам азыр кеңири колдонгон аты келип чыккан.

КАТКЫР Кыргыз тилинде *Боору катканча күлдү. Кыраан-каткы күлкү чыкты* деген учурларда айтылган *кат* этишинен *каткы* сөзү жасалган. Азыркы алтай тилинде *каткы* сөзү кыргызча «каткырык» маанисинде колдонулат. Ушуга караганда мурда кыргыз тилинде да *каткы* сөзү «каткырык» деген маанисинде болгон. Ошондон жогорку *кыраан-каткы* дегендеги *каткы* сөзү айтылат. Ага этиш жасоочу *-р* мүчөсү жалгануудан *каткыр* сөзү жасалган.

КАТТА Кыргыз тилинде *катта* деген үч омоним этиш бар. Алардын биринчи жана үчүнчү омонимдери алгачкы *кат* «кош, аралаштыр» (ДТС, 432) этишине көп кайталанган *-ла* мүчөсүн жалгоодон келип чыккан. «Кош, аралаштыр» маанисиндеги *кат* этишине *-ла* мүчөсү жалганганда келип чыккан *катта* этишинин маанилери кескин айырмалуу болуп өнүккөн. Натыйжада алар азыркы күндө өзүнчө сөздөр катары таанылат.

Тизмеге катта, мал катта, эл катта деген учурдагы *катта* этиши алгач «кош, кошуп эсепте, жаз» маанисинде болгон. Кийин ал маанинин өзөгү сакталып калышы менен бирге, колдонулушу кеңип, мааниси да өзгөргөн.

Ал эми *шаарга катта, туугандарга катта* сыяктуу учурдагы *катта* этиши да алгачкы *кат+ла* морфемаларынан куралган. «Кош, аралаштыр» маанисиндеги *кат* этишине көп кайталангандыкты туюнткан *-ла* мүчөсү уланып, *катта* этиши жаралган. Алгач «кошулуп туруу, аралашып туруу» деген маани берсе, кийин «барып-келип туруу, байланышып туруу» деген маани берип калган.

КАТУУ Азыркы *жумшак* сөзүнө карама-каршы мааниде айтылган *катуу* сөзү *кат* этишине кыймыл атоочту жасоочу *-уу* мүчөсү жалгануудан келип чыкпайт. Ал сөз *кат+ык* деген морфемадан куралат. Мындагы *-ык* мүчөсү *жумша* этишинен *жумшак* деген сын атооч жасалгандагыдай, этиштен атооч жасоочу *-ык* мүчөсүнүн жардамы менен жасалган. Бирок *катык* деген алгачкы түрүнүн аяккы *к* тыбышы үндүүгө өтүшүнөн улам созулма үндүү пайда болуп, *катуу* түрүнө келген.

КАТЫШ «Бири-бири менен байланышып, алышбериш кылып, мамилелешип туруу» маанисиндеги *катыш* этиши *кат+ыш* бөлүктөрүнөн турат. Анын *кат* уңгусу алгач «кош, аралаштыр» (ДТС, 432) маанисин берген. Этиштин кош мамилесинин *-ыш* мүчөсү уланганда келип чыккан *катыш* сөзү кыргыз тилинде азыркыдай маани берип калган. Байыркы түрк тилинде *катыш* этиши «кош, аралаштыр» маанисин гана берген. Бирок *катыл* этиши ал кезде азыркы кыргызча *катыш* этишинин маанисинде колдонгонуна караганда ошол убакта *катыш* сөзүнүн азыркыга жакын мааниси да жаралган болуу керек.

КАЧЫР Эшек менен жылкынын аралашуусунан бүткөн жаныбардын атын билдирген *качыр* сөзү байыркы түрк тилинде *катыр* түрүндө болгон. Анткени *катыр* сөзү *кат+ыр* морфемаларынан куралган. Анын *кат* уңгусу байыркы түрк тилинде «кош, аралаштыр, аргындаштыр» (ДТС, 432) маанисин берген. Ошол этишке зат атооч жасоочу *-ыр* мүчөсү жалганып, *катыр* сөзү келип чыккан. Ал *аргын* дегенге жакын маани берген. Кийин *т* тыбышы *ч* тыбышына өтүп, азыркыдай *качыр* түрүнө келген.

КЕЖИР Иранча *каж* жана *рах* эки сөзү биригип, азыркы кыргыз тилиндегидей маанидеги сөз жасалган. Ал сөздөрдү сөзмө-сөз которгондо *каж* «ийри», *рах* «жол» дегенди билдирет. Алар биригип «ийри жолго баскан киши» дегенге жакын маани туюнтуп калган.

КЕЗДЕМЕ Абдан ичке ийрилген жиптен согулуп жасалган материалдарды жалпы жонунан *кездеме* деп коёбуз. Ал жоон жиптерден согулган таардан, килемден ошонусу менен айырмаланат. Бирок *кездеме* сөзү ичке жиптен жука болуп токулгандыгы үчүн аталган эмес, *кез* деген чен менен өлчөнүп сатыла турганы үчүн ээ болгон. Орто Азия элдеринде *кез* деген чен бирдигинин белгилүү бир калыптагы узундугу болгон эмес. Ар бир мамлекет, эл өз бетинче ар кандай узундуктагы өлчөмдү *кез* деп атаган. Эгерде кездеме алып келген соодагердин кези жоголуп калса, анда кыргыздар узун бойлуу кишинин колунун учунан оозуна чейинки аралыкты *бир кез* деп эсептеп, ошол боюнча *кездеме* сатып алышкан. Демек *кез* деген өлчөм «адамдын колунун учунан оозуна чейинки ара-

лыкка барабар узундук» дешке болот. Ар бир адамдын боюна жараша кез өлчөмү да ар башка болуп чыгат. Адамдын кулачынын узундугу боюнун узундугуна барабар болгондуктан, 2 метр бийиктиктеги кишинин жарым кулачы 1 метрге, 1м. 80 см. кишинин кези 90 сантиметрге барабар келер эле. Эгер 1 метр 70 см. бойлуу кишини орто бойлуу деп эсептесек, анда кездин орточо узундугу 85 сантиметрге барабар дешке болот.

Кыскасы, *кез* менен өлчөнүп сатыла турган болгон соң ошол товардын өзү *кездеме* аталып калган. *Кезде* этиши «кез менен өлчө» маанисин берет да, *кез+ла* бөлүктөрүнөн турат. Ага *-ма* мүчөсү жалгануудан ошол «кезделип сатыла турган буюмду» билдирген *кездеме* сөзү келип чыккан.

КЕЗИК «Жолук, учура» маанисинде айтылган *кезик* сөзү «убакыт, мезгил, чак» маанисиндеги *кез* деген сөзгө этиш жасоочу *-ык* мүчөсү уланышынан куралган. Андай экенин *тушук* сөзүнөн көрүүгө болот. *Туш* сөзү да «мезгил», «убакыт» маанисин берет. Ага *-ык* мүчөсү жалганып жасалган *тушук* сөзү да жолук сөзүнө маанилеш келет. Башкача айтканда, «мезгил, убакыт» маанисиндеги сөздөрдүн бирине (мисалы *кез* деген сөзгө) этиш жасоочу мүчө жалганганда «жолук» маанисин берген сөз келип чыкса, ага аналогиялуу жол менен башкаларынан да ошондой эле маанидеги этиштер келип чыккан.

КЕКИРТЕК Адамдын, жаныбардын ооз көндөйүн өпкөсү менен туташтырып турган аба жутуп туруучу түтүкчө маанисиндеги *кекиртек* сөзү *кекир+тек* морфемаларынан куралган. Мындагы *кекир* — уңгусу, ага зат атооч жасоочу *-так* мүчөсү уланган. Мындай мүчө *куур-куурдак, быш-быштак, түй-түйдөк* сыяктуу учурларда даана байкалат.

КЕМЕ Түрк тилдеринде *кеме* түрүндө айтылган сөз калмак тилинде *керме* түрүндө айтылары белгиленген (КРС, 296). Байыркы кезде түрк тилинде бул сөз *керме* аталышы мүмкүн деп эсептегенде, *керме* сөзү *кер+ме* бөлүктөрүнөн турат. Анткени керилген таар парус катары пайдаланылганы үчүн сууда сүзүүчү кайык сыяктуу зат да *керме* аталган. Кийин *р* тыбышы түшүп, азыркыдай *кеме* түрүнө келген. Калмак тилинде болсо ал тыбыш түшө электеги байыркы формасы сакталган.

КЕНЕН Кыргыз тилиндеги *кең* жана *кенен* сөздөрү тыбыштык жагынан айырмалуу болуп көрүнгөн менен, бирдей маани берет. Анткени *кенен* сөзүнүн өзү *кең* деген сөздөн келип чыгат. *Кең* уңгусуна *-ен* мүчөсү жалганганда уңгудагы *ң* тыбышы *н* тыбышына өтүп кетет. Андай экенин *кенен* сөзүнө кошмоктошуп айтылган *чонон* сөздөрүнөн да көрүүгө болот. *Кенен-чонон* деген татаал сөздүн составындагы *чонон* сөзү да *чоң+он* бөлүктөрүнөн турат. *Чоң* сөзүнө *-он* мүчөсү кошулганда уңгудагы *ң* тыбышы *н* тыбышына өтүп кетет.

КЕНЖЕ Азыркы кыргыз тилинде *кичи балам* менен *кенже балам* тизмектеринин мааниси бирдей. Андай болушу да бекеринен эмес. Анткени *кенже* сөзү менен *кичи* сөзү бир уңгудан келип чыгат. Ал мындайча түшүндүрүлөт. Кыргыз тилинде айрым сөздөрдө сөздүн ортосундагы *ч, ж* тыбыштарынын алдына *н* тыбышы кошулган. Аны араб, иран тилдеринен кирген сөздөрдөн жана диалектилерден оңой байкайбыз. Мисалы: арабча *илажы — илаанжы, чажыра — санжыра*, кырг. *жыш — жынч* (Таласта). Ушундай көрүнүш алгачкы *кичи//кече* сөзүндө да болгон. Ал *кенже* түрүнө келип, алгачкы *кече* сөзүнүн өзү азыркы *кичи* деген түргө өзгөрүп, *кенже* менен *кичи* деген сөздөр байланышы жок сыяктанып калган.

КЕҢЕШ Бул сөз *кеңе+ш* морфемаларынан куралган. Анын *кеңе* уңгусунун өзү эле байыркы түрк тилинде азыркы *кеңеш* этишинин маанисин берген (ДТС, 248). Ага кош мамиленин *-ш* мүчөсү жалганып, *кеңеш* формасы келип чыккан. Азыркы кыргыз тилинде *кеңе* деген байыркы уңгу сөз жеке колдонулбай, андан келип чыккан кош мамиленин мүчөсүн кабыл алган *кеңеш* түрү гана колдонулуп калган.

КЕПШЕ Бул сөз *кеп+ше* бөлүктөрүнөн турат. Анын *кеп* уңгусу байыркы түрк тилинде *кеб* түрүндө келип, «кепше» маанисин берген (ДТС, 304). Байыркы түрк тилинде *кеп* сөзү синкретизмдик формада болуп, «кепшеле турган нерсе» маанисин бериши да мүмкүн. Байыркы түрк тилинде этиштен этиш жасоочу *-ша* мүчөсү болгону белгисиз, андай мүчө зат атоочтон этиш жасайт. Алсак, *какша* этиши *как+ша* бөлүктөрүнөн турат, анын *как* дегени — атооч сөз. Ошондуктан *кеп* сөзүнө *-ша* мүчөсү жалганып, *кепше* этиши келип чыгышы ыктымал.

КЕРЕГЕ «Боз үйдүн каптал жыгачтары» маанисиндеги *кереге* сөзү *кере+ге* морфемаларынан куралган. Анын *кере* үнгусу монгол тилинде «көктө, кайчылаштырып байлоо, бекем байлоо» маанисин берет (МРС, 592). Ага этиштен зат атооч жасоочу *-га* мүчөсү уланып, *кереге* сөзү келип чыккан. Мындай мүчө монгол тилинде *босого, тулга* сыяктуу сөздөргө да кездешет.

Кыргыз тилинде *кер* этиши бар. Ал «чоё тартуу» маанисин берет. Ушуга карап *кереге* да кере чоюлуп же бүктөлүп тургандыктан, кыргыздын *кер* этишинен келип чыгат деп эсептөө натуура. *Кереге* жалаң керилгендигинен эмес, анын ромб түрүндө болгон көздүү болуп көктөлүшүнө жараша аталган.

КЕРЕК Азыркы кыргыз тилинде морфемаларга ажырабай тургансып көрүнгөн *керек* сөзү *кере+к* морфемаларынан турат. Байыркы түрк тилинде бул сөз *керген* жана *керек* түрүндө эки вариантуу болгон. Анын *керген* дегени — алгачкысы, анын *г* тыбышы түшүп калышынан *керек* түрү келип чыккан. Мына ошол алгачкы *керген* түрү *керге* этишине атооч жасоочу *-к* мүчөсү жалгануудан жаралган. *Керге* этиши «жарашуу, туура келүү» деген маани берген (ДТС, 300).

КЕРЧӨӨ Кыргызча *керчөө* сөзү *керч+өө* бөлүктөрүнөн турат. Мунун *керч* үнгусу — байыркы түркчө *керт* этиши, *-өө* — зат атооч жасоочу мүчө. «Кертип алынган» маанисиндеги *кертөө* сөзүнүн *т* тыбышын *ч* тыбышына алмаштырып, азыркыдай *керчөө* түрүнө келген.

КЕЧЕ *Кийиз-кече* кош сөзүнүн составындагы *кече* сөзү да байыркы түрк тилинде «кийиз» маанисин берген (ДТС, 291). Азыркы кыргыз тилинде ал сөз өзүнчө турганда «кийиз» маанисин бербей, кош сөздүн составында гана айтылып калган.

КЕШИК Азыркы кыргыз тилинде *кешик* сөзү үч маани берет. Түшүндүрмө сөздүктө 3-мааниси болуп көрсөтүлгөн «ырыс, бакты, таалай» деген мааниси чындыгында алгачкысы болуп эсептелет. Ошол маанисинен 2- жана 1-маанилери пайда болгон. Анткени байыркы ата-бабаларыбыз тамак-аштан кешик берүүнү же калтырууну ырыс, таалай бергенге, калтырганга барабар деп түшүнгөн. Ошондуктан табактын түбүнө кешик калтырып, кудаларынын куржунуна кешик салып берген.

КИДИК Кыргыз тилиндеги *кидий, кидик, кидигий, кидинде* сөздөрү өз ара уңгулаш. Булардын ичинен *кидик* сөзү демейдеги кичик//кичүү сөзүнүн *ч* тыбышы *д* тыбышына алмашусунан келип чыккан.

КИЙИЗ Бул сөз байыркы түрк тилинде *кедиз* жана *кидиз* түрүндө эки вариантуу болгон. Анын *д* тыбышы *й* тыбышына алмашуудан кыргызча *кийиз* түрү жаралса, *д* тыбышынын *г* тыбышына алмашуусунан өзбек, уйгур тилиндеги *кигиз* сөзү келип чыккан.

Байыркы түрк тилинде *кед* этиши азыркыча *кий* сөзүнүн маанисинде болгон. Ага этиштен зат атооч жасоочу *-ыз* мүчөсү кошулуп, *кедиз//кидиз* сөзү жасалган. Болжолу, ал кезде кийиз кийим катары колдонулгандыгы ушундай атынын келип чыгышына себеп болгон окшойт.

КИЙИН Бул сөз *кий+ин* бөлүктөрүнөн турат. *Кий* уңгусу байыркы түркчө *кед//кет//көт* «арт, арка жак» сөзүнө туура келет. Ага тактооч жасоочу *-ын* мүчөсү жалганып, *кедин//кидин* сөзү келип чыккан. Ал «1) арт жактан; 2) арткы; 3) анан, соң; 4) кийин» маанилерин берген (ДТС, 293).

КИЙИР Байыркы түрк тилинде *кир* этишине аркылуу мамиленин *-гыр* мүчөсү уланганда уңгунун аягындагы *р* тыбышы түшүп, *кигир* түрүнө келген. Мына ушул *кигир* сөзү *г* тыбышын *й* тыбышына алмаштырып, кыргыз тилинде *кийир* болуп өзгөргөн.

КИЛИТ Кыргыз тилинин айрым говоролорунда *килит* сөзү «ачкыч» маанисинде колдонулат. Бул сөз байыркы түрк тилинде *кирит* түрүндө болгон. Ошол байыркы формасы *кир+ит* морфемаларынан куралган. Анын *кир* деген уңгусуна этиштен зат атооч жасоочу *-ыт* мүчөсү уланып, *кирит* сөзү келип чыккан. Мындай мүчө азыркы кыргыз тилинде активдү колдонулат. Мисалы: *той-тоют, кий-кийит* ж. б.

Байыркы ачкычтар ачкандыгы үчүн эмес, кулпунун, кишендин тешигине киргендиги үчүн аталган. Ачкычы башка болсо, тешикке кирбей, кулпу да ачылган эмес. Мезгил өтүшү менен *р* тыбышы *л* тыбышына алмаштырылып, *килит* түрүнө келген.

КИРИН «Сууга түшүү, жуунуу» маанисиндеги *кирин* сөзү *кир* этишине өздүк мамиленин мүчөсү жалганышынан келип чыккан. Азыркы алтай тилинде *Мен сууга кирдим* тизмеги кыргызча *Мен сууга кириндим* сүйлөмүнө барабар келет. Алтай тилинде суу-

га кирүү аркылуу жуунуп, тазаланып, салкындап алары өзүнөн-өзү көрүнүп турат. Башкача айтканда, ал тилде «суугa түшүү» дегенди *кир* этишинин бир мааниси деп гана билүүгө болот. Ал эми кыргыз тилинде болсо ошол эле *кир* деген этишке өздүк мамиленин *-н* мүчөсү ширешип калган түрү гана алтайча *кир* этишинин маанисин берип калган.

КИРПИ Тикен сыяктуу түгү бар кичинекей жаныбардын атын билдирген *кирпи* сөзү *кирп+и* бөлүктөрүнөн турат. Азыркы караим тилинде *кирп* этиши «ирмөө, жумуу, жыйрылуу» маанисин берет. Байыркы түрк тилинде *кирп* этиши ушундай мааниде колдонгон болуу керек, бирок «Байыркы түрк сөздүгүндө» мындай этиш катталган эмес. Ошондой болсо да андан келип чыккан *кирпи, кирпик* сөздөрү көрсөтүлгөн. *Кирп* этишине зат атооч жасоочу *-ы* мүчөсү жалганып, тоголоктошуп бүрүшүп калчу өзгөчөлүгүнө жараша *кирпи* сөзү жаралган деп болжолдоого болот.

КИРПИК *Көздүн кирпиги* деген учурда айтылган *кирпик* сөзү *кирп+ик* бөлүктөрүнөн куралган. Көздү ачып-жумуу кирпикти ачып-жумууга барабар, кирпик ачылбаса, көз да ачылбайт. Кирпиктин ушундай өзгөчөлүгүнө жараша ат да келип чыккан. Караим тилинде сакталып калган *кирп* «ирме, жум, жыйры» этишине зат атооч жасоочу *-к* мүчөсү жалганып, *кирпик* сөзү жаралган. Ал сөз «жумулуучу, ирмелүүчү» дегенге жакын маани берген.

КИСАБУР Бул сөз иранча *киса+бур* сөзүнөн биригип жаралган. *Киса* «чөнтөк», *бур* — буридан «кесүү, кесип алуу» этишинин учур чактагы формасы (ПРС, 414, 67). Сөзмө-сөз «чөнтөк кескич» деген маани берет. Кыргыз тилинин түштүк диалектисинде «чөнтөкчү, ууру» маанисинде кабыл алынган.

КИТЕП Арабча *к — т — б* үч үнсүз тыбыштан турган уңгу кыргызча «жаз» этишинин маанисин берет (АРС, 865). Анын арасына ар түрдүү үндүүлөрдү кошуудан жазууга байланышкан сөздөр келип чыгат. Арабча *китаб* сөзү кырызча сөзмө-сөз которгондо «жазуу, жазылган» дегенге жакын маани берет.

КИЧҮҮ Бул сөз кыргыз тилинде «кичик, кичи» варианттарында да айтылат. Эң алгачкысы *кичик* формасы болуп эсептелет. Байыркы түркчө *кичиг* болуп айтылган сөз кыргыз тилинде *кичик* түрүндө келген. Аяккы *к* тыбышы үндүүгө айлануудан *кичүү* түрү келип чыкса, аяккы *к* тыбышынын түшүнүнөн *кичи* ва-

рианты жаралган. Мына ушул *кичи* түрүнөн *кичир* (*<кичи+р*) этиши жасалат. *Кичине* сөзү да *кичи+не* (сал. *жакшы — жакшы+на*) бөлүктөрүнөн турат.

Кичүү сөзү байыркы түркчө *кеч* «эрте эмес» жана «кеч калуу, кечигүү» (ДТС, 290, 291) маанисиндеги омоним сөздөн жаралган. *Кеч* этишине *-ык* мүчөсү жалгануудан *кечик* сөзү келип чыгып, ал «кеч калган, кечиккен» маанисин берген. Кийин ал маани бир аз өзгөрүп, «кичүү» маанисине ээ болгон. Сөздүн маанисинин өзгөрүшү тыбыштык өзгөрүү менен коштолуп, алгачкы *кечик* сөзү *кичик>кичүү* түрүнө келген.

КИШЕН Бул сөз *кише+н* морфемаларынан куралган. *Кише* үңгусу байыркы түрк тилинде «туша, байла» (ДТС, 310) маанисин берген. Ага этиштен зат атооч жасоочу *-н* мүчөсү жалганып, *кишен* сөзү келип чыгып, ал «тушоо, зоолу» маанисин туюнткан.

Азыркы кыргыз тилинде *кише* этиши унутулуп, андан келип чыккан *кишен* сөзү гана сакталган.

КОДУРА Иранча *код* «өзү», ра дегени *растан* этишинин кыскарганы болуу менен, «өсүүчү, өскөн» маанисин берет. Экөө биригип *өзү өскөн* дегенди туюнтат да, атайын себилбестен, өзүнчө өсүп чыккан өсүмдүктөргө карата айтылат.

КОЁН *Коён* өзүнүн коркоктугу жана көзүнүн кыйшыктыгы менен таанымал. Анын атында ушундай сапаттары да чагылган дешке болот. Ал мындайча далилденет.

Кыргызча *корк* сөзү тува тилинде *корт* түрүндө келет. Мына ушул сөздүн *р* тыбышы түшүп калып, аяккы тыбышы *й* тыбышына өтүшүнөн же *р* тыбышы түшпөстөн, аяккы *т* же *к* тыбышы түшүп, *р* тыбышы *й* тыбышына өтүшүнөн *кой* этиши *корк* этишинин маанисин берип калган. Мына ушундай этиш *куй* түрүндө байыркы түрк эстеликтеринде чагылдырылган (ДТС, 462). Ага этиштен зат атооч жасоочу *-ан* мүчөсү жалганып, *коён* сөзү келип чыккан (СИГТЯ, 366).

КОЗУ Аркардын козусу да койдун козусу катары эсептелет. Ал кыргызча *козуга* аталат. Монгол тилинде козуну *хурга(н)* дейт (МРС, 566). Бул сөздөрдүн баары тектеш. Монголчо *хурга(н)* сөзү түркчө *козуга* сөзүнүн *з* тыбышы *р* тыбышына алмашкан варианты болсо, *козу* сөзү байыркы түркчө *кодкы//коскы//котскы//козки* сөзүнүн *к* тыбышы түшкөн варианты дешке болот. Бул *кодкы//коскы//козкы* сөзү байыркы түрк тилинде «жоош, момун» маанисин берген (ДТС, 252—

262). Мындай атка козу өзүнүн жооштугунан, момундугунан ээ болгон.

Алгачкы *козкы* сөзүнүн аяккы *кы* тыбышытары метатезалануудан *козык (козук)* түрү келип чыгып, аягына ашыкча *а* тыбышы кошулуп, аркардын козусун билдирген *козуга* сөзү жаралса, монгол тилинде сөздүн аягына бирде түшүп, бирде түшпөй айтыла бере турган *н* тыбышы кошулуп *козуга* сөзүнөн *хур(а) га(н)* сөзү келип чыккан.

КОЙЧУМАН Кесипти билдирген *-чы* мүчөсү жалгануу менен жасалган *койчу* сөзү «кой баккан киши» дегенди туюнтат. Мисалга *жылкычы* сөзүн алалы: *жылкы+чы*. Ушул *жылкычы* сөзүнө дагы *-ман* мүчөсүн кошуп, *жылкычыман* деп айтуу мүмкүн эмес. Бирок *«койчуман, уйчуман»* сыяктуу учурда *-ман* мүчөсүн *-чы* мүчөсүнөн кийин кошуп айтууга жол берилген. Бул *-ман* мүчөсү иран тилинен келип кирген, ал мааниси боюнча *-чы* мүчөсүнө жакын. Мисалы: *окурман, чабарман* ж. б. Натыйжада *койчуман, уйчуман* деген учурда кесипти билдирүүчү мүчө эки жолу жалганат.

КОЛТУК Бул сөз *кол+тук* бөлүктөрүнөн куралган. Мааниси белгисиз болгон *тук* бөлүгү алгачкы *туп* сөзүнүн өзгөргөнү дешке болот. «Колдун түбү» деген маанидеги *кол+туп* сөздөрү бириккенде биринчи сөздөгү эринчил *о* тыбышына ээрчип, экинчи муундагы *у* тыбышына өтүү менен чектелбестен, сөздүн аягында *п* тыбышы *к* тыбышына алмашуусу менен коштолгон.

КОЛТУРМАЧ Кыргыз тилинде *колтурмач* сөзү мындай учурларда айтылат: 1) жаңы атка минген жаш бала жыгылып кетпесин үчүн айырмач ээрдин башынан жип өткөзүп, баланын колтугунан чырмап коюуда; 2) отунду, жүктү көтөрүү жеңил болсун үчүн жиптин учун эки колтук аркылуу өткөрүп көтөрүүдө. *Колтурмач* сөзү *колтук+чырмаш* деген эки сөздүн бириғишинен куралган. Эки сөз бириккенде биринчи сөздүн аяккы тыбышы жана экинчи сөздүн башкы тыбышы түшүп калган: *колтук+чырмаш>колту(кч)ырмаш>колтурмач*. Ошону менен бирге сөздүн аягындагы *ш* тыбышы *ч* тыбышына өтүп, экинчи сөздүн үндүүлөрү биринчи сөздөгү үндүүлөргө ээрчип, *колтурмач* түрүнө келген.

КОМУЗ Байыркы түрк тилинде *кобы* сөзү «көндөй» маанисин берген. Мына ушул сөзгө *-з* мүчөсү

жалгануудан *кобыз* сөзү келип чыккан. *Жалкы* сөзүнө *-з* мүчөсү уланып, кайра эле ага мааниси бирдей болгон *жалгыз* сөзү жасалган сыяктуу *кобы* сөзүнөн жасалган *кобыз* да ошондой эле маани берген. Башкача айтканда, *кобыз* сөзү да «көндөй» деген маани туюнткан. Анткени комуздун ичи оюлуп, көндөйлөтүп коюлушу анын ушундай аталышына негиз болгон.

КОҢТОР *Коңтор* этиши *каңтар* этишинин *а* тыбышы *о* тыбышына өзгөрүшүнөн келип чыгат. Өз учурунда *каңтар* сөзү *аңтар* дегенден, *аңтар* болсо *актар (осдар)* сөзүнөн жаралат.

КОҢУЗ Бул сөз *коң+уз* деген бөлүктөрдөн турат. Сөздүн уңгусун түзгөн *коң* — дабышты туураган сөз, ага *-ыз* мүчөсү жалганган. Бул *-з* мүчөсү *коңгуроо* сөзүндөгү *-гур* мүчөсүнүн *г* тыбышы түшүп, *р* тыбышы *з* тыбышына алмашкан варианты болуп таанылат.

Азыркы уйгур тилинде *гоңулдимак* «дыңылда» маанисин берет (УйРС, 564). Бул сөздүн уңгусу — *гоң*, ага тууранды уңгудан этиш жасоочу *-ылда* мүчөсү жалганган. Уйгур тилиндеги *коңгуз* сөзү кыргызча *коңуз* сөзүнө туура келет. Ушуга караганда *коңуз* сөзү алгач *коңгуз* түрүндө болуп, *коңгуроо* сөзүндөгү *-гур* мүчөсүнө *-гуз* мүчөсү туура келиши да анык болот.

КОҢУЛТАК Кыргызча *коңултак* сөзү башкырча *куңалтак*, кара калпакча *каңылтак*, өзбекче *кулонг оёк* болуп айтылат. Өзбек тилиндегиси *кулонг* жана *оёк* деген эки сөздөн турары даана көрүнөт. Кыргызча жана башкырча *коңултак//коңалтак* сөзү кара калпакча *каңылтак* түрүнүн үндүүсү өзгөрүшүнөн жаралган. Монгол тилинде *хангил* сөзү «жылаңач» маанисин берет (МРС, 510). Мына ушул сөзгө *атак* сөзү жалганып айтылуудан *каңылтак* сөзү келип чыккан. Бул *атак* сөзү — азыркы *аяк (<айак)* сөзүнүн байыркы формасы. Эки сөз бириккенде *атак* сөзүнүн башындагы *а* тыбышы түшүп калган. Өзбекче *кулант оёк* сөзүндө алгачкы *хангил* сөзүнүн аягына *т* тыбышы кошулган.

КОҢУРУК Бул сөз *коң+ур+ук* бөлүктөрүнөн турат. Анын *коң* уңгусу — дабышты туураган сөз, ал эми *-ур* мүчөсү *коңгуроо* сөзүндөгү *-гур* мүчөсүнө туура келип, тууранды сөздөн кайра тууранды сөз жасай турган мүчөлүк милдет аткарат. *Коңур* деген тууранды сөзгө этиш жасоочу *-ы* мүчөсү уланып, *коңуру* сөзү жаралган. *Коңгуроо* сөзүнүн алгачкы формасы

коңгурак болгон, анын *коңгура* негизин жасоодо этиш жасоочу *-а* мүчөсү *коңгур* деген тууранды сөзгө жалганган. Натыйжада *коңгура* этиши менен *коңуру* этиши бирдей маани берген. Аягына уланган этиштен зат атооч жасоочу *-к* мүчөсү *коңгуроо* деген сөздө үндүүгө айланса, *коңурук* сөзүндө сакталып кала берген.

КОРГО *Корук* деген зат атоочко этиш жасоочу *-а* мүчөсү жалганганда, уңгунун аягындагы *у* тыбышы түшүп, *к* тыбышы жумшарып кеткен. Ошондуктан *коруга* сөзү жаралбастан, *корго* сөзү жасалган.

КОРГОШУН Кыргыз тилинде *коргошун* деген бир сөз аркылуу «бат эрий турган металл» да, «уулуу чөп» да туюнтулат. Бул чөптүн *коргошун* жана *уу коргошун* деген түрлөрү айрым говорлордо ажыратылат. Металлдын аты же чөптүн аты мурда чыкканбы деген суроо табигий түрдө пайда болот.

Цинциус В. И. менен Бугаева Т. Г. монголчо *корголжин* сөзүнүн келип чыгышына эки түрдүү пикирди айтат. Бул боюнча а) монголчо эски жазуу эстеликтерде *корган* сөзү «эритилген тоң май» маанисин берген ага *-лжин* мүчөсү жалганып, *коргалжин* сөзү жасалган, сөзмө-сөз «эритилген» деген маани берген; б) монголчо *коргол* «койдун, төөнүн корголу» сөзүнө *-лжын* мүчөсү жалганып, *корголжын* сөзү келип чыккан. Ал «коргол сыяктуу» маанисин берген (Цинциус В. И., 33).

Жогорку пикирдин биринчиси металлды билдирген *коргошун* сөзүнүн келип чыгышына негиз болсо, экинчиси чөптүн атын билдирген *уу коргошун* сөзүнүн келип чыгышына негиз болгон. Анткени Таласта *уу коргошун* аталган чөп төрт таажылуу гүл ачат. Анан ортосуна үч кутучага урук байлайт. Кутучада сыя түстүү шуру сыяктанган дандары болот. Мына ушул дандар кичинекей *коргол* сыяктангандыктан, ага *-лжин* же *-жин* мүчөсү уланып, монголчо *корголжин* сөзү келип чыккан.

Ал эми металлдын атын билдирген *коргошун* сөзү монголчо *корган* «сызгырылган май» маанисиндеги сөздөн келип чыгышы толук ыктымал. Анткени коргошунду эритип үчүн май кошуу керек. Май кошпосо коргошундун каңылтыр катмары эрибей, идишке жабышып калат. Ушул өзгөчөлүгүнөн улам монголчо *корган* сөзүнө *-лжин* мүчөсү жалганып, *корголжин* сөзү келип чыккан дешке болот.

Монголчо *корган* сөзү жөнүндө муну кошумчалоо ылайык. Байыркы түркчө *когур*, «куур» этишинин *г* жана *р* тыбыштары метатезаланып, *коруг* болуп өзгөргөн варианты *коргошун* сөзүн жасоого пайдаланылышы мүмкүн. Махмуд Кашгаринин «Диванында» *коругжын* түрү колдонулушу ушуга байланыштуу.

Сибирдик түрк тилдери металлды билдирген монголчо *хорголжин* сөзүн кабыл алганда сөздүн тыбыштык турпатын өзгөрткөн эмес. Кыргыз, казак тилдеринде сөздүн ортосундагы *л* тыбышы түшүп, *ж* тыбышы *ш, с* тыбышына өткөн. Ал эми турция, караим, түркмөн тилдеринде кыскарып, *куршун (гуршун)* түрүнө келсе, ногой тилинде *коргаш* болуп өзгөргөн. Уйгур тилинде *р* тыбышы түшүп, *когушун* түрүнө келген.

КОРО Бул сөз *кор+о* морфемаларынан куралган. Анын *кор* уңгусу азыркы кыргыз тилинде *кор бол, кор кыл, кордо* деген учурда айтылат, бирок анын мааниси алгачкы кездегисинен бир аз өзгөрүп кеткен. Байыркы түрк тилинде *кор* сөзү «коромжу, зыян» деген маани берген (ДТС, 257). Ага этиш жасоочу *-а* мүчөсү жалгануудан *коро* «коромжу болуу, түгөнө баштоо, азаюу» маанисиндеги сөз келип чыккан. Натыйжада *коро* сөзүндө *кор* сөзүнүн эски мааниси сакталып калган.

КОТОР Азыркы кыргыз тилинде *котор* этиши мындай маанилерди берет; «1)алмаштыруу, ордуна башканы коюу: *ат котоpуу;* 2) башка жакка, орунга жиберүү, коюу, көчүрүү: *институтка котоpуу;* 3) оодаруу: *кийизди котоpуп жаюу;* 4) белгилүү бир тилдеги текстти, оозеки речти башка тилдин каражаты менен берүү, бир тилдегини башка тилдеги айтылышына айландыруу: *өз тилине котоpуу* (КТТС, 337). Бул маанилердин ичинен эң алгачкысы 2-мааниси болгон. Ал мындайча далилденет. Байыркы түрк тилинде *кот, код, кой* болуп варианттуу айтылган этиш колдонулган. Ал мааниси боюнча азыркы кыргызча *кой* сөзүнө туура келет. *Кой* этиши 10 маани берет. Анын биринчиси «бир нерсени жайына орнотуу, белгилүү бир орунга жайгаштыруу» (КТТС, 332) болуп эсептелет. Калган маанилери андан өнүккөн. Алгач *кот* түрүндө айтылган этиш да мына ушул *кой* этишин 1-маанисин туюнткан (ДТС, 451). Байыркы кезде *кот* этишине аркылуу мамиленин *-ар* мүчөсүн жалгап, *котор* формасын жасаган. Мындай мүчө азыркы *чыкчыгар, чөк-чөгөр, чек-чегер, быш-бышар* этиштеринде

даана көрүнөт. Ошол кездеги формасы *котор* деген учурда өзгөрүүсүз калса, демейде *кой* болуп аяккы *т* тыбышын *й* тыбышына өткөрүп жиберген. Кыргыз тилинде *кут* этишинде да жогоркудай алмашуу болуп өткөн, бирок анын экөө тең өз алдынча колдонулат. Мисалы: *кутуп тур — күйүп тур*. Байыркы *кот* этишинин өзү жеке айтылып, *кой* этишинин маанисинде колдонулбайт, *кой* түрү гана өзүнчө сөз боло алат. Ал эми *кот* уңгусу *котор* деген учурда гана жашап, *-ар* мүчөсү менен ширелишип калган. Ошондуктан азыркы кыргыз тилиндеги *кой* жана *котор* этиштери текшештиги сезилбей турган абалга келген.

КОТУР Түрк тилдериндеги *котур* сөзүн морфемаларга ажыратуу жана кандай маанидеги сөздөн келип чыккандын түрк тилдеринин өзүндөгү фактылар менен далилдөө мүмкүн эмес. Иран тилинде *хоридан* этиши «кычышуу» маанисин берет, анын өткөн чактагы формасы *хорид* болот. Мына ушул *хорид* түрүн түрктөр кабыл алган. Кабыл алганда ал сөздүн *р* жана *д* тыбыштарынын ордун алмаштырып, *ходир>котур* түрүнө келтирген. Натыйжада *котур* сөзү жаралган, анын «кычыштырган» деген мааниси белгисиз болуп калган.

КОЧКОР Байыркы түрк тилинде *коч, кочқор, кочкар* сөздөрү азыркы кыргызча *кочкор* сөзүнүн маанисин берген. Монгол тилиндеги *хуц* сөзү кыргыз тилинде кочкорду тергегенде *куча* болуп айтылат. Бул *куча* сөзү монгол тилинен кабыл алынган, монголчо *хуц* сөзү түркчө *коч* сөзүнүн үндүү тыбышы алмашкан варианты дешке болот. Монголчо *хуц* сөзүнүн келип чыгышы жөнүндө мындай пикир айтуу ылайык келет. Кыргыз тилиндеги *кулжа* сөзү монголчо *угалз* сөзүнүн башкы *у* тыбышы түшүшүнөн жарэлган. Ал эми *гулзайх* этишинде сөз башындагы *у* тыбышы монгол тилинин өзүндө түшүп, «ийрилүү, ийилүү» маанисин берет. Ушуга караганда *угалз//гулз* деген сөздүн өзү байыркы монгол тилинде «ийри, ийрилген» маанисин билдирген. Анткени кулжанын мүйүзү имерилип, чыгырык сыяктанып өскөнү ушундай аталышына себеп болгон. Ошол *угалз* сөзү *кулжа* болуп өзгөрсө, кийин *л* тыбышы түшүүдөн *кужа>куча* болуп калган. Монголчо *куц(а)* сөзү түрк тилине байыркы кезде *коч* болуп кабыл алынса, кийин кыргыз тилине *куча* түрүндө кабыл алынган.

КОЧУШ *Кош+ууч* деген эки сөздүн биригип айтылышынан келип *кочуш//котуш* пайда болот. Биринчи сөздүн аягындагы *ш* тыбышы *ч* жана *т* тыбыштарына өтөт, экинчи сөздүн башындагы созулма үндүү кыска үндүүгө айланат. Эки сөз биригип, бир сөз болгон учурда алгачкы эки сөздүн экөө тең тыбыштык өзгөрүүлөргө учураган.

КОЧКОЛДУРУК Кочкордун мүйүзү сыяктанган кабыкчада жашаган майда жаныбарды билдирген *кочколдурук* сөзү кыргыз тилинин айрым говорлорунда адабий тилдеги үлүлдүн ордуна айтылат. Бул сөз *кочкор+дырык* мүчөсү уланганда уңгунун аягындагы *р* тыбышы *л* тыбышына алмашып, *кочколдурук* болуп калган. Кээде бул сөз *кочколдук* болуп да айтылат. Мындан *-дырык* мүчөсү кыскарып, *-дык* болуп калганы даана көрүнөт.

Кочколдурук деген кичинекей жаныбар өзүнүн атын кочкордун мүйүзү сыяктанган көрүнүшүнө карата алган.

КОШ I. Койду айдоодо колдонулчу *кош!* сөзү да «кой» деген маани бериши мүмкүн. Анткени *кош* сөзү байыркы *коч* «кочкор» деген уңгунун акыркы тыбышы *ш* тыбышына алмашкан түрү болуп чыгат. Малды айдоодо, чакырууда колдонулган сөздөрдүн көбү ошол жаныбардын атын билдирген сөздөр менен аталгандыктан *кош!* сөзү да «кой» деген маанидеги сөз дешке болот.

КОШ II. Иранча *кош* сөзү сөзмө-сөз «жакшы» маанисин берет. *Кош келипсиздер!* деген учурда дал ушул маанидеги сөз айтылат. Ал кээде *куш келипсиздер!* түрүндө да колдонулуп жүрөт. Коштошуп жатканда *кайыр кош, жакшы барыңыз!* деп айтканда үч жолу «жакшы» сөзү айтылат: *кайыр* — арабча, *кош* — иранча, *жакшы* — кыргызча.

КОШОК. Жамакчылар, ырчылар, акындар кимдир бирөөгө арнап ырдаса, *ырга кошту* деп коёбуз. Ошондон улам адам өлгөндө, кыз бергенде айтылган ырлар жалаң гана ошол кишиге арналат да, айтылган ырлар *кошок* аталат. *Кош* этишине зат атооч жасоочу *-ак* мүчөсү жалганып жасалган *кошок* сөзү «киши өлгөндө же кыз бергенде ырдалчу ыр» деген маани берип калган. Алтай тилиндеги буга уңгулаш *кожоң* сөзү, өзбек тилиндеги *кошук*, кара калпак тилиндеги *косук* сөздөрү жөн эле «ыр» деген маани берет.

КӨБҮРГӨН Бийик тоолу жерде өсүүчү пияз сыяктуу өсүмдүктүн атын билдирген *көбүргөн* сөзү *көбүр+гөн* бөлүктөрүнөн турат. Болжолу, самын чык-

канга чейин көбүргөндү байыркы түрктөр жуучу зат катары пайдаланып келген окшойт. Алтай тилинин телеут диалектисинде бул сөздүн «татар самын» (Севортян, 1980, 100) мааниси көрсөтүлгөн. Ушуга караганда *көбүргөн* өсүмдүгүнүн аты көбүрө турган өзгөчөлүгүнө жараша коюлган, кийин аны самын ордуна пайдалануу унутулган, бирок байыркы кездеги коюлган аты сакталып кала берген окшойт.

КӨГӨН I. Козу, улакты байлап коё турган жипти билдирген *көгөн* сөзү *көкө*+*н* бөлүктөрүнөн турат. Түркмөн тилинде *көкөрмөк* этиши кыргызча «көгөндө, көгөнгө байла» маанисин берет да, *көкө*+*р* деген бөлүктөрдөн турат. *Көкө* этишине аркылуу мамилени *-р* мүчөсү уланган. Тува тилинде болсо *хөнө* деген омоним сөз бар (ТувРС, 471). Ал «көгөн жана көгөндө» маанисин туюнтат. Мындагы *хөнө* сөзү *к* тыбышы *н* тыбышына алмашкан *көкө* этиши дешке болот.

Татар жана башкыр тилинде *күгөн* сөзү «эшиктин шарнири» дегенди билдирет. Козу байлай турган көгөн да бир нерсени бекитип, байлап турушу менен бул сөзгө түздөн-түз байланышат. Экөө тең *көкө* деген этишке зат атооч жасоочу *-н* мүчөсү жалгануудан келип чыккан.

КӨГӨН II. Малдын канын соруп жан сактай турган чымын сыяктуу, бирок андан чоңураак келген көгүш түстүү жаныбарды билдирген *көгөн* сөзү түрк тилдеринде ар түрдүү формада келип, ар түрдүү жаныбарларды билдирет (Севортян, 1980, 55). Бул сөз *көк*+*өн* бөлүктөрүнөн турат. Анын көк түстү билдирген уңгусуна *-өн* деген сын атоочтун кичирейтүүчү формасын туюнткан мүчө уланган. Бул мүчө алгачкы *-өм* түрүнөн өзгөрүп, *-өн* болуп калган: *көгөм*>*көгөн*. Алгач *көгөн* сөзү «көгүш» маанисин билдирген.

Якут тилинде *көгөн* сөзү «көк ала моюн өрдөк» маанисин туюнтат. Анткени өрдөктүн эркеги да көгүш түстүү болот. Башкырлар *күкөн* деп көк түстүү балыкты айтышат. Бул сөздөр жогорку *көгөн* сөзү менен тектеш, алгачкы «көгүш» деген маанисиндеги сөздөр.

КӨГҮЧКӨН Көк түстүү канаттуунун атын билдирген сөз түрк тилдеринде *гөгерчин, көгөршүн, гөвержин, көгүрчүн, көварчкөн, көгүрткөн, көгүркөн, көгөршүк, көгөн* түрүндө келет. Булардын эң алгачкы формасы *көгөрткөн* деп эсептөөгө болот. Ал *көк*+*ылт*+*кан* бөлүктөрүнөн турат. Мындагы *-ылт* мүчөсү кийин *-ырт* болуп *л* тыбышы *р* тыбышына алмашкан.

Алгачкы *көгүлт* түрү «көгүш» маанисиндеги сөз болгон. Ага сын атоочтун кичирейтүүчү формасын туюнткан *-кан* мүчөсү дагы уланган. Бул *-кан* мүчөсү башкы *к* тыбышын түшүрүп *көгөн* II сөзүндө да катышат деп эсептөөгө болот. Ошондо *көгөрткөн* сөзү «көгүлтүр, көгүш» маанисиндеги сөз болгон деген тыянак чыгат.

Составындагы *т* тыбышынын *ч* тыбышына өтүшүнөн *көгүрчкөн* варианты жаралган. Ошол *т* тыбышынан кийинки *к* тыбышынын түшүшү *көгарчын* формасынын пайда болушуна алып келген. Ал эми *р* тыбышы түшүшүнөн кыргызча *көгүчкөн* варианты жаралган.

КӨЖӨ Түктөлгөн арпа же буудайдан жана акталган таруудан кайнатып жасалган тамак *көжө* аталат. Талас говорунда андан тышкары кесмеден жасалган ушундай тамакты да *көжө* же *көйө* деп коёт. Бул *көжө, көйө* сөздөрү *көчө* сөзүнөн келип чыккан. *Көчө* сөзү азыр унутулуп, историзмге айланып барат. Көчөнү «түктөлгөн арпа, буудай» маанисинде мындан 30—40 жыл мурда кыргызча жаңы жылды — Нооруз майрамын, өткөргөн кезде элибиз колдонуп келген. Ал кезде *көчө түктөп жатабыз* деген сөз айтылчу. *Көчө түктөө* «арпа, буудайдын кабыгын кетирүү» дегенди билдирет, ал эми *көчөнүн* өзү ошол «түктөлгөн арпа же буудай» жана «ал кошулуп жасалган суюк тамак» дегенди туюнтат.

Ошол *көчө* сөзүнүн *ч* тыбышы *ж* тыбышына өзгөрүүдөн *көжө* сөзү пайда болгон. Анын *й* тыбышына өзгөрүшүнөн Талас говорундагы *көйө* сөзү жаралып, ал жалаң гана көчөдөн жасалган тамак эмес, кесме кошулганын да билдире турган болуп, мааниси кеңип кеткен.

КӨЗ Түркологдор *көз* жана *көр* деген сөздөр *з* жана *р* тыбыштарынын алмашуусу аркылуу маанилери айырмалуу болуп калган, бирок бир уңгудан келип чыккан сөздөр деп эсептешет. Эгерде эң алгач *көз* деген зат атооч сөз жаралган деп билсек, анда *көр* этиши болсо анын *з* тыбышын *р* тыбышына алмаштыруудан келип чыккан болот. Мындай кубулуштар кыргыз тилиндеги *семиз — семир, жапыз — жапыр* сөздөрүндө да учурайт. Аларда *з* менен айтылганы атооч сөздөрдү билдирсе, *р* менен айтылганы кыймыл-аракетти туюнтат. Мурда ушундайча сөз жасоо өзүнчө бир система болгон деп эсептегенде, жогорку сөздөр анын калдыгы болуп таанылат.

XI кылымда жазылган Махмуд Кашгаринин «Диванында» *көзди* этиши азыркы кыргызча *көрдү* этишинин маанисинде колдонулат. Ушуга караганда *көз* сөзүнүн өзү эле *көр* этишинин маанисин да бергени аныкталат. Ушундай фактыга таянганда азыркы кыргызча *күзгү* сөзү да *көз+гү* формаларынан келип чыгат да, азыркыча *көр+гү* дегенге барабар келет. *Күзгү* сөзү «Байыркы түрк сөздүгүндө» *ө* тыбышы менен *көзгү, көзңү, көзүңү* түрүндө келет. Кыргыз тилинде болсо аягындагы *ү* тыбышынын таасири менен уңгудагы *ө* тыбышы *ү* тыбышына өтүп кеткен.

Күзгү сөзүндөгү *күз* уңгусунун азыркыча *көр* этишинин маанисинде болгондугу бир кезде *көз* сөзү зат атооч маанисин билдирүү менен, ошол эле формада туруп этиштин маанисин да бергенине далил боло алат. Башкача айтканда, *күзгү* сөзү жаралган кезде түрк тилдеринде *көз* «адамдын көзү» деген учурда да, *ал көздү*, «ал көрдү» деген учурда да колдоно бере турган сөз болгон. Ошондогу абал азыркы *күзгү* сөзүндө сакталып калган.

Кийин зат атооч маанисин билдирген *көз* сөзүнөн кыймыл-аракетти билдирген сөздү айырмалоо зарылчылыгы болгон кезде *з* тыбышын *р* тыбышына алмаштырып айтуудан *көр* сөзү жаралган.

КӨКӨЛӨ *Көк* сөзү азыркы кыргыз тилинде «асман» маанисинде да колдонулат. Ага этиш жасоочу *-ла* мүчөсүн жалгаганда, *көктө* түрүнө келмек, бирок *көкөлө* түрүндөгү сөз жасалат. Ошондо сөздүн уңгусу *көк* эмес, *көкө* түрү экени, *-ла* мүчөсү экени белгилүү болот.

Байыркы түрк жазууларында да *көк* сөзү аягында үндүүсү жок айтылган. Орто кылымдагы монгол жазма эстеликтеринде ал *көкө* түрүндө айтылат. Кыргыз элинин «Манас» эпосунда да калмактарга таандык сөз катары *көкө теңири, көкө кулусун* деген учурда кезигет. Болжолу, *көкө* уңгусу монголдордун үстөмдүгү тушунда кыргыз тилине кирип, кыргызча *көк* деген түрү менен катар жашап калган окшойт. Экинчи бир болжол боюнча, түрк тилдеринин эң алгачкы доорунда сөздүн аягындагы *к, г* тыбыштарынан кийин үндүү тыбыш айтылган түрү колдонулган. Алсак, байыркы түркчө *йагы, бузагу, күдөгү, такагу* сөздөрү кыргыз тилинин дифтонгулуу говорлорунда *жов, музов, күйөв, товук* түрүндө айтылат. Аларда сөздүн аягында үндүү тыбыш катышпайт. Азыркы *жоо, мужоо, күйөө, тоок* сөздөрүнүн келип чыгышына негиз болгон түрү *йаг//йак, бузаг//бузак, күйөг//күйөк, товук* деген формасы болуп чыгат. Ал эми *йагы, бузагу, күдөгү, такагу* түрлөрү андан мурдагысы дешке болот. *Көкө* уңгусунда да ошондой байыркы форма сакталып калышы мүмкүн.

КӨКӨМЕРЕН Төрт бурчтанган сабагы бар, жыпар жыттуу, тоодо өскөн чөп *көкөмерен* аталат. Ал сөз жогорку эле *көкө* сөзүнө *эрмен* сөзү кошулуудан келип чыккан. Сөзмө-сөз *көк эрмен* дегенге барабар маани берет. *Эрмен* сөзүнүн составындагы үчүнчү болуп айтыла турган *м* тыбышы ордун алмаштырып, биринчи болуп айтылып калган: *эрмен>мерен*. Натыйжада *эрмен* менен *мерен* сөздөрү бири-бирине окшобой, таптакыр байланышпаган сөздөр сыяктанып калган. Болжолу, *көкөмерен* алгач *көк эрмен* аталышына эрмен сыяктуу кескин жыттуулугу себеп болгон окшойт.

Кыргызстанда *көкөмерен* суусунун аты да бар. Ал суу Нарын дарыясына куят. Бул *Көкөмерен* деген сөз *көкө* жана *мерен* сөздөрүнөн турат. *Көкөсү* — «көк», ал эми *мерен* монголчо «чоң суу, дарыя» маанисиндеги сөз. Ошондо *көкөмерен* сөзү «көк дарыя» деген маани билдирет. Нарындын бир куймасы Өзгөн тараптан агып түшкөнү *Кара-Дарыя* аталат. Мындай аттары суусунун өңүнө жараша берилген окшойт.

КӨКСӨ Бул этиш *көк+сө* бөлүктөрүнөн курал-ган. Асман маанисиндеги *көк* деген сөзгө *-са* мүчөсү уланып, келип чыккан *көксө* сөзү алгач «көккө чыккысы келүү» маанисин берген (ДТС, 313). Азыркы кыргыз тилинде *көксө* этиши «абдан каалоо» маанисин туюнтуп, алгачкы «көккө чыгууну эңсегени» унутулган. Кыргызча *сама* жана *эңсе* этиштери да *көксө* этишине маанилеш келет. *Сама* этиши арабча *самао* «асман» сөзүнөн келип чыгышы мүмкүн. Арабча *самао* сөзүнүн *сам* бөлүгүн алып, ага этиш жасоочу *-а* мүчөсүн кошуп, же *самао* сөзүнүн өзүн эле этиш маанисинде колдонуудан *сама* этиши жаралган окшойт. *Сама* этиши көпчүлүк түрк тилдеринде жоктугу ушундай болжолго кыйыр далил боло алат. Ал эми *эңсе* этиши *эң+се* бөлүктөрүнөн турат. Сөздүн уңгусу *эң* «абдан, өтө» деген маанидеги сөз түзөт, ага *көксө* сөзүндөгү сыяктуу эле *-са* мүчөсү уланган. Натыйжада «эң жакшы, мыкты нерсени каалоо, тилөө» маанисиндеги *эңсе* сөзү жаралган.

КӨКҮРӨК Байыркы түрк тилинде *көкүз* өзү эле азыркы кыргызча *көкүрөк* сөзүнүн маанисин берген. Кыргызча *көкүрөк* сөзүнүн *көкүр* деген бөлүгү байыркы түркчө *көкүз* сөзүнө туура келет. Алардын *з* жана *р* тыбыштары алмашкан. Ал эми *-өк* мүчөсү болсо кийин жалганган, бирок ал уланган уңгусуна жаңы маани кошумчалай алган эмес.

КӨЛӨКӨ Байыркы түрк тилинде *көлү* «көлөкөлө» этиши болгон, ага зат атооч жасоочу *-га* мүчөсү жалганып, *көлөгө//көлүгө* «көлөкө» сөзү жаралган (ДТС, 314). Азыркы кыргыз тилинде *көлө* этиши өзүнчө колдонулбай, андан келип чыккан *көлөкө* сөзү гана жашап калган. Этиштен зат атооч жасоочу *-га* мүчөсү *тут — тутка* сөзүндө даана көрүнөт.

КӨЛҮК «Жүк жүктөөчү унаа» маанисиндеги *көлүк* сөзү *көл+үк* бөлүктөрүнөн куралган. Байыркы түрк тилинде *көл* этиши «чек» деген маани берген (ДТС, 314). Ага зат атооч жасоочу *-ык* мүчөсү жалганып, *көлүк* «жүк жүктөөчү унаа» сөзү жаралган. Азыркы кыргыз тилинде *көл* этиши жогоркудай мааниде айтылбайт, бирок андан жаралган *көлүк* сөзү гана колдонулат.

КӨМӨЛДҮРҮК Бул сөз *көм+өлдүрүк* бөлүктөрүнөн турат. *Көм* уңгусу — жогоруда айтылган *көк>көң>көм* болуп өзгөргөн «көкүрөк» маанисиндеги сөз, ага *-дырык* мүчөсүнүн астына *-л* кошулган варианты жалганып, *көмөлдүрүк* сөзү келип чыккан. Мындай *-лдырык* мүчөсү азыркы *көзүлдүрүк (<көз+үлдүрүк), кашкалдырык (<кашка+лдырык), жудурук (<жум+улдурук), суулук (<суу+улдурук* сөздөрүндө айтылары даана көрүнөт.

Көмөлдүрүк сөзү алгач «көкүрөктүк» дегенге жакын маани берген. Азыркы аттын көкүрөгүнө тагылчу ээр токумдун бөлүгүнүн атын билдирген ошол маанисинен келип чыккан.

КӨМӨЛӨН Бул сөз *көм+өлө+н* бөлүктөрүнөн турат. *Көм* уңгусу — жогорку жакта сөз болгон *көм* «көкүрөк» маанисиндеги сөз. Ага этиш жасоочу *-ла* мүчөсүнүн *-ала* варианты жалганып, андан кийин өздүк мамиленин *-н* мүчөсү уланган. Ошондуктан *көмөлөн* этиши «көкүрөк жагын жерге тийгизип жыгылуу» маанисин берет.

КӨМӨЧ Чокко көөмп бышырылган нанды билдирген *көмөч* сөзү *көм* этишине *-өч* мүчөсү жалгануудан жасалган.

КӨМҮР Тарыхый жагынан алганда бул сөз *көө+мүр* бөлүктөрүнөн турат. Анын *көө* уңгусу *көй* этишине туура келет да, азыркы *күй* этишинин байыркы түркчө варианты болгон *көй* этишинин аяккы *й* тыбышы түшкөн түрү болот. Ошол этишке зат атооч жасоочу *-мүр* мүчөсү уланып, *көмүр (<көймүр)* сөзү келип чыккан. Мындай мүчө байыркы түрк тилинде *йаг* этишине жалганып, *йагмур* (азыркыча *жамгыр*) сөзү келип чыгышына да катышат.

Көмүрдүн мындай аты өзүнүн касиетине туура келет. Анткени көмүр биротоло күйүп бүтүп, күлгө айлана элек чоктун өчкөнү болуп эсептелет. Аны кайра күйгүзсө болот, кызыл чок болуп далайга турат. Ушул өзгөчөлүгүнө жараша ал *көмүр* аталган. Кийин *көй* унутулуп *й* тыбышы түшүп, *көмүр* түрүнө келген.

КӨНӨК Азыркыдай металл чакалар кеңири боло электе анын ордуна колдонулчу ышталган териден жасалган идиш *көнөк* аталчу. Ал сөз *көн* уңгусунан жана *-өк* мүчөсүнөн турат. Уңгусу «бодо малдын терисинен жасалган булгаары» маанисинде алиге колдонулат. Ал байыркы түрк тилинде жөн эле «тери» маанисин берген. Ушул «тери» маанисиндеги сөзгө *-өк* мүчөсү жалгануудан жасалган *көнөк* сөзү кыргыз тилинде «териден жасалган чака сыяктуу идиш» деген маанисин сактап кала берген. Формасы боюнча ага окшош идиштин жыгачтан жасалганы *челек*, жезден жасалганы *бакыр*, башка металлдан жасалганы *чака* аталышы кыргыз адабий тили үчүн мүнөздүү. Бирок айрым говорлордо *челек* жана *бакыр* деп адабий тилдеги *чака* сөзүнүн ордуна айта берүү да орун алган. Алтай тилинде *көнөк* металлдан жасалган чакаларга карата деле айтыла берет. Аларда *көнөк* сөзүнүн мааниси кеңип кеткен.

КӨНӨЧӨК Көнөктөн кичирээк идишти билдирген *көнөчөк* сөзү *көнөк* сөзүнө кичирейтүүнү билдирүүчү *-ча* мүчөсү жалгануудан пайда болгон. Уңгунун аягындагы *к* мүчөсү мүчөнүн аягында барып орношуп калганынан ал *көнөкчө* абалынан башкача түргө келип калган.

КӨӨКӨР Бодо малдын ышталган терисинен жасалган анчалык чоң эмес идишти *көөкөр* дейбиз. Монгол тилдеринде *көк(өн)//хөх(өн)* сөзү «эмгекти» билдирет. Калмак тилиндеги *көкүр* «упчу» жана «көөкөр» маанисин берет. Болжолу, көөкөрлөр алгач бээнин же төөнүн желинининен терисинен жасалган окшойт. Кийин

ошол идиштин көлөмүндөгү башка териден жасалган идиш да *көөкөр* атала берген болуу керек. Азыркы көөкөрдүн эки жакка кайрыла уурчуктанып турган бөлүктөрү алгачкы эки эмчектин элесин берген элементи болушу мүмкүн.

КӨӨРЧӨК Айранга чийки сүт кошулуп жасалган суусундук тамак *көөрчөк* аталат. Ал *көбүр* этишине *-чек* мүчөсү кошулуудан пайда болгон. Анткени *көөрчөк* көбүрүп турат. Кымыз, айранга караганда көбүрүп тургандыгы ал тамактын *көбүрчөк>көөрчөк* аталышына себеп болгон.

КӨР Көрүү органы болгон *көз* менен көрүүнөн өзүн билдирген *көр* этиши бир уңгудан келип чыгат. Алардын мааниси айырмалуу болсун үчүн *р* жана *з* тыбыштарын алмаштыруу ыкмасы тилде пайдаланылган. Алгач *көз* деген зат атооч жаралган деп эсептесек, анда *з* тыбышын *р* тыбышына алмаштыруу аркылуу *көр* этиши келип чыккан болот.

КӨРПӨ Араб тилинде *харуф* сөзү «козу» деген маани берет (АРС, 274). Кыргыз тилине арабча *харуф* сөзү кабыл алынганда ал мурдатан бери колдонулуп келе жаткан *козу* сөзүн сүрүп сала алган эмес. Бирок ал «козунун териси» деген маани туюнтуу үчүн пайдаланылган. Ал эми *харуф* сөзүнүн көптүк сандагы формасы болгон *хирфан* сөзү кыргыз тилине *күрпөң* болуп кабыл алынган. *Күрпөң* деп «сойуга жарап калган козуну» айтат.

КӨРУК Бул сөз *көр+ук* деген бөлүктөрдөн турат. Анын *көр* уңгусу байыркы түркчө *ур* «үйлө» этишинин *өр* вариантынын алдына *к* тыбышы кошулган түрү дешке болот. Ага этиштен зат атооч жасоочу *-к* мүчөсү жалганып, *көрүк* «үйлөөчү» сөзү жасалган.

КӨШӨГӨ Бул сөз *көшө+гө* бөлүктөрүнөн куралган. Анын *көшө* уңгусу байыркы түркчө *көшү* «далдала, көлөкөлө» (ДТС, 319) этишине туура келет. Ага зат атооч жасоочу *-га* мүчөсү жалганып, *көшөгө* сөзү келип чыккан. *Көшөгө* сөзү *көлөкө* сөзү менен уңгулаш, экөөндө *ш* жана *л* тыбыштары алмашат. Ошондуктан байыркы түркчө *көшиге* сөзү «болор-болбос көлөкө» маанисин берип, *көлөкө* сөзүнө маанилеш келген. Ал кезде *көшик* сөзү гана азыркы кыргызча *көшөгө* сөзүндөй маани берген.

КӨШӨР Кыргыз тилинде *көгөр, көжөл, көшөр* этиштери бирдей маани берет. Булардын баары алгачкы *көк+ар* түрүнөн келип чыккан. Азербайжан тилинде кыргызча *көк* сөзү *көй* болуп айтылат. Болжолу, кыргыз тилинде да ушул сыяктуу формадагы варианты жарыш колдонулган. Ошондуктан *көк* сөзүнөн этиш жасалганда, *көйөр* болуп, анан *й* тыбышы *ж* тыбышына өтүп *көжөр* сөзү жаралган. Бирок анын аяккы *р* тыбышы *л* тыбышына өтүүнүн натыйжасында *көжөл* сөзү жаралган. Кийин *ж* тыбышы *ш* тыбышына өткөндө *көшөр* этиши келип чыккан.

КУБАЛА Бул сөз *куб+ала* бөлүктөрүнөн турат. Анын *куб* уңгусу байыркы түрк тилинде азыркы кыргызча *куу* этишинин маанисинде колдонулган. Ошол этишке кыймыл-аракеттин көпкө созулганын, кайталанганын билдире турган *-ла* мүчөсү алдына дагы бир үндүүнү кошуп, *-ала* түрүндө уланган. Мындай мүчө көбүнчө аягы *п, б* тыбыштары менен бүткөн этиштерге уланат. Мисалы: *сеп-себеле, теп-тебеле, куб-кубала.* Демейде бул мүчө *-ла* бойдон уланат. Мисалы: *карма-кармала, сыйпа-сыйпала.*

Кубала этиши байыркы *куб* сөзү созулмага айлана электе жаралган. Бул сөздө кыргыз тилинде *куу* болуп өзгөргөн сөздүн байыркы кездеги *куб* деген созулма үндүү жарала электеги формасы сакталган.

КУЙ Байыркы түрк тилинде *куз* сөзү «тоонун күн аз тийген бети» маанисинде колдонулган (ДТС, 475). Кыргыз тилинин Чүй говорунда, *куз,* Тянь-Шань говорунда *кус* түрүндө айтылып, бул сөз «таштын арасындагы же жердеги терең чуңкур, жарака» маанисин берет. Көпчүлүк кыргыз говорлорунда анын аяккы *з (с)* тыбышы *й* тыбышына өзгөрүп, *куй* түрүнө келген.

КУЙРУК Байыркы түркчө *кудурук* түрүндө айтылган сөздүн *л* тыбышы *й* тыбышына өтүп, кыргызча *куйрук* болуп өзгөргөн. Ал эми *кудурук* сөзү байыркы кезде эле морфемаларга ажырабай турган сөзгө айланып, анын кандайча жасалганы белгисиз болуп калган.

Бул сөз *куд+дурук* бөлүктөрүнөн турушу мүмкүн. Анын *куд* уңгусун *көт* «арт, арт жак» маанисиндеги сөздүн тыбышы өзгөргөн түрү дешке болот. Ага *-дырык* мүчөсү уланып, кабат келген *д* тыбышынын бири түшүп калган окшойт. Ошондо *куддурук* сөзү «арткы жактык» дегенге жакын маани берген сөз болуп чыгат.

КУЛАК Угуу органын билдирген *кулак* да *ук* сөзүнөн келип чыгат. *Ук* этишине зат атооч жасоочу *-ул* мүчөсү жалганып, *укул* сөзү жасалган. Ага дагы *-ак*

уланып, *укулак* түрүнө келген. Кийин сөздүн башындагы *у* тыбышы түшүп калып, *кулак* болуп өзгөрүп, азыркыдай абалына келген. *Кулак* түрүнө келиши менен анын *ук* этиши менен байланышы жок өңдөнүп калган. Ал чындыгында «угуучу (орган)» дегенге жакын маани берген сөз болуп чыгат.

КУЛАЧ Азыркы кыргыз тилинде *кулач* түрүндө айтылган сөз «Байыркы түрк сөздүгүндө» *колач* түрүндө да айтылган. *Колач* сөзү *кол+ач* деген эки сөздөн турат. *Кол* — азыркы эле *кол*, ал эми *ач* сөзү да *ач* этиши дешке болот. «Колду ач, колду жаз» маанисиндеги *колач* сөзү кыргыз тилинде *кулач* түрүнө келиши мүмкүн.

КУЛЖА *к. кочкор.*

КУЛУН Байыркы түркчө *оғул* (азыркы кыргызча *уул*) сөзүнө *-ун* мүчөсү жалганып *огулун* сөзү жаралган. Анын башкы *о* тыбышы басымсыз абалда түшүп калышынан *гулун* түрүнө келген. Мунун аягындагы *-ун* мүчөсүн таандык мүчөнүн III жагынын байыркы түрү *-ын* деп билсек (Исхаков, 134), анда *кулун* деген сөз «баласы» маанисиндеги сөз болуп чыгат.

КУМАЛАК Кой, эчкинин жана төөнүн томолок-томолок формадагы тезегин билдирген *кумалак* сөзү азыркы түрк тилдеринде кандай морфемалардан куралганын аныктоо кыйындап кеткен. Ногой тилинде *коймалак* сөзү кыргызча *койдун кумалагы* сөзүнө мааниси боюнча туура келет. Ал сөз *кой+малак* деген эки сөздөн турат. *Малак* сөзүнүн өзү эле «тоголок тезек» маанисин берген сөз болушу мүмкүн. В. В. Радлов белгилеген *майак* «койдун кумалагы» (Радлов, т. IV, ч. 2, 2012) сөзү *л>й* кубулушу боюнча *малак* сөзүнө туура келиши мүмкүн.

Алгачкы *кой малак* деген эки сөз биригип, бириккенде *й* тыбышы түшүп, *кумалак* сөзү келип чыккан болуу керек. Кийин бул сөздүн мааниси кеңип, жалаң эле койдун кумалагына карата эмес, эчкинин жана төөнүн кумалагына карата да колдонула турган болуп калган.

КУМУРСКА *Карын* сөзүнөн келип чыккан *карынча* сөзү байыркы түрк тилинде *кумурска* сөзүнүн маанисин берген (ДТС, 427). *Кумурска* сөзү байыркы түркчө *кугурсак* «карын, ич» сөзүнүн *г* тыбышы *м* тыбышына өтүп, аяккы *ак* деген эки тыбышы метатезаланып, *ка* болуп калышынан келип чыккан: *кугурсак>кумурсак>кумурска*.

КУНАЖЫН Үч жаштагы уйга карата айтылган *кунажын* сөзү монголчо *кунан* сөзүнө ургаачы экенин билдире турган *-жын* мүчөсү улануудан келип чыккан. Алтайча *төнөжүн* деп «төрт жаштагы уйду» айтат. Ал да монголчо *дөнөн* сөзүнөн келип чыгат. Монголчо *кунан, дөнөн* сөздөрү «үч, төрт жаштагы малдын эркеги» деген маани берет. Ал сөздөр монголчо *гурван* — «үч», *дөрвөн* — «төрт» деген сан атооч сөздөрдүн кыскарышынан келип чыгат. Ага *-жын* «ургаачы» маанисин берүүчү мүчө жалгануудан *кунажын, дөнөжүн* сөздөрү жасалат.

Кыргыз тилинде *кунан, дөнөн* сөздөрү колдонулат. *Кунан* сөзүнүн жылкыга карата айтылышы жалпы эле кыргыз говорлоруна мүнөздүү. Кээ бир говорлордо *кунан кой, кунан өгүз* делип да айтылат. *Дөнөн* деген сөз кыргыз тилинде жылкыга, уйга карата да колдонулбайт. Ал айрым говорлордо 4 жаштагы субай койго карата гана айтылат.

КУНАН Монголчо *гурван* «үч» сөзүнүн башкы *гу* бөлүгү гана калып, ага *-нан* (<*насн* «жаш») мүчөсү кошулуп жасалган сөз «үч жаштагы эркек мал» дегенди билдирет. Кыргыз тилинде *кунан* сөзү «үч жаштагы эркек жылкы» дегенди билдирет. Уйдун үч жаштагысын *ноопас, кунан өгүз* деп айтат. Талас говорунда *кунан кой* деп «үч жаштагы субай койлорду» айтат. *Өгүз* менен субай койго карата айтылганда кошо көрсөтүлгөндөй, *кунан серке, кунан тайлак* болуп айтылышы да мүмкүн.

КУРА «Ар кандай майда-чуйда нерселерди бириктирип, бир нерсе жасоо» маанисиндеги сөз *кур* этишине *-а* мүчөсү жалгануудан келип чыккан. *Кур* этишинин «жаса» деген маанисине дагы *-а* мүчөсү жалганганда, көп кайталанган кыймыл-аракетти туюнткан. Кийин ал мүчө уңгуга сиңип кетип, *кура* этиши менен *кур* этишинин өз ара байланышы жок сыяктанып калган.

КУРАЛ *Кура* этишине *-л* мүчөсү жалгануудан пайда болгон сөз алгач «бир нече жарак-жабдык» маанисин билдириши мүмкүн. Анткени *кура* этишинин өзү «ар кандай нерселерди бириктир» маанисин берет. Жоокердин куралы найза, кылыч, жаа, калканыч, чокпут, чокмор ж. б. нерселерден турган. Ошондой учурда *курал* сөзү өз маанисине шайкеш келген. Азыр *курал* деп бир эле нерсеге, маселен, *кылыч-курал* деп

айтууга болот. Алгачкы *курал* сөзүнүн мааниси тарып, мурдагыдан тар түшүнүктү туюнтуп калган.

КУРГА Кыргыз тилинин түштүк диалектисинде *куру* этиши адабий тилдеги *курга* этишинин маанисинде колдонулат. Андан *курук* сөзү жасалып, адабий тилдеги *кургак* деген сын атоочтун маанисин берет. Түштүк диалектидегиси адабий тилдегиге караганда мурдагы абалын сактаган түрү болуп эсептелет. Анткени адабий тилдеги *курга* этиши *курук* деген сын атоочко этиш жасоочу *-а* мүчөсү жалгануудан келип чыгат: *курук+а — курга.*

Мурда кыргыз тилинин түндүк диалектисинде да *куру* этишин, андан жасалган *курук* сын атоочу болгон. Бирок дагы өнүгүп-өсүшүнөн жаралган *курга, кургак* сөздөрү алардын ордун басып, колдонулушун чектеп койгон.

КУРКУЙ Бул этиш *курук+уй* морфемаларынан куралган. *Курук* уңгусу — демейдеги *укурук* болуп айтылган сөздүн башкы үндүү тыбышы түшкөн варианты. Ага атоочтон этиш жасай турган *-й* мүчөсү жалганып, *курукуй* сөзү пайда болгон. Уңгунун аяккы муунундагы үндүү тыбыш түшүп калып, *курукуй* болбостон, *куркуй* түрүнө келген.

Кыргыз тилиндеги *зуңкуй* деген образдуу этиш да *узун+куй* бөлүктөрүнөн туруп, *узун* сөзүнүн башкы үндүү тыбышы түшүп калган түрүнөн келип чыгат деп эсептегенде, азыркы кезде уңгусу белгисиз болуп калган *таркый, тыркый, даңкый, дыңкый, дүңкүй* сыяктуу образду этиштер да атооч сөздөргө этиш жасоочу *-кый* мүчөсү жалгануудан пайда болушу мүмкүн.

КУРМУШУ Кыргыз тилинде бул сөз *курумшу* түрүндө сейрек болсо да колдонулат. Мына ошол *курумшу* варианты — сөздүн алгачкы түрүнө жакыны. Анткени *курумшу* сөзү *курум+шу* бөлүктөрүнөн турат. Байыркы түркчө *курун* «көө, ыш» (ДТС, 470) сөзү хакас тилинде *хурун* түрүндө айтылса, башка түрк тилдеринде *курум//гурум//корым* түрүндө колдонулат. Кыргыз тилинде *кара корум* деген учурда ал сөз *корум* түрүндө болот, бирок *курмушу* деген сөздүн составында *курум//курму* түрүндө болот.

Азербайжан тилинде *гурум* сөзүнө *-лу* мүчөсү уланып, *гурумлу* «көө жабылган» сөзү жасалат. Мына ушул сөз байыркы түрк тилинде *курунлуг* болуп айтылган. Мүчөнүн башындагы *л* тыбышы *ш* тыбышына

алмашуудан *курумшу* сөзү келип чыккан. Ал «көөлүү, ыштуу» деген маани берген. Курумшунун аты жогоркудай маанисине шайкеш келет.

КУРТ Иранча *хурд* «кичинекей, майда» сөзү түрк тилдерине *курт* болуп кабыл алынган. Эң кичинекей нерсе кыргыз тилинде куртка салыштырылып, *куртай* делет. Ушуга караганда *курт* сөзү алгач «кичинекей» маанисиндеги сөз болушу мүмкүн. Иран тилинде *хуранда* этишинин учур чактагы атоочтук формасы *хурдан* түрүндө болот да, «жегич, ичип-жээр» маанисин берет. Мына ушул *хурдан* формасы *курт* болуп кабыл алынып, «жегич, жеп жиберүүчү» деген маанидеги сөзгө айланышы мүмкүн. Анткени куртту жегич катары түшүнүү да кыргыз элинин түшүнүгүндө бар.

КУРУТ Сүзмөдөн тоголоктоп жасалып, кургатылган тамакты билдирген *курут* сөзү *куру* этишине зат атооч жасоочу *-т* мүчөсү улануудан келип чыккан. Мындагы *куру* этиши — азыркы *курга* этишинин маанисинде мурда колдонулуп келген.

КУРУУ Кыргыз тилинде кулунду *куруу-куруу* же *круу-круу* деп чакырат. Перс тилинде *корре* сөзү кыргызча «кулунду» билдирет (ПРС, 399). Башкача айтканда, *куруу-куруу!* деп чакыруу *кулун-кулун!* деп айтканга барабар келет. Кыргызча уйду *ов-ов!* деп чакырганда да персче *гов* «уй» деген сөздү пайдаланган сыяктуу эле кулунду чакыруу үчүн да персче «кулун» деген сөз айтылган.

КУТКАР Байыркы түрк эстеликтеринде *курткар* болуп айтылган сөз азыркы кыргыз тилинде *куткар* болуп айтылат. Алгачкы *курткар* сөзү *кур+т+кар* бөлүктөрүнөн туран. Анын *кур* уңгусу «бош» маанисин берген. Ага этиш жасоочу *-ы* мүчөсү уланып, *куру* сөзү жасалган. Аркылуу мамиленин *-т* мүчөсү уланып, *курут* этиши жаралган. Ага *-гар* мүчөсү уланганда *куруткар* этиши келип чыккан. Составынан *ур* тыбыштарынын түшүп калышынын натыйжасында *куткар* түрүнө келген.

КУУРАЙ Чөпкө караганда өзөгү катуураак келген, бүрү түшүп куураганда деле тикесинен тура бере турган өсүмдүктөр *куурай* аталат. Ал сөз *куура* этишине зат атооч жасоочу *-й* мүчөсү кошулуу аркылуу жасалат.

КУУРДАК Бул сөз *куур+дак* бөлүктөрүнөн турат. *Куур* этишине зат атооч жасоочу *-дак* мүчөсү ула-

нып, *куурдак* сөзү жасалган. Мындай мүчө жалганып *түй-түйдөк, быш-быштак, кекир-кекиртек* сыяктуу сөздөр жасалат.

КУЧАК Байыркы түрк тилинде *куч* сөзүнүн өзү эле азыркы кыргызча *кучакта* этишинин маанисинде колдонулган (ДТС, 403). Мындай *куч* этиши кыргыздын эпикалык чыгармаларында алиге колдонулат. Мына ошол *куч* сөзүнө зат атооч жасоочу *-ак* мүчөсү жалганып, *кучак* сөзү келип чыккан.

КУЧКАЧ Бул сөз *куч+кач* бөлүктөрүнөн турат. Анын *куч* уңгусу *куш* сөзүнүн *ш* тыбышы *ч* тыбышына өткөн түрү болуп эсептелет. Ага кичирейтүүчү *-кач* мүчөсү уланган. Мындай мүчө өтө сейрек учурайт. *Кучкач* сөзү «кичинекей куш, чымчык» деген маанидеги сөз экени морфемалык составы боюнча ушундайча аныкталат.

КУШ Учпай турган канаттуулар да бар экендиги белгилүү. Маселен, пингвин, үй канаттуулары. Бирок көпчүлүк канаттуулар уча алат. Маселен, жалаң эле куштар эмес, чымын-чиркейлер, көпөлөктөр, коңуздар, чегирткелер ж. б. Азыркы кезде мотордун жардамы менен уча турган самолёттор да жаралды. Ошондой болсо да куштардын уча тургандыгы жөнүндөгү түшүнүк баарынан артыкчылык кылат. Ошондуктан арабдар *т-й-р* деген уңгу аркылуу *уч* этишин да, кушту да туюнтат. Иран тилиндегилер болсо *пари* сөзү аркылуу түркчө «уч» деген маанини түшүнсө, андан жасалган *парранда* сөзү аркылуу «кушту» түшүндүрөт. Түрк тилинде сүйлөгөн элдердин ичинен якуттарда гана *куш* деген маани *көтөр* сөзү аркылуу туюнтулат. *Кус* сөзү якут тилинде «өрдөктү» туюнтат. Якутча *көтөр* сөзү мааниси боюнча *учар* дегенге туура келет. Мындан байыркы арабдар, ирандар жана якуттар *уч* деген кыймыл менен *кушту* бирдикте түшүнгөнү даана байкалат. Байыркы түрктөр да ушундай түшүнгөн окшойт. Ал мындайча далилденет.

Түрк тилдеринин баарында *уч* этиши бирдей айтылбайт. Көпчүлүгүндө аягы *ч* тыбышы менен бүткөн түрү колдонулат; түркмөн, түрк, азербайжан, гагауз, татар, кумык, карачай-балкар, кыргыз, өзбек, уйгур, алтай тилдеринде — *уч*. Айрымдарында *ш* тыбышы менен аяктаган сөз айтышат: ногой, кара калпак, тува, казак тилдеринде *уш*. Хакас, башкыр тилдеринде *ус* түрүндө болсо, барабин татарларында, кюректерде, тоболь татарларында, караимдердин говорлорунда *уц*, чувашча *веч* болуп айтылганы кезигет.

Архетип *куч* түрүндө айтылган. Ал *уч* деген кыймыл-аракетти билдирүү менен бирге, ошол кыймыл-аракетти жасаган заттын атын да туюнткан. Мындай синкретизмдик кубулуштар байыркы түрк тилинде арбын колдонулган. Азыркы *көч, ич, ой* сыяктуу бирдей эле формада туруп, этиштик да, зат атоочтук да маани берген сөздөр ошолордун калдыгы болуп эсептелет. Дал ушулар сыяктуу эле *куч* сөзү да байыркы кезде кыймыл-аракетти да, затты да билдирген деп болжол кылууга болот.

Кийин бир эле сөз аркылу андай эки маанини туюнтуу жолто боло баштаганда, аларды бири-биринен айырмалоо үчүн атайын ыкмалар колдонулган. Ал үчүн *куч* сөзүнүн аягындагы *ч* тыбышы өзүнө өтө окшош болгон башка тыбыштарга *(ш, с)* алмаштырылган. Натыйжада *куш, кус* сыяктуу сөздөр жаралган. Бирок алар да жетишсиздик кылганда сөздүн башындагы тыбышын түшүргөн. Ошондо пайда болгон *куш, кус* деген зат атооч сөз *уч, уш, ус, уц* деген этиштерден таптакыр айырмалууу болууга жетишкен. Ошондой болсо да азыркы *кучкач* деген чымчыктын атында байыркы кездин калдыгы болгон *ч* жана *ш* тыбыштарынын алмашуусу сакталып кала берген.

КУЮШКАН Байыркы түрк тилинде *кудурук* сөзү азыркы «куйрук» маанисин берген. Кыргызча *куйушкан* сөзү ошол *кудурук* сөзүнүн өзгөргөн түрү болуп эсептелет. *Кудурук* уңгусунун *д* тыбышы *й* тыбышына алмашса, *р* тыбышы *ш* тыбышына алмашып, акыркы *ук* тыбыштары *ку* болуп метатезаланып, аягына *н* тыбышы кошулуп, байыркы түркчө *кудургун* сөзү жаралган (ДТС, 464). Азыркы тува тилинде *кудурга* сөзү кыргызча *куюшкан* сөзүнүн маанисин берет. Бул сөз алгачкы *кудурук* сөзүнүн *кудурга* болуп өзгөргөнүн, андан *кудузга>куйушка>куюшкан* сөзү келип чыккандын даана көрсөтөт.

Турция тилинде *кускун*, азербайжанча *гушкун* сөзү кыргызча *куюшкан* сөзүнүн маанисин берет, бирок ал кыргызча *куткун* «куюшкандын ээрге байланууучу жери» сөзүнө формасы боюнча туура келет. Бул сөздөр алгачкы *кудургун* сөзүнүн тыбыштары кыскарышынан келип чыгат: *кудургун>куткун>кускун>кушкун*.

КУЯ *Куя* сөзү кыргыз тилинде *кутулбас куяга калуу* деген формада гана учурайт. Ал демейдеги *окуя* сөзүнүн башындагы *о* тыбышы түшүп калышынан келип чыгат. *Кутулбас окуяга калуу* дегенден көрө *кутулбас куяга калуу* деген уккулуктуу келет. Анткени *кутулбас* сөзүнө *куя* аллитерацияланып (уйкашып) турат. Мына ушундай уйкашуусу үчүн *окуя* сөзү *куя* болуп өзгөргөн.

КҮЗГҮ *к. көз.*

КҮЗӨТ Кыргыз тилинде *көз* болуп айтылган сөз татар тилинде *күз* болуп айтылат. Бирок дайыма эле андай боло бербейт, кээде кыргыз тилинде татар тилиндегидей формасы да кошо жашайт. Алсак, *күзө, күзөт* сөзүндө татарча *күз* сөзү айтылат, ага этиш жасоочу *-а* мүчөсү жана аркылуу мамиленин *-т* мүчөсү уланып, *күзө, күзөт* формалары жаралат. Кыргызча формасы боюнча айтканда бул сөздөр *көзө, көзөт* болмок, бирок андай сөздөр кыргыз тилинде таптакыр башка маани берет. Ошондуктан кыргыз тилинде татар тилиндегидей *күзө* жана *күзөт* сөздөрү жаралып, «кароолдо, кара, көз сал» маанисин туюнтуу үчүн колдонулат.

КҮЙ *Күт* сөзүнүн ордуна *күй* деп айтууга да болот. Анткени *күй* алгачкы *күт* сөзүнүн *т* тыбышы *й* тыбышына алмашуудан келип чыккан.

КҮЙКӨ Жонундагы жүндөрү сары келген чычкан алып тамактанган жырткыч куштү билдирген *күйкө* сөзү *күй+кө* бөлүктөрүнөн куралган. Анын *күй* уңгусуна этиштен зат атооч жасоочу *-ка* мүчөсү уланып, *күйкө* сөзү келип чыккан. Бул сөз *тут* этишинен *тутка* сөзү жаралган сыяктуу жасалган. Күйкөнүн жонундагы сары жүндөрү күйүп калган түстү элестеткендиктен ушундай аты келип чыккан.

Кыргызча *күйкө* сөзү казакча *күйкөнтай*, өзбекче *кукантай* болуп айтылат да, *турумтай* деген сөзгө аяк жагы окшошуп кетет. Бул *-тай* мүчөсү кичирейтүүчү маанидеги мүчө дешке болот. Анткени уйгур тилинде сөздүн аягына *-өк* мүчөсү жалганып, *көкөнөк* сөзү (диалектилеринде *күргэнэк*) кыргызча *күйкө* сөзүнүн маанисин берет: *күйкөнөк>күкэнэк*.

КҮЙӨӨ Азыркы кыргызча *күйөө* сөзү байыркы түрк тилинде *күдөгү* түрүндө болгон (ДТС, 324). Ал *күд+өгү* бөлүктөрүнөн куралган. Байыркы түркчө *күд* этиши «1) сактоо, кароо, багуу; 2) багуу, кайтаруу» маанисин берген (ДТС, 324). Ошол этишке зат

атооч жасоочу *-агу* мүчөсү жалганып, *күдөгү* сөзү келип чыккан. Бул мүчө жалгануудан келип чыккан сөз «багылган, кайтарылган» дегенге жакын маани берген. Анткени күйөө бала байыркы монголдордо, түрктөрдө белгилүү мөөнөткө чейин кайын атасынын айлында жашаган. Ошол кезде аны бирөө өлтүрүп кетпесин үчүн мейман катары кастарлап күтүп алган. Ушул себептен байыркы түркчө *күдөн* «конок, мейман» сөзү менен *күдөгү* «күйөө» сөзү бир уңгудан келип чыккан. Анткени конок да, күйөө да багууда, кайтарууда болгон. Алар майып болуп калса, үй ээси айыпка жыгылып, эки уруу элдин кагылышына алып келген.

КҮКҮКТӨ Суу ташкындап кирип жатса, *күкүктөп жатат* деп коёбуз. Анткени биздин жердин шарты боюнча суу ташкындап кирген кез күкүк келип, күн ысыган мезгилге туура келет. Ал мезгил май айынын аягында, июнь айынын башында болот. Ошол тушка күкүк да күкүктөп сайрап турат.

КҮЛ «Заттын күйүп бүткөндөн кийинки калдыгы» деген маанидеги *күл* сөзү байыркы *күй+үл* морфемаларынын курамынан келип чыккан. *Күй* этишине зат атооч жасоочу *-л* мүчөсү уланып, *күйүл*, сөзү жаралган. Мындай мүчө *жырга — жыргал, куура — куурал, кура — курал* сыяктуу сөздөрдө катышат. Алгачкы *күйүл* сөзү «күйгөн нерсе» дегенге жакын маани берген. Кийин сөздүн ортосундагы *йү* тыбыштары түшүп, *күл* түрүнө келген. Натыйжада *күл* сөзүнүн *күй* этиши менен болгон байланышы унутулган.

КҮРӨӨ *Күз-күрөөдө, кыш-күрөөдө* сыяктуу учурда айтылган *күрөө* сөзү *күрөө тамыр* дегендеги *күрөө* сөзү менен тектеш дешке болот. Монгол тилинде *гүрээ(н)* сөзү «моюндун алды жаккы капталы» деген маанисин берет да, *хүзүү(н)* «моюн, моюн омуртка» сөзүнүн *р* жана *з* тыбыштары алмашкан варианттары болуу менен, экөө тектеш келет.

Кыргызча *кыштын мойну узун болду* же *кыска болду* деп айткандагы *моюн* сөзүнүн мааниси *кыш-күрөө* дегендеги *күрөө* сөзүнө жакын. *Кыш-күрөө, күз-күрөө* деген учурда *күрөө* сөзү алдындагы сөзгө кошулуп, жамдама кош сөздүн компоненти болсо, *кыштын мойну* деген учурда монголчодон кыргызча которулган *күрөө* деген сөздүн таандык байланышында турган конструкциясы болуп чыгат.

Байыркы түрктөр жылды жылуу жана муздак эки мезгилге гана ажыратышкан. Азыркы *жаз* менен *жай* жылуу учурду, *күз* менен *кыш* суук учурду туюнткан. Кийин алардын ар бирин дагы экиге бөлгөн. Ошондо *кыштын мойну* катары *күз* эсептелген. Анткени *күз* сөзү — монголдун *хүзүү(н)* сөзүнүн тыбыштарын кыскарткан варианты. Ошондуктан *кыш-күөдө, күз-күөдө* деп айтуу мүмкүн, бирок *жаз-күөдө, жай-күөдө* деп айтуу мүмкүн эмес.

КҮРӨШ Бул сөз *күр+өш* бөлүктөрүнөн куралган. Байыркы түрк тилинде *күр* сөзү «жүрөктүү, тайманбас» маанисин берген (ДТС, 328). Мына ошол сөзгө этиштин кош мамилесинин *-ш* мүчөсү жалганып, *күрөш* этиши келип чыккан. *Күрөш* сөзү алгач «кайраттуулугун сынашуу» дегенге жакын маани берген. Кийин гана азыркыдай мааниге ээ болгон.

КҮРПӨҢ *к. көрпө.*

КЫЗАМЫК Денеге майда, кызыл бүртүкчөлөр пайда болуп, температура көтөрүлүп, көздүн айланасы, ооздун ичи жана дем алуу органдары сезгенип ооруй турган балдардын жугуштуу оорусун билдирген *кызамык* сөзү *кыз* үңгусунан жана *-амык* мүчөсүнөн турат. Анын *кыз* үңгусу — «кызыл» маанисиндеги сөз. Ал үңгу *кызар (<кыз+ар)* этишинде катышат. Ал эми *-амык* кичирейтүүчү мүчө экени *боз-бозомук* деген учурда аныктайбыз. *Кызамык* сөзү «кызыл сымак» дегенге жакын маани берип, *кызгылт* же *кызылча* сөздөрүнө маанилеш келет. Ошондуктан *кызамыкты* тергеп, кээде *кызылча* деп да коёт.

КЫЗАР «Кызыл түскө келүү» маанисин билдирген *кызар* этиши *кыз+ар* бөлүктөрүнөн турат. Мындагы *кыз* үңгусу — байыркы заманда азыркы *кызыл* сөзүнүн маанисин берген. Ошол кезде ага этиш жасоочу *-ар* мүчөсү жалганып пайда болгон *кызар* этиши алигиче сакталып калган. Бирок *кыз* үңгусу өзүнчө турганда «кызыл» маанисин бере албай турган абалга келген. Азыркы *агар, көгөр, бозор* сыяктуу учурда *-ар* мүчөсү сын атоочтон этиш жасоочу мүчө экени даана көрүнөт. Ошол *-ар* мүчө байыркы мезгилде *кыз* сөзүнө уланып, азыркы *кызар* этишин уюштурган.

КЫЗГАЛДАК Май айында ачылуучу назик кызыл гүл *кызгалдак* аталат. Ал сөз «кызыл» маанисиндеги *кыз* үңгусунан жана *-галдак* мүчөсүнөө куралган. Андай экенин кыргыз тилинин түштүк диалектисинде колдонулган *саргалдак* деген сары гүлдүү өсүмдүктүн атынын да байкайбыз. Ушуга караганда *-галдак* гүлдүү чөптөрдүн атын билдүрүүдө кошулчу мүчө болуп чыгат.

КЫЗЫЛ Азыркы кыргыз тилинде *кызыл* сөзү *кыз+ыл* бөлүктөрүнөн турат. Анын *кыз* үңгусунун өзү эле азыркы «кызыл» сөзүнүн маанисин берген. Андай экени *кызар* этишинин *кыз+ар* морфемаларынан турушу аркылуу далилденет. Кошумча далил катары алтай тилинде *йажар* этиши кыргыз тилиндеги «жашыл түскө кел» дегенге барабар келишин, анын үңгусу *йаш* экенин, *-ыл* мүчөсү экенин келтирүүгө болот. Башкача айтканда, *кызыл, жашыл* сөздөрүнүн үңгусу *-кыз, -жаш, -ыл,* мүчөсү деп билүүгө болот. Болжолу, бул *-ыл* мүчөсү азыркы кыргыз тилиндеги *чийки* деген сын атоочтон *чийкил* сын атооч сөзү жасалган сыяктуу *кыз* деген үңгудан кайра эле сын атоочтук маани берген кызыл сөзү жасалышы мүмкүн.

КЫЙКЫР Байыркы түрк тилинде *кы* сөзү бирөөнү кыйкырып чакырууда колдонулган. Мисалы: *кы, бери кел!* «Ой, бери кел! (ДТС, 439). Ага этиш жасоочу *-кыр* мүчөсү жалганып, *кыкыр* сөзү келип чыккан (ДТС, 445). Кийин үңгунун аягына *й* тыбышы уланып, *кыйкыр* түрүнө келген.

КЫЙНА Байыркы түрк жазууларында *кыйын* сөзү азыркы «кыйноо, жаза, азап» маанисин берген (ДТС, 441). Ошол сөзгө этиш жасоочу *-а* мүчөсү жалгануудан *кыйна* этиши келип чыккан. Этиш жасалганда үңгунун аяккы муунундагы үндүү тыбыш түшүп калган: *кыйын+а>кый(ы)на>кыйна.* Азыркы *кыйна* этишинде *кыйын* сөзүнүн байыркы кездеги маанисн сакталып калган. Бул болсо *кыйна* деген этиш ошол кезде жасалганын да айкындайт. Азыркы кыргыз тилинде болсо *кыйын* сөзү «1) татаал, оор; 2) мыкты» маанисин берет. Бул маанилери байыркы кездеги *кыйын* сөзүнөн пайда болгон жаңы маанилери болуп эсептелет.

КЫЛКАН Арпа, буудайдын данынын уландысы сыяктанып кеткен майда-майда тикенекчелер *кылкан* аталат. Бетеге сыяктанып өсүп даны тикен сыяктанып, кой, эчкинин терисине кирип кете турган чөп да *кылкан* делет. Балыктын майда сөөктөрүн да *кылкан* деп коёбуз. Мына ушул *кылкан* сөзү *кыл* сөзүнөн келип чыгат. Анткени алар да *кыл* сыяктуу ичке келет. Кадимки кылдан алардын айырмалуу экенин билдирүүчү *-кан* мүчөсү уланган.

Бул *-кан* мүчөсү башка түрк тилдериндеги ар кандай мүчөлөргө маанилеш келет. *Эгиндин кылканы* дегендеги *кылкан* сөзү Махмуд Кашгаринин «Диванында» *кылдурук* түрүндө айтылса, азыркы уйгур тилинде *килтирик* болуп айтылат. Буга салыштырганда *-кан* мүчөсү *-дырык* мүчөсүнө маанилеш келет. Башкырча *кылсык*, татарча *кылчык*, түркмөнчө *кылчык* азербайжанча *гылчыг*, кумыкча *кылчык* сөзү кыргызча *эгиндин кылканы* деген сөзгө туура келерин эске алганда, *-кан* мүчөсү *-чык* мүчөсүнө туура келет. Бирок кыргыз тилинин өзүндө *кылчык* сөзү «эгиндин кылканы» эмес, «кылга окшошураак жүн» дегенди билдирүү үчүн айтылат. Ал сөз уйгурча *кылчак* болуп колдонулат.

Хакас тилинде *хылга* сөзү кыргызча *эгиндин кылканы* дегендеги *кылкан* сөзүнө туура келет. Мында *-га* мүчөсү *-кан* мүчөсүнө барабар келет. Түркмөн тилинде *гылганак//гылдырган* сөзү «императа цилиндрическая» деген чөптүн атын билдирет. Мааниси боюнча *-га, -кан, -ганак, -дырган* мүчөлөрү синонимдеш болуп чыгат.

Кыргызча бетеге сыяктуу өсүмдүктүн атын билдирген *кылкан* сөзүнө туура келген сөз башкыр, татар, ногой тилдеринде «бетеге» дегенди билдирет. Монгол тилинде ал *хилгана* болуп айтылат. Монголчо *хялга(сан)* сөзү кыргызка *кыл* сөзүнө туура келип, аягына *-гасан* мүчөсү ашыкча кошулат. Бирок монголчо *хил* сөзү кыргызча *комуздун кылы* дегендеги *кыл* сөзүнө туура келет.

КЫРГЫЗ Орхон-Енисей жазууларында *кыркыз*, орто кылымдагы арабча маалыматтарда *хырхыз* түрүндө берилип келген сөз азыркы кезде *кыргыз* болуп өзгөргөн. Сөздүн этимологиясы анын байыркы кездеги формасына жараша аныкталат. Ошондуктан *кыргыз* деген аттын келип чыгышы жөнүндө айтылган толуп жаткан ар түрдүү пикирлердин ичинен Д. Банзаровдун *кыргыз* сөзү *кырк+ыз* формаларынан келип чыгат деген пикири туура дешке болот (Банзаров, 184).

Азыркы кыргыз тилиндеги *жалкы, эки* сөздөрү өз бетинче турганда каткалаң *к* тыбышы менен айтылат. Ага *-з* мүчөсү уланганда *к* тыбышы жумшарып, *г* тыбышына өтөт. Мисалы: *жалкы — жалгыз, эки — эгиз*. Дал ушул сыяктуу кубулуш *кырк//кырык* деген сөзгө *-з* мүчөсү уланган учурда да болуп өткөн. Натыйжада *кырык+ыз* сөзүнөн *кыргыз* түрүнө келген. Байыркы

кезде каткалаң *к* тыбышы жумшарбай, *кыркыз* түрүндө айтылышы басымдуу болгон.

Мындагы *-з* мүчөсү байыркы кездеги көптүк санды билдире турган мүчө. Ошондо *кыргыз* сөзү *кырктар* дегенге жакын маани берген сөз болуп чыгат. Болжолу, байыркы кыргыздар кырк уруунун биригишинен түзүлгөн эл болгон, ошондуктан алар ушундай аталып калган.

КЫРЧОО Боз үйдүн туурдуктарын керегеге тийгизип кармап турган узун аркан *кырчоо* аталат. Бул сөз *курчоо* деген сөздүн *у* тыбышы *ы* тыбышына өтүшүнөн келип чыккан (Орузбаева, 1958, 41).

КЫСТА *Кыста* сөзү *кыс* этишине *-ла* мүчөсү жалгануудан келип чыгат. Мындагы *-ла* мүчөсү этишке уланганда, уңгунун маанисин дагы күчөтөт. Жөн эле *кыс* этишине *кыста* этишин салыштырганда *-ла* мүчөсүнүн өзгөчөлүгү даана боло түшөт.

КЫСТАР *Кыс* этишине *-тар* деген аркылуу мамиленин мүчөсү жалгануудан *кыстар* этиши келип чыгат. Бирок мындай мүчө кыргыз тилинде өтө сейрек кезигет. Ал *аңтар, оодар, каңтар, коңтор, көңтөр* сыяктуу сөздөрдө гана айтылат. Болжолу, *-дар* мүчөсү аркылуу мамиленин кеңири колдонулган *-дыр* мүчөсүнүн *ы* тыбышы *а* тыбышына өзгөрүүдөн келип чыккан окшойт. Салыштырыңыз: *кыстыр — кыстар, оодур — оодар*.

КЫСЫР Н. К. Дмитриевдин далили боюнча түрк тилдериндеги *кысыр//гысыр* сөзү *кы+сыр* морфемаларынан турат (Дмитриев, 1955, 324). Анын *-сыр* мүчөсү азыркы *-сыз* мүчөсүнө туура келет. Ал эми *кы* уңгусу байыркы түркчө *ук* «урук, тукум» сөзүнүн тыбыштары метатезаланып жана үндүүсү башка үндүүгө алмашканы болуп эсептелет: *уксыр>кысыр*.

Азыркы кыргыз тилинде *-сыр* мүчөсү *-сыз* мүчөсүнүн бир варианты катары *тузсура, кансыра, алсыра* этиштерин уюштуруучу *-сыра* мүчөсүнүн составында айтылат. Ал *-сыра* мүчөсү *-сыр+а* бөлүктөрүнөн турат, *-а* мүчөсү сын атоочтон этиш жасайт, *-сыр* мүчөсү *р* тыбышы менен айтылган *-сыз* мүчөсүнүн варианты болуп таанылат.

КЫТЫГЫ Абдан катуу күлгөндү *каткырды* десек, акырыныраак күлгөнүн *кыт-кыт күлдү* дейбиз. *Кыт* — тууранды сөз, андан *кыткылыкта* этиши жасалат. Жаш балдарды күлдүрүү үчүн *кыты-кыты* дейбиз. Ушул *кыты* сөзү *кыт+ы* бөлүктөрүнөн куралган,

анын *-ы* мүчөсү тууранды сөздөн этиш жасайт. *Кыты* этишине башка түрк тилдеринде зат атооч жасоочу *-к* мүчөсү жалгануудан *кытык* сөзү келип чыкса (башкыр, татар, өзбек, кара калпак, карим тилдеринде) кыргыз тилинде ал мүчө аягына ашыкча үндүү тыбыш кошуп *-гы* түрүндө уланган.

Уйгур тилинде *китиг* сөзүнүн *кичик* варианты да бар (УйРС, 629). Ал сөз *т* тыбышы *ч* тыбышына алмашуудан *кытык* сөзүнөн келип чыкканы даана сезилет. Анткени *кичик* сөзү «кытыгы» маанисин да берет, «кычышуу» деген зат атоочтук маанини да туюнтат. Ушуга караганда кыргызча *кычыгына тийүү* дегенде айтылган *кычык* сөзү *кытыгы* маанидеги сөз болуп чыгат. Ошону менен бирге *кычыш* этиши да алгачкы *кыты+ш* сөзүнүн *т* тыбышы *ч* тыбышына өткөн түрүнөн келип чыгат. Бирок азыр тыбыштары өзгөрүү менен сөздөрдүн маанилери да айырмаланып, *кытыгы* жана *кычышуу* сөздөрү кескин айырмалуу маани берип калган.

КЫЧКАЧ Ысык нерсени кармоо үчүн темирден жасалган буюмду *кычкач* дейбиз. Бул сөз *кыс+кыч* сөзүнүн *с* тыбышы *ч* тыбышына, *ы* тыбышы *а* тыбышына өзгөрүүдөн келип чыккан. *Кычкач* сөзү *кыскыч* сөзүнүн өзгөргөн түрү болуп эсептелет.

КЫШ Жылдын төрт мезгилинин эң суук убагын билдирген *кыш* сөзүнүн келип чыгышы жөнүндө айтылган ар кандай пикирлер бар (Щербак, 1966, 34).

Бул сөз мындайча келип чыккан. Чуваш тилинде *хыш* сөзү «арт, арткы бөлүгү» маанисин берет (ЧРС, 573). Мына ушул сөз түрк тилдерине *кыш* түрүндө сакталып, азыркыдай маани билдирип калган. Анткени байыркы түрктөр жылдын башталышы деп күн жылымдай баштаган жаздын келишин эсептеген. Ошондо жылдын эң аяккы, арткы мезгили кыш болгон.

Чувашча *хыш* болуп айтылган сөз түрк, гагауз тилдеринде *кыч* «арткы, аяккы бөлүгү» болуп дагы эле айтылат. Бирок чуваш тилинде «кышты» хэл сөзү билдире турганын белгилей кетишибиз керек.

КЫШТАК Азыркы кыргыз тилинде *кыштак* сөзү «калк орношкон пункт» маанисин берет. Азыркы кыштактарда эл жайдыр-кыштыр жашайт. *Кыштак* алгачкы кезде «эл кыштай турган жер» маанисин гана берген. Мурдагы көчмөн кыргыз элинин турмушунда кыштап чыкчу жери *кыштак* аталган. Андай кыштай

турган жери дайыма эле туруктуу боло берген эмес. Бара-бара кыштай турган жери турукту болуп, ал жерге короо-сарай салып, жайында да анда дыйкандар, кароолчулар жашай турган боло баштап, акыры тамташ салынган туруктуу кыштоолор кыштак аталат. *Кыштак* сөзү *кыш+та+к* бөлүктөрүнөн турат. Ал «кыштай турган жер» маанисин берет. Бирок андай мааниси өнүгүп отуруп азыркыдай маани берип калган. Мурдагы мааниси *кыштак* сөзүнүн аягындагы *к* тыбыш үндүүгө өткөн *кыштоо* варианты аркылуу бериле турган болгон. Ошондуктан, *кыштак* менен *кыштоо* сөздөрү бир эле формадан чыккан менен, эки түрдүү маани бериши аркылуу айырмаланып кеткен.

КЭЭ *Кээ бир, кэде* деп айтылган сөздөр *кай бир, кайсы, кайда* сыяктуу учурларда айтылган *кай* сөзүнүн аяккы тыбыштары созулма үндүүгө өтүшүнөн келип чыккан түрү болуп эсептелет. Алгачкы *кай* уңгусу *кай бир, кай жерде, кай убакта* деген сыяктуу учурларда өзүнчө сөз катары колдонулат. Ал эми *кайда?, кайсы?, кайдан?* сыяктуу учурларда мааниси белгисиз уңгу катары жашайт.

Тарыхый жагынан ушул *кай* уңгусу азыркы *кандай? канча? кана?* деген сурама ат атоочтордун уңгусу болгон *кан* менен тектеш келет. Аягындагы *й* жана *н* тыбыштары алмашуу аркылуу алар эки башка түргө келип калган.

Л

ЛАКЫЙ Бул сөздү *лакылда, лак-лак эт* сөздөрү менен салыштырганда, уңгусу *лак* деген тууранды сөз экени, *-ый* этиш жасоочу мүчө экени даана көрүнөт. Кыргыз тилинде *лакый* этишине *лөкүй, локуй, лүкүй* этиштери да мааниси боюнча окшош. Ошондуктан булардын түпкү уңгусу бир, үндүү тыбыштарын алмаштыруу менен маанилери бири-биринен бир аз айырмаланган сөздөр келип чыккан деп эсептешке болот.

Кыргыз тилинде *лөк* сөзү жалгыз өркөчтүү төөнүн эркеги деген маани берет. Мына ошол сөзгө этиш жасоочу *-й* мүчөсү жалгануудан лөкүй сөзү келип чыгышы толук закон ченемдүү.

ЛЫПЫЛДА Кыргыз тилиндеги *лыпылда* этишинин мааниси *шыпылда* этишинин маанисине туура келет. Ошондуктан *лып кирип келди, лып кармады* сыяктуу тизмектер да *шып кирип келди, шып карма-*

ды дегенге алмаштырылып айтыла берет. Ушуга караганда *лыпылда* этиши алгачкы *шыпылда* сөзүнүн башкы *ш* тыбышы *л* тыбышына алмашкан варианты болуп чыгат.

Шыпылда этиши *шып+ылда* бөлүктөрүнөн турат, *шып* — тууранды сөз, ага этиш жасоочу *-ылда* мүчөсү уланган.

Алгачкы *шыпылда* этишинин башкы *ш* тыбышы *л* тыбышына алмашуудан *лыпылда* түрү келип чыкса, кийин анын башкы *ы* тыбышын *э* тыбышына алмаштыруудан *лепилде* деген кошумча варианты келип чыгышы мүмкүн.

М

МАЙ Түрк тилдеринин кыпчак тобундагылары *май* сөзүн, калгандары *йаг* сөзүн колдонушат. Тыбыштары абдан айырмалуу болгон менен, бул сөздөр алгачкы бир уңгудан келип чыгат. Ал мындайча далилденет.

Байыркы түркчө *йаг* сөзү алгачкысы болгон. Байыркы кездеги *й>б, г>й* кубулушунун натыйжасында *йаг* сөзү алгач *бай,* анан *май* болуп өзгөргөн. Мындай болуп байыркы түркчө *й* тыбышы *б* тыбышына, анан *м* тыбышына өзгөрүшү *йүз* деген сөздө да болуп өткөн. Алгачкы *йүз* сөзү *биз* болуп, анан *миз* болуп өзгөргөн. Ошондуктан казакча *пышактың жүзі* сөзү кыргызча *бычактын мизи* дегенге туура келет.

Ал эми сөздүн аягындагы *г, к* тыбыштары *й* тыбышына алмашуусу байыркы түркчө *тег.*, кырг. *тий;* аз. *көй,* кырг. *көк* деген сөздөрдөн даана байкалат.

Кыскасы, байыркы *йаг* сөзүнүн башкы жана аяккы үнсүз тыбыштары башка тыбыштарга алмашуусунун натыйжасында *май* варианты келип чыгып, ал түрү кыпчак тобундагы тилдерде жашап калган.

МАЙРАМ Азыркы кыргызча *майрам* сөзү Махмуд Кашгаринин «Диванында» *байрам* түрүндө айтылган. Ушундай түрү көпчүлүк түрк тилдеринде азыр да колдонулат. Бул сөз монголчо *баярын (<баяр+ын)* «1) салтанаттуу, шаңдуу; 2) кубанычтуу, шайыр» маанидеги сөзүнүн аяккы *н* тыбышын *м* тыбышына алмаштырып кабыл алынганы болуп эсептелет. Анткени монгол тилинде *баяр* сөзү өзүнчө туруп «1) сүйүнүч; 2) учурашуу; 3) майрам, салтанат» маанисин берет. Ага илик жөндөмөсүнүн *-н* мүчөсү кошулушунан жо-

горкудай мааниси келип чыгат (МРС, 67—68). Түрк тилдеринде *баяр* же *байыр* деген монгол тилиндегидей маанидеги сөз болгон эмес. Ошондуктан бул сөз монгол тилинен кабыл алынган дешке болот.

МАКТА Араб тилинде *махд* (АРС, 244) сөзү кыргызча «мактоо, даңк» маанисин берет. Бирок ал *махд, мадх* болуп да тыбыштарынын ордун алмаштырып айтыла берет (АРС, 848,969). Ушул уңгудан *Ахмед, Хамид, Мухаммед* сыяктуу араб, мусулман элдерине кеңири тараган аттар келип чыгат. Кыргыз тилине *махд* түрүнүн аяккы *д* тыбышы түшкөн калыбындагысы кабыл алынган. Азыркы казак тилинде *мак* түрүндө өзүнчө сөз катары кабыл алынган. Кийин андай мааниси унутулуп, өзүнчө сөз катары колдонулбай калган. Бирок андан жасалган *макта* этиши сакталып кала берген. *Макта* этиши *мак* уңгусунан жана этиш жасоочу *-ла* мүчөсүнөн турат.

МАЛАЙ Бирөөнүн кызматын кылып, ал үчүн акы ала турган кишини кыргызча *малай* деп коёт. Малай жүргөн адам кул сыяктуу эркси болбойт. Мына ушул *малай* сөзү XIX кылымда кыргыз эли Россиянын составына өз ыктыяры менен кошулган кезден кийин кабыл алынган деп эсептөөгө болот. Анткени ошол мезгилде тилмеч катары, көпөс же динди жайылтуучулар катары татарлар да кыргыз арасына көп келген. Татарча *малай* сөзү «жигит» маанисин берет. Кол алдында кызмат кылган жигиттерин *малай* аташып, ал сөз кыргыз тилине кабыл алынган болуу керек.

МАЛДАШ Кыргыз тилинде *малдаш* сөзү өзүнчө айтылбай, дайыма *ур, току* этиштери менен тизмектелип айтылат. Бул сөз байыркы түркчө *багдаш (<баг+да+ш)* сөзүнүн тыбыштары өзгөрүшүнөн келип чыккан.

Азыркы турция тилинде *багда* этиши «бутту байлаштыруу» маанисинде колдонулат (ТурРС, 88). Ал *баг+ла* бөлүктөрүнөн турат, *баг* — кыргызча *боо* сөзүнүн байыркы формасы, ага этиш жасоочу *-ла* мүчөсү уланган. *Багда* этиши азыркы *байла* этишине барабар маани берет. Ошол *багда* этишине зат атооч жасоочу *-ш* мүчөсү жалганып *багдаш* сөзү келип чыккан.

Байыркы *багда* этиши азыркы турция тилинде гана сакталып, башка түрк тилдеринде ал унутулган. Азыркы караим, азербайжан, түркмөн тилдеринде *багдаш* түрүндө тыбыштарын өзгөртпөгөн калыбында айтылса, азербайжан тилинде анын *г* тыбышы *р* ты-

бышына өтүп, *бардаш* варианты да жаралган (АзРС, 51). Кыргыз тилинде болсо казак, кара калпак, ногой тилдериндегидей болуп *г* тыбышы *н/л* тыбышына, *б* тыбышы *м,* тыбышына өтүп, *малдаш* түрүнө келген: *багдаш>бандаш>малнаш>малдаш.*

МАМЫ Байыркы түрк тилинде *мама* сөзү оп майдалап эгин бастырганда «кырмандын эң ортосунда турган өгүз» маанисин берген (ДТС, 335). Кийин андай өгүздүн ордуна жумуру жыгач орнотуп, эгинди тепсей турган малдарды ошол жыгачка тегерете жүгүртүп коюуга өткөн. Ошону менен бирге *мама* сөзүнүн аяккы *а* тыбышы *ы* тыбышына өтүп, *мамы* түрүнө келип, «ат байлай турган жыгач» маанисин берип калган.

МАМЫРА Байыркы түрк эстеликтеринде *амыл// амул* деген сөз «тынч» маанисинде колдонгон. Ошону менен бирге *амыртрук* сөзү «тынчытуу», *амрыл* «тынчтануу», *амурт* «тынчытуу» маанисинде айтылып, *амыр* түрүндө да боло алган. Мына ушул *амыр* сөзүнө этиш жасоочу *-а* мүчөсү жалганып, *амыра* этиши келип чыккан. Сибирдик түрк тилдеринде *амыра* этиши ошол калыбын сактап, алиге айтылат. Кыргыз тилинде болсо ал сөздүн угулушу бир аз кополураак болгондуктан алдында ашыкча *м* тыбышын кошуп, *мамыра* түрүнө келтирген. Натыйжада сөз жымсалданып, колдонуудагы ыңгайсыздык жоюлган.

МАНЖА Колдун же буттун салаа-салаа болуп турган бөлүктөрү *манжа* делет. Бул сөз иранча *панч «беш»* сөзүнөн келип чыгат. Ошондуктан кээде анын кыргызча котормосун дагы кошуп, *беш манжа* деп да коёбуз. Ал эми *кара манча калды* деген учурда да ошол эле *панч* сөзүнүн *ч* тыбышы менен айтылган вариантын колдонобуз. Иранча *п* тыбышы кыргызча *м* тыбышына өтүп кабыл алынган. Иранча тыбыш *кара манча* деген учурда *ч* болуп, *манжа* дегенде *ж* болуп кабыл алынган.

МАНТЫК Азыркы тува тилинде *манды* этиши «өс, өркүндө, гүлдө» маанисинде айтылат. Башка түрк тилдеринде мындай этиш кезикпейт. Мына ушундай этиш байыркы кезде кыргыз тилинде да болгон. Ага өздүк мамиленин маанисиндеги *-ык* мүчөсү уланып, *мантык* сөзү келип чыккан. Мындай мүчө азыркы кыргыз тилинде *күй-күйүк, быш-бышык, кызы-кызык, аш-ашык* сыяктуу этиштерде катышат.

МАНГИ Иранча *банг* сөзү «индиялык кендир» деген өсүмдүктү билдирет (ПРС, 173). Ал эми *банги* сөзү аны тарткан кишини билдирет. Ошол сөз кыргыз тилине *манги* болуп кабыл алынган. Анын «дубана» сөзү менен биригип айтылган түрү *мең* болуп өзгөрүп, *меңдубана* түрүндө болсо, *башы маң* болду деген учурда *маң* болуп өзгөргөн.

МАҢДАЙ Азыркы кыргыз тилинде *маңдай* сөзү «1) чеке; 2) бет алды тарап; 3) тагдыр, жазмыш» маанисин берет. Бул сөз «чеке» маанисинде монгол тилдеринде да колдонулат. Бирок байыркы түрк тилинде *маңдай* сөзү болгон эмес. Ал кезде *маңгал* деген санскрит тилинен кабыл алынган сөз «ырыс, бакыт, таалай» маанисинде гана колдонулган (ДТС, 337). Мына ушул *маңгал* сөзүнөн азыркы *маңдай* келип чыккан. Ал үчүн тыбыштык жана семантикалык өзгөрүүлөр болуп өткөн.

Алгачкы *маңгал* сөзүнүн *г* жана *л* тыбыштары метатезаланып, *маңлаг* болуп өзгөрүп, анан *маңдаг> маңдай* болуп, *л>д, г>й* болуп өзгөргөн. Азыркы кыргыз тилинде *чеке, маңдай, пешене* сөздөрү — өз ара синонимдер. Алар «адамдын маңдайы» деген маани берүү менен, «таалай» маанисин да берет. Ошондуктан *таалайыма жазганды көрөм, таалайдагыны көрөм* дегендин ордуна жогорку үч сөздүн бирин коюп, *маңдайыма жазганды көрөм, маңдайдагыны көрөм, пешенеге жазганды көрөм...* деп айта берүүгө болот. Мындай айтылыш бекеринен эмес. Эң алгач *маңдай* сөзү «таалай, ырыс» маанисинде болгон. Кийин адамдын өмүрүндө көрө турган жыргалы менен кууралы маңдайына жазылып коюлат экен деген түшүнүктүн негизинде маңдай сөзүнүн мааниси кеңип, «чеке» маанисин берип калган.

МАРКА Аялдар тергегенде козуну *марка* деп аташкан. Бул сөз — иранча *барк* «козу» деген сөз. Түпкү теги орусча *баран* сөзүнүн *бар* үңгусу менен байланышат.

МАРЫ Кыргыз тилинде *мары* сөзү *жары* этишине барабар маани берет. Мисалы: *марып кеткен жок — жарып кеткен жок.* Бул бекеринен эмес. *Мары* сөзү *жары* сөзүнүн *ж* тыбышы *м* тыбышына алмашуудан келип чыккан: *жары>мары.* Мындай кубулуш *жүз>миз* сөзүндө болгон.

МАТЫР Бул сөз *мат+ыр* бөлүктөрүнөн турат. Анын *мат* үңгусу — азыркы *бат* сөзү. Ага этиштин ар-

кылуу мамилесинин *-ыр* мүчөсү жалганып, *батыр* сөзү келип чыккан. Кыргыз тилинде *батыр* деген алгачкы түрү менен катар анын башкы *б* тыбышы *м* тыбышына өткөн *матыр* варианты да жарыш колдонула берет. Бирок *батыр* дегени калган башка учурларга карата колдонулса, *матыр* дегени «суюктукка салуу, кийирүү» деген учурга карата гана айтылып, *батыр* вариантынан өзгөчөлөнүп бара жатат.

МАШАК Азыркы кыргыз тилинде *машак теруу* деген тизмекти *баш теруу* деп айтса да болот, мындагы *машак* менен *баш* сөздөрүнүн мааниси бирдей. В. В. Радловдон тартып азыркы түркологдор *машак* сөзүн *маш+ак* бөлүктөрүнө ажыратып, анын *маш* үңгусун *баш* сөзүнүн башкы *б* тыбышы *м* тыбышына алмашкан түрү, *-ак* болсо кичирейтүүчү маанидеги мүчө деп эсептешет (Севортян, 1978, 90).

Биздин оюбузча, *машак* сөзү алгачкы *башак* сөзүнүн өзгөрүшүнөн келип чыкканы талашсыз, бирок ал *башак* сөзү *баш+ак* бөлүктөрүнөн куралбайт. Алгач *багаш* түрүндөгү бир сөз болгон, анын ортосундагы *г* тыбышы түшүп калышынан *бааш* сөзү жаралып, кийин ал кыска үндүү тыбыш менен айтылган *баш* түрүнө келген. Ал эми *г* жана *ш* тыбыштары метатезалануудан *башак* сөзү пайда болгон: *багаш>башак>машак*. Ушул себептен азыркы *баш* сөзүнүн праформасы *бааш* түрүндө болгон деген пикирге толук кошулууга болот (Севортян, 1978, 87).

Алгачкы *багаш* сөзү *баг+ш* бөлүктөрүнөн куралган. Анын *баг* үңгусу — «*боо,* байлооч, түйүн» маанисиндеги сөз. Ага *-ш* мүчөсү уланып, абстрактуу түшүнүктү билдирген *багыш//багаш* «байлоочу жер» маанисиндеги сөз жаралган. Ал сөз баштын өзгөчөлүгүнөн келип чыккан болуу керек. Анткени баш жаныбарлардын денесин бардыгы менен байланышып турат, башсыз калган органдар иштей албайт. Колсуз, бутсуз, көзсүз жашаган менен, башсыз жашоо мүмкүн эместигин билгендиктен, байыркы түрктөр башты бардык органдарды башкарып турган байланыштыргыч мүчө катары түшүнүп, ушундай ат берген окшойт.

МЕДРЕСЕ Арабча *медресе* сөзү «мектеп» дегенге жакын маани берет. Ал *дарс* сөзүнөн келип чыгат. *Дарс* араб тилинде «сабак» маанисин берет. Ага *ма* приставкасы уланып, үңгусунун бир аз өзгөрүшүнөн жасалган *медресе* сөзү «сабак окутуучу жай» деген маанидеги сөз келип чыккан.

МЕЛДЕШ Бул сөз башка түрк тилдеринде жок, кыргыз тилинде гана бар. Ал *бел+де+ш* бөлүктөрүнөн турат. «Манас» эпосунда *белдеш* сөзү «кармаш» маанисинде айтылат. Ушундай мааниде азыркы казак тилинде да колдонулат (КазРС, 249). Алгачкы *белдеш* сөзү «белдерин (күчтөрүн) сынашуу» деген гана маани берген. Кийин «кармаш» маанисинде келип, андан кыргыз тилиндегидей «байге сайып атаандашуу» деген маани берип калган. Ошону менен бирге башкы *б* тыбышы *м* тыбышына алмашкан.

МЕН Биринчи жактагы жактама ат атооч *мен* сөзү *ме+н* бөлүктөрүнөн турат. Анын *ме* үңгусу *биз* сөзүндөгү *би, бул* деген шилтеме ат атоочтогу *бу, бери* дегендеги *бе* үңгусуна туура келет. Аягындагы *-н* мүчөсү жекелик санды билдирүүчү мүчө десек болот.

МЕНЕН *Бир* деген сын атоочко этиш жасоочу *-ла* мүчөсү жалганып, ага байыркы чакчыл *-ын* мүчөсү кошулуудан келип чыккан. *Бирлен* болуп айтылууга тийиш болгон сөздүн тыбыштары түшүп отуруп татарча *билен* болсо, кыргызча *менен* түрүнө келсе, казакча *мен,* алтайча *ле* түрүнө келген. Алгачкы *бирлен* сөзү «бириге, биригип» дегенге жакын маани берген. Ошол мааниси азыркы *менен* деген байламтада бар экени оңой сезилет. Бирок алгачкы *бирлен* менен азыркы кргызча *менен* сөздөрүнүн сырткы түрү аябай өзгөргөн. Алгачкы *б* тыбышы *м* тыбышына өткөн, *р* тыбышы таза түшүп калган, *л* тыбышы *н* тыбышына алмашкан. Натыйжада *бирлен* жана *менен* сөздөрүнүн теги боюнча байланышы сезилбей калган.

МЕҢДУБАНА *к. маңги.*

МИН Байыркы түрк эстеликтери жазылган кезде *йагыр* сөзү «далы» маанисин берген (ДТС, 224). Ал сөз азыркы казак тилинде *жаурын* түрүндө болсо, кыргыз тилинде *жоорун* түрүндө болуп, аягында *-ын//ун* ашыкча келет. Болжолу, байыркы *йагырун* сөзү да *далы* маанисинде колдонулган. Анын *гы* тыбыштары түшүп калышынан *йарын* сөзү пайда болгон (ДТС, 241). Мына ушундай жол менен кыргызча *жоорун* дегенден *жон* келип чыккан. Байыркы кезде *йагырын//йарун* деген сөздөн тыбыштары түшүп калуудан *йын//йун* сөзү пайда болуп, ал да «далы, жон» деген маани бериши мүмкүн. Мына ушул сөзгө этиш жасоочу *-ы* мүчөсү уланып, *йыны//йуны* этиши келип чыгып, бирок этиш жасалган соң ал тыбыш түшүп калып, кайра эле үңгуга окшош болуп, омоним түзүп

калышы ыктымал. Ошол *йыны//йуны* этиши же андан келип чыккан *йын//йун* этиши «далысына минүү, жонуна минүү» дегенди туюнткан.

МОЙНОК *Ала мойнок* деген учурда айтылган *мойнок* сөзү *мойну+ак* деген эки сөздүн биригишинен келип чыккан. Экөө бириккенде катар келген үндүүлөр сыйлыгышып, алдыңкы муундагы *о* тыбышына карай кийинки үндүү да ээрчишип, *о* тыбышына өзгөргөн.

Ал эми «1 малдын, кийиктин моюн териси; 2. төөнүн мойнунун ийриси; 3. ийри белес, дөңчө» маанисиндеги *мойнок* сөзү *моюн+ок* бөлүктөрүнөн турат. Анын *-ок* мүчөсү кичирейтүүчү мүчө дешке болот.

МОКОЧО Түрү суук, коркунучтуу нерселерди *мокочо* дейбиз. Бул сөз монголчо *могой* «жылан» сөзүнөн келип чыгат. Ошол сөзгө *-ча* мүчөсү кошулуп жылан сыяктуу коркунучтуу нерселердин баарын билдирип калган. Чындыгында *мокочо* сөзү сөзмө-сөз *жылланча* дегенге барабар маанидеги сөз болуп чыгат.

МОНЧОК Бул сөз *моюн+чок* бөлүктөрүнөн турат. *Моюн* сөзүнө *-чак* мүчөсү уланганда үңгу бир муунга кыскарып калган. Ал эми *-чак* мүчөсүн кичирейтүүчү мүчө деп да, алгачкы *-дырык//тырык* мүчөсүнүн *-тык* болуп кыскарган түрүнүн башкы *т* тыбышы *ч* тыбышына өткөн варианты дешке да болот.

Алгачкы *моюнтурук* сөзү моюнга тагынган, салынган нерселердин баарына карата айтыла берген. Кийин алардын ар бирин өзүнчө айырмалап атоо башталганда *моюнтурук* сөзүнүн үңгусунун, мүчөсүнүн тыбыштарын өзгөртүп, кыскартып жиберүүдөн ар кандай формасы жаралып, алар белгилүү бир мааниси боюнча айырмаланган түрүнө бекип калган. Алсак, тува тилинде *моюндурук* сөзү кийимдин жакасын билдирсе, кыргыз, уйгур, кара калпак, казак тилдеринде *ярмону* туюнтат, ногой тилинде болсо ал *ошейник* дегенди билдирип, мааниси боюнча кыргызча *моюнчакка* туура келет. Уйгур, кумык, башкыр тилдеринде да *мойынчак* «каргы» маанисинде айтылат. Ногойчо *майшак//майыншак* сөзү кыргызча «мончок» дегенди туюнтат. Демек, *мончок* алгач *мойунчак* түрүндө болгону ырасталат. Азыркы кара калпак, казак, кумык, түркмөн, хакас тилдеринде да *мончок* сөзү кыргыз тилиндегидей мааниде айтылат.

МООКУМ Кыргызча *моокум канды, моокумум канды* деп айта беребиз. Экинчисинде 1-жактын таандык мүчөсү *-м* эки жолу кайталанат. Анткени араб тилинен кабыл алынган *моок* үңгусу жеке колдонулбайт. Ага бир жолу уланган таандык мүчө үңгунун өзүнө тиешелүү катары сезилип, ага сиңип кеткен. Ошондуктан ага дагы бир жолу таандык мүчөнү улоого туура келген.

МОЮН Кыргызча *моюн* түрүндө айтылган сөз байыркы түрк жазууларында *бойун* жана *буйун* түрүндө болгон. Ал сөз *бог+ун* бөлүктөрүнөн куралган. *Бог* этиши азыркы кыргызча «буу» жана «муунт» этишинин маанисинде колдонулган (ДТС, 109). Мына ошол этишке зат атооч жасоочу *-ын* мүчөсү жалганып, *богун//бугун* сөзү келип чыккан. Ал «байлап, бууп коюучу жер» же «муунтуп койчу жер» дегенге жакын маани берген. Азыркы *муузда* этишинин негизин түзгөн *мууз* сөзү да байыркы кезде *богаз* же *богуз* түрүндө айтылып, *бог* этишинен жасалган. Сөздүн башындагы *б* тыбышы *м* тыбышына өтүү *муузда* жана *моюн* сөздөрүнүн экөөндө тең орун алат, ошону менен бирге *мойун* сөзүндө *г* тыбышы *й* тыбышына алмашса, *мууз* сөзүндө биротоло түшүп калган.

МОЮНЧА Кыргызча *моюнча* сөзү «жаз чыккан ургаачы торпок» маанисин берет. Калмакча *кузувче* сөзү да ушундай эле маани берет (КРС, 323). Калмакча *кузувче* сөзү *кузун* «моюн» сөзүнөн келип чыгат. Экөө тең *моюн* сөзүнө *-ча* мүчөсү жалгануудан пайда болгон.

Бул *-ча* мүчөсү болсо *моюнчак* деген учурдагы *-чак* мүчөсүнүн аяккы тыбышы түшүп, кыскарып калганы дешке болот. Анткени бир жаштан ашкан торпоктун мүйүзү анчалык жетилбегендиктен, аны дагы эле мойнундагы моюнчагы менен байлаган кези болот.

МӨҢГҮ Бийик тоонун башында көп жылдар эрибей жаткан кар же муз *мөңгү* делет. Бул сөз байыркы түркчө *баңги* «түбөлүк» маанисиндеги сөз болуп эсептелет. Алгач ал *баңги кар* түрүндө айтылып келип, кийин *кар* сөзү түшүп калса деле, *мөңгү* сөзү ал экөө бир тизмектелип тургандагыдай маани берип калган.

МУЗОО *к. бото.*

МУРДА *к. мурун.*

МУРУН I. «Адамдын жана жаныбарлардын жыт билүү органы» деген маанидеги *мурун* сөзүнүн *бура* «жытта», *бур* «шимшиле» этишинен келип чыкканы жөнүндө Ю. Немет, В. Мункачи, В. Банг, А. Зайонч-

ковский, Г. Рамстедттер айтышкан (Севортян, 1978, 270).

Бирок *бур* этиши кайсы тилде «жытта» маанисин бергендиги көрсөтүлбөгөндүктөн, Э. В. Севортян *буры* «жыпар жыттануу, буркуроо» (мисалы: кырг. *гүл бурады, жыт бурады)* этишине байланыштырат (Севортян, 1978, 271). Уйгур тилинде *пурумак* этиши «жытта» маанисинде айтылат (УйРС, 260). Мына ошол этиш байыркы түрк тилдеринде *буру* түрүндө айтылган, ага зат атооч жасоочу *-н* мүчөсү жалганып, *бурун* «жыт билүүчү орган» сөзү келип чыккан. Кыргыз тилинде жана айрым түрк тилдеринде сөздүн башкы *б* тыбышы *м* тыбышына алмашып, *мурун* болуп калган.

МУРУН II. *Мурда* сөзүнө маанилеш *мурун* сөзү жогорку *мурун* сөзүнүн өтмө маанисинен келип чыккан. Ал үчүн *мурун* сөзүнүн *мурун жак, мурун чакта* деген тизмегинин аныкталгыч сөздөрү түшүп калып, аныктагычынын өзү эле калган. Натыйжада *мурун чакта келди* деген сүйлөм *мурун келди* болуп айтылып кеткен. Ушул сыяктуу жол менен *мурун чакта* деген сөздүн *чак* дегени же *мурун+жакта* дегендин *жак* дегени уңгунун аяккы мууну менен кошо түшүп калып, *-да* мүчөсү *мур* уңгусунан кийин улана турган болуп калган: *мурун жакта>мурда, мурун чакта>мурда.*

МУРУНТУК Уйду унаа катары пайдалануу үчүн анын мурдун тешип, чүлүк өткөзүп, ага жип байлайт. Мына ошол жипти *мурунтук* дейбиз. Ал сөз *мурун+тук* бөлүктөрүнөн турат. Бирок мындагы *-тук* мүчөсү — байыркы *-дырык* мүчөсүнүн кыскарган түрү. Азыркы *сагалдырык, көкүлдүрүк, тамандырык, моюндурук, көмөлдүрүк* сөздөрүндө айтылган *-дырык* мүчөсү кыскарып, *-тук* болуп жалганган. Мындай түрлөрү азыркы *ооздук, суулук* сыяктуу сөздөрдө катышып, *-лык* мүчөсүнө окшошуп кетет.

МУРУТ Азыркы *мурут* алгачкы *мурут түк* деген эки сөз биригип, ошол эле учурда кыскарып кетишинен турушу мүмкүн: *мурунтүк<муру(н) т(үк)>мурут. Түк* сөзү «чач, сакал, жүн» деген мааниде «Бала болуп башыма түк чыкканы», «Ат оонаган жерде түк калат» сыяктуу учурларда айтылат.

Ушул *мурут* сөзү катышуу менен пайда болгон алгачкы *мурутун балта кеспейт* «тоотпойт» идиомасындагы *мурутун* деген сөздүн ортоңку муунундагы *у* тыбышы түшүп калышынан *мурту>мурду* болуп өзгөргөн. Натыйжада «ичке мурутун чоң балта менен кесе да, сезбейт» деген маанидеги фраза *мурдун балта кеспейт* болуп кубулуп, *мурутун* эмес, *мурдун* балта менен кескендей болуп калган. Азыркы казак тилинде мындай учурда *мурдун балта кесмейди* болуп колдонулушу жогорку айтылгандарды ырастайт.

МУУЗДА Малды тамагынан кесип союуну билдирген бул этиш байыркы түркчө *богуз* сөзүнөн жана этиш жасоочу *-ла* мүчөсүнөн турат. Ал *богуз* сөзү «тамак, алкым» маанисин берген (ДТС, 110). Азыркы кыргыз тилинде *богуз* сөзү ошол калыбында сакталган. Бирок анын мааниси өзгөрүп кеткен. Тегирмендин астындагы ташынын көзөнөгүн *богуз* дейт. Ошол жерге коюлган шынаалар түшүп калса, *тегирмен богуздап кетти* деп коёт.

Ал эми байыркы *богузда* сөзү алгач «малдын алкымын кес, тамагын кес» маанисинде болгон.

Алгачкы *богузда* этишинин *г* тыбышы түшүп, созулма үндүү пайда болгон. Ошол эле учурда *б* тыбышы *м* тыбышына алмашкан. Натыйжада *богузда* менен *муузда* деген сөздөрдө теги боюнча жалпылык жок сыяктанып калган.

МУУН I. Адамдын же жаныбаллардын сөөк-саактарынын бири-бири менен байланышып турган жери *муун* делет. Бул сөз алгачкы *буг* этишинен жана зат атооч жасоочу *-н* мүчөсүнөн турат. Байыркы түрк тилинде *буг* сөзү азыркы кыргызча «буу, байла» этишинин маанисин билдирген. Сөзмө-сөз *бугун* сөзү «буулган, байланышкан жер» дегенге жакын маани берген. Кыргыз тилинде эки үндүүнүн ортосундагы *г* тыбышы түшүп, *буун* болуп өзгөргөн. Бирок сөздүн эң аягындагы *н* тыбышынын регрессивдүү таасири менен сөздүн башындагы *б* тыбышы мурунчул *м* тыбышына өтүп кеткен. Натыйжада азыркы *муун* сөзү келип чыккан.

МУУН II. «Жип менен же кол менен бекем кысуудан дем ала албай калуу» маанисиндеги этиш да жогорку эле *буг* этишине өздүк мамиленин *-н* мүчөсү жалгануудан келип чыккан. Закон ченемдүүлүк боюнча *бугун>буун* түрүндө болбостон, аягында *н* тыбышынын таасири менен *б* тыбышы *м* тыбышына өзгөрүп, *муун* түрүнө келген.

МУУНА «Муундары боюнча ажыратып кесүү» маанисиндеги *мууна* этиши *муун* сөзүнө этиш жасоочу *-а* мүчөсү жалгануудан келип чыккан.

МҮДҮРҮЛ «Бир нерсеге чалынып жығылуу» маанисиндеги *мүдүрүл* этиши *мүдүр+үл* бөлүктөрүнөн турат. Анын *мүдүр* уңгусу демейдеги *бүдүр* сөзүнүн башкы *б* тыбышы *м* тыбышына алмашкан түрү болуп эсептелет. Ага этиш жасоочу *-ыл* мүчөсү жалганып, *бүдүрүл>мүдүрүл* сөзү келип чыккан.

МҮНҮШКӨР Иранча *шикор* сөзү «мергенчилик, аңчылык» дегенди билдирет (ТадРС, 456). Арабча *мир* сөзү — «эмир, башчы» маанисиндеги сөз. Сөзмө-сөз *миршикор* сөзү «аңчылыктын башчысы» дегенди билдирет. Кыргыз тилинде *р* тыбышы *н* тыбышына өзгөрүп, «куш салуунун, бүркүт салуунун жолун билген кишди» деген маани берип калган.

МҮРГҮ «Шайманы кетип, мөгдүрөп калуу» деген маанидеги *мүргү* сөзү кыргыз тилине монгол тилдеринен кабыл алынган. Монгол тилинде *мөргө* этиши көп маани берет: «1) сүзүү; 2) башы менен урунуу; 3) чөгөлөө, жүгүнүү; 4) сыйынуу, табынуу». Мына ушул маанилеринин үчүнчү мааниси кыргыз тилине кабыл алынган.

МҮҮН Бул сөз кыргыз тилинде кыска үндүү менен *мүн* түрүндө да айтылат да, «кемчилик, кемтик, айып» маанисин берет. Монголчо *муу*, бурятча *муу*, калмакча *му* түрүндө айтылган сөз кыргыз тилине *мүүн* жана *мүн* болуп кабыл алынып, *у* тыбышы *ү* тыбышына өтүп, аягына ашыкча *н* кошулган. Монгол тилдеринде бул сөз «жаман» деген маани берет. Кыргыз тилине киргенде монгол сөзү *жаман* деген төл сөзгө синонимдик мааниде «Жакшыдан мөөн туулат» деген макалда *мөөн* түрүндө гана айтылат. Ал эми *мүүн, мүн* түрүндөгүсү «жаман» сөзүнө толук маанилеш боло албай, «кемчилик» маанисин берип калган.

МЫЖЫ Кыргыз тилинде *мыжы* этиши менен *мыкчы* этиши бирдей маани берет. Алардын *мыкчы* түрүн алгачкысы деп эсептесек, анда *мыжы* этиши анын ортосундагы *к* тыбышы түшүп, *ч* тыбышы *ж* тыбышына өтүшүнөн келип чыгат: *мыкчы>мыжы*.

МЫЙЫК *Мурутунан күлүү* дегендин ордуна *мыйыгынан күлүү* деп айтууга болот. Анткени *мыйык* сөзү башка түрк тилдеринде *быйык, мыйык, бызык, бытык* түрүндө «мурут» маанисинде айтылат. Мына ушул сөздүн алгачкы формасы якут тилиндеги *бытык* түрү дешке болот. Анын *т* тыбышы *й* тыбышына өтүшүнөн кыргызча *мыйык* сөзү келип чыккан. Ал эми *т* тыбышы *ш* тыбышына өтүшүнөн *мышык* сөзү келип

чыккан дешке болот. Анткени *мышык* өзүнүн муруту болушу менен башка жаныбарлардан айырмаланат.

МЫКААЧЫ Бул сөз монголчо *махчин* сөзүнөн кабыл алынган. Монгол тилинде *мах(ан)* сөзү «этти» билдирет. Ага кесипти билдирген *-чын* мүчөсү уланып жасалган *махчин* сөзү «1) киши жегич» 2) жырткыч; 3) эт жей турган» маанисин берет (МРС, 239). Мына ушул сөз кыргыз тилине кабыл алынганда уңгунун аягындагы *н* тыбышы үндүүгө айланып, *а* тыбышы *ы* тыбышына өткөн: *маханчин>мыкаачы*.

МЫНА *Мына* деген шилтеме ат атооч *бул* деген сөзгө *-а* мүчөсү жалгануудан куралган. *Бул* деген сөздүн аяккы *л* тыбышы *н* тыбышына өтүп, *мына* сөзү жасалган. *Мында, мындай, мындан, мынча* сыяктуу учурларда да алгачкы *бул* деген сөз *мын* болуп өзгөргөн бойдон калган.

МЫРЗА Арабча *мир, эмир* сөзү кыргызча *амыр, эмир* түрүндө кабыл алынган. Иранча *заада* сөзү «тукуму», «баласы» деген маани берет. Алгач *мирзаада* сөзү «мирдин тукуму» деген мааниде болгон. Ушул эки сөз биригип, аягы кыскарып, азыркыдай түргө келген. Ошону менен бирге азыр *мырза* деп эмирдин тукумунан болбосо да, өзүн жакшы алып жүргөн жигиттерге карата да айта берүүгө болот.

МЫРЫК Бул сөз *бырык* сөзүнө мааниси боюнча туура келет. Ошону менен бирге *мырык* жана *бырык* сөздөрү мааниси боюнча *жырык* сөзүнө да барабар боло алат. Мындай болушу бекеринен эмес. Бул сөздөрдүн түпкү теги бир. Алгачкы *жыр* сөзүнүн башкы тыбышы *б* тыбышына, анан *м* тыбышына алмашкан. Натыйжада *жырык, бырык, мырык* деген үч варианттагы сөз жаралган. Азыркы кезде *жыр* деген өзүнчө этиш бар, *быр, мыр* деген өзүнчө этиштер жок. Ошондуктан алгачкы *жырык* сөзүнөн калган экөө келип чыккан деп эсептөөгө болот.

МЫШЫК *к. мыйык.*

МЭЭ Алтай жана кыргыз тилинде *мээ* түрүндө айтылган сөз башка түрк тилдеринде *мейи, мең, миңи, меге, мейе, мия, мий, мис, миме* болуп айтылган сөздүн келип чыгышы жөнүндө айтылган пикирлер бар (Севортян, 1978, 107). Ал боюнча сөздүн түпкү формасы катары *бейин* түрү эсептелет. Биздин оюбузча, бул сөз иранча *магз* сөзүнөн кабыл алынган же ага тектеш. Көпчүлүк түрк тилдеринде аяккы *з* тыбышы түшүрүлгөн *маг* дегени уңгусу катары алынып ал

мег>*мей*>*мый* болуп өзгөрсө, кыргыз жана алтай тилинде *г* тыбышы үндүүгө айланып, *мээ* сөзү жаралган. Ал эми *мис* формасы сибирдик түрк тилдеринде *магз* сөзүнүн *г* тыбышы түшүп, *з* тыбышы сөз аягында каткалаң *с* болушунан келип чыккан.

Иранча *магз* сөзү орусча *мозг* сөзүнө туура келет, бирок *гз* тыбыштары *зг* болуп метатезаланган. Ошондуктан түрк тилдериндеги *мээ* сөзү индоевропа тилдериндеги *магз, мозг* сөзү менен тектеш. Кыргыз тилиндеги *маңыз* «негизи» деген маанидеги сөз да иранча *магз* сөзүнүн *г* тыбышы *ң* тыбышына өткөн жана мааниси өзгөргөн түрү дешке болот.

МЭЭЛЕ *Мээлеп ат* деген учурда айтылчу *мээле* этиши *мээ*+*ле* бөлүктөрүнөн турат. Анын *мээ* уңгусу калмакча *бээ* түрүндө айтылат, «1) белги, бута; 2) каракчы, сөлөкөт» (КРС, 87) маанисин берет. Калмакча «бута» маанисиндеги *бээ* сөзүнө этиш жасоочу *-ла* мүчөсү жалганып, кыргызча *мээле* этиши келип чыккан.

Н

НААБАЙЧЫ Тажикче *нонвой,* перче *нанва* болуп айтылган сөз кыргыз тилине кабыл алынганда, *нан* уңгусунун аягындагы *н* тыбышы үндүүгө айланып, *нан* сөзүнүн ордуна созулма менен айтылган *наа* жаралган. Иран тилдеринде *нанвай* сөзүнүн өзү эле «нан бышыргыч» маанисин берип турса, да кыргыз тилинде кесипти билдирген *-чы* мүчөсү сөздүн аягына дагы кошулган.

НАН Бул сөз кыргыз тилине иран тилдеринен кабыл алынган. И. М. Оранскийдин далили боюнча, байыркы иранча *никан* сөзү түркчө «көмеч» деген маани берген, *кан* «казуу» этишинин алдына *ни* приставкасы кошулуп жасалган сөздүн тыбыштары кыскарышынан *нан* сөзү келип жаралган (Оранский, 121—123).

НАРЫ *к. ары.*

НАРЫН Кыргыз тилинде *нарын* сөзү «майда тууралган эт» маанисин берет. Монгол тилинде *нарийн* сөзү «ичке» деген маани туюнтат. Ажербайжан тилинде *нарын* сөзү «майда, майдаланган» дегенди билдирет. Монголчо *нарийн* сөзү түрк тилдерине «майда, майдаланган» маанисинде кабыл алынып, ошондон

кыргызча *нарын* «майда тууралган эт» деген сөз келип чыгышы мүмкүн.

НИЧКЕ *к. ичке.*

НООКАС Бул сөз *на* деген иранча приставкадан жана *сак* деген түркчө сөздөн турат. Алгач бул сөз өзбек тилиндеги *носог* «соо эмес» (УРС, 291) сөзү сыяктуу *насак* түрүндө айтылган. Кийин *на* приставкасы басым менен айтылып, созулма үндүү тыбыш менен колдонула баштап, *сак* сөзү үнсүз тыбыштарын метатезалаштырып, *кас* түрүнө келген. Натыйжада *ноокас* сөзү жаралган.

Иранча *на* приставкасы орусча *не* сөзүнө теги жана мааниси боюнча туура келет. Ал кыргызча *эмес* сөзүнүн маанисин берет. Ошондуктан *на* приставкасы катышкан сөздөрдү *эмес* сөзү катышкан конструкция менен жөнөкөйлөштүрүп айтууга болот. Мисалы: *натуура — туура эмес, нааразы — ыраазы эмес.* Алгач *насак* сөзү *сак эмес*//*соо эмес* дегенге барабар маани берген. Ошол мааниси *ноокас* болуп тыбыштары өзгөргөн түрүндө да сакталган.

НООПАЗ Иранча *навбаст* сөзү *нав* «жаңы»+*баст* «чегилген» деген эки сөздүн биригишинен түзүлгөн сөз жаңыдан арабага же сокого чегилген өгүзгө карата айтылган. Бир жаштагы торпоктун эркеги жазында бычылса, кийинки жазда арабага же сокого чегип, унаа катары пайдалана баштаган. Мына ушул курагы *навбаст* аталган. Ал сөз кыргыз тилине кабыл алынганда *ноопас*>*ноопаз*>*оопаз* болуп тыбыштык түзүлүшү бир аз өзгөргөн.

НӨКӨР *к. жөкөр.*

О

ОЙГОН Азыркы кыргыз тилиндеги *ойгон, ойгоо, ойгот* сөздөрүн өз ара салыштырганда, *ойго* же *ойг* бөлүгү баарына орток болгондуктан, аны сөздүн уңгусу катары кароого болот. Бирок ошол уңгу кандай маани бергени белгисиз бойдон калат.

Кыргыз тилиндеги *ойгот, ойгоо, ойгон* сөздөрү байыркы түркчө *одуг* «ойгоо» (ДТС, 362) сөзүнө *-от, -ог, -он* мүчөлөрү жалгануудан келип чыккан. Закон ченемдүүлүк боюнча *одуг*+*от, одуг*+*ог, одуг*+*он* түрүндө айтылууга тийиш болсо, уңгуга мүчө уланганда уңгунун аяккы муундагы үндүү тыбыш түшүп, *одгот, одгок, одгон* түрүнө келген. Кийин *д* тыбышы *й*

тыбышна алмашып, жогорку сөздөр *ойгот, ойгоо, ойгон* болуп айтылып калган.

Алгачкы *одуг* сөзү *од+уг* морфемаларынан куралган. Анткени байыркы түрк тилинде *одул, одун* этиштери да болгон. Анын *одул* этиши туюк мамилесинин мүчөсү аркылуу жасалса, *одун* дегени өздүк мамилесинин жардамы менен жасалып, азыркыча *ойгон* сөзүнө мааниси боюнча туура келген. *Одуг* сөзү болсо мааниси боюнча азыркы *ойгоо* сөзүнө туура келет. Байыркы кезде *од* уңгусунун өзү эле «ойгонуу» маанисин берген. Ага этиштен сын атооч жасоочу *-ыг* мүчөсү жалганып, *одуг* «ойгоо» сөзү жаралган. Бирок бул сөздөн байыркы кезде эле *одгур* түрүндө аркылуу мамилеси жасалган. Кыргыз тилинде *одул, одун* түрлөрү унутулуп, *одуг* негизинен жасалган *ойгон, ойгоо, ойгот* сөздөрү пайдалана баштаган. Натыйжада азыркы *ойгоо* деген сөздө этиштен атооч жасоочу *-ыг* мүчөсү эки жолу кайталанган: *од+уг+ог+одгог>ойгог>ойгоо.*

ОЙНО Бул сөз *ойун+о* бөлүктөрүнөн куралган. *Ойун* сөзүнө этиш жасоочу *-а* мүчөсү жалганган. Мүчө жалганганда уңгунун аяккы муунундагы үндүү тыбыш түшүп, *ойуна* сөзүнүн ордуна *ойно* болуп калган.

ОКУРА Уй жана бугу тукумундагы жаныбарлардын териси менен этинин арасындагы сайгактын личинкасын туюнткан *окура* сөзү татар, башкыр тилдеринде *укра,* ногой тилинде *окыра,* кумыкча *укура,* өзбекче *укалак,* уйгурча *окуруқ,* хакасча *ору,* якутча *куйукта* болуп айтылса, монгол тилинде *гуур,* калмак тилинде *уур* болуп колдонулат.

Бул сөз алгачкы *уруг* «[1]) урук, дан, данек; 2) урук, тукум (ДТС, 616) сөзүнүн экинчи маанисинен өнүгүшү мүмкүн. Ал үчүн *уруг* сөзүнүн тыбыштары метатезаланып, *угру>укра>окра* болуп өзгөрсө, монгол тилдеринде *уруг* сөзү *гуур* болуп өзгөрүлүшү ыктымал. Ал эми өзбекче, уйгурча, якутча формаларына метатезалануудан тышкары башка морфемалар да кошулган болуу керек.

ОЛБУЙ-СОЛБУЙ Эпикалык чыгармаларда «олбуй-солбуй камчы уруп, оң-тетири теминип» деген сап тар кезигет. Мындагы *олбуй* сөзү алгачкы *оң* сөзүнөн келип чыгат. *Оң* сөзү *сол* сөзүнө ылайыкташып, *ң* тыбышын *л* тыбышына өзгөртүп жиберген.

ОЛЖО Монгол тилинде *ол* сөзү «тап» маанисин берет, *-жо* мүчөсү. Жалпы мааниси кыргызча «табылга» дегенге туура келет.

ОНЖУРГАДАЙ К. К. Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгүндө» *онжурга* сөзү *кондурга* сөзүнө шилтенип, ал сөз «ошейник из нанизенных на веревку конских позвонков *(надевается на шею лошади, у которой сбита спинка, не позволяя ей доставать до раны и растравлять ее)* болуп которулган (Юдахин, 401). *Онжурга* сөзү көбүнчө сөөктөрү уркуюп турган арык малга же кишиге карата салыштырылып, *онжургадай* түрүндө айтылат. Бул сөз кыргыз тилине монгол тилинен кабыл алынган. Монгол тилинде *унжуурга* сөзү «илинген нерсе» маанисин билдирет. *Унжих* этиши «илинүү, илүү» деген маани берет. Ага *-уурга* мүчөсү жалгануудан *унжуурга* сөзү келип чыккан.

ОҢКО-ЧОҢКО Мындагы *чоңко* деген мааниси түшүнүксүз болуп көрүнгөн сөз — алгачкы *чаңка* сөзүнүн *оңко* сөзүнө ылайыкташып өзгөрүп кеткен түрү: *чалка>чаңка>чоңко.*

ООДАР Азыркы *оодар* этиши *оо* уңгусунан жана *-дар* мүчөсүнөн турат. Мындай мүчө кыргыз тилинде сейрек. Ал *кыстар* этишинде да катышат: *кыс+тар.*

ООКУМ *Бир оокумда* болуп айтылган тизмектеги *оокум* сөзү арабча *вакт* сөзүнүн *убак* болуп кабыл алынган түрүнөн келип чыккан. Оозеки речте *бир убакында (<убак+ында), убакымда (<убак+ымда), уакында* түрү эң алгачкысы, анын *убакымда>убакында* болуп өзгөрүшүнөн *оокум* сөзү жаралган.

ООЛАК *к. агылга.*

ООДУК Бул сөз *оо* этишине *-лук* мүчөсү жалгануудан жасалган. Мындай мүчө *буулук (<буу+лук), создук (<соз+дук), чалдык (<чал+дык), сыйлык (<сый+лык)* сыяктуу этиштерде да катышат. Ал мүчө мааниси боюнча этиштин өздүк мамилесинин мүчөсүнө жакындык кылат.

ООРУ Зат атоочтук жана этиштик маанидеги *оору* сөзүн Э. В. Севортян *аг+ыр+ы* бөлүктөрүнө ажыратып, *аг* уңгусунун өзү эле зат атооч жана этиш маанисин берген деп эсептейт (Севортян, 1974, 86). Мындай пикирдин да жүйөлүү жактары бар. Ошондой болсо да *оору* сөзүнүн келип чыгышын мындайча түшүндүрүүгө болот. Байыркы түрк тилинде *агыр* сөзү «оор» маанисин берген. Андан *агыры (<агыр+ы)>агры, агру* этиш жасалган. Алардын *агыры* дегени «болеть»

болуп, *агру* варианты «1) становиться тяжелым; 2) ухудшаться *(о болезни)*» болуп которулган (ДТС, 19—22, 23). Биздин оюубузча, *агру* формасынын котормосунда көрсөтүлгөндөй, алгач *агры* сөзү «оордо» маанисин берип, кийин андан «оору» мааниси өнүккөн дешке болот. Анткени адам өзүнүн ооругандагы абалын оордогондой сезет, каруусу кетип, бутү-колун кыймылдатышы да оордоп, шалдырап калат. Ал эми айыкканда же айыга баштаганда адам жеңилдеп, өзүн жеңил сезип, кыймылы да оңой-олтоң боло баштайт. Ошондуктан жакшы боло баштаган киши жайын сураган кишиге *жеңилдеп калдым* деп жооп берет. Демек, ооруганы оордогонго, айыкканы жеңилдегенге окшоштурулат. Ушуга караганда *оору* сөзү байыркы түркчө *агыры* сөзүнөн келип чыгат да, *агыр* уңгусу *оор* сөзүнө туура келсе, *-ы* мүчөсү атооч сөздөн этиш жасоочу мүчө, *агыры* этиши алгач «оордо, оор бол» маанисин берип, кийин өтмө мааниде ооруп калган учурга карата да айтыла турган болуп калган.

Кыргыз адабий тилинде *оору* этиши менен *оору* деген зат атооч сөз бирдей формада жазылып, экөө омонимди түзүп калган. Байыркы түрк тилинде *агыры>агыр* этишинен зат атооч жасоочу мүчөнүн жардамы менен *агрыг* сөзү жасалган. Ал сөз дифтонгулуу говорлордо *оорув* болуп айтылат да, *оору* деген этиштен айырмаланат.

ОР Азыркы кыргыз тилинде *ор* сөзү «казылган чуңкур» маанисин берет. Ага *ороо* сөзү мааниси боюнча бир аз жакындык кылат. *Ор* сөзү казылган ар кандай чуңкурга карата айтылса, *ороо* сөзү эгинтегин сактоо үчүн казылган чуңкурга карата гана айтылат. Бул сөздөрдүн негизи болгон *ор* сөзү-байыркы түрк тилинде жана азыркы түрк тилдеринде айтылбаган *ор* «каз, *ой»* этиши менен уңгулаш. Мындай *ор* этиши азыркы хакас тилинде гана сакталып калган (ХРС, 129). Хакасча *ор* этиши байыркы кезде бардык эле түрк тилдеринде *ой* «чуңкур жер» жана *ой* «чуңкур кылуу, тешүү» сөзү сыяктуу болуп, конверсия жолу менен «чуңкур, ороо» маанисин да берген.

Кыргыз тилинин өнүгүшүнүн кийинки мезгилинде көпчүлүк түрк тилдериндегидей болуп *ор* этиши унутулуп, анын зат атооч маанисиндеги түгөйү гана сакталып калган.

ОРГУ *Оргу-баргы* деген кош сөздүн составындагы *оргу* сөзүнүн мааниси да *баргы* түгөйү сыяктуу эле

белгисиз. Мындагы *оргу-баргы* тизмеги «өйдө-төмөн», өйдүк-сөйдүк» дегенге жакын маани бергендиги сезилип турганына караганда, *оргу* жана *баргы* сөздөрү карама-каршы маани берген сөздөр болушу мүмкүн. Азыркы тува тилинде *оргу* сөзү «тегиз, түз» маанисин берет (ТувРС, 312). Ушуга таянсак, *баргы* сөзү анын карама-каршысын туюнткан сөз болуп чыгып, «тегиз эмес, түз эмес» маанисиндеги сөз болору шексиз. Монгол тилинде *баргы* сөзү «жарашыксыз, көрксүз» маанисин берет (МРС, 63). Демек, *баргы* сөзү «жарашыктуу, көркүү эмес» дегенди билдирип, *оргу* сөзү анын тескерисинче туюнткан болуу керек. Кыскасы, *оргу-баргы* сөзү «жакшы-жаман, ылайыктуу-ылайыксыз, жөндүү-жөнсүз, түз-кыйшык» сыяктуу антонимдик катыштагы сөздөрдөн куралган дешке болот. Ошондон *«Оргу-баргы* сүйлөбөй, Орундуу болот азамат» деп Токтогул ырдаган.

ОРТО Азыркы кыргыз тилиндеги *орто* сөзү байыркы түрк тилинде *орта, орту, отра* түрүндө айтылган (ДТС, 371, 374). Байыркы түрк тилинде *асра (<ас+ра)* «астында, *ташра (<таш+ра)* «сыртта» сыяктуу учурларда *-ра* мүчөсү катышары белгилүү болгондуктан, *орта//отра* варианттарынын *отра* дегени алгачкы түрү болуп таанылат. Ал эми *орта* сөзү ошол *отра* сөзүнүн *тр* тыбыштары *рт* болуп метатезаланышынан келип чыккан кийинки варианты болуп эсептелет. Кыргызча *орто* сөзү мына ушундан келип чыккан.

Алгачкы *отра* сөзүнүн уңгусу болгон *от* кандай маанидеги сөз экенин аныктоо кыйындап кеткен. Байыркы түрк тилинин сөздүгүндө гана эмес, азыркы түрк тилдеринде *от* сөзүнүн маанисин аныктай турган фактылар келтирилбейт. Ошондой болсо да азыркы кыргыз тилиндеги *алакандын оту, беттин оту* сыяктуу учурда айтылган *от* сөзү *отра (<орто)* сөзүнө өзөк болгон дешке негиз бар. Анткени *беттин оту* дегенибиз «беттин ортосу» дегенге барабар келет. Ушул сыяктуу эле *алакандын оту* да «алакандын ортосу» дегенге туура келет. Байыркы кезде мына ушундай маанидеги *от* сөзүнө *-ра* мүчөсү жалганып, *отра* сөзү келип чыгып, анын метатезаланышынан *орто* сөзү пайда болгон.

ОТОР Байыркы түрк тилинде *от* сөзү «чөп» маанисин берген. Андан *отгар* этиши жасалып, «оттотуу, откоруу» маанисин туюнткан. Кээ бир түрк тилдеринде *-гар* мүчөсүнүн башкы *г* тыбышы түшүп, *отар* түү-

рүнө келген. Азыркы азербайжан тилинде *отар* этиши «откор» дегенди билдирет.

Кыргыз тилинде *отор* сөзү этиш маанисин өзгөртүп, зат атоочко айланып, «малды кышында откоруучу жер» дегенди билдирип калган. *Отар* сөзүн түрк тилдеринен орус тили кабыл алып, андан кайра кыргыз тилине кабыл алынып, азыр *бир отор кой, эки отор кой...* болуп айтылуу да башталды. Мындагы *отор* сөзү «корсо» дегенге барабар келет да, алгачкы *отор* «малды откорор жер» деген маанисинен абдан алыстайт.

Алгачкы *отор* сөзү эллипсис боюнча *мал откорор жер* деген сөз тизмегинин сөздөрү түшүп калып айтылышынан келип чыккан.

ОТУЗ Түрк тилдериндеги *отуз* «30» сөзү туңгус тилинде *гутин,* манжур тилинде *гусин,* монгол тилинде *гучин* болуп *т, с, ч* тыбыштары алмаштырылып айтылат. Ал сөздөр — монголчо *гурван* «3» деген санды билдирген сөз менен уңгулаш. Түркчө *отуз* сөзү да ушулар менен тектеш, бир уңгулаш келип чыгат деп эсептесек, анда байыркы кезде ал да *г* тыбышы менен башталып, *готуз//гутуз* түрүндө айтылган деп болжолдоого болот. Мына ушул *гутуз* формасы туңгусча *гутун* сөзүнө окшош келет. Азыркы чуваш тилинде *вучче* сөзү кыргызча *үч* деген санды билдирет. Анда сөз башында *в* тыбышы келет. Ошол тыбыш байыркы *г* тыбышынын өзгөргөнү десек, *гутуз//отуз* болуп, *гуч>үч* болуп өзгөргөн кубулуштардан экени аныкталат. Ошону менен бирге азыр кыргыз тилинде кескин айырмалуу болуп айтылган *үч* жана *отуз* деген сөздөр да уңгулаш экени аныкталат.

Кыргыз тилинде бардык эле түрк тилдериндегидей *жалкы — жалгыз, эки — эгиз, сегиз, тогуз* деген сандар бар. Алар *ыз* тыбыштары менен аяктайт. Ошол *ыз* тыбыштары сан атоочторду билдире турган өзүнчө мүчө болушу да мүмкүн. Ошондуктан байыркы кездеги сандар *жалгыз* (1), *экиз* (2), *гутуз* (3), *төртүз* (4), *бешиз* (5), *алтыз* (6), *жетиз* (7), *сегиз* (8), *тогуз* (9) түрүндө болгон деп болжолдойбуз. Алардан *жалгыз, эгиз, сегиз, тогуз* сөздөрү гана сакталып калган. Бирок ошол кездеги абалы *отуз (<готуз)* деген сөздө сакталып кала берген. Азыркы *отуз* сөзү байыркы *гутуз//готуз* сөзү болуп чыгат. Ал — *жалкыз, экиз, готуз* болуп, баары окшош айтылган сандардын системасындагы «үч» деген сөз. Болжолу, байыркы кезде *готуз (3) он* болуп айтылышы мүмкүн. Азыркы *сексен (<сегиз он), токсон (<тогуз он)* деген ондуктар сыяктуу эле *готуз он* болуп айтылган болуу керек. Бирок аягындагы *он* сөзү кыскарып калган, экөөнүн маанисин *отуз* сөзү эле аткарып калышы мүмкүн.

Махмуд Кашгари *оттуз* сөзү «30» деген сандан тышкары ягмалардын тилинде «3» дегенди билдиреринин белгилеген (ДТС, 374). Ушуга караганда жогорку болжол ишенерлик болот. Азыркы турция тилинде *жалгыз, эгиз* сөздөрүнүн тибинде *үчиз, бешиз, алтыз* түрлөрү да колдонулат. Ошондуктан байыркы кезде *готуз (>отуз)* сөзү *-ыз* мүчөсүн кабыл алган абалындагы *үч* деген сөз болушу толук ыктымал.

ОТУН Бул сөз *от* сөзүнө *-ун* мүчөсү жалгануудан турат. Бирок *-ун* мүчөсү кандай маани бергенин кесе айтуу кыйын. Ошондой болсо да *отун* сөзү алгач «отко жагылчу нерсе» дегенге жакын мааниде түшүнүлгөн болуу керек.

ОЧОР-БАЧАР Бала-чакалуу болуп калган кишиге карата «очор-бачар болду» деп коёбуз. Мындагы *бачар* сөзү — демейдеги *базар* сөзүнүн *очор* деген сөзгө ылайыкташып өзгөрүп кеткен түрү. Ал эми *очор* сөзү *базар-учар* деген учурда айтылган *учар* деген кош сөздүн составындагы *учар* сөзүнүн өзгөрүп кеткен түрү болуп чыгат. Кумык тилинде *очар* сөзү «эл чогулуп тура турган жер» деген маани берет (КумРС, 248). Ошол сөз кыргыз тилинде *учар* болуп айтылат да, мааниси боюнча *базар* сөзүнө жакын келип, экөө биригишинен *базар-учар* деген кош сөз жасалган.

ОШОЛ *Бул, тигил, ошол* деген шилтеме ат атоочтордун тобуна кирген *ошол* сөзүн Э. В. Севортян *ош+о(л)* бөлүктөрүнө ажыратып, *ош* дегенин шилтеме бөлүкчө деп карайт да, ага *о(л)* шилтеме ат атоочу бириккенде *ошол* сөзү келип чыккан деп эсептейт (Севортян, 1974, 493). Байыркы түрк тилинде бул сөздүн *ушул* варианты да айтылган, ал азыркы казак тилинде *сол* болуп айтылат. Демек, сөздүн байыркы түрү *шо* же *шу* формасында болушу да мүмкүн. Ошондуктан Э. В. Севортян шилтеме бөлүкчө деп атаган *ош* бөлүгү *шо* же *шу* түрүндө болгон, ал сөз өз кезегинде *тиги (<ти+ги), сен (<се+н), сиз (<си+з), силер (<си+лер)* деген сөздөрдүн уңгусу болгон *ти, се, си* бөлүгү менен тектеш деп эсептөөгө болот. А. П. Поцелуевский *сен* деген сөз менен *шун (<шул)* сөздөрүнүн тектештигин айткан (Поцелуевский, 1975, 138). Ага

дагы *сиз, силер* сөздөрүн кошуп, *се(н), си(з), си(лер)* деген учурдагы *се//си* үңгулары *тиги (<ти+ги)* деген сөздүн *ти* үңгусу менен тектеш экенин, ошол *ти* үңгусу алгачкысы экенин Котвич далилдеген. Алгачкы *ти* үңгусу *си* болуп өзгөргөн, башкача айтканда, *т* тыбышы *с* тыбышына өткөн. Ошол *т* тыбышы *ш* тыбышына өтүшүнөн *ши* варианты келип чыккан. *Мен* деген биринчи жактын үңгусу шилтеме ат атооч жасалганда *бу* болуп өзгөргөн сыяктуу *ши* деген экинчи жакты билдирген сөздөн шилтеме ат атооч жасалганда *шу// шо* болуп, үндүүлөрү алмашкан. Кыскасы, байыркы *ти* деген сөздүн башкы *т* тыбышы *с, ш* тыбыштарына алмашуудан *сен, сиз, шул//шол* сөздөрү келип чыккан. Кийин *ш* тыбышынын алдына үндүү тыбыш кошулуп айтылышынан *ошол* деген түрү жаралган.

Ошентип, азыркы *ошол* деген сөз *о+шо+л* бөлүктөрүнөн куралган. Анын *шо* үңгусу — *сен* деген сөздүн *се* үңгусу менен тектеш, анын тыбыштык жактан өзгөргөн түрү. Анын алдына *о* тыбышы ашыкча кошулса, аягына үчүнчү жактын жактама ат атоочу болгон *ол (ал)* сөзү кошулуп, экөө бириккенде *ошол* сөзү *бул, тигил* дегенге караганда дагы алыста турган же мурда сөз болгон нерсе дегенди билдирип калган. Ал эми жөндөлгөндө сөздүн аягындагы *л* тыбышы *н* тыбышына өтүп кетет. Мисалы: Атооч: *ошол*, Илик: *ошонун*, Барыш: *ошого*, Табыш: *ошону*, Жатыш: *ошондо*, Чыгыш: *ошондон*.

Ө

ӨБӨК Киши алдын көздөй ийилип кетпес үчүн коюлган жөлөк, таяныч болгон нерсе *өбөк* аталат. Бул сөздү *өбөлгө* сөзү менен бир үңгудан деп эсептегенде, экөөнүн үңгусу *өбө* бөлүгү болуп чыгат. Мындай сөз башка түрк тилдеринде жок, монгол тидеринин бири болгон бурят тилинде *убиха* этиши «төшө, жөлө» маанисин берет (БРС, 488). Бул этишке зат атооч жасоочу *-к* мүчөсү уланып, *өбөк* (салыштырыңыз *жөлө — жөлөк*) сөзү жаралган.

ӨБӨЛГӨ Кыргыз тилиндеги *өбөлгө* сөзүнүн маанилерин К. К. Юдахин мындайча которгон: «1) подарок, награда *(за личную услугу, за помощь)*; 2) предпосылка 3) *ист.* вознаграждение *(напр. за разбор дела)*; 4) *этн.* плата за төлгө» (Юдахин, 586). Бул *өбөлгө* сөзүнүн маанилери *өтөлгө* жана *өбөлгө* сөздөрүнүн

биригишинен (контаминацияланышынан) пайда болгон. Кыргыз тилинде *өтөлгө* деген өзүнчө сөз бар. Ал *өтө* этишине *-лга* мүчөсү жалгануу аркылуу жасалган. Мына ушул сөздүн *т* тыбышы *б* тыбышына өтүп, пайда болгон *өбөлгө* варианты башка *өбөлгө* «предпосылка» сөзүнө биригип кеткен. *Өбөлгө* сөзү бурятча *убиха* «төшө, жөлө» этишине *-лга* мүчөсү улануудан пайда болгон.

ӨГҮЗ Түрк тилдериндеги *өгүз* деген сөздүн чыгышы жөнүндө ар түрдүү пикирлер бар. Аны окумуштуулар индоевропа тилдериндеги, монгол тилдериндеги жана түрк тилдеринин өзүндөгү *өкүр* этиши сөзү менен тектеш деп карайт (Ал жөнүндөгү маалыматтарды Севортяндын сөздүгүнөн караңыз, 1974, 522, 523-беттер).

Азыркы түрк тилдеринин ичинде чуваш тилинде *вакар* сөзү *өгүз* сөзүнө туура келет (ЧРС, 68). Ал эми *майрака* сөзү кыргызча «мүйүздү» туюнтат. Ошол *майрака* сөзүнөн этиш жасалганда чуваш тилинде *майарла* түрүндө болот да, *майрака* сөзүнүн түпкү үңгусу *майар* экенин даана көрсөтөт. *Майар* сөзү *вакар* сөзүнүн *м* жана *в, й* жана *к* тыбыштары алмашкан варианты дешке болот. Алгач *вайар* же *майар* сөзү *«мүйүз»* маанисин туюнткан. *Мүйүз* деген сөздө башкы үнсүз тыбыш *м* же *б* түрүндө түрк тилдеринде сакталып калган. Ал эми *өгүз* деген сөздө сөздүн башындагы тыбыш көпчүлүк түрк тилдеринде түшүп калган же *в, х* тыбыштарына алмашкан: чув. *вакар,* өзб. *хөкүз.* Натыйжада азыркы *мүйүз* менен *өгүз* сөздөрүнүн тыбыштык айырмасы абдан кескин болуп, ал экөөнүн ортосундагы байланыш үзүлүп калган.

ӨГҮНҮ Бул сөз *о+күнү* морфемаларынан куралган. Анын биринчи бөлүгүн түзгөн *о* бөлүгү *бу, тиги, ал* деген шилтеме ат атоочтордун ичинен *ал* дегенине туура келет. Анын аяккы үнсүзүн түшүрүп а деп да (мисалы: *а жерге барба; а жакта турат*), *а* тыбышын *о* тыбышына алмаштырып, *о* деп да (мисалы: *о жерге, о жакта*) айта берүүгө болот. Мына ушул шилтеме ат атооч *күнү* деген сөздүгү ичке үндүүлөрдү ээрчип, *ө* болуп өзгөрүп калган.

ӨЖӨК Кыргыз тилинде *өжөк* сөзү *өжөк-өжөк кан кетти* деген учурда айтылат. Бул тизмек «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» «үстү-үстүнө, тынымсыз коюлган кан чыгуу» болуп түшүндүрүлгөн (КТТС, 478). Монгол тилинде *нөж,* бурятча *нүшө,* кал-

макча *нөжөг* сөзү «уюган кан» маанисин берет (КРС, 383). Жогоркуларга караганда кыргыз тилине *өжөк* сөзү калмак тилинен кабыл алынган. Ошондуктан «өжөк-өжөк кан кетти» деген тизмек «тынымсыз кан кетти» деген мааниде болбостон, «уюган-уюган кан кетти» деген мааниде болот.

ӨЙҮЗ Суунун, өрөөндүн эки тарабы *өйүз* делет. Бул сөз *о (<ал) жүз* деген сөздөр биригип кетүүдөн келип чыккан. Андай экенин *өйүз-бүйүз айыл* сыяктуу учурдагы *бүйүз* сөзү *бу+жүз* дегенден турары даана көрсөтөт. Мындагы *жүз* сөзү — «бет» маанисиндеги сөз. *Суунун, өрөөндүн бул бети, ал бети* сыяктуу айтылган *өйүз-бүйүз* дегендин *өйүзү* эле калып, ал экөөнүн тең маанисин берип калган. Натыйжада *суунун бул өйүзү, тиги өйүзү* деп айтууга мүмкүн болуп калган. Чындыгында *өйүз* сөзү алгач *о жүз (<ал бети)* деген гана маани берген сөз болгон. *Бүйүз (<бу+жүз)* бөлүгү түшүп калганда *өйүз* сөзү анын маанисин өзүнө сиңирип алган бойдон кала берген.

ӨКҮР Бул сөз *ө+күр* бөлүктөрүнөн куралган. *Ө* деген добушту туураган сөзгө этиш жасоочу *-кыр* мүчөсү уланып, *өкүр* сөзү жасалган. Мындай мүчө *бакыр (<ба+кыр), үшкүр (<үш+күр), чүчкүр (<чүч+күр), айкыр (<ай+кыр)* сыяктуу сөздөрдө да катышат.

ӨЛҮМСӨК Бул сөз оозеки речте *өлмөсөк* болуп да айтылат. Ал экөө тең алгачкы *өлүмсүрөк* деген сөздөн келип чыккан. Алгачкы *өлүмсүрөк* сөзү *өл+үм+сүрө+к* деген морфемалардан куралган: *өл* деген этиштен келип чыккан *өлүм* сөзүнө *-сыра* мүчөсү жалганып, *жетим* деген сөздөн *жетимсире* сөзү келип чыккан сыяктуу *өлүмсүрө* этиши пайда болгон, ага этиштен атооч жасоочу *-к* мүчөсү уланганда *өлүмсүрөк* деген сын атооч жасалган. Сөздүн ортосундагы *үр* тыбыштары түшүп калышынан *өлүмсөк* сөзү пайда болгон.

ӨҢӨР Бул этиш *өң+өр* бөлүктөрүнөн турат. *Өң* уңгусу байыркы түрк тилинде «алды жак» маанисин берген. Ага зат атооч этиш жасоочу *-гар* мүчөсү жалганып, *баш* деген сөздөн *башкар* этиши жасалган сыяктуу *өңгөр* сөзү пайда болгон. Ушундай түрү азыркы кара калпак тилинде сакталган: *өңгөр* (ККРС, 511). *Өңөр* сөзү «алды жагына мингизүү» деген маани берип, *учкаштыр* «арт жагына мингизүү» деген сөзгө карама-каршы маани туюнткан.

Кыргыз тилинде алгачкы *өңгөр* сөзүнүн ортосундагы *г* тыбышы түшүп, *өңөр* түрүнө келген.

ӨҢҮР Кийимдин алды жагы маанисиндеги *өңүр* сөзү *өң+үр* бөлүктөрүнөн турат. *Өң* — уңгусу — «алды жак» маанисиндеги сөз, ага багытты билдирген *-ра* мүчөсү жалганып, *өңре* сөзү келип чыккан. *Өңре* сөзү «алды жакта» деген маани берүү менен бирге, «алдыңкы» деген маанини да туюнткан .Мына ушул маанидеги *өңре* сөзүнүн *ре* тыбыштары орун алмашып, *өңөр* болуп айтылышынан *өңүр* сөзү келип чыгып, ал кийимдин алды жагын туюнтуп калган.

ӨРКӨН Кыргыз тилинде *өркөнүң өссүн* же *өлкөнүң өссүн!* деген алкоодо айтылган *өркөн* же *өлкөн* сөзү азербайжанча *өркөн* «ат байлоочу керме» сөзү менен тектеш дешке болот (АзРС, 279). «Ат байлоочу кермең өссүн» деп алкоо жылкы негизги байлык катары эсептелген көчмөн элдин турмушуна толук ылайык келет.

ӨРӨӨЛӨ Сааганда тынч турбаган бээнин бутун *өрөөлөп* коёт. Ал үчүн бээнин мүнөзүнө жараша ар түрдүү өрөөнү колдонот. Кээ бирөөлөрүнүн алдыңкы бир бутун укуруктун жиби менен тизесинен бүгө байлап, укуруктун жыгачын карама-каршы жагына арта салып коёт. Ал эми азоораак же тебенээк болсо, анда алдыңкы бутун бүгө байлаган жиптин учун жонунан арта салып барып арткы бутунун бакайына чалып байлап коёт. Ушундай абалда турганда бээ тебе албай же тыбырап кетүүгө мүмкүнчүлүгү жок болуп калат.

Жылкыны өрөөлөгөндөгү *өрөөлө* сөзү *өр+өө+лө* бөлүктөрүнөн куралган. Анын *өр* деген уңгусу байыркы кезде «көтөр» маанисин берген (ДТС, 388). Ага этиштен зат атооч жасоочу *-аа* мүчөсү уланып, *өрөө* сөзү жасалган, этиш жасоочу *-ла* мүчөсү уланганда *өрөөлө* сөзү пайда болгон. Бул сөздөр жылкынын бир же эки бутун жерге тийгизбей көтөрүлтүп коюуга байланыштуу келип чыккан.

ӨРҮЛҮК Жаңы көчүп келип, коңшу же айылдаш болгон кишинин үйүнө келип сыйлоо кыргыз тилинде *өрүлүк* аталат. Бул сөз *өрү+лүк* бөлүктөрүнөн куралган. Анын *өрү* уңгусу азыркы кыргызча *өргү* «тыныгуу, эс алуу» этишине туура келет (КТТС, 487). Көчүп-конуп жүргөн үй-бүлөнү эс алдырып коюу үчүн аларга даяр тамак-аш берүүгө туура келген. Кыргыз тилинде *өрүү* этиши «өргүү» маанисинде да айтылат. Болжолу, алгач *өрүлүк (<өрүү+лүк)* түрүндө айтыл-

ган сөздүн созулма үндүүсү кыскарып, *өрүлүк* болуп калган. «Тыныгуу үчүн берилген тамак» деген маанини сөздүн аягына уланган *-лык* мүчөсү туюнткан. *Түштүк* деген учурда «түштө берген тамак» деген маанини *-лык* мүчөсү туюнтуп турат. Ушундай жол менен *өрүлүк* сөзү да жаралган.

ӨТҮК Кыргызча *өтүк* түрүндө айтылган сөз казакча *етик*, чувашча *ата* болуп айтылат. Чувашча *ата* сөзү аяккы *к* тыбышын түшүргөн *атак* сөзү болуп эсептелет. *Атак* сөзү болсо азыркы *аяк (айак)* сөзүнүн байыркы кездеги формасы болгон. Азыркы кезде *бут кийим* деп айткан сыяктуу болуп байыркы кезде *атак кийим* болуп айтылып, кийин казак тилиндегидей *етик* болуп өзгөрүп, анын кыргыз тилиндегидей *өтүк* түрүнө келген окшойт.

П

ПЕНДЕ Иранча *бенде* сөзү кыргыз тилине алынганда *пенде* түрүнө келген. Бул иран тилиндеги *бенде «кул»* (ПРС, 73) сөзүнөн келип чыккан. *Бенде* сөзүнүн өзү *бастан* «байла» этишинин учур чакта турган формасы болуп эсептелет (ПРС, 68). Байыркы кулдарды иран тилиндеги элдер *бенде* деп атап, алардын колубуту байланып тургандыгына өзгөчө көңүл бурган. Кийин диндик ырым-жырымдар күчөгөндө адамдарды *кудайдын пендеси* — «кулу» деп эсептөөгө өткөн. Кудай жана периштелер эркин жүрүп, каалаганын кылган заттар катары түшүнүлүп, адамдар кудайдын буйругун аткарган кулдар катары элестетилген.

ПИЛ Орто Азияда жашабаган жаныбарды туюнткан *пил* сөзү кыргыз тилине иран тилдеринен кабыл алынган. Персче *фил* жана *пил* болуп айтылган сөз тажик тилинде *фил* түрүндө колдонулат (ТадРС, 411). Бирок бул сөз иран тилдеринин өз сөзү эмес, алар да башка тилден кабыл алган деп эсептешке негиз бар. Анткени *фил* же *пил* сөзү кандай морфемалардан куралганы жөнүндө иран тилиндеги фактылардан аныктоо мүмкүн эмес.

Ошондуктан *пил* сөзүн иран элдери байыркы римдиктердин *боз ливукус* «ливиялык бука» (Майзел, 4) деген сөзүнөн кыскартып кабыл алган дешке болот. Жер ортолук деңизинин түндүгүндөгү элдер Ливия деп Африканы түшүнүшкөн. Ал үчүн *ливукус* сөзүнүн башкы *лив* бөлүгүнөн башкалары кыскартылып, тыбыштары метатезаланып өзгөргөн: *лив>лип>пил>фил*. «Африкалык бука» деген маанидеги сөздөн *пил* сөзү келип чыккан.

ПУЛ Бул сөздөн кийин К. К. Юдахин *иранча* жана *грекче* деген белги койгон. Анткени бул сөз кыргыз тилине иран тилинен келип кирсе, өз кезегинде *пул* сөзүн ирандыктар гректерден кабыл алган. Грек тилинде *пол* сөзү «кулунду» билдирген (ДГРС, 1447). Байыркы Коринф шаарында чыгарылган тыйындын бир бетине падышанын сүрөтү тартылса, экинчи бетине канаттуу кулундун — Пегастын, сүрөтү тартылган. Кулундун сүрөтү тартылган тыйын грекче *пол* «кулун» аталган. Кийин ал сөз башка элдерге да тарап, «тыйын, акча» маанисин билдирип калган.

С

САБА «Бир нече жолу уруп-согуу» маанисинде айтылган *саба* этиши *сап+а* бөлүктөрүнөн турат. Анын *сап* уңгусу азыркы эле *чап* этишинин башкы *ч* тыбышы *с* тыбышына өткөн түрү болуп эсептелет. Ага кыймыл-аракеттин көп жолу кайталанышын билдирген *-а* мүчөсү жалганып, *саба* этиши келип чыккан.

САБАЛА *Саба* этишинде көп кайталанган кыймыл-аракетти билдирген мүчө уңгуга сиңип, анын мааниси күңүрттөнүп кеткен соң, көп кайталангандыкты билдирген *-ла* мүчөсү дагы жалганып, *сабала* формасы жаралган.

САГАЛДЫРЫК Аттын башынан шыпырылып түшпөсүн үчүн алкымынан алып байланчу жүгөндүн бир бөлүгү *сагалдырык* аталат. Ал *сакал+дырык* бөлүктөрүнөн турат. Жылкынын сакалы болбогон менен, ал адамдын сакал өскөн жерине салыштырмалуу ушундай аталган, *-дырык* мүчөсү мааниси боюнча азыркы *-лык* мүчөсүнө туура келет.

САГЫЗГАН Кыргызча *сагызган шакылыктады* деп айтабыз. Монголдор аны *шагшх* дейт. Монгол тилинде *шаазгай* сөзү «сагызганды» билдирет. Андагы *шааз* уңгусу кыргызча *сагыз* уңгуга туура келет, *ш* жана *с* тыбыштары алмашып, монгол тилинде эки үндүүнүн ортосундагы *г* тыбышы түшүп калган. Монголчо *шагшх* этиши кыргызча *шакылыкта* этишине туура келет (МРС, 640). Анткени сагызган сайраганда *шак-шак* деген дабыш чыгарган сыяктанат. Ошондуктан *сагызган шакылыктады* деп айтабыз. *Сагыз* уңгу-

сунун составындагы *-ыз* морфемасы *шак-шак* деген тууранды сөздүн көптүгүн билдирген мүчө болушу мүмкүн. Натыйжада *шак-шак* сөзүн эки кайталабай, *шагыз>сагыз>шааз* деп айтууга мүмкүнчүлүк түзүлгөн. Ага *-ган* мүчөсү уланып, *сагызган* сөзү келип чыккан.

САЗДАК Мындагы *-дак* мүчөсү мааниси боюнча *-луу* мүчөсүнө туура келет. Ал мүчө *кумдак, таштак* сыяктуу сөздөрдө да катышат. Ошондо *саздак* сөзү *саздуу* деген сөзгө барабар маани берет.

САЙРА Бул сөз кыргыз тилине иран тилдеринен келип кирген. Иранча *сароидан* (ТадРС, 346) этишинин учур чактагы формасы *сарой* түрүндө болот да, «ырда» маанисин билдирет. Ошол *сарой* этишинин *р* жана *й* тыбыштары орун алмашып жайгашып калышынан *сайра* түрүнө келген.

САЙЫН *Ан сайын, жыл сайын, күн сайын* деген сыяктуу учурларда айтылуучу *сайын* жандоочу *сайы* уңгусунан жана *-н* мүчөсүнөн турат. Анын *сайы* уңгусу азыркы түркмөн тилинде *саай,* ногой тилинде *сайы* түрүндө айтылып, кыргызча *сана* деген этиштин маанисин берет. *Сайы* сөзү алгачкы *сана* сөзүнүн *н* тыбышы *й* тыбышына, *а* тыбышы *ы* тыбышына өткөн варианты болуп таанылат. Ага этиштин чакчыл мүчөсү *-н* жалганып, *сайын* сөзү келип чыккан. Азыркы кыргыз тилинде *күн санап келип турат* деп айткан тизмекти *күн сайын келип турат* деген тизмек менен алмаштырып айтууга болот. Мындагы *сайын* сөзү азыркы күндөгү *сана* этишине чакчыл *-п* мүчөсү жалганган түрү болсо, *сайын* сөзүндө ошондой эле маанидеги *сайы* уңгусу жана *-н* мүчөсү катышкан.

САКА Азыркы кыргыз тилинде *сака* сөзү «атууга ылайыктуу салмактуу жана коночок чүкө» маанисин берет. Көбүнчө аркар-кулжанын, тоо текенин чүкөлөрү *сака* болот. Андай чүкө жок болсо, койдун чүкөсүнөн тандап алат. Осетин тилинде *саг* сөзү «бугу» маанисин берет. Ушуга караганда байыркы мезгилде кыргыз тилинде да *сака* «бугу» маанисинде колдонулган дешке болот. Бугунун чүкөсү уйдун томпоюнан кичине келип, кой-эчкинин чүкөсүнөн чоң болгондуктан, аны сака кылып алууга ылайык болгон. Бирок азыркы кыргыздар жашаган аймакта бугулар жоголгон. Бугунун томпоюнан сака кылууга мүмкүн болбой калган. Анын ордуна кулжанын, текенин чүкөсүн же чоңураак болгон койгуттан сака кылууга туура келген. Ошондо мурда колдонулуп келген *сака* сөзүн функциялары бирдей болгондугу үчүн кичинекей сакаларга карата да айта бергендиктен, ал бугунун чүкөсү эмес чүкөлөргө карата да айтыла гурган болуп калган.

САЛАА *Колдун салаасы* же *салаа-салаа болгон чыбыр* делип айтылганда колдонулган сөз кыргыз тилине монгол тилинен келип кирген. Монгол тилинде *салах* этиши «бөлүн, ажыра, тара» маанисин берет. Андан *салаа(н)* «бөлүк, айрык, ача» деген зат атооч сөз жасалат (МРС, 344). Кыргыз тилине *сала* этиши кирбей, андан жасалган *салаа* сөзү гана кабыл алынган.

САНЖЫРА Арабча *шажра* сөзү «дарак» маанисин берет (АРС, 493). Ал «элдердин, уруулардын дарак сыяктанып бутактап бөлүнүшү жөнүндөгү маалыматтар» деген маани да берет. Мына ушул мааниси кыргыз тилине кабыл алынган. *Шажра* сөзүнүн тыбыштык түзүлүшү кыргыз тилинин түштүк диалектисинде бир аз өзгөрүлтүп, *ш* тыбышы *ч* тыбышына алмаштырылган. Ошондуктан Таластан ары жашаган жактагылар *чажыра* дешет. Түштүк диалектиде *ш* тыбышы *с* тыбышына алмашып, *ша* бөлүгүнөн кийин *н* тыбышы кошулган: *шажра>санжыра.* Мындай болуп сөз ортосунда *н* тыбышынын кошулуп кетиши араб тилинен кабыл алынган *ылаажы>ылаанжы* деген сөздө да кезигет.

САПЫР Кыргыз тилинде *сапыр* этиши «1) суюк нерсени сууту же аралаштыруу үчүн сүзүп алып кайта чубуртуп куюп туруу: *кымызды сапыруу, сорпону, сапыруу;* 2) желге салып данды топон-чардан тазалоо; *буудай сапыруу, кырман сапыруу;* 3) чачуу, тозоңдотуу, чаңдатуу: *үй ичин сапыруу, чаңды сапыруу, карды сапыруу;* 4) ысырап кылып, жоготуу, коротуу, курутуу: *малын сапыруу* (КТТС, 522). Бул этиштин *суур* этиши менен тектештигин К. Мусаев болжолдойт (Мусаев, 327). Биздин болжол боюнча, бул этиш *сап+ыр* бөлүктөрүнөн куралган. Анын *сап* уңгусу азыркы чувашча *сап* (ЧРС, 344), кыргызча *сеп* «майда же суюк нерсени бириндетип чачуу, себелөө» дегенге туура келет. Ага этиштин аркылуу мамилесинин *-ыр* мүчөсү жалганып, *сапыр* этиши келип чыккан. Мындай *-ыр* мүчөсү кыргыз тилиндеги *уч-учур, ич-ичир, көч-көчүр, бүт-бүтүр, өч-өчүр, кет-кетир, жит-житир, кат-катыр* сыяктуу сөздөрдө катышат.

«Сеп» маанисиндеги *сап* сөзүнө *-ыр* мүчөсү жалганганда *сапыр* сөзү келип чыкканда, ал мааниси боюнча *сеп* уңгусу билдирген мааниден алыстап кеткен башка маанини туюнтууга өткөн.

САРГАР Азыркы *сары* сөзү байыркы кезде *сарык* түрүндө болуп, азыркы *арык, торук* деген сөздөргө окшошуп турган. Ошол кездеги түрү денени саргайтып жиберчү *сарык* оорусунун атында сакталып калган. Мына ошол кездеги *сарык* сөзүнө этиш жасоочу *-р* мүчөсү жалгануудан *саргар* сөзү келип чыккан. Ал *ак-агар, көк-көгөр* сыяктуу сөздөрдүн тибинде жасалган. Кээде *саргар, карар* дегендин ордуна *саргай, карай* түрлөрүн да колдонобуз. Сөздүн составында *р* тыбышынын катар келиши айтууга кыйын болгондуктан, анын аяккысы *й* тыбышына алмаштырылган.

САСЫ Азыркы кыргыз тилинде *каңырсы, коңурсу, саңырсы* этиштери бар. Алардын этиш жасоочу *-сы* мүчөсү жалганып жасалганы оңой баамдалат. Бирок *каңыр, коңур, саңыр* уңгулары азыр өзүнчө сөз болуп колдонулбайт. *Саңырсы* этишинин ортоңку *ыр* тыбыштары түшүп калган варианты *сасы* да активдүү колдонулуп, *саңырсы* этишине маанилеш келет.

Сасы этишинин *саңырсы* деген толук түрүнөн келип чыгышын *тоборсу* этишинин ортоңку тыбыштары түшүп, *топсу* болуп айтылышы аркылуу кыйыр түрдө белгилөөгө болот. *Саңырсы, тоборсу* этиштерине этиш жасоочу *-сы* мүчөсүнүн алдындагы тыбыштар түшүп, уңгу бир муунга кыскарган: *саңырсы>сасы, тоборсу>топсу.*

САЯТЧЫ Арабча *саййат* сөзү кыргызча «мергенчи, аңчы, капканчы, кармоочу» маанисин берет (АРС, 570). Кыргызча *мерген* деп да, *мергенчи* деп да айта берүүгө боло берет. Ошол үлгү боюнча кесипти билдирген *-чы* мүчөсү ошол арабчадан кабыл алынган *саййат* сөзүнөн кийин да жалганып, *сайатчы* сөзү жаралган. Ал «куш күйүүчү» деген маани берип калган.

СЕБЕЛЕ *Сеп* этишине көп кайталанган кыймыл-аракетти билдирген *-ала* мүчөсү жалгануудан *себеле* деген түрү жаралган. Мындай мүчө *куу — кубала, теп — тебеле* деген сыяктуу учурларда айтылат.

СЕЙРЕК Байыркы түрк тилинде *седре* (ДТС, 481) этиши азыркы кыргызча «сейректе» этишинин маанисин берген. Ага этиштен зат атооч жасоочу *-к* мүчөсү уланып, *седрек* сөзү келип чыккан. Сөздүн ортосундагы *д* тыбышы *й* тыбышына өтүшүнөн кыргыз тилинде

сейрек сөзү жаралган, бирок алгачкы *седре* этишинин *сейре* уңгусу азыркы кыргыз тилинде өзүнчө сөз катары сакталган эмес.

СЕЛДЕЙ Кыргыз тилиндеги *селдей* сөзү *селей, сеней* болуп да айтыла берет. Бул элестүү этиштердин уңгусу—*сен, -дей, -ей* дегендери—мүчөлөрү. Сен уңгусу иранча санг «таш» деген сөздүн үндүү тыбышы өзгөрүлүп кабыл алынганы болуп эсептелет. Ошондуктан *селдей, селей, сеней* деген этиштер «таш сыяктуу катып, туруп калуу» деген маани туюнтат. Ал эми *сындын кара ташындай оор, зилдей оор, зыңкый* деген учурлардагы *сын, зил, зың* деген уңгулар да иранча *санг* сөзүнүн *сын>зын>зың>зыл* болуп кабыл алынган түрү болуп таанылат. Демейде иранча *санг* сөзү кыргызча *таш* сөзүнө синоним катары өзүнчө колдонулбаган менен, жогоркудай сөздөрдү жасоого катышат.

СЕМИЗ Бул сөз *семир* сын атоочу менен тектеш. *Жапыз* менен *жапыр* тектеш болгон сыяктуу эле, *з* тыбышы менен бүткөнү сын атоочтук маани берсе *р* тыбышы менен аяктаганы этиштик маани берип, экөө бири-биринен айырмаланган.

СЕН Азыркы *сен* ат атоочу *се+н* бөлүктөрүнөн турат. Анын *се* уңгусу *сиз, силер* дегендеги *си (<си+з, си+лер)* уңгусуна туура келет. Ушул уңгу *тиги//тигил* деген шилтеме ат атоочто *ти* түрүндө болот да, *с* тыбышы *т* тыбышына алмашат. Аягындагы *н* мүчөсүн жекелик санды билдирүүчү мүчө деп эсептөөгө болот. Алсак, ал мүчө *мен (<би+н)* деген сөздө да бар. Бирок бул *-н* мүчөсү *бул, тигил, ал* сөздөрү жөндөлгөндө аягындагы *л* тыбышы *н* тыбышына өтүп кеткен түрү болушу да мүмкүн: *бул+дан — мындан, тигил+де — тигинде* ж. б.

СЕРГЕК Бул сөз *сер+гек* бөлүктөрүнөн турат. Анын *сер* уңгусу азыркы *сез* этишинин *з* тыбышы *р* тыбышы менен айтылган варианты болуп эсептелет (Щербак, 1970, 57). Ага *-гак* мүчөсү уланып, *сергек* сөзү жаралган. Бул сөз мааниси боюнча «сезгич» деген сөзгө барабар келиши да жогоркудай теги боюнча бир уңгудан чыккан сөздөр болгондугуна байланышкан.

СЕРКЕ Айран же кымыз кошулган сорпо *ак серке* аталат. Мындагы *серке* сөзү иранча «уксус» маанисин берет. Сорпого айран же кымыз кошкондо, кычкыл даамданып, ичкиликтүү болуп, тамак сиңирүүгө

жакшы жардам берет. Ушундай касиетинен улам ал *ак серке* аталган.

СЕРМЕ Азыркы *серме* этиши *серп* этишине көп кайталанган кыймыл-аракетти билдире турган *-а* мүчөсү жалгануудан келип чыккан. Бирок ал мүчө өзүнүн маанисин күңүрттөнтүп жиберип, *серп* менен *серме* этиштери негизинен бирдей маани берип калган.

СИЗ *Сен* деген сөз *се+н* морфемаларынан турган сыяктуу эле, *сиз* деген сөз да *си+з* бөлүктөрүнөн турат. Мындагы *си сен* дегенге барабар келип, *-з* байыркы кездеги көптүк мүчө болуп эсептелет. Жалпысынан эң алгач *сиз* деген сөз *силер* дегенге барабар маани берген.

СОГОНЧОК Буттун таманынын арт жаккы бөлүгүн билдирген *согончок* сөзү *сок+ончок* бөлүктөрүнөн турат. Анын *сок* деген уңгусу азыркы эле *сок* деген этишке туура келет, ага адатты билдирген *-анчак* мүчөсү уланып, *согончок* сөзү жаралган. Бул сөз *сүзөнчөк, тебенчек, кабанчак* деген сөздөр сыяктанып жасалган. Болжолу, биздин ата-бабаларыбыз буттун соокшойт.

СОГУМ Кышында союуга арналып, атайын семиртилген мал *согум* аталат. Ал *сок* этишине зат атооч жасоочу *-м* мүчөсү жалгануудан келип чыккан. Мындагы *сок* этиши азыркы *сой* этишинин алгачкы түрү болуп эсептелет. Башкача айтканда, байыркы кездеги түрктөр малды согуп өлтүргөн. Ошол кезде айтылган сөз азыркы кездеги *согум* дегенде алиге сакталып кала берген. Кийин малды союунун жол-жоболору өзгөрүшү менен, байыркы *сок* этиши да тыбыштык жактан өзгөрүп, *сой* түрүнө келген. Натыйжада *сок* жана *сой* этиштери тыбыштык түзүлүшү жактан гана айырмаланбастан, маанилери боюнча да айырмалуулукка жетишкен.

СОГУШ Курал жок кезде адамдар муштуму менен, колуна кармаган союл, таш менен бирин-бири согуп урушкан. Кийин куралдын өркүндөтүлгөн ар кандай түрлөрү жаралган кезде деле мурдагы колдонулуп жүргөн *согуш* сөзү айтыла бере турган болуп, алгачкы мааниси кеңип кеткен. Азыр союл менен, муштум менен согушпай, танка, миномёт, ракеталар менен аткылап жатса деле, эски *согуш* сөзү колдонула берет.

СОЗ Азыркы *соз* сөзүнүн алгачкы формасы *чоз* деп эсептөөгө болот. Мындай түрү азыркы өзбек тилинде айтылат. Мына ушул *чоз* сөзүнүн *з* тыбышы *й* тыбышына өтүшүнөн *чой* этиши келип чыккан. Алгачкысы *чоз* түрү болбосо, мындай түрү чыгышы да мүмкүн эмес эле. Ошол *чоз* сөзүнүн башкы тыбышы *с* тыбышына алмашуудан *соз* түрү жаралган. Башкача айтканда, алгачкы *чоз* сөзүнөн *чой* жана *соз* этиштери келип чыккан.

СОКУ *Сок* этишине *-у* мүчөсү жалганып, *соку* деген зат атооч сөз жасалган. Бул сөздөгүдөй болуп уңгудан кийин жалгыз *-у (же -ы)* мүчөсү жалганып жасалган сөздөр кыргыз тилинде жок. Ошондуктан *соку* сөзү алгачкы *сок+ку* сөзүнүн бир *к* тыбышы түшүп калганы дешке болот.

СОКУР Байыркы түрк тилинде *сокур* сөзү болгон эмес, анын ордуна *көзсүз, теглүг* сөздөрү колдонулган (ДТС, 331, 548). Чуваш тилинде *көзсүз* сөзү «куссар» болуп айтылат (ЧРС, 198). Анын *кус* уңгусу кыргызча «көз» дегенге туура келип, *-сар* мүчөсү *-сыз* мүчөсүнө туура келет. Мына ушул сөз катар келген бир үнсүз тыбышты түшүрүп, *кусар* болуп айтылышынан азыркы *сокур* сөзү келип чыккан. Ал үчүн *кусар* сөзүнүн *к* жана *с* тыбыштары орундарын алмаштырып жайгашкан: *кусар>сукар>сокур.*

СООЛУК Кыргыз тилинде *соолук кой* делип, «козулуу кой» аталат да, *субай койго* карама-каршы коюлат. Бул *соолук* сөзү байыркы түрк тилинде *саглык* түрүндө айтылган (ДТС, 481). Сөздүн уңгусун *саг* сөзү түзөт, ал азыркы кыргызча *саа* этишине туура келет. Ага *-лык* мүчөсү жалганып *саглык,* сөзү келип чыгып, «саала турган» дегенди туюнткан. Кийин уңгунун аягындагы *г* тыбышы үндүүгө айланып, *саглык* сөзү *совлук>соолук* болуп өзгөрүп кеткен.

СООРОН «Ыйлаганын токтотуп, басылып калуу» маанисиндеги этиш сөз *соо+лон* бөлүктөрүнөн куралган. Мүчөнүн башындагы *л* тыбышы *р* тыбышына өтүп, ошонун натыйжасында кандай морфемалардан куралганы белгисиз болгон *соорон* сөзү келип чыккан. Чындыгында ал «соо болуп калуу» деген маанидеги сөздөн келип чыккан.

СӨӨЛЖАН Кыргыз тилинде өтө узун нерсеге карата *сөөлжандай чубалжыган* деп коёт. Мына ушул *чубалжыган* сөзү азыркы *сөөлжан* сөзүнүн келип чыгышына негиз болгон. Анткени *чубалган* же *чубалжы-*

ган деген сөз караимче, кумыкча *сувалчан* түрүндө айтылып, «кыл куртту» билдирсе, уйгурча *чувалчаң*, өзбекче *чувалчанг*, ногойчо *шувалшан*, татарча *суалчан*, башкырча *селәүсен* түрүндө келип, кыргызча *сөөлжанды* билдирет.

Алгачкы *чубалжыган* сөзү *чубалжан*>*субалжан*>*сүйалжан*>*сөөлжан* болуп өзгөргөн.

СУГАР Мындагы *суг* уңгусу — азыркы *суу* сөзүнүн байыркы формасы, *-ар* этиш жасоочу мүчө. *Суг* деген сөздүн *г* тыбышы үндүүгө өтүшүнөн *суу* түрүнө келген. Бирок *сугар* этиши жасалган кезде ал *суг* түрүндө айтылган. Бул *сугат* деген сөздө да сакталып калган.

СУПСАК Даам-татымы анчалык эмес тамакты *супсак* дейбиз. Мындагы *суп* уңгусу байыркы *суг* «суу» сөзүнүн *г* тыбышы *в* тыбышына өткөн абалынан өзүнөн кийин келген *с* тыбышынын таасири менен *п* тыбышына өтүп кеткени болуп эсептелет. Ага уланган *сак* мүчөсү *-са*+*к* деген бөлүктөрүнөн турушу мүмкүн. Андагы *-са* мүчөсү — *сууса*, дегендеги этиш жасоочу мүчө, *-к* мүчөсү — этиштен атооч жасоочу мүчө. Ал мүчө *ыйла* дегенден *ыйлак*//*ыйлаак* сөзү жасалганда этиштен сын атооч жасары даана байкалат.

СУУ I. Суунун химиялык составы H_2O экенин азыркы адамдардын баары билет. Ошону менен бирге суунун башка касиеттери да бар: суу агат, суусунду кандырат, кирди кетирет, жууп-тазалайт ж. б. Ушул сыяктуу касиеттеринин кайсынысы негизгиси катары таанылып, *суу* деген аты келип чыкканы азыр белгисиз.

Байыркы түрк эстелиттеринде бул сөз *суг* жана *сув* түрүндө болгон (ДТС, 513, 515). Ошону менен бирге «Огуз-намеде» *усуг* түрүндө да айтылат. Мисалы: *Сачы мүрен усугы дег, анұң тиши үнжү дег эрди. Ким Итилниң үзүгыдан нечүк кечербиз деб деди.* Мына ушул *усуг* сөзү эң алгачкысы болгон, ал *ус*+*уг* морфемаларынан куралган. Байыркы түрк тилинде *ус* этиши «сууса» маанисин берген (ДТС, 616). Ага этиштен зат, сын атооч жасоочу *-г (-ыг, -иг, -уг, -үг, -аг, -ег)* мүчөсү жалганып, *усуг* сөзү жасалган. Ал «суусунду кандыруучу» дегенге жакын маани туюнткан.

Түрк тилдеринде башкы үндүү тыбышы түшүп калышынан келип чыккан *суг* сөзү кеңири колдонула баштап, алгачкы *усуг* түрү унутулган. Ал эми *суг* түрү өзгөрүүсүз сакталып айтылганы хакас, тува тилдеринде колдонулат. Кыргыз тилиндеги *сугар, сугат* сөздөрүндө байыркы *суг* түрү өзгөрүүсүз кала берген. Өзбек, кара калпак жана кыргыз тилинин дифтонгулуу говорлорунда сөздүн аягындагы *г* тыбышы *в* болуп өзгөрүп, *сув* түрүнө келген варианты айтылат. Казак жана уйгур тилдеринде *г* тыбышы биротоло түшүп, *су* болуп айтылат. Мына ушул *су* сөзүнө *-са* мүчөсү уланып, этиш жасалганда уйгур тилинде метатезаланып, *усса* түрүндө болот. Байыркы кезде *сув* вариантына этиш жасоочу *-а* мүчөсү уланып, *сува* сөзү жасалган. Андай түрү азыркы өзбек, уйгур тилдеринде сакталган. Кыргыз тилинде *шыба* түрүндө айтылып, чуваш тилиндегидей *шыв* «суу» сөзүнө этиш жасоочу *-а* мүчөсү уланган түрү колдонулат.

СУУ II. «Ысык болбой, илеби кайтып, муздай түшүү» маанисинде айтылган сөз *суг*+*у* бөлүктөрүнөн турат. Мындагы *суг* азыркы *суу* деген зат атооч сөздүн байыркы түрү. Ага этиш жасоочу *-у* мүчөсү жалганып жасалган *сугу* түрүнүн ортосундагы *г* тыбышы түшүп, *суу* түрүнө келген. Азыркы *музда* этиши *муз*+*ла* дегенден келип чыгып, «муз болуп калуу» маанисин эмес, «ысык болбой, сууп калуу» деген маани берген сыяктуу эле, *суу* (<*суг*+*у*) сөзү да «суу болуп калуу» дегенди эмес, «суу сыяктанып салкын тартып калуу» маанисин берип калган.

СУУСАР Бул сөз *суу*+*сар* деген эки бөлүктөн турат. Анын *суу дегени*—азыркыча эле *суу*, ал эми *сар* дегени — иранча *-сар* мүчөсү, ал кыргызча *-луу* мүчөсүнүн маанисин берет. Ошондо *суусар* сөзү «суулуу» дегенге барабар маани берген сөздөн келип чыгат. Азербайжан, өзбек тилдеринде *сансар* сөзү да суусарды билдирет, бирок ал таштуу жердеги суусарды билдирет, анткени *сан* сөзү иранча *санг* «таш» дегенди туюнтат.

Элдин байкашы боюнча, суусардын эки түрү болот: бири тоолуу-таштуу жерде жашайт, анын төшү ак болот, экинчиси суулуу, токойлуу жерде жашайт, анын төшү сары болот. Ошондуктан алардын бири иранча *сансар* аталса, экинчиси түркчө *суу* жана иранча *сар* сөздөрү бириктирилип *суусар* аталган. Ошондой аталыштары менен бири-биринен ажыратылган. Бирок кыргыз тилинде суулуу жерде жашаганынын аты кеңири колдонулуп, аны менен таштуу жерде жашаганын да атай берүүгө өткөн.

Тянь-Шанда жашаган байыркы элдер булгунду *самур* деп, кундузду *сувсамуру* дешкен. Аны азыркы Суусамыр деген жайлоонун атынан билүүгө болот. Кундузду кырып-жоюп куруткан соң, ал жаныбардын өзү да, аты да жоюлуп, бир убакта ал жашаган жердин аты гана сакталып калган, *сувсамуру* деген сөз *кундуз* менен алмаштырылган. *Булгун* (соболь) менен *кундуздун* (выдра) айырмасы кескин болгон менен, алар байыркы кезде *самур* деген бир сөз аркылуу туюнтулган. Ошондой үлгүгө салып, төшүндөгү ак же сары түстүү жүнүнө карабай, *сууларды* бир сөз менен атоо кыргыз тилинде кабыл алынган.

СҮЗ *Сүзөт, сүздү* деген сөздөр көбүнчө уй, кочкор сыяктуу мүйүздүү айбандарга мүнөздүү экендиги талашсыз. Бирок *сүз* этиши жалаң эле мүйүзгө байланыштуу эмес. Маселен, футболчу топту сүзүп дарбазага киргизиши, адамдар урушканда бирин-бири сүзүшү мүмкүн.

Бул сөздүн келип чыгышынын түйүнүн түшүндүрүп берүүчү тилдик факт азыркы якут тилинде сакталып калган. Андагы *сүүс* сөзү «маңдай, чеке» маанисин берет (ЯРС, 353). Сүзүү үчүн мүйүздөн мурда маңдай колдонулат. Болжолу, байыркы түрк тилинде *сүс* сөзү «маңдай» маанисин берүү менен бирге, синкретизм кубулушу боюнча «маңдай менен сүзгөн кыймыл-аракетти» да туюнткан болуу керек. Дагы бир болжол боюнча, алгач *сүс* сөзү маңдайды туюнтса, ага этиш жасоочу *-ы* мүчөсү жалганып, *сүсү* этиши келип чыккан. Бирок аяккы үндүү тыбыш түшүп калган, ошондо *сүс* сөзү зат атоочтук да, этиштик да маани берип, омоним сөздөр жаралган дешке болот.

СҮЙЛӨ *Сөзлө (<сөз+ла)* деген сөздүн *ө* тыбышы *ү* тыбышына, *з* тыбышы *й* тыбышына өтүп, *сүйлө* түрүнө келген. Казак тилинде аны *сөйле* дейт. *Сөздө* түрү «Манас» эпосунда жолугат. Кыргыз тилинде *ө* тыбышы *ү* тыбышына алмашып кетип, *сүйлө* деген этиштин *сөз* менен байланышы жок сыяктанып калган.

СҮЙҮН Бул сөз *сүй+үн* бөлүктөрүнөн турат. *Сүй* үнгусу *бирөөну сүй* дегедеги *сүй* сөзүнө туура келет. Ага этиштин өздүк мамилесинин *-н* мүчөсү уланып, *сүйүн* сөзү жаралган. Адам сүйүнгөндө таттуу сезимде болуп, өзүнөн-өзү кубанып, кимдир бирөөну сүйүп калгандай абалда болот. Байыркы түрк тилинде да *сев* сөзү *сүй* дегенди билдирсе, *севан* сөзү «сүйүн» сөзүнө

туура келген (ДТС, 497). Бардык эле түрк тилдеринде *сүй* этиши менен *сүйүн* сөзү тектеш, экөө бир уңгудан келип чыгат.

СҮЛГҮ Карды же эгинди күрөө үчүн колдонулган курал *сүргү* аталат. Сүрүү менен жыгачты тегиздей турган курал да *сүргү* делет. Бул сөз *сүр+гү* бөлүктөрүнөн куралган. Жуунгандан кийин бети-колду сүртө турган буюмду да *сүргү* деп атаганда, экөөн чаташтырбас үчүн кийинкисиндеги *р* тыбышы *л* тыбышына алмаштырылган. Натыйжада *сүргү* жана *сүлгү* сөздөрү тыбыштык жактан айырмалуу болуп, экөө эки башка нерсени билдирип калган.

СҮРӨ «Коштоо, кубаттоо, колдоо» маанисиндеги *сүрө* сөзү *сүр* этишине көп кайталанган кыймыл-аракетти билдирүүчү *-а* мүчөсү жалгануудан куралган. Ат чабышта атты сүрөгөндө бир эле киши эмес, бир топ киши катышат.

СЫДЫР Кыргыз тилинин ичкилик говорунда *сыдыр* сөзү аркылуу адабий тилдеги *сыдыр* жана *сыйыр* деген эки этиштин мааниси туюнтулат. Адабий тилде *сыдыр* этиши *жалбыракты сыдыр, арпа салган идиштин оозун сыдыр, ичегини сыдыр* деген сыяктуу учурларда айтылат. Ал эми *сыйыр* этиши малдын *терисин сыйыр, жыгачтын кабыгын сыйыр, кийимин сыйыр* деген сыяктуу учурларда колдонулат. Булардын *сыдыр* варианты формасы боюнча алгачкысы болуп эсептелет. Байыркы түркчө дайыма *сыдыр* түрү пайдаланылган. Анын *д* тыбышы *й* тыбышына алмашканы кийинки пайда болгону болуп эсептелет. Мына ушул кийинкиси «бир нерсенин үстүн жаап турган бөлүгүн ажыратып алуу» деген мааниге ээ болуп, *сыдыр* бөлүнүп чыккан.

СЫЗ Бир «нерсенин бетине чийим түшүрүү» маанисиндеги *сыз* этишинин түпкү формасы *чыз* деп эсептөөгө болот. Анткени анын башкы *ч* тыбышы *с* тыбышына алмашуудан *сыз* түрү жаралса, аяккы *з* тыбышы *й* тыбышына алмашуудан *чий* варианты келип чыккан.

СЫЙЫРТМАК *Сыдыр* жана *сыйыр* этиштери алгачкы *сыдыр* сөзүнөн келип чыкканы жогоруда айтылган эле. *Сыйыртмак* сөзү формасы боюнча *сыйыр* этишине окшоп турган менен, мааниси боюнча *сыдыр* этишине туура келет. *Сыйыртмак* сыдырылып келип муунтуп кала турган болуп жасалат.

СЫН Кыргыз тилиндеги *сууктун тумшугу сынды, суунун тумшугун сындыр* деген сыяктуу учурларда айтылуучу *сын* этиши *сөөк сынды, мүйүзү сынды, колу сынды* сыяктуу учурдагы *сын* этишине сырткы түрү боюнча окшош, бирок маанеси башка. Мына ушу *сын* этиши алгачкы *ысын* (<*ысы*+*н*) сөзүнүн башкы *ы* тыбышы түшүп калышынан келип чыккан. Ушул сөздүн башындагы үндүү тыбыш түшүп калышы кара калпак тилинде да орун алат.

СЫПАЙЧЫ Суу киргенде көпүрөнү агызып кетпесин үчүн, суунун нугун бузуп кетпесин үчүн үч буттуу жыгачтардын ичине таш толтуруп, жээкти тосуп коёт. Мына ошондой үч буттуу жыгачтарды жасап, орногкон кишини *сыпайчы* дейт. Бул сөз иранча *си* — «үч», *пай* — «бут» жана кыргызча кесипти билдирген *-чы* мүчөсүнөн турат.

СЫЯ Кагазга жазуу үчүн пайдалана турган зат *сыя* делет. Ал сөз иранча *сиях* «кара» сөзүнөн келип чыккан. Орусча *чернило* деген ага маанилеш сөз да *черный* «кара» деген сөздөн келип чыгып, жаңы маанисинде тилге сиңип калган. Алгачкы кара түстү билдирген өзүнүн түздөн-түз мааниси күңүрттөнүп кеткен. Ошондуктан азыр *кара сыя, көк сыя, кызыл сыя* деп айта беребиз.

СЭЭЛДЕ *Жамгыр сээлдеп калды* деп айтып, жамгыр басаңдап калганын түшүнөбүз. Мындагы *сээлде* сөзү *саалда* сөзүнөн келип чыккан. *Саалда* дегендеги *а* тыбыштары *кууш э* тыбыштарына алмашып, *сээлде* түрү жаралган.

Т

ТААНДЫК Кыргыз тилиндеги *таандык* сөзү *таан*+*-лык* морфемаларынан куралган. Мындагы *таан* уңгусу *мага тен, сага тен, тен ал* сыяктуу учурда айтылган *тен* сөзүнүн өзгөргөнү болуп эсептелет. Казак тилинде ал сөз *тен* түрүндө айтылып, кыргызча *таандык* сөзүнүн маанисинде колдонулат. Ошол *тен* уңгусу кыргыз тилинде созулма үндүү менен айтылып, *-лык* мүчөсү уланып *таандык* түрүнө келген.

ТААРЫН Азыркы *таарын* этиши *таары*+*н* бөлүктөрүнөн турат. Анын *таары* уңгусу кыска үндүү менен айтылган *тары* этишине туура келет. *Тары* этиши *тар*+*ы* морфемаларынан куралып, «тар болуу» маанисин берет. Ошол эле этиш *ичи тарыды, пейли*

тарыды деген учурда айтылат. Башкача айтканда, ал тар буюм, кийим жөнүндө эле эмес, адамдын ою, пейли жөнүндө да колдонулат. Мына ушундай мааниде-ги *тары* этишине этиштин өздүк мамилесинин *-н* мүчөсү жалганганда келип чыккан сөз башкача маани берип калган. *Тарын* сөзү закон ченемдүүлүк боюнча «өзүн тар сезүү» деген мааниде болбостон, «бирөөгө нааразы болуу» маанисин берип калган. Кыргыз тилиндеги этиштерге *-н* мүчөсү жалганганда, айрым сөздөр ушундай семантикалык өзгөрүүлөргө дуушар болот. Мисалга *кирин, урун, түшүн* деген сөздөрдү келтирүү жетиштүү.

ТАБАРСЫК Бул сөз кыргыз тилине монгол тилинен кабыл алынган. Монголчо *давс(ан)* сөзү кыргызча *туз* дегенди билдирип, чувашча *тавар* дегенге туура келет. Мына ушул сөзгө *-ан* мүчөсү жалгануудан монголчо *давсан* «табарсык» (МРС, 137) сөзү жасалса, монголчо *давсаргах* «туздуу» сөзү кыргызча *табарсык* болуп өзгөргөн. Табарсыкты үйлөп жатканда анын туздуу даамы кошо сезилген. Ошондуктан монголчо «туздуу» сөзү кыргыз тилинде «табарсык» маанисинде колдонулуп калган.

ТАБЫЛГА Кызыл же бүдөмүк кызгылт кабыктуу бадалдын атын билдирген *табылгы* сөзү монгол тилинде *табылгана* жана *табилга* болуп варианттуу айтылып, табылгынын эки башка түрүн билдирет. Бул сөз байыркы түрк тилинде *табылгу* жана *табылку* варианттарында айтылган (ДТС, 526). *Табылгы* сөзү *табыл*+*гы* морфемаларынан куралган. Анын *табыл* уңгусу азыркы кыргызча *тамылжы* «кызыл түстүү болуу» (Юдахин, 700) этишинин уңгусун түзгөн *тамыл* сөзүнө тектеш. *Тамыл* жана *табыл* уңгулары *м*>*б* кубулушу боюнча өз ара варианттардан болуп эсептелет. Байыркы түрк тилинде *тамыл* же *табыл* деген «кызыл» маанисин берген өзүнчө сөз болгон. Мына ошол сөзгө *-ган(а)* мүчөсү уланып *табылгана* сөзү жаралган. Кийин *-ган(а)* мүчөсү кыскарып, *-га* түрүнө келип, анан *а* тыбышы *ы* тыбышына өзгөрүп, *-гы* болгон. *Табылгы* өзүнүн атын кызыл кабыгына жараша алган дешке болот.

ТАБЫН «Сыйын» маанисиндеги *табын* сөзү *тап*+*ын* бөлүктөрүнөн турат. Анын *тап* уңгусу байыркы түрк тилинде «сыйын» маанисин берген (ДТС, 533). Ага өздүк мамиленин *-н* мүчөсү жалганып, *табын* сөзү

жасалган. Бирок *тап* сөзү ал мүчөсүз кыргыз тилинде колдонулбай калган.

ТАГА Кыргыз тилинин айрым говорлорунда *тага* сөзү *тай аке* сөзүнүн маанисинде колдонулат. Ал сөздүн келип чыгышы да ошол *тай аке* сөзүнө формалык жактан да туура келет. Ал *тай+ага* дегенден турат. *Ага* сөзү менен бириккенде *тай* сөзүнүн *й* тыбышы түшүп, *тайага* дегендин ордуна *тага* сөзү жаралган.

ТАЗ Иран тилинде *тосидан* этиши «чирүү» деген маани берет (ТадРС, 397). Анын учур чактагы формасы *тос* болот. Мына ушул формасы түрк тилдерине кабыл алынып, аяккы *с* тыбышы *з* тыбышына алмаштырылып, *таз* түрүнө келип, кишинин куйкасын жеп коюучу ооруну жана ошондой оордуан кийин чачы биротоло жок болуп калган же ала чокул тагы бар болуп калган кишилерге карата айтыла турган сөз жаралган.

ТАКА Бир нерсени тиреп тургандай же түртүп тургандай кылып коюу кыймыл-аракети кыргызча *така* айтылат. Бул сөз *тая (тайа)* деген сөздүн алгачкы формасы болуп эсептелет: *така>тая*. Ал эми *така* сөзүнүн өзү болсо *так* этишине кыймыл-аракеттин узакка созулганын билдире турган *-а* мүчөсү жалганыудан келип чыккан. Башкача айтканда, азыркы *топчу так, орден так* деген учурда айтылган *так* этишинен *дубалга така, бооруна така* сыяктуу учурда айтылчу *така* этиши жаралып, билдирген маанилери айырмалуу болуп калган.

ТАЛПАК Кыргыз тилинде *талпак, талпай, талпагай* сөздөрү *жалпак, жалпай, жалпагай* сөздөрү менен маанилеш келет. Алгачкысы *талпак, талпай, талпагай* деп эсептесек, анын башкы *т* тыбышы *й* тыбышына өтүп, анан *ж* тыбышына айланганда *жалпак, жалпай, жалпагай* сөздөрү келип чыккан.

ТАМАК Ооз көндөйүнүн кызыл өңгөч менен туташкан жери *тамак* аталат. Ошол эле сөз «ичиле турган тамак» маанисин да берет. Биздин оюбузча, мындай болуп бир эле сөз эки башка маани берип калышынын тыгыз байланышы бар. Алтай тилинде *курсак* сөзү «адамдын курсагы» деген мааниде да «иче турган тамак» маанисинде да боло алат. Аларда курсакка бара турган нерсе *курсак* аталып, «тамак» маанисин берип калса, кыргыз тилинде тамактан өтчү нерселер *тамак* аталып калган. Ушуга караганда азыркы *азык* сөзү байыркы *агыз* сөзүнөн келип чыгышы мүмкүн. Байыркы түркчө *агыз* «ооз» дегенди билдирген. *Агыз* сөзүнүн *г* жана *з* тыбыштары метатезаланып жайгашуусунан *азык* сөзү келип чыгышы мүмкүн.

ТАМАН Буттун жерге тийип турган жери кыргыз тилинде *тапан* жана *таман* түрүндө айтылат. Булардын алгачкысы *тапан* варианты болуп эсептелет. Ал *тап+ан* бөлүктөрүнөн куралган. *Тап* уңгусу азыркыча *теп* деген сөзгө туура келет. Кыргызча *теп* сөзү чуваш тилинде *тап* болуп айтылат (ЧРС, 442). Ага этиштен атооч жасоочу *-ан* мүчөсү жалганып, *тапан* «тебүүчү жер» деген сөз жаралган. Мындай аты адам, жаныбарлар бутунун таманы менен тебе турган өзгөчөлүгүнө жараша берилген болуу керек.

Тапан сөзү кыргыз тилинде дайыма алчы конгудай кылып таманы тегизделип чабылган жана таа туруучу жаккы кырлары алынып салынган сакага карата да, ошол чүкө сыяктанып, сөздөн жеңилбей, бир жооп таап кутулуп кете турган какшаак кишиге карата да айтылат. Анын баары *буттун таманы* деген маанидеги тапан сөзүнөн өнүккөн. Алгач таманы чабылган сака болуп айтылган тизмек кыскартылып, жөн эле *тапан* делип айтылууга өткөн. Анан ошол сака сыяктанган адамдарга карата айтыла баштаган.

Тапан түрү *үч тапан* деген чүкө оюнунун атында жана *төө тапан* деген өсүмдүктүн атында туруктуу айтылат. Калган учурларда *п* тыбышы эки үндүүнүн ортосунда *м* тыбышына өткөн *таман* варианты колдонулат. Мисалы: *бир таман жол, таман тузак, таман акы, маңдай тер, коктунун таманы, өтүктүн таманы* ж. б.

ТАМГА Байыркы түрк тилинде *там* этиши болгон. Ал «күй» этишинин маанисин берген. Азыркы *отту тамыз* деген учурда колдонулган *тамыз* этишинде *там* уңгусу алигиче сакталган. Мына ушул уңгуга *-га* мүчөсү жалганганда жаралган *тамга* сөзү «күйүк» дегенге жакын маани берген. Анткени байыркы түрктөр малына ысык темирди басып, терисин күйгүзүп белги салган. Ар бир уруунун өзүнчө белгиси болгон. Аны *тамга* деп атаган.

Кийин ар кандай тамгалар жазуудагы белгилерге карата колдонулуп, жалаң эле малга басылган белги эмес, «жазууда пайдаланылган белги» маанисин да берип калган. Ошентип, алгачкы «күйүк» дегенге жакын маанисинен абдан алыстап кеткен азыркы күндөгүдөй мааниси келип чыккан.

ТАМЫР Өсүмдүктөрдүн жерге орунтукталып турушун жана азык заттарды сиңирип алышын камсыз кылуучу бөлүгүн *тамыр* дейбиз. Адамдын, айбанаттардын денесине кан жүгүрчү түтүкчөлөр да *тамыр* аталат. Мына ушул *тамыр* сөзү *тарам* (<*тара*+*м*) сөзүнүн тыбыштары өзгөрүшүнөн келип чыгат. Алгач *тарам* сөзүнүн *р* жана *м* тыбыштары орундарын алмаштырып, *тамыр* болуп өзгөргөн. Кийин акыркы муундагы *а* тыбышы *ы* тыбышына өзгөрүп, *тамыр* түрүнө келген. Алгач *тарам* сөзү «өсүмдүктүн жерге тараган бөлүгү, жаныбардын денесине тараган майда түтүкчөлөрү» маанисин берип, *тара* этишинен жасалганы даана болуп турган.

ТАНДА Кыргыз тилинде *талда* этиши «тал-тал кылып бөлүү» маанисин берет. Мына ушул этиштин *л* тыбышы *н* тыбышына өтүшүнөн *танда* сөзү келип чыккан. Тыбыштары алмашуу менен экөөнүн мааниси да айырмаланган. *Талда* этиши «анализдөө» деген маани да берсе, *танда* этиши «жакшысын ылгап алуу» деген маани берип, экөө эки башка сөзгө айланган.

ТАПАН Сөзгө жеңилбеген, бир сөз таап кутулуп кете турган кишини *тапан* деп коёбуз. Ал чүкө ойнундагы сакага карата айтылган сөздөн келип чыгат. Сакасы алчысынан жазбай консун үчүн айрымдар анын таа жаккы кырларын кесип таштайт. Ошондо сакасы таа турбай турган болуп калат. Андай саканы *тапан* деп коёт. Ушул маанидеги сөздү адамга карата колдонууга туура келген. Тапан сака дайыма айкүрүнөн жазбаган сыяктуу айрым адамдар сөзгө жеңилип калуунун ордуна эптеп сөз таап, кайра жеңген кишинин ролунда болуп турат. Ошондуктан аны да таа жагы жок чүкөгө салыштырып, *тапан* деп атаган.

ТАПТА Бул сөз *тап*+*та* деген бөлүктөрүнөн куралган. *Тап* уңгусу — азыркы кыргызча *теп* этишинин чувашча формасына туура келген варианты. Ошол *теп* этишине *-ла* мүчөсүн жалгаганда көп кайталанган кыймыл-аракетти билдирип калат. Казылган жердин топурагын тапташ үчүн бир нече жолу тебелөө керек.

Кийин *тапта* этишинин мааниси кеңип, бут менен тебелеп-тепсөөгө байланышпаган кыймыл-аракетти да түшүндүрүп калган. Алсак, *дубалды таптаганда* атайын аспап колдонулат, *баланы таптаганда* кол жумшалат.

ТАПШЫР Байыркы түрк тилинде *тапыш* сөзү «тапшырма» маанисин берген (ДТС, 534). Ага этиш

жасоочу *-ыр* мүчөсү жалганып, *тапшыр* сөзү жасалган. Ошол *-ыр* мүчөсү жалганганда *п* тыбышынан кийинки *ы* тыбышы түшүп калып, *тапшыр* түрүнө келген. Бирок сөздүн мааниси өзгөргөн эмес. Кыргыз тилинде *тапшыр* этишине *-ма* мүчөсү жалганып жасалган *тапшырма* сөзү кайра эле байыркы *тапыш* деген зат атооч сөздүн маанисин берип калган.

ТАРАМЫШ Жаныбарлардын булчуң этин сөөктөрү менен туташтырып, чоюлуп, кайра жыйрылып тура турган зат кыргыз тилинде *тарамыш* аталат. Ушул заттын чийкисин тарап-тарап алып, чыйратып, жип кылып, бир нерсени тигүү үчүн пайдаланат. Тарап алышы ошол заттын *тарамыш* аталышына алып келген. *Тара* этишине *-мыш* мүчөсү жалганган. Огуз тобуна кирген түрк тилдеринде *-мыш* мүчөсү башка түрк тилдериндеги *-ган* мүчөсүнүн маанисинде колдонулат. Айрым заттардын аты ушул мүчөнүн жалганышы менен жасалганы кыргыз тилинде да учурайт. Мисалы: *тушамыш* (<*туша*+*мыш*), *жазмыш* (<*жаз*+*мыш*), *жөргөмүш* (<*жөргө*+*мүш*, *кылмыш* (<*кыл*+*мыш*) ж. б.

ТАРАНЧЫ Адам баласы жашаган жерге жакын жүргөн кичинекей бозомук чымчык кыргыз тилинде *таранчы* аталат. Бул сөз *тары*+*н*+*чы* бөлүктөрүнөн турат. *Тары* этиши байыркы түрк тилинде «эк, сеп, айда» маанисин берген (ДТС, 337). Ага зат атооч жасоочу *-н* мүчөсү жалгануудан жаралган *тарын* сөзү «эгинди» туюнткан. Дүмбүл болгондон баштап эгиндин данын жеп тамактанган чымчык *таранчы* «эгинчи» аталган. Чындыгында эле *таранчы* эгин жей турган чымчык. Андан эгинди коргоо үчүн адамдар ар кандай амалдарды колдонот.

ТАРУУ Байыркы түркчө *тары* сөзүнө зат атооч жасоочу *-г* мүчөсү жалганып, *тарыг* сөзү келип чыккан. Ал мааниси боюнча азыркы «эгин» дегенге туура келет. Бирок ал сөз байыркы кезде «тарууну» да туюнткан (ДТС, 537). Болжолу, байыркы түрктөрдүн айдаган эгини көбүнчө *таруу* болгон. Аны актап алып сүт, каймак, айран менен ичүүгө, же сууга кайнатып жешке оңой болгон. Көчмөн элге *таруу* абдан ылайык келген дан эгин болгон. Ал анчалык багууну талап кылган эмес. Жайлоого көчөрдө айдап койсо, кайра жакага келгенде оруп алган. Ал бир жолку сугарууудан өтсө, же жаан-чачындын суусунан ичсе эле жетиштүү болот. *Тарыг* деген байыркы түрүнүн аяккы

үнсүз тыбышы кыргыз тилинде үндүүгө айланып, алдындагы *ы* тыбышы экөө биригип, созулма *уу* тыбышына өзгөргөн. Кыргыз тилинде *тары* деген байыркы этиш «эк» маанисинде сакталып калган эмес. Бирок андан жасалган *таранчы, тануу* сөздөрү алигиче колдонулуп келе жатат. *Тануу* сөзүнүн алгачкы маанисси «эгин» сөзүнө барабар экени унутулуп, кара эгиндин бир түрүнүн атын гана билдирген сөз болуп калган.

ТАТАР *Кызарып-татарып, көгөрүп-татарып* деген кош сөздөрдүн тизмегинде айтылуучу *татар* этиши азыркы уйгур тилинде *татиримек* (УйРС, 269), якутча *тэтэр* (ЯРС, 429) болуп өзүнчө айтылат. Ал сөз *тат+ар* бөлүктөрүнөн турат. Байыркы түрк тилинде *тат// тут* сөзү азыркы кыргызча *дат* «металлдын даты» маанисинде болгон (ДТС, 591). Ага этиш жасоочу *-р* мүчөсү жалганып, *татар* этиши келип чыккан. Ал «дат баскан түскө келүү» деген маани берген. Дат басканда ар түрдүү металл ар башка түстө болот: бири бозорсо, бири кызарат.

ТАТТУУ *Даамы таттуу* деген учурда айтылган *таттуу* сөзү *тат+туу* бөлүктөрүнөн куралган. Анын *тат* уңгусу азыркы чуваш тилинде *тута* түрүндө келип «даам» маанисин берет (ЧРС, 499). Чувашча *тутла* сөзү кыргызча *таттуу* дегенди билдирет. Кандайдыр бир нерсенин бардыгын туюнткан *-луу* мүчөсү кыргыз тилинде *-туу* түрүнө келген. Кыргыз тилиндеги *даамын тат* деген учурдагы *тат* этиши байыркы *тат* «даам» сөзүнө уңгулаш сөз болгон. Азыркы *таты, татым, татык* сөздөрү «даам» маанисиндеги сөзүнөн келип чыккан: *тат+ы, тат+ы+м тат+ы+к.*

ТАШТАК Азыркы *таштак* сөзү *таш+так* бөлүктөрүнөн турат. Анын *-так* мүчөсү — азыркы *-луу* мүчөсүнүн байыркы түрү болгон *-лак (-лык)* мүчөсүнүн варианты. Ошондуктан *таштак* сөзү мааниси боюнча *таштуу* деген сөзгө жакын келет.

ТАШТЕК *Чылапчын* дегенге маанилеш келген *таштек* сөзү иранча *ташт+ек* бөлүктөрүнөн турат. Анын *ташт* уңгусу «жезден жасалган чоң чылапчынды» билдирет. Ага кичирейтүүчү *-ек* мүчөсү жалганып, *таштек* сөзү жаралган. Ал сөз кыргыз тилине кабыл алынган.

ТАЯ *к. така.*

ТЕБЕЛЕ *Теп* этишине кыймыл-аракеттин дагы көпкө созулганын туюнта турган *-ала* мүчөсү кошулгандан *тебеле* этиши жаралган. Мындай мүчө *сеп — себеле, куу — кубала* сөздөрүндө да катышат.

ТЕГЕРЕК Азыркы *тегерек, тегерен, тегерет* сөздөрүнүн уңгусу *тегер* экени ага жалганган *-ек, -ен, -ет* мүчөлөрүн бөлүп алганда даана көрүнөт: *-ек* мүчөсү этиштен зат атооч жасоочу мүчө, *-н* этиштин өздүк мамилесинин, *-т* болсо — этиштин аркылуу мамилесинин мүчөсү. Бирок *тегер* уңгусу өзүнчө маани берген сөз катары алиге сакталып калган эмес. Мына ушул *тегер* уңгусу *тегирмен* деген сөздүн уңгусун түзгөн *тегир* менен тектеш. *Тегирмен* сөзү *тегир+мен* бөлүктөрүнөн турат. Анын мындай аталышы ташынын тегеренип айланып турушуна байланышкан. Ушуга караганда *тегир* сөзү «тегерен, айлан» маанисин берген сөз болгон. Азыркы чуваш тилинде тавар этиши «айлан, тегерен, кайтар» маанисинде айтылат (ЧРС, 436). Ал тилде *тегер* этиши алиге сакталып калган.

ТЕГИЗ Азыркы *тегиз* сөзү *тег+из* бөлүктөрүнөн турат. Анын *тег* уңгусу азыркы *тең* деген сөзгө барабар келет. Байыркы *тег* сөзүнүн аягындагы *г (к)* тыбышы *ң* тыбышына алмашуудан жаралган ***тең*** вариенты алиге сакталып калган, *тег* уңгусунун өзү жеке сөз катары колдонуудан чыгып, *текши, текшер* деген сөздөрдүн составында гана сакталып калган. Мына ошол *тек* уңгусуна сын атооч жасоочу *-ыз* мүчөсү улануудан *тегиз* сөзү жасалган. Ал эми ага *-шы* мүчө жалганууудан жасалган *текши* сөзү да *тегиз* дегенге барабар маани берет. Ушуга караганда *-ыз* мүчөсү менен *-шы* мүчөсү синонимдеш, же тектеш *(-ыз>зы>сы>шы)* деп кароого болот. Ал эми *текшер* этиши болсо мына ушул *текши* деген сөзгө этиш жасоочу *-р* мүчөсү жалгануудан келип чыккан. Ал алгач «тең, тегиз, текши кара» маанисиндеги сөз болгон.

Байыркы *тег (тек)* сөзүнүн аягындагы үнсүз тыбыш *й* тыбышына өзгөрүүдөн азыркы *-дай* мүчөсү келип чыккан. Анткени байыркы түрк жазууларында *тег* сөзү салыштырылган сөзүнөн кийин удаа айтылып, *теңиз тег* — «деңиздей», *бөри тег* — «бөрүдөй» деген учурларда колдонулган. Азыркы өзбек тилинде *ушиндаг, ундаг* деген сыяктуу учурларда байыркы түрүнө жакын *-даг* түрү алиге сакталып калган. Кыргыз тилинде болсо алар «ушундай, андай» түрүнө келип, бардык учурда тең эле *-дай* болуп өзгөргөн.

ТЕКЕЙ Кыргыз тилиндеги *текей* сөзү орусча «козелец» болуп которулса, ал латынчадан орусча котор-

гондо «козлобородник» болуп которулат. Анткени текейдин гүлү текенин сакалы сыяктанып көрүнөт. Кыргызча *текей* сөзү анын гүлүнө карата эмес, жалбырагына жараша коюлган. Анткени текейдин жалбырагы текенин мүйүзү сыяктанып өсүп, кудум текенин мүйүзү сыяктанып муунак-муунак бүгүлүп турат. Ошол текенин мүйүзүнө окшогон жалбырагы бар өсүмдүктү атоо үчүн кыргыздар *теке* сөзүн алып, анын аягына *й* мүчөсүн кошкон. Элде текейдин *кой текей, эчки текей, жылкы текей, жылан текей* деген түрлөрү ажыратылат.

ТЕМЕНЕ XI кылымда жазылган Махмуд Кашгаринин «Диванында» *темен йигне* аталган нерсе азыркы кыргыз тилинде *темене* делет. Бул сөздүн биринчиси — *темен* монголчо *темээн,* «төө» деген сөз. Ал эми *йигне* кыргызча *ийне* дегенге туура келет. Эки сөз биригип, кыргыз тилинде *темене* болуп кыскарганда, анын составында *темен* жана *ийне* деген сөздөр бар экени байкалбай турган болуп калган.

ТЕМИН Малдын туягы менен эгинди тебелетип майдалатып алганда айтылчу *темин* сөзү жана *атты темин* дегенде айтылчу *темин* этиши *теп+ин* бөлүктөрүнөн турат. Зат атоочтук маани жасоочу *-н* мүчөсү жасалганда *теп* деген этиштин *п* тыбышы *м* тыбышына өзгөрүп кеткен: *тепин>тебин>темин.*

ТЕМИР Кыргызча *темир* аталган металл бардык эле түрк тилдеринде да ушундай аталат. Монгол тилинде *төмөр* делет. Мына ушул сөз байыркы *теңри* «1) асман; 2) кудай» маанисиндеги сөздөн келип чыгат дешке болот. Анткени байыркы кезде жердеги кендерден темирди эритип алууну адамдар алиге өздөштүрө элек болчу. Алар асмандан метеориттер менен кошо түшкөн темирден гана пайдаланышкан. Байыркы египеттиктер аны *бен-пет* «асмандан түшкөн темир» деп аташса, байыркы гректер *ендерос* деп атап, «жылдыз, асман телосу» деп түшүнүшкөн. Биздин эрага чейинки 14-кылымдагы хетт жазуусунда *темир* асмандан түшкөн металл делип жазылган. Байыркы түрктөр да темирди асмандан түшкөн металл деп билип, аны *теңир (теңри)* деген сөздүн *ң* тыбышын *м* тыбышына өзгөртүп аташкан. Алгач ал сөз *теңир коргошун* түрүндө айтылышы мүмкүн. Кийин аныкталгычы *(коргошун же калай)* түшүп, аныктоочунун өзү эле *(темир)* ал экөөнүн маанисин берип калган окшойт.

Чагылган түшкөн жерден табылган ташты *кан темир* аташы да бекер эмес сыяктанат.

ТЕРДИК Кыргыз тилинде *тердик сөзү* желдик менен ичмектин ортосундагы токулганын атын билдирет. Бул сөз алгачкы маанисин өзгөртүп, башка маани туюнтуп калган. Аны *тер+дик* деген бөлүктөрдөн турары аныктап турат. Аттын тери жуга турган болуп, эң алдына салынган токулга байыркы түрктөрдүн убагында *терлик (<тер+лик)* аталган. Азыр анын ордуна *ичмек* салынат, аттын тери ичмекке жугат, *тердик* кургак калат.

ТЕСКЕЙ Тоонун күнгө бет жагы *күңгөй (<күн+гөрү)* аталган сыяктуу эле күн аз тийген жагы *тескей* делет. Бул сөз *терс+кери* деген бөлүктөрдөн турат. *Терс* сөзүнүн *р* тыбышы түшүп, *тес* болуп кыскарса, багытты билдирген *-гери* мүчөсүнүн аяккы үндүүсү түшүп, *р* тыбышы *й* тыбышына алмашкан. Алгачкы «тоонун тескери жагы» деген маанидеги сөздөн азыркы *тескей* сөзү келип чыккан.

ТЕСКЕРИ *Тескери* сөзү алгачкы *терс+гару* морфемаларынан турат. *Терс* уңгусу *-терс* сөзүнүн *р* тыбышы түшкөн варианты. Ага багытты билдирген *-гару* мүчө уланган.

ТЕТИРИ Байыркы түрк тилинде *тет* этиши «каршы чыгуу, каршылык кылуу» маанисин берген (ДТС, 556). Мына ушул *тет* этишине *-ир* мүчөсү уланып, аркылуу мамилесинин формасы жасалып, ага чакчыл *-и* мүчөсү уланышы мүмкүн. А. Н. Кононов байыркы түркчө *ташра//ташру* «тышкары» деген сөздүн *таш+ыр+у* морфемаларынан келип чыгышы жөнүндөгү В. В. Радловдун, Рясенендин жана Араттын пикирлерин эскерет (Кононов, 1980, 136). Ушул сыяктуу жол менен алгачкы чакчыл этиштик маанидеги сөз тактоочко айланып, кийин *тетру,* «1) кайра, артка, тетири; 2) карама-каршы, туура эмес, тескери» (ДТС, 556) сөзү келип чыккан.

Байыркы *тетир* сөзүнүн тыбыштары ар кандай тыбыштык өзгөрүүлөргө учурашынан азыркы *терс, тескей, тескери, терши* сөздөрү келип чыгышы мүмкүн. Ал үчүн *тетир* сөзүнүн *р* жана ортоңку *т* тыбыштары метатезаланып *терт* болуп өзгөргөн. Кийин аяккы *т* тыбышы *с* тыбышына өтүп, *терс* сөзү жаралган. Ал эми *каршы-терши* деген кош сөздө *терс* сөзүнүн *с* тыбышы *каршы* сөзүнүн составындагы *ш* тыбышына ылайыкташып кеткен: *терси>терши. Терс* сөзүнүн *р* тыбы-

шы түшүшүнөн азыркы *тескери, тескей* сөздөрүнүн уңгусун түзгөн *тес* жаралган.

ТИБИРТКЕ «Тилге чыккан тибирткени түкүрмөйүнчө кетпейт» деп эл ишенип, түкүртүү ырымын жасайт. *Тибиртке* сөзү кадимки эле *түкүрткө* дегенге туура келет. Азыркы азербайжан тилинде *түпүр* (АзРС, 346) болуп айтылган сөз якутча *тибиир* (ЯРС, 382) болуп айтылып, кыргызча *түкүр* этишине туура келет. *Тибиртке* деген сөздө якутча формасы негиз болуп алынып, ага *т* жана *-ка* мүчөлөрү жалганган.

ТИГИ Кыргыз тилиндеги шилтеме ат атоочторду шарттуу түрдө үч жакка таандык кылып эсептегенде, *бу(л)* биринчи жакка, *тиги(л)* экинчи жакка, *а(л)* үчүнчү жакка ыйгарылат. Алардын *бу(л)* дегени байыркы *би(мен)* сөзүнө жакындашса, *а(л)* дегени *ал* деген үчүнчү жактагы ат атоочко туура келет. Ал эми *тиги(л)* дегени байыркы *си (сен)* сөзүнө көп окшойт. *Тиги(л)* сөзү аралыктын алыстыгын көрсөтүү үчүн колдонулганда, алдына *тээ* морфемасын кошуп, улам созула берет: *тиги-тээтиги, тээ-тетиги,* Ал эми *аркы-терки басуу* деген учурдагы *те* уңгусу да жогорку *ти* дегендин бир түрү болуп эсептелет.

Мына ушул *ти//те* уңгусу *сен* жана *сиз* деген сөздөр менен уңгулаш. Эгерде эң алгачкысы *си* деп эсептесек, анда анын *с* тыбышы *т* тыбышына алмашуудан *ти* уңгусу жаралган. Эгерде *ти* дегени алгачкысы болсо, анда *сен, сиз* деген учурдагы *си, се* деген уңгу *т* тыбышы *с* тыбышына өзгөргөн болуп чыгат. Ошол *ти* деген уңгуга *жогорку, ылдыйкы, эмки, төмөнкү* деген сыяктуу учурда жалганчу *-гы* мүчөсү уланып, *тиги* сөзү жаралган.

ТИЛ Байыркы түрк тилинде *ти* этиши *те* түрүндө да айтылып, азыркы кыргызча *де* этишинин маанисин берген. Ага этиштен зат атооч жасоочу *-л* мүчөсү *жыр-га-жыргал, болжо-болжол, куура-куурал* деген сыяктуу сөздөрдө да катышары азыркы кыргыз тилинде даана байкалат. Азыркы *кароол дөбө* тизмегин *кароол-чу дөбө* деп түшүнгөнгө барабар десек, анда *тил* сөзү да *«дей турган орган»* дегенди билдирген сөз болуп чыгат.

ТИЛЕ Жогорку *тил* сөзүнө этиш жасоочу *-а* мүчөсү жалганып, *тиле* сөзү жасалган. *Тиле* этиши азыркы кыргыз тилинде эки маани берет: «1) каала, тилек кылуу; 2) суроо (мисалы, *кайыр тиле*)».

ТИРҮҮ Бул сөздү *тирил, тирик, тиргиз* сөздөрү менен салыштырып, уңгусу *тир* экенин билүүгө болот. Бирок *тир* уңгусунун мааниси азыркы кыргыз тилинде белгисиз.

Байыркы түрк тилинде *тир* этишинин өзү эле «жаша, тирүү жүр» маанисин берген (ДТС, 561). Ага *-ик* мүчөсү уланып, *тирик* сөзү жаралган. Анын аяккы *к* тыбышы алгач *в* дифтонгуна, анан *в* тыбышы үндүүгө айланышынан *тирүү* сөзү келип чыккан: *тирик*>*тирув*>*тирүү*.

Алгач *тирик* сөзү *өлүк* деген сөзгө карама-каршы болуп, «өлүк эмес» дегенди билдирген. Кийин *тир* этишинин өзү колдонулбай калып, *тирүү* деген сөздүн кандай сөздөн келип чыгары да унутулган.

ТОГОЛОК Шар түрүндөгү нерсени *тоголок* деп коёбуз. Аны *томолок* деп айтса да болот, экөөнүн маанеси бирдей. Анткени ал экөө тең алгачкы *топ+ала+к* морфемаларынан келип чыгат. *Топ* деген сөз этиш жасоочу *-оло* мүчөсү кошулуп, *тополо* сөзү жаралган. Андан кийин *п* тыбышы *б* тыбышына өзгөрүп, *тоболо* болгон. Ушундай түргө келген сөздүн *б* тыбышы *м* жана *г* тыбыштарына алмашуудан *томоло* жана *тоголо* сөздөрү жаралган. Аларга зат атооч жасоочу *-к* мүчөсү уланып *томолок, тоголок* келип чыккан.

ТОГУЗ *Отуз* жана *үч* сөздөрүнүн келип чыгышы жөнүндөгү пикирибиз туура болсо, анда *тогуз* (байыркы түркчө *токуз*) сөзү *готуз (же котуз)* сөзүнүн *гот* (же *кот*) бөлүгүн тескерисинен окуган сыяктуу кылып *ток, тог* түрүнө келтирүүдөн жаралган. *Отуз* алгачкы *готуз* же *котуз* сөзүнөн чыкканы, ал *үч* деген маанидеги сөз экени *отуз* деген сөздө айтылган эле. Ал «үч он» дегенге барабар маани берген болсо, *тогуз* сөзү ошол эле сөздүн тыбыштары орундарын өзгөртүп жайгашуу менен «үч жолу үч» же «3×3» деген маанидеги сөз деп эсептөөгө болот.

ТОКМОК Байыркы түрк тилинде *токы* сөзү менен *сок* сөзү бирдей мааниде болгон. Ал кезде *токы* этиши 8 мааниде, *сок* этиши 3 мааниде колдонулган (ДТС, 808, 876). Азыркы кыргыз тилинде болсо, тескерисинче, *сок* этишинин 6 мааниси, *току* этишинин 2 мааниси бар. *Өрмөк согуу, тор согуу* деген учурдагы *сок* сөзүн *току* сөзү менен алмаштырылып айтууга азыркы кыргыз тили жол берет: *өрмөк току, тор току.* Байыркы түрк тилинде *дубал току, душманды току, темирди току, жүрөк токуды* деп айтууга мүмкүн бол-

гон. Алардын баары азыркы кыргыз тилинде *сок* сөзү аркылуу айтылат: *дубал сок, душманды сок, темирди сок, жүрөк сокту* ж. б.

Казыкты жерге кага турган курал *токмок* аталышы да ошол кездеги *току* этишинин активдүү колдонулуп жүргөн мезгилине таандык. Болжолу, эң алгачкы түрү *токы* этиши болгон окшойт. Анын башкы *т* тыбышы *с* тыбышына алмашып, аяккы үндүүсү түшүп, *сок* түрүнө келген. Мына ушул кийинкиси кеңири колдонула баштап, алгачкы *току* түрү азыркы кыргыз тилинде пассивдүү болуп калган. Бирок *тор току, токмок* сыяктуу учурларда алиге сакталып калган.

ТОКОЙ Бул сөз кыргыз тилине башка түрк тилдеринен келип кирген, түпкү теги боюнча монгол сөзү. Монголчо *тохой* сөзү «1) чыканак; 2) тохой (0,32 см. келген узундук чени); 3) *өтм.* суунун, дарыянын имерилген жери» (МРС, 414) маанисин берсе, татарча *тугай* сөзү «1) суунун, дарыянын имерилиши; 2) суунун жээги, шалбаа; 3) бадал токой (ТРС, 551) маанисин туюнтат. Кыргыз тилинде *токой* сөзү суу жээгиндеги ийри-буйру жерлерге өскөн бадалдарды гана эмес, тоолордо өскөн жыгач калың өскөн массивди да туюнтуп калган. Ушундай мааниде түркмөнчө *токой*, кара калпакча *тогай* сөзү да айтылат.

Монголчо *тахийх* «ийил, имерил, бүгүл» маанисин берет. Андан *такым* сөзү келип чыгат. Ошону менен бирге *тахы* этишинин үндүүлөрү өзгөрүп кеткен *тохи//дохи* варианттары да кеңири колдонулат. Ошол *тохи* уңгусунан монголчо *тохир* «1) ийрилген, ийри; 2) майып болгон, чолок», кыргызча *төкөр* сөзү жаралган. Ал эми *тохи* этишинен сөз болуп жаткан *тохой* (<*тохо+й*) сөзү жаралып, ал «колдун ийрилип, кайра жазылып турган чыканагы» деген маани берген. Түрк тилдерине *тохой* сөзүнүн «чыканак» мааниси кирбей, ал сөздүн кийин пайда болгон мааниси кирген. Ошол калыбында тим болбостон, *токой* сөзүнүн мааниси дагы кеңип, кыргыз тилиндегидей абалга келген. Натыйжада монголчо *тохой* сөзүнүн эң алгачкы мааниси менен азыркы кыргызча *токой* сөзүнүн ортосундагы семантикалык байланышты аныктоо кыйындап кеткен.

ТОКУ Азыркы кыргыз тилинде *чий току — чий сок, тор току — тор сок* деген учурда *току* сөзү менен *сок* сөзү маанилери бирдей болот. Байыркы түрк тилинде, *току//токи* этиши кеңири колдонулуп, *кылыч токыды — кылыч сокту (жасады), ериг токыды — эр-*

ди сокту (талкалады), тамырым токыды — тамырым сокту ж. б. учурларда айтылган. Мына ушул *току* этишинин тыбыштары өзгөрүшүнөн *чоку, сок, сой* этиштери келип чыккан: *току>чоку; току>сок; сок>сой.* Ошондуктан байыркы түрк тилиндеги *токум* (ДТС, 577) сөзү азыркы *согум* «союуга арналып багылган мал» маанисин берген.

ТОЛОРСУК Азыркы кыргыз тилинде бул сөздү уңгу жана мүчөгө ажыратуу мүмкүн эмес. Сөздүн морфемалык жиги билинбей калган. Бул сөз байыркы түрк тилинде *толарсык* түрүндө айтылган (ДТС, 578.) Болжолу, бул сөз *тол+ар+сук* бөлүктөрүнөн турат. *Тол* уңгусун азыркы *толго* деген этиштин *г* тыбышы түшкөн түрү деп эсептесек, *толорсук* сөзү алгачкы *толго+р+сук* морфемаларынан келип чыгат. Мындай аты толорсуктун ары-бери толгонуп, бутту кыймылдатууда, бүгүүдө аткарган кызматына жараша берилген болуу керек.

Байыркы түрк тилинде *-сык* мүчөсү этишке уланып, зат атооч сөз жасалганын *күн токсук* «күн чыгыш», *күн батсык* «күн батыш» деген сөздөрдөн байкайбыз. Ушундай мүчө *толгор* этишине уланып *толорсук* сөзү жаралган окшойт.

ТОМУК «Көгөрө үшүп, камтууга келбей калуу» маанисиндеги *томук* этиш сөзү *том+ук* бөлүктөрүнөн турат. Анын *том* уңгусу байыркы түрк тилинде «суук» маанисин берген (ДТС, 574). Ага этиш жасоочу *-ык* мүчөсү жалганып, *томук* сөзү жасалган. Мындай мүчө *көзүк, бирик, жолук, кезик* сыяктуу учурларда да зат атооч сөздөн этиш жасайт. Азыркы кыргыз тилинде *том* сөзү «суук» маанисинде өзүнчө колдонулбайт, бирок андан жасалган *томук* этиши сакталып калган.

ТООК Азыркы кыргызча *тоок* сөзү байыркы түрк тилинде *такагу//такыгу//такук* түрүндө айтылган (ДТС, 536). Бул сөз ошол кездеги тилде тооктун үнүн туураган сөз болгон. Азыркы кыргыз тилинде короздун кыйкырганын *кукукук* же *кукуук* деп туураган сыяктуу ал кезде *такагу//такук* деп туураган. Ошол туураган сөз кийин канаттуунун атын билдирип калган.

Кыргыз тилиндеги *тоок* сөзү *такук* вариантынан келип чыккан дешке болот. Анткени дифтонгулуу говорлордо *товук* түрүндө айтылат да, байыркы *к* тыбышы сөздүн ортосунда *в* тыбышына айланып, сөздүн эң аягында үндүү тыбыш айтылбайт. Дифтонг түрүндөгү

в тыбышынын түшүп калышынын натыйжасында *товук* сөзү *тоук>тоок* болуп өзгөргөн.

ТОПЧУ Кыргыз тилиндеги *топчу* сөзү *топ+чо* бөлүктөрүнөн турат. Анын *топ* бөлүгү — уңгусу, ага кичирейтүүчү *-ча* мүчөсү уланган. Үндөштүк закону боюнча *топчо* болууга тийиш болсо, аяккы *о* тыбышы *у* тыбышына өзгөрүп, *топчу* түрүнө келген. *Топчу* аты анын тегерек формасына жараша коюлган.

ТОРГОЙ Торгой башка чымчыктардан асманга чыгып сайрашы, төбөсүндөгү айдары, тызылдап жорголоп жүгүрүшү менен айырмаланат. Ушул белгилеринин бири — жорголоп жүгүрүшү, анын атынын келип чыгышына себеп болгон. Байыркы түрк тилинде *йорыга* (ДТС, 278) сөзү «жорго» дегенди билдирсе, *торыга* (ДТС, 578) сөзү «торгой» дегенди туюнткан. Бул сөздөрдүн башкы *т* жана *й* тыбыштары алмашкан. *Торгой* сөзүнүн алгачкы кездеги *торыга* түрү «жорго» маанисин бергенин азыркы кыргыз тилиндеги *торгойдой жорго боло түштү* дегенден да байкоого болот (Юдахин, 733). Алгач *торы* «жүр, бас» маанисин берип, ага атооч жасоочу *-га* мүчөсү жалгануудан *торыга* сөзү келип чыккан. Ошондон улам *торгой* деген ат пайда болгон. Кийин *торы* этиши *йоры* түрүнө келген. Андан *йорыга* «жорго» сөзү жасалган, бирок *торы* түрү да, *йоры* түрү да азыркы кыргыз тилинде өзүнчө сакталган эмес.

ТОРОПОЙ *к. бото.*

ТОРПОК *к. бото.*

ТОРУК Арык-торук деген кош сөздүн түгөйү болуп айтылган *торук* сөзү *тор>ук* морфемаларынан куралган. Анын *тору* уңгусу *арып-торуп, арыган-торуган* деген учурда айтылат, бирок өзүнчө колдонулбайт. *Тору* сөзү байыркы түрк тилинде *тур* түрүндө айтылып, «арыкта» маанисин берген (ДТС, 587). Кыргыз тилинде *тору* сөзү өзүнчө колдонулуудан калып, кош сөздүн составында гана айтылар абалга келген.

ТОТУК «Күнгө күйүп, карайып, же шамалга кесилип туурулуп кетүү» дегенди билдирген *тотук* сөзү *тот+ук* бөлүктөрүнөн турат. Алтай тилинде *тот* сөзү «күнгө күйүү» (орусча *загар*) дегенди билдирет (ОРС, 154). Ага этиш жасоочу *-ык* мүчөсү жалганып, *тотук* сөзү жаралган.

ТӨҢКӨР Бул сөз *төң+көр* бөлүктөрүнөн куралган. Анын *төң* уңгусу азыркы чуваш тилинде *түн* «көтөрүл, көмкөрүл» (ЧРС, 502) түрүндө сакталып

калган. Ага аркылуу мамиленин *-кар* мүчөсү жалганып *төңкөр* сөзү жаралган. Мындай мүчө *өт-өткөр, бүт-бүткөр* деген сыяктуу учурларда да колдонулат.

ТӨӨ Кыргызча *төө* түрүндө айтылган сөз казак тилинде *түйе*, өзбек тилинде *туя* болсо, монгол тилинде *тэмээн* болуп айтылат. Байыркы түрк тилинде ал *тебе* түрүндө айтылган. Булардын кайсынысы эң алгачкысы экенин айтуу кыйын. Эгер казак тилиндеги *түйе* алгачкы *түге* дегенден келип чыккан десек, анда өзбекче *туя* ага байланышы бар экендиги оңой баамдалат. Кыргызча *төө* алгачкы *тек* же *теге* дегенден келип чыгышы мүмкүн. Эң алгачкы формасы мына ушул *тек//теге* дегенге жакын болгон деп эсептесек, анда байыркы түркчө *теве* сөзү *теге* түрүнүн *г* тыбышы *б* тыбышына өзгөрүшүнөн жана *э* тыбышы ө тыбышына алмашуудан келип чыкканы болот. Ал эми монголчо *тэмээн* андан аркы өнүгүшү *(б>м)* катары таанылат. *Теге* уңгусу *мал-теге* деген учурда кыргыз тилинде айтылса, казак тилинде *түйе-теге* учурда *теге* түрүндө айтылат.

Бул сөздүн эң алгачкы формасы *тек* же *теге* түрүнүндө болгону дагы мындай кошумча далилдер менен аныкталат. Үй жаныбарларын айдоого, чакырууга карата айтылган сөздөрдүн көпүчүлүгү ошол жаныбардын атын билдирген сөз болуп чыккандыктан, *төө* сөзү да аны чөгөрүүгө карата айтылган *чөк* сөзү менен же ага чыгыш теги боюнча байланыштуу болгон *чөкөлө//чөгөлө, чөк түш* деген сөздөр менен тектеш деп карооо мүмкүнчүлүк берет.

Ушундайча көз караштa алганда, алгач *тек//теге* сөзү *төөнү* билдирген. Ал эми *төөнү* чөгөрүү үчүн колдонулган *чөк!* сөзү *т* тыбышы *ч* тыбышына алмашуудан келип чыккан. Ошол *чөк* этишинин мааниси дагы кеңип, ал жалаң эле төөгө карата айтылбастан, башка кыймыл-аракеттерге карата колдонула турган болуп, *төө* менен *чөк* сөздөрүнүн ортосунда чыгыш теги боюнча байланышы жок сыяктанып калган.

ТӨР Кыргыз тилинде *төрдүн төбөсү* же *төрдүн башы* деп айтууга болот. *Төрдүн башы* болуп төрдүн чок ортосу эсептелет. Ал эми *төр* болсо — үйдүн эң урматтуу жери. Бул сөздүн эң алгачкы маанисин чуваш тилиндеги *тара* сөзүнүн маанилери аркылуу чечүүгө болот. Чувашча *тара* сөзү мындай маанилерди билдирет: «1) чоку, башы, кыр; 2) жабуу, тамдын үстү; 3) купол; 4) жогору жак, уч жак; 5) тент; 6) учу, ба-

шы; 7) *диал.* башы, башталышы; 8) калдык» (ЧРС, 458). Алгач *төр* сөзү «тоонун арасындагы коктунун башындагы туюк жер» дегенди билдириши мүмкүн. Кийин ошол *төр* сөзү үйдүн төрүнө карата айтыла баштаган.

Жайлоодогу коктунун туюк башы *төр* аталса, ошол коктунун чоң өрөөнгө кошулган жери *босого* делет. Боз үйдүн төрү менен босогосу да коктуга окшоштурулган. Ошондуктан алгачкы «чоку, баш» маанисиндеги *төр* сөзү үйдүн сыйлуу жерин билдирип калган.

ТУБАР Кыргыз адабий тилинде *туу* сөзүнө *-ар* мүчөсү уланганда, *туур* сөзү жасалат. Мисалы: *койдун туур мезгили келди.* Кыргыз тилинин дифтонгулуу говорлорунда *тув* этиши адабий тилдеги *туу* этишинин ордуна колдонулат. Ага *-ар* мүчөсү жалганганда, *тубар* сөзү жасалат. Кыргыз адабий тилине мына ушул диалектилик формада турган *тубар* сөзү кабыл алынган. Ошондуктан закон ченемдүү *туур* сөзүнүн ордуна *тубар* сөзү колдонулуп калган. Кыргыз тилинде бир сөз ичинде эки башка үндүүлөр катар келиши мүмкүн эмес. Андыктан *тууар* деп айтууга да, жазууга да ылайыксыз. Ушул сыяктуу эле жол менен *куу+ар* дегенден жасалган сөз да адабий тилде *кубар* түрүндө колдонулат. Мисалы: *из кубар* (*из куур* эмес).

ТУБАСА Кыргыз тилинде сейрек колдонулган *-аса* мүчөсү бар. Ал *аласа (ал+аса), бересе (бер+есе)* деген учурларда да сөз жасайт. Ошол мүчө үндүү менен аяктаган *туу* сөзүнөн кийин уланганда, эки башка үндүү катар келип калгандыктан, уңгунун аягындагы созулма *уу* тыбышын өзгөртүп, *туб* түрүнө келтиргенсип көрүнөт. Чындыгында *-аса* мүчөсү байыркы *туг* сөзү созулма үндүү менен *туу* болуп айтылганга чейин, тактап айтканда, ал *тув* түрүндө дифтонгулуу болуп айтылган мезгилде уланган болуу керек. Ошол эски формасы өзгөрүлбөй сакталып кала берип, азыркы *туу* дегенден айырмалуу *туб* уңгусунун жашап калышына себеп болгон.

ТУЗАК Кылдан эшилип жасалган көзөнөгү сыдырылып келип илинген нерсесин кармап кала турган *тузак* сөзү *туз+ак* бөлүктөрүнөн куралган. Анын *туз* уңгусу *тут* «карма» деген сөздүн аяккы *т* тыбышы *з* тыбышына өткөн варианты болуп эсептелет. Ага этиштен зат атооч жасоочу *-ак* мүчөсү уланган. Келип чыккан *тутак* сөзү «кармоочу» дегенге жакын маани берген.

ТУЛГА Казан асууда пайдаланылчу *тулга* кыргыз тилине монгол тилинен кабыл алынган. Монгол тилинде *тулах* этиши «таянуу» маанисин берет (МРС, 422). Андан *тулга(н)* деген зат атооч сөз жасалган. *Тулга сөзү* «таянч» дегенге барабар маани берет.

ТУМАК Бетти жана моюнду жаап коё турган кылып жасалган *тумак* деген баш кийимдин аты *ту+мак* бөлүктөрүнөн турат. Анын *ту* уңгусу «жап» деген маани берет (ДТС, 584). Ал эми *-мак* мүчөсү этиштен зат атооч жасайт. Мындай мүчө *кайыр* деген этиштен *кайырмак* сөзү жасалышынан даана байкалат.

Кыскасы, тумактын аты кишинин жаагын, кулагын, желкесин сууктан калкалап, жаап жүрө турган-дыгы үчүн келип чыккан.

ТУМАН Жер үстүн каптап кала турган *туман* сөзү *ту+ман* бөлүктөрүнөн турат. Анын *ту* уңгусу «жап, капта, бүтө» маанисин берген (ДТС, 584). Ага этиштен зат атооч жасоочу *-ман* мүчөсү уланып, *туман* «каптап, жаап калуучу» деген сөз келип чыккан.

ТУМОО *Тумоо, сасык тумоо* деген учурдагы *тумоо* сөзү *ту+магу* бөлүктөрүнөн турат. «Жап, бүтө» маанисиндеги *ту* уңгусуна *-магу* мүчөсү уланып, байыркы түрк тилинде *тумагу* сөзү жаралган (ДТС, 585). Ал сөздүн *г* тыбышы түшүшүнөн кыргыз тилиндеги *тумоо* сөзү жасалган.

Балдар тумоологондо, айрыкча сасык тумоологондо, мурду бүтүп, дем алуу кыйындап калат. Ошол абалга карата *тумоо (<тумагу)* сөзү айтылган.

ТУМУЛДУРУК Кыргыз тилинин Талас говорунда тайгандын оозу ачылбасын үчүн кийгизип койгон нерсе *тумулдурук* аталат. Бул сөз *тумул+дурук* бөлүктөрүнөн турат. *Моюнтурук, сагалдырык* сыяктуу эле мында да *-дырык* мүчөсү бар. Ал эми *тумул* уңгусу *тум/у/шук* сөзүнүн *тумуш* бөлүгүнөн *ш* тыбышы *л* тыбышына алмашып айтылганы болуп эсептелет. Азыркы якут тилинде *тумул* (ЯРС, 40) сөзү кыргызча *тумшук* деген географиялык терминди билдирет. Байыркы кезде *тумул* сөзү *тумшук* сөзүнүн маанисинде айтылып, адамга, жаныбарларга карата айтылган болуу керек. Мына ошол *тумул* сөзүнөн *тумулдурук* сөзү жасалган.

ТУН *Кулагым тунду* деген учурда айтылган *тун* сөзү тарыхый жагынан *ту+н* бөлүктөрүнөн турат. *Ту* уңгусу байыркы түрк тилинде «жап, бекит, бүтө» маанисин берген (ДТС, 584). Ага этиштин өздүк мамиле-

синин *-н* мүчөсү жалганып, *тун* сөзү жаралган. Кыргыз тилинде *ту* этишинин өзү колдонулбай, унутулуп калган, андан келип чыккан *тун* өздүк мамилелик касиетин жоготуп, өзүнчө уңгу катары колдонулуп кеткен.

ТУРУШ *Камыр туруш* деген учурда айтылган *туруш* сөзү — иранча *туруш* сөзү. Ал сөз тажик тилинде «ачуу, кычкыл» маанисин берет (ТадРС, 399). *Камыр туруш* сөзү кыргызча «ачуу камыр» дегенге туура келет.

ТУТАЛАН «Кыжырлануу» маанисинде айтылган *туталан* этиши *тут+ала+н* бөлүктөрүнөн турат. Анын *тут* уңгусу «карма» деген маанидеги этиш, ага көп кайталанган кыймыл-аракетти билдирүүчү *-ала* мүчөсү уланган, андан кийин өздүк мамиленин мүчөсү *-н* жалганган. Сөзмө-сөз *карма+ла+н* дегенге барабар келген сөз «кыжырлануу» маанисин берип калган.

ТУУРДУК Кыргыз тилинде *туурдук* сөзү эки башка нерсени билдирет. К. К. Юдахиндин «Кыргызча-орусча сөздүгүндө» бул сөздүн бир мааниси гана көрсөтүлгөн. «Боз үйдүн үстүн жаба турган кийиз» маанисинен тышкары *туурдук* сөзү «туяктын сыртын жаап турган катуу кабыгын» да туюнтат .Ушундай мааниси «Кыргыз тилинин түшүндүрмө сөздүгүндө» да чагылдырылбай калган. Сагынбай Орозбак уулунун «Манасында» мындай саптар учурайт:

Туурдугу туурулбас,
Туурасы түптөн суурулбас.
Туягы чулу мал экен,
Тулпардык жайы бар экен

(IV китеп, 176). Бул мисал *туурдук* сөзүнүн туякка карата айтылган маанисин далилдейт.

Монгол тилинде *туур, туурай* сөздөрү кыргызча «туяк» маанисин берет, бирок формасы боюнча кыргызча *туура* («Маната»), *тура* дегенге туура келет. Ал эми кыргызча *туурдук* сөзү монголчо *туурга* түрүндө айтылат (МРС, 427). Бирок бул сөздөр кандай уңгудан келип чыкканын монгол тилиндеги же түрк тилдериндеги фактылар менен аныктоо кыйындап кеткен. Ошондуктан *туурдук* сөзүнүн келип чыгышы тууралуу мындай болжолду айтууга туура келет.

Туурдук сөзүнүн негизин *ту* «жап, бүтө, бекит» сөзү түзгөн. Ага этиштен зат атооч жасоочу *-лдырык* мүчөсү уланып, *тулдурук* сөзү жаралган. Мына ушул

тулдурук сөзүнүн *л* тыбышы түшүп, *д* жана *р* тыбыштары орундарын алмаштырып жайгашуудан кыргызча *туурдук* сөзү келип чыкса, анын *д* тыбышы түшүп калып, аяккы *ук* тыбыштары монгол тилинде метатезаланып *гу>га* болуп өзгөрүшөнөн *туурга* болгон.

ТУШАМЫШ «Аттын тушоосу» деген мааниде айтылчу *тушамыш* сөзү *туша+мыш* бөлүктөрүнөн турат, Анын *туша* уңгусу түшүнүктүү, ал эми *-мыш* мүчөсү мааниси боюнча азыркы *-ган* мүчөсүнө барабар мааниде огуз тобундагы түрк тилдеринде азыр кеңири колдонулат. Алсак, азербайжан тилинде *алмыш, бермиш* сөздөрү кыргызча *алган, берген* дегенге туура келет.

Кыргыз тилинде *-мыш* мүчөсү азербайжан тилиндегидей болуп кеңири колдонулбаган менен, айрым сөздөрдү жасоодо катышат. Мисалы: *болмуш, турмуш, жазмыш, билмемиш болуу, айтымыш болуу.* Андан тышкары *Төлөмүш, Жүдөмүш, Тентимиш, Тилемиш, Токтомуш* сыяктуу адам аттарында да учурайт.

ТҮГӨН Азыркы *түгөн* этиши *түк+өн* бөлүктөрүнөн турат. Өзбек тилинде *туга (түгэ)* этиши кыргызча *түгөн* этишинин маанисинде айтылат (УРС, 448). Байыркы түрк тилинде *түке* этишине өздүк мамиленин *-н* мүчөсү жалганган эмес (ДТС, 595). Кыргыз тилинде болсо ага өздүк мамиленин *-н* мүчөсү жалганганы гана маани берип, *түгө* өзүнчө колдонулбайт. Бирок *түгөт (<түгө+т)* деген сөзгө салыштырганда *түгө* этиши мурда кыргыз тилинде өзүнчө сөз болгону ырасталат.

ТҮГҮЛ Кыргыз тилинде *эмес* деген тангыч, жокко чыгаруучу сөз бар. Ага белгилүү учурларда *түгүл, тургай, турсун* сөздөрү мааниси, функциясы боюнча туура келет. Маселен, *Бул иш ал эмес, менин колумдан да келбейт* деген сыяктуу сүйлөмдөрдөгү *эместин* ордуна *түгүл, тургай, турсун* сөздөрүнүн бирин коюп айтууга болот. Ал эми *Мен эмесмин, Сен эмессиң, Ал эмес...* деген сыяктуу учурларда *эмес* сөзү сүйлөмдүн баяндоочунун милдетин аткарып, жак мүчөлөрүн кабыл алат. Андайда *түгүл, тургай, турсун* сөздөрү колдонулбайт.

Түгүл сөзүнө маанилеш болгон *тургай* сөзү *Мен баргай элем* сыяктуу учурда айтылган каалоо, тилекти билдирген *-гай* мүчөсү *тур* деген этишке жалганышынан жасалганы оңой баамдалат. Ошол сыяктуу эле *турсун* сөзү *тур* этишине *Ал барсын, ал келсин* сыяктуу учурда буйрук ыңгайдын III жагынын жекелик са-

нынын мүчөсү уланып жасалганы даана көрүнүп турат, бирок бул *-гай, -сын* мүчөлөрү грамматикализацияланып, өзүнүн түз маанисинде эмес, сөз жасоочулук касиетке ээ болгон. *Түгүл* сөзү этиш сөздөн жасалган, анда да этишке улануучу мүчө бар деп эсептешке негиз бар.

Байыркы түрк тилинде бул сөз *тегүл* түрүндө болгон. Уңгусу *те* азыркыча *де* деген этишке туура келет. Ал эми *-гүл* мүчөсү *-гыл* мүчөсүнүн варианты болуп, азыркы кыргызча *сен баргын, сен келгин* деген учурдагы буйрук ыңгайдын II жагынын жекелик санынын *-гын* мүчөсүнө туура келет. Жогорудагы *турсун* деген сөз *тур+сун* дегенден келип чыгып, түз мааниси боюнча *сен тургун* дегенге туура келген сыяктуу байыркы *төгүл* сөзү эмес дегенге барабар маани берген. Кийин мүчөлөр грамматикализацияланып, өзүнүн түз маанисин жоготуп, алар катышкан уңгулар лексикализацияланып, таптакыр башка маани берип калган. Натыйжада, *тургай, турсун, дегин* деген сөздөр *эмес* сөзүнүн маанисин берүүгө өткөн.

Ошентип, *түгүл* сөзү *те+гүл* морфемаларынан куралган: *те—де, -гүл, — -гын*. Байыркы *тегүл* кыргыз тилинде үндүүлөрүн өзгөртүп, *түгүл* түрүнө келген, башкы *т* тыбышын *д* тыбышына өзгөрткөн эмес.

ТҮКҮР Бул сөз *тү+күр* бөлүктөрүнөн куралган. Анын *тү* уңгусу — *түү деген түкүрүк* жерге түшпөйт сыяктуу учурда айтылган тууранды сөз. Ага этиш жасоочу *-кыр* мүчөсү жалганып, *түкүр* сөзү жаралган.

ТҮЛКҮ Кыргыз тилинде «Түлкүнүн жоосу — териси» деген макал айтылат. Териси кооз жаныбардын аты терисине байланыштуу келип чыккан. *Түклү* сөзүнүн *кл* тыбыштары *лк* болуп алмашып түшүп, *түлкү* сөзү жаралган. *Түлкү* деген аты «түктүү» дегенге барабар сөз болуп эсептелет (Орузбаева, 1964, 251).

ТҮЛӨ Кыргыз тилинде *түш* этиши 18 маани туюнтса, *түлө* этиши 2 маани берет. *Түш* этишинин 4-мааниси бир нерсенин экинчи бир нерседен бөлүнүп, ажырап калышын билдирет. Мисалы: *тиши түшүү, чачы түшүү, жалбырагы түшүү*. Ал эми *түлө* этиши жан-жаныбарлардын эски жүндөрү түшө баштаганына карата айтылат. Мына ушул *түлө* этиши *ш* тыбышы *л* тыбышына алмашуусунан келип чыккан. Ал сөз *түш* деген этиштен бир аз өзгөчөлөнгөн маани берип калган. Анын аягына ашыкча үндүү тыбыш да кошулган.

ТҮЛӨӨ Бул сөз *тиле+өө* морфемаларынан турат. *Тиле* этишине *-өө* мүчөсү жалганып, *тилөө* сөзү жасалган. Анын *и* тыбышы *ү* тыбышына өзгөрүп, *түлөө* түрүнө келген. Чындыгында эле түлөөнү бир жакшылыкты тилеп берет. Ошондуктан ал сөз *тилөө>түлөө* аталган.

ТҮНДУК Жер шарынын төрт тарабынын бирин билдирген *түндүк* сөзү *түн+дүк* бөлүктөрүнөн турат. Анын уңгусу *түн* сөзү, ага *-лык* мүчөсү уланган. Төрт тараптын түндүк жагында Күн көрүнбөйт. Ошондуктан ал тарап *түндүк* аталган. Байыркы түрктөр төрт тарапты өзүнүн чыгышты карап турган абалы боюнча аныктаган. Анткени күндүн чыгышы менен сутка да башталат деп билген. Ошол сутка башталган мезгил Күн чыгыш жактан көрүнгөн учурга туура келгендиктен, чар тараптын чыгыштан баштап Күндүн батышты көздөй жылган жолу боюнча уланткан. Күндүн чыгыш менен батыштын ортосуна келген мезгилин *түш* деп билип, ал жакты *түштүк* атаган.

ТҮРКҮК *Түркүк* сөзү *түрт+күк* бөлүктөрүнөн турат. *Түрт* сөзүнүн *т* тыбышы түшүп, *түр* болуп өзгөргөн. Ага *-как* мүчөсү уланып, *түркөк* сөзү келип чыккан. Мүчөдөгү *ө* тыбышы *ү* тыбышына алмашып, *түркүк* түрүнө келген.

ТҮШҮМ «Ар гектарына 50 центнерден эгин түштү» деп айткан учурдагы *түш* этишине зат атооч жасоо чу-*м* мүчөсү уланып, *түшүм* сөзү жасалган.

ТҮШҮН «Оюма түштү», «эсиме түштү» деген учурда айтылган *түш* этишине өздүк мамиленин *-н* мүчөсү жалганып, *түшүн* сөзү жаралган. Ошол *-н* мүчөсү уланганда келип чыккан мааниси *түш* этиши өзү жеке тургандагы мааниден айырмалуу болуп калган. Мындай кубулуштар *-н* мүчөсү жалганган *урун, сүйүн, таарын* сыяктуу этиштерден да байкалат.

ТЫЙ Кыргыз тилинде *тый* этиши «көзүң ооруса, колуңду тый, ичиң ооруса, оозуңду тый» деген сыяктуу учурда адамдын өзүнө карата *уулуңду тый, айылыңды тый* деген учурда башка бирөөгө карата айтылат. Бул сөз байыркы түрк тилинде *тыт//тыд* түрүндө айтылып «1) карма, токтот; 2) чекте; 3) токтот, басылт (канды)» маанисин берген (ДТС, 565). Анын аяккы *т//д* тыбышы *й* тыбышына алмашып, кыргыз тилинде *тый* түрүнө келген.

Байыркы *тыт* этиши өз кезегинде *тут* «карма, токтот» (ДТС, 591) этишинин *у* тыбышы *ы* тыбышына ал-

машуусунан келип чыккан. Алгач *тут* жана *тыт* болуп бирдей мааниде айтылып келсе, кийин мааниле-ринде жиктелүү башталып, экөө эки башка сөзгө айланган.

ТЫЙЫН *Тыйын* сөзүнүн келип чыгышын *тыйын чычкан* менен байланыштарган пикирлер бар. Бирок биздин оюбузча, *тыйын* байыркы түркчө *тегин* сөзүнөн келип чыгат да, *тек+ин* бөлүктөрүнөн турат. Мындагы *тек* уңгусу азыркы кыргызча *чек* «катуу нерсени четинен майдалоо» маанисиндеги сөзгө туура келет. Анткени байыркы акчалар алтын, күмүш сыяктуу баалуу металлдардан тай туяк түрүндө коюулуп, чоң нарктагы акча бирдиги болгон. Анын баасы белгилүү бир тыйындарга барабар келген. Ошол чоң нарктагы сомду майдалоо үчүн аны наркына туура келген тыйындардын санына жараша бөлүктөргө майдалап чегүүгө туура келген. Алсак, бир *жамбы же сом туяк алтын* 100 сомго барабар болсо, аны 10 сомдуктан онго бөлүп, керек болсо анын бирин дагы тыйындарга барабардан майдалап бөлгөн. Ушундай себептен *тегин* сөзү келип чыккан. Ал «сомдун чегиндиси (майдасы)» деген маани берген. Кийин тыбыштары өзгөрүп *(г>й, э>ы) тыйын* түрүндө келген.

Ал эми *тыйын чычкан* болсо (кээ бир түрк тилдеринде жөн эле *тыйын* делип аталат) өзүнүн өңүнө жараша аталган. Анткени анын терисинин түгү темгил-темгил чыбырчыкту келип, чегип-чегип койгондой көрүнөт. Бул сөз да *тек+ин* морфемаларынан келип чыккан. Бирок берки *тыйын* сөзү келип чыккан *тек+ин* менен уңгулаш болгон менен, экөө эки башка белгилери боюнча келип чыккан сөздөр болуп эсептелет.

ТЫН «Эр Төштүк» эпосунда Чоюнкулак алптын жаны кайда экенин билүү үчүн бешиктеги баланы шибеге менен сайып ыйлатканда, бала эмнеге ыйлап жатканын билгиси келип, Быйты күндөн сураганда, «Каныңа каным кошсом — дейт, Жаныңа жаным кошсом — дейт, Тыныңа тыным кошсом — дейт» деген жери бар.

Мындагы *тын* сөзү байыркы түркчө «жан» маанисиндеги сөз болуп эсептелет (ДТС, 567). Азыркы Сибирдеги түрк тилдеринде *тын* сөзү алиге «жан» маанисинде колдонулат. Кыргыз эли ислам динин кабыл алгандыктан, ага чейинки шаманизм динин пайдаланган кездеги *тын* сөзү да шаманизмдик түшүнүктөргө байланыштуу сөз катары сүрүлүп чыгарылып, анын

ордун иран тилинен кабыл алынган *жан сөзү* ээлеп калган. Ошондой болсо да жогоркудай учурда жана *Тыныбек, Тыныбай, Тынаалы* сыяктуу адам аттарында илгерки *тын* сөзү жашап кала берген.

Шаманист түрктөр тирүү заттын жаны анын дем алуусу менен байланыштуу деп билген. *Тын* сөзү «дем алуу» маанисин да берген (ДТС, 567). Азыркы *буту менен басып, мурду менен тынган* деген учурда мына ушундай маанидеги *тын* сөзү айтылат.

ТЫҢДА Байыркы түрк жазууларында *тыңла* этиши колдонулган (ДТС, 568). Ал *тың+ла* морфемаларынан куралган. *Тың* уңгусу «тыңшоо, угуу» деген зат атоочтук маани берген (ДТС, 568). Этиш жасоочу *-ла* мүчө жалганып, *тыңла* сөзү келип чыккан. Ал эми *л* тыбышы *ш* тыбышына алмашуудан *тыңша* сөзү пайда болуп, экөө тең бирдей маани берип калган.

ТЫПЫН Кыргыз тилиндеги *тыпын* сөзү *кыпын* деген сөз менен тектеш дешке болот. Анткени экөөнүн тең мааниси бирдей, бар болгону *т* жана *к* тыбыштары гана алмашкан. Мындай алмашуулар сейрек болсо да кыргыз тилинде кезигет.

ТЫРЖЫЙ *Тыржый* этиши *тырыш* деген зат атооч маанисиндеги сөзгө этиш жасоочу *-й* мүчөсү жалгануудан келип чыккан дешке болот. Анткени *тыржый* сөзү *тырыш+ый* морфемаларынан, *куржуй* этиши *куруш+уй* морфемаларынан куралышы мүмкүн. Мындай учурда уңгунун аяккы муунундагы *ы* тыбышы түшүп, андан кийинки *ш* тыбышы *ж* тыбышына жумшарып кеткен болуу керек.

ТЫТАЛА *Тыт* этишине көп кайталанган кыймыл-аракетти билдирген *-ала* деген мүчө жалганып, *тытала* сөзү жасалган.

ТЭЭК *Теп* деген этишке зат атооч жасоочу *-ик* мүчөсү жалганып, *тебик* сөзү жасалган. Эки үндүүнүн ортосундагы *б* тыбышы түшүп, созулма үндүү жаралып, ал *тээк* түрүнө келген. Чындыгында эле тээктер бекиткен же койгон жерин тээп, түртүп турат.

У

УБАЙ Иранча *воя* сөзү кыргыз тилине кабыл алынганда *убай* жана *бой* болуп, эки түрдүү сөзгө айланган. *Убайын көр, убайга жетүү* деген сыяктуу учурдагы *убай* сөзүндө сөздүн башына *у* тыбышы кошулса,

бой тарт, бойго жет деген учурда андай тыбыш кошулган эмес. Кийинки сөз кыргыздын *бой* деген төл сөзүнө окшош болгондуктан, *бойго жетүү* баланын боюнун өскөнүнө байланыштуу сыяктанып кабыл алынып кеткен. Чындыгында *бойго жетүү* убай бере турган курakка жетүүгө байланыштуу.

УДАА Байыркы түрк тилинде *ут, уд, уз* этиши «ээрчүү, артынан баруу» маанисин берген (ДТС, 617). Ошол этиштен *уду* сөзү жасалган, ал сөз мааниси боюнча азыркы кыргызча *удаа* сөзүнө туура келет. Ушуга караганда, *уд* уңгусу болсо, *-аа* дегени өзүнчө мүчө болуп чыгат. Ал мүчө *өт* этишинен *өтө* «абдан» деген сөзү жасалган сыяктуу чакчыл *-а* мүчөсү болуу менен, тактоочтук маанидеги жаңы сөз жасайт. Ошол мүчө созулуп айтылуудан *уда* сөзүнүн ордуна *удаа* түрү жаралган. Алгач *уду//уда* сөзү «ээрчий» дегенге барабар маани туюнткан.

УЙ Азыркы түрк тилдеринин ичинен алтай жана кыргыз тилдеринде гана *үй* сөзү колдонулат, башка түрк тилдери *сыгыр, инек* сөздөрүн пайдаланат. Байыркы түрк тилинде бул сөз *уд* болуп айтылган (ДТС, 605). Өз учурунда байыркы түрктөр *уд* сөзүн шумер тилиндеги *гуд* сөзүнөн кабыл алган (Мусаев, 1975, 55). Кыргыз жана алтай тилинде байыркы түркчө *уд* сөзүнүн *д* тыбышы *й* тыбышына өтүп, *уй* түрүнө келген.

УЙГАК Азыркы кезде уйгакты жабышкак тикендүү өсүмдүк катары элестетебиз. Чындыгында анын аты андай тикендерине жараша эмес, жалбырактарына жараша берилген. *Уйгак* сөзү *уй кулак* деген эки сөздөн куралган. Ал *ат кулак, козу кулак* сыяктуу эле жазында жерден кылтыйып чыккан жалбырактарынын көлөмүнө жараша аталган. Уйгактын жалбырагы далдайып чоң-чоң келип, чындыгында эле уйдун кулагын элестетет. Ошол белгиси боюнча *уй кулак* делип аталып, кийин ал сөз биригип кеткенде, *кулак* сөзүнүн ортосундагы *ул* тыбыштары түшүп калган. Натыйжада алгачкы *уй кулак* сөзүнөн *уйгак* келип чыккан.

УЙКУ Байыркы түрк тилинде *уйу* сөзү азыркы кыргызча *укта* этишине туура келген (ДТС, 607). Ошол *уйу* этишине зат атооч жасоочу *-к* мүчөсү жалганып, *уйук* сөзү жасалган. Бирок анын акыркы *ук* деген тыбыштары орундарын алмаштырып жайланышып калгандыктан, *уйку* түрүнө келген. Казак тилинде демейде *уйкы* делген менен, андан этиш жасалганда уңгусу

байыркы калыбына келип, *уйык* болот: *уйыкта*. Кыргыз тилинде анын бир аз кыскарган түрү айтылат (*к. укта*).

УКТА Кыргыз тилинде *укта* этишинин аягында *-ла* мүчөсүнүн *-та* вариантындагы түрү айтыларын өзбекче *укла* сөзү менен салыштырып оңой эле аныктоого болот. Бирок *ук* деген уңгусу эмне маани бергени белгисиз болуп калат. Бул *ук* уңгусу байыркы *уйук* азыркыча *уйку*) сөзүнүн *йу* деген эки тыбышы түшүп калганы болуп эсептелет: *уйук>у(йу)к>ук*.

УКУК Арабча *хакк* (АРС, 232) сөзү кыргыз тилине *акы* түрүндө кабыл алынган. Ошол эле сөздүн көптүк сандагысы *хукук* түрүндө айтылса, аны кыргыз тили *укук* түрүндө кабыл алган. *Укук* сөзү азыркы кыргыз тилинде юридикалык термин катары колдонулат. Ошондой болсо да ага кээде *акы* деген түрү маанилеш айтылат. Мисалы: *Сенин акың барбы? — Сенин укугуң барбы?*

УКУРУК Кыргыз тилинин өзүндө *укурук* сөзүнүн башкы тыбышы түшүп, *курук* болуп айтылган түрү да кездешет. Мына ушул *курук* түрүнөн *куркуй* этиши келип чыгат. Көпчүлүк түрк тилдерине ушул сыяктуу *курук//курых//корок* түрү тараган. Байыркы түрк тилинде бул сөз *уриклиг* түрүндө айтылган (ДТС, 616). Ал сөз *урук+лук* бөлүктөрүнөн куралган. Байыркы түрк тилинде *урук* сөзү «аркан, жип» маанисин берген (ДТС, 616). Ага *-лыг* мүчөсү уланып, *уруклуг* сөзү жаралган. Бул *-лыг* мүчөсү азыркы кыргыз тилиндеги *-луу* мүчөсүнө туура келет. Ошондо *уруклуг* сөзү «аркандуу» деген маани берген сөз болуп чыгат.

Кийин *уруклуг* сөзүнүн тыбыштарында өзгөрүүлөр болуп өтөт. *Урук* уңгусунун *р* жана *к* тыбыштары орун алмаштырып, *укур* түрүнө келсе, мүчөнүн башындагы *л* тыбышы түшүп калат. Натыйжада *укурук* сөзү жаралат.

УЛАК Байыркы түрк тилинде *огул* сөзү азыркы кыргызча *уул* дегенди билдирген (ДТС, 364). Мына ошол сөзгө кичирейтүүчү *-ак* мүчөсү жалгануудан *оглак* сөзү келип чыккан (ДТС, 369). Кыргыз тилинде байыркы *огул>уул* болуп өзгөрсө, *оглак* сөзү *улак* түрүнө келип, созулма үндүү кыскарып калган. Ал эми казак тилинде сөздүн башындагы кыска үндүү да түшүп, *лак* түрүнө келген: *огулак>оглак+уулак>улак>лак*.

УЛАН Байыркы түркчө *огул* сөзүнө *-ан* мүчөсү жалгануудан *оглан* жаралган. Ал сөз менен *огул* (азыркыча *уул*) сөздөрүнүн мааниси бирдей болгон. Азыркы кыргыз тилинде *уул* жана *улан* сөздөрүнүн сырткы формасы да, мааниси да ар башка. *Уул* «эркек баланы» билдирсе, *улан* «бой тарткан уул, жигит» деген маани берет.

УЛГАЙ «Бир топ жашка чыгуу» маанисиндеги *улгай* этиши *улук+ай* бөлүктөрүнөн турат. Анын *улук* уңгусу азыркы *улуу* сөзүнө туура келет. Ага этиш жасоочу *-ай* мүчөсү (мисалы: *карт — картай*) жалганып, «улуу жашка чыгуу» маанисиндеги *улгай* сөзү жаралган.

УНАА «Минүүгө жарай турган мал» маанисиндеги *унаа* сөзү кыргыз тилине монгол тилинен кабыл алынган. Монгол тилинде *уна* этиши «мин» дегенди билдирет (МРС, 455). Ага *-а(н)* мүчөсү жалганып *унаан* сөзү жаралган. Мына ушул *унаан* сөзү кыргыз тилине *унаа* түрүндө кабыл алынган.

УҢГУ Азыркы кыргыз тилинде *уңгу* сөзү эки маани берет. Биринчи мааниси «кетмен, балта, чот, найза сыяктуу куралдардын сап аштала турган жери» дегенди туюнтат. Ал эми экинчи мааниси өтмө мааниде «сөздүн түпкү теги» дегенди туюнтуп, термин катары колдонулушу Октябрь революциясынан кийин жаралган.

Сөздүн биринчи мааниси эң алгачкы мааниси эмес, ал да кийин келип чыккан дешке болот. Анткени азыркы чуваш тилинде *унка* сөзү «1) шакек»; 2) тегерек, шакек; 3) түйүн; 4) курчоо; 5) нөл» (ЧРС, 513) маанилерин берери ушундай тыянакка алып келет. Болжолу, эң алгач *уңгу* сөзү «тегерек келген нерсе» дегенди билдирген. Андан «тегерек тешик» дегенди билдирип, кийин гана «сап аштала турган тешик» дегенди билдирүүгө өткөн.

УРУШ *Уруш* жана *согуш* сөздөрү өз ара маанилеш. Алар орусча «война» сөзүнүн маанисин берет. Бирок *уруш* сөзү *ур* этишинен келип чыгат. *Ур* этиши «колу менен же колундагы нерсе менен бирөөнү же бир нерсени коюу, согуу» дегенди билдирет. Алгач *уруш* эки адамдын ортосундагы бирин-бири койгулап, ургулап кармашканын гана билдирген болуу керек. Кийин эки элдин ортосундагы куралдуу жаңжалды да билдирип, мааниси кеңиген. Азыркы мезгилдеги урушта укмуштуудай куралдар колдонулат, анда эки кишинин бирин-бири койгулашканына окшогон белгилер жок да болушу мүмкүн. Бирок улам мааниси кеңип отуруп, алгачкы *уруш* сөзү азыркыдай маани берүүгө жетишкен.

УТУРУ Э. В. Севортяндын этимологиялык сөздүгүндө *утуру* сөзүнүн келип чыгышы жөнүндө айтылган окумуштуулардын ар түрдүү пикирлери келтирилген (Севортян, 1974, 610—611).

Монгол тилиндеги *угта* «тосуп алуу» этиши алтай тилине кабыл алынганда *гт* тыбыштары орун алмашып, *утку* түрүнө келген. Ал эми байыркы түрк тилинде монголчо *угта* этиши *угту>угут>ут* болуп, тыбыштык жоготууларга учурап, *ут* түрүндө болгон. Мына ушул этишке аркылуу мамиленин *-ыр* мүчөсү жалганып, *утур* этиши жаралган. Ага чакчыл *-а* мүчөсүнүн маанисиндеги *-у* мүчөсү жалганып, *утуру* сөзү келип чыккан. Мындай экенин *тетри//тетири* деген сөздүн келип чыгышы аркылуу далилдөөгө болот. Байыркы түрк тилинде *тет* этиши «каршы чыгуу» маанисин берген. Андан *тетрү* сөзү *тет+ир+ү* формалары аркылуу жаралган.

УУРДА Бул сөз *уур+ла* бөлүктөрүнөн турат. *Уур* уңгусу — *ууру* деген сөздүн аяккы *у* тыбышы түшкөн варианты. Ага этиш жасоочу *-ла* мүчөсү уланган. Уңгунун аягында үнсүз болбогондуктан *-ла* мүчөсү үнсүздөн кийин *-да* болуп улануу туура келген.

УУРЧУК Кыргыз тилиндеги *урчуй, урчугуй* сөздөрү мааниси боюнча *учтуй, учтугуй* сөздөрүнө барабар келет. Ошондуктан *урч* уңгусу менен *уч* уңгусу тектеш деп эсептөөгө мүмкүнчүлүк түзүлөт. Байыркы түрк тилинде *урчуй, урчугуй,* сөздөрү колдонулган эмес. Ушуга караганда *урчуй, урчугуй* сөздөрүнүн *урч* уңгусу алгачкы *уч* деген сөздүн составына *р* тыбышы кошулуудан келип чыгышы мүмкүн.

Кийин сөздүн башындагы кыска үндүү *у* созулуп айтылып, *ууручук* сөзү жаралган.

УЧ *к. куш.*

УЧКАЙ *Учкай кес* деген сыяктуу учурда айтылган *учкай* сөзү *уч+кары* бөлүктөрүнөн турат. Байыркы багытты билдирген *-гару* мүчөсүнүн *р* тыбышы *й* тыбышына өтүп, аягындагы үндүүсү түшүп калган. Натыйжада *учкай* сөзү жаралган.

УЧКАШ Мурда *учкаш* сөзү унаага (ат, өгүз, төө, эшек) минүүгө карата айтылса, азыр ал сөз транспортко (велосипед, мотоцикл) карата да айтыла турган

болду. Мына ушул *учкаш* сөзү *учка+ш* бөлүктөрүнөн турат. Мунун *учка* уңгусу — азыркы *уча* сөзүнүн бир варианты. Махмуд Кашгаринин «Диванында» азыркы *учук (оозго чыккан учук)* деген сөз *учгук* түрүндө айтылган. Дал ушул сыяктуу болуп *уча* сөзү да *учка* болуп, *к* тыбышы кошулуп айтылган варианты да байыркы кезде колдонулган болуу керек. Учкашкан киши ээрге минген кишинин артына, унаанын учасынын үстүнө отурат. Ушундан улам *учкаш* сөзү келип чыккан.

УЧУРА Бул сөз *учур+а* бөлүктөрүнөн турат. Анын *учур* уңгусу *утуру* деген сөздүн аяккы *у* тыбышы түшүп, *утур* түрүнө келишинен *т* тыбышы *ч* тыбышына алмашуудан келип чыккан: *утуру>утур>учур*. Ага атооч жасоочу *-а* мүчөсү уланып, *учура* сөзү жаралган. *Учура* сөзү алгач «утурлап алдынан чыгуу» маанисин берген. Кийин ал «жолук, кезик» деген маани берип калган.

УШАК Байыркы түрк тилинде *ув* этиши «майдала» маанисин берген (ДТС, 619). Ага *-ыш* мүчөсү жалганып, *убыш* деген зат атооч маанисиндеги сөз жаралган. Ошол сөзгө этиш жасоочу *-а* мүчө уланып, *увыша>увша* сөзү келип чыккан. Бул *увша* этиши «ушала, майдала» дегенге жакын маани берген. Ага этиштен атооч жасоочу *-к* мүчөсү уланганда *увшак* «майда, кичинекей» сөзү пайда болгон (ДТС, 619).

Кийин *в* тыбышы түшүп, *ушак* түрүнө келген (ДТС, 617). Мына ушул *ушак* сөзү «майда, кичинекей» маанисинде *уул-ушак, ушак мал* деген учурларда айтылат. *Ушуак сөз* деген тизмекте да *ушак* сөзү «майда» маанисин берген. Кийин *сөз* деген аныкталгыч кыскарып, *ушак* түрүндө айтылса деле, ал *ушак сөз* деген тизмектин маанисин берүүгө жетишкен.

Ошону менен бирге *ушак* сөзүнүн мааниси кеңип, азыр «бирөөнүн артынан айтылган жалган, чыгым сөз» дегенди туюнтуп, алгачкы «майда сөз» деген маанисинен бир топ алыстап кеткен.

УЮ Азыркы *айран уюду* деген учурда айтылуучу *ую* сөзү байыркы түркчө *уйу* «укта» этишинин маанисинен келип чыккан. Мына ушул *уйу* этишинен *уйук* сөзү жаралып, ал азыркы кыргыз тилинде *уйку* түрүндө айтылып, аяккы *ук* деген тыбыштары метатезаланып, *ку* болуп өзгөргөн: *уйук>уйку*.

Байыркы кезде кишинин уктаганы менен сүттүн уюганы бири-бирине окшоштурулган. Анын калдыгы

азыркы кезде *бутум уктап калды* деп *буту уюп калганды* айтышында сакталып кала берген.

Сүттүн уюшу анын коюуланып калышы менен коштолот. Ошондуктан *уюган коргошун, уюган кийиз* деп айтканда чогуу бириктирилген коргошун, кийиз жасоого бириктирилип коюлган жүндү түшүнөбүз. *Кишилер сөздү уюп укту* деген учурда кишилердин уктаган сыяктанып, тыптынч отуруп угушун билебиз.

УЮК *Аарынын уюгу, жыландын уюгу, кумурсканын уюгу* деген учурларда айтылуучу *уюк* сөзү *уюган коргошун* деген учурдагы *ую* этишинин маанисинен келип чыгат. Мындагы *ую* этиши «биригип жыйылып калуу» дегенди билдирет. Ага этиштен зат атооч жасоочу *-к* мүчөсү уланганда келип чыккан *уюк* сөзү «жыйылган жер» деген маани берет. Ошондуктан *кумурсканын уюгу* — «кумурскалар жыйылган жер» дегенди билдирет.

УЮЛ *Адамдын чачынын уюлу, жер шарынын уюлу* деген учурдагы *уюл* сөзү *ую+л* бөлүктөрүнөн куралган. *Ую* «жыйыл, чогул» деген маанидеги этишке зат атооч жасоочу *-л* мүчөсү жалганып, *уюл* сөзү келип чыккан.

Ал эми *уюм, уюш* деген сыяктуу сөздөрдө да жогорку *ую* этиши «чогул, жыйыл» маанисинде уңгу болуп алынып, ага *-м, -ш* мүчөлөрү жалганат.

УЯ Түрк тилдеринин ичинен караим тилинде *йув* сөзү «үй» маанисинде болсо, *йува* (КарРПС, 251) сөзү «уя» маанисин берип, *уя* деген өзүнчө сөз менен катар айтылат. Бул тилде *үй* сөзү менен *уя* сөзү бир уңгудан чыкканы даана көрүнүп турат. Азербайжан, турция, тилдеринде *йува* сөзү «уя» маанисинде айтылган менен, *үй* сөзү *эв* түрүндө айтылат да, экөөнүн уңгусу дал келбейт. Уйгур тилинде *өй* сөзү «үй» дегенге туура келсе, *өге* сөзү «уя» маанисинде айтылат.

Байыркы түркчө *эв* «үй» сөзү алгачкы *эг* (уйгурча *өг*) сөзүнөн келип чыккан деп эсептегенде, уйгурча *өге* формасы эң алгачкы формасы дешке болот. Ал эми *йува* түрү анын тыбыштык жактан бир топ өзгөрүп кеткени болуп таанылат. Сөздүн алдына *й* тыбышы кошулуп, *г* тыбышы *в* тыбышына өтүп, ичке үндүү жоон үндүүгө алмашкан. Натыйжада *өге* сөзүнөн *йува* жаралган. Ал эми кыргыз тилиндеги жана көпчүлүк түрк тилдериндеги *уя* сөзү байыркы *эге* сөзүнүн *йува* сөзүнө өтүшүнө өткөөл болгон абалды ээлеп турат: *өге>эви>үйү эви>уя>йува*.

Жыйынтыктап айтканда, азыркы *уя* жана *үй* деген сөздөр бир уңгудан келип чыккан. Алгач алар бирдей формада болгон. Кийин экөөнүн үндүү тыбыштары жоон же ичке үндүүсү боюнча айырмаланып жана баш-аягында башка тыбыштар кошулуп, экөө таптакыр башка формага келип калган. Натыйжада алардын бир уңгудан чыккандыгын даана көрсөтө турган белгилери күңүрттөнүп кеткен.

Ү

ҮБӨ Кыргыз тилинин түштүк диалектисинде жана адабий тилинде *үбө* деген өзүнчө этиш жок, андан жасалган *үбөлө* формасы гана бар. Ал эми Талас говорунда *үгө* этиши өзүнчө колдонулат. Андан *үгөлө* этиши жасалат. Мындагы *-ла* мүчөсү этишке жалганып, көп кайталанган кыймыл-аракетти билдирет. Ошол *үгөлө* этиши адабий тилдеги *үбөлө* этишине туура келет. *Үгө* жана андан жасалган *үгөлө* диалектилик түрү алгачкы формасы деп эсептесек, анда *үбөлө* кийинкиси болот да, *г* тыбышы *б* тыбышына өзгөргөнү таанылат.

ҮЗӨНГҮ Ээр токулган унаага минүү, түшүү үчүн жана үстүнө бекем жүрүү үчүн кызмат кылган ээр токумдун бир бөлүгүнүн атын билдирген *үзөнгү* сөзү *үзөң+гү* бөлүктөрүнөн турат. Анын *үзөң* уңгусу — байыркы түркчө *үзөн* «чык, көтөрүл» (ДТС, 630) маанисиндеги этиш. Ага зат атооч жасоочу *-гы* мүчөсү уланып *үзөнгү* сөзү жасалган. Өзүнөн кийин *г* тыбышы келгенде *н* тыбышы *ң* тыбышына өтүп айтылган законго ылайык ал *үзөңгү* түрүнө келген. Сөзмө-сөз которгондо *үзөңгү* сөзү «үстүнө чыккыч» дегенге жакын маани берген сөз болуп чыгат.

ҮЙЛӨ *Отту үйлө* деген учурдагы *үйлө* сөзү *үй+лө* бөлүктөрүнөн турат. Анын *үй* уңгусу — *үф!* деп отту үйлөгөндө чыккан тууранды сөздүн *ф* тыбышы *й* тыбышына өткөн түрү. Түркмөн тилинде *үфлө* (ТРС, 674) болуп айтылган сөз кыргыз тилинде *үйлө* болуп айтылышы жогоркудай пикирди айтууга негиз боло алат.

Көпчүлүк түрк тилдеринде *үр* сөзү «үйлө» маанисинде айтылат. Ал тилдерде *ит үрдү* деген учурда *үр* этиши айтылып, экөө омонимдик катарды түзөт.

ҮЛБҮРӨ Азыркы *үлбүрө* сөзү *үлп+үр+ө* бөлүктөрдөн турат. Анын уңгусу *үлп* сөзү экенин *үлпүлдө, үлп эткен жел жок* деген сыяктуу учурлардан байкайбыз. Ага *-үр* мүчөсү жалганганда кайра эле элес туураны сөз келип чыккан, *үлп-үлбүр*. Ошол сөзгө этиш жасоочу *-а* мүчөсү жалганып, *үлбүрө* этиши жаралган. Азыркы кыргыз тилиндеги *желбире, балбыра, болбура, салбыра* сыяктуу типтеги тууранды этиштердин баары ушундай морфемалык составдан турат: *желп+ир+е, балп±ыр+а, болп+ур+а, салп+ыр+а*.

ҮҢКҮР Байыркы түрк тилинде бул сөз *үңүр* түрүндө айтылган (ДТС, 626). Ал *үң* этишине *-үр* мүчөсү жалгануудан келип чыккан. Азыркы кыргыз тилинде *үңү* этиши бар, *үң* этиши ага туура келет. Бирок *-кыр* мүчөсү этиштен зат атооч жасоочу мүчө катары активдүү колдонулбайт. Бул мүчөнү *чуку* деген этиштен келип чыккан *чуңкур//чукур* сөзүндөгү *-ыр* мүчөсү менен салыштырууга болот: *чуку+р*.

ҮРКӨР Асмандагы топ жылдыздын атын билдирген *үркөр* сөзүнүн келип чыгышы жөнүндө айтылган ар түрдүү пикирлер бар (Севортян, 1974, 631). Көпчүлүк окумуштуулар аны *үл* «бөл» этишинен келип чыккан деп эсептешет. Биздин оюбузча, *үркөр* сөзү түрк тилине монгол тилинен кабыл алынган. Монголчо *ухэр* сөзү кыргызча *үрхэр* түрүндө айтылат (БРС, 513).

«Кутадгу билиг» дастанындагы маалыматтарга караганда байыркы түрктөр асмандагы *Үркөр* жылдызын *Үд* деп атаган. Ал сөз азыркы кыргызча *үй* сөзүнө туура келет. Ошол эле убакта монголчо *Үркөр* синоними да тарай баштаган. Кийин *Үркөр* сөзү активдүү колдонула баштап, байыркы түркчө *Үд* сөзү асмандагы жылдыздын атын билдирүү үчүн колдонулбай калган.

Европадагы жана Азиядагы байыркы элдер *Үркөр* жылдызы турган жердеги жылдыздардын тобунан мүйүзү аркайган уйду элестетишкен. Ошондуктан орусча *Телец* аталса, арабча *Соур*, байыркы түркчө *Үд* аталган. Бул сөздөрдүн баары монголчо *үхэр//үрхэр* деген сыяктуу эле «уйду» билдирет.

ҮРТҮК «Кооздоп жасалган ат жабуу» маанисин билдирген *үртүк* сөзү *үрт+үк* бөлүктөрүнөн турат. Мунун *үрт* уңгусу азыркы кыргыз тилинде унутулуп калган. Ал сөз башка түрк тилдеринде «жап» маанисинде азыр да айтылат. Мисалы: турцияча *өрт*, татар-

ча *өрт*, азербайжанча *өрт*, караимче *өрт*, чувашча *вит*, түркмөнчө *өрт*.

Үрт үнгусуна этиштен зат атооч жасоочу *-ык* мүчөсү уланып, *үртүк* сөзү келип чыккан. Бул сөз «жап» деген сөздөн *жабык* сөзү жаралганга абдан окшоп кетет. Бирок «жапкыч, жабуу» маанисинде колдонулуп калган.

ҮРҮҢ-БАРАҢ Кыргызча *үрүл-бүрүлдө* же үрүңбаранда деген учурда айтылуучу *үрүң* сөзү байыркы түркчө *үрүң* сөзүнө туура келет. Ал сөз «ак, жарык» маанисин берген (ДТС, 627). Ушул кош сөздүн составындагы *бараң* сөзү монголчо *бараан* «кара, караңгы» маанисиндеги сөздөн кабыл алынган. Монголчо *бараан* сөзү түркчө *үрүң* сөзүнө ылайыкташып, *бараң* болуп өзгөрүлгөн.

Үрүң-бараңда деп эртең мененки жарык менен караңгы ажырай элек мезгил туюнтулат. Андай маанини составындагы «жарык» жана «караңгы» деген сөздөрдөн келип чыгат.

ҮШКҮ Бул сөз *үш+кү* бөлүктөрүнөн турат. Анын *үш* үнгусу байыркы түрк тилинде «тешүү, оюу» маанисин берген (ДТС, 628). Мындай этиш азыркы кыргыз тилинде унутулган. Бирок ошол этишке *-кы* мүчөсү жалгануудан келип чыккан *үшкү* сөзү сакталган.

Кыргыз тилинде *үшкү* деп уукту көзөй турган курал аталат. Айрым говорлордо *үшкү* деп жыгачтын сыртын жылмалай турган курал *(түрпү)* да атала берет.

ҮШКҮР Бул сөз *үш+күр* морфемаларынан куралган. Анын *үш* үнгусу адам чарчап-чаалыкканда чыгарган дабышты туураган сөз болсо, *-күр* мүчөсү тууранды сөздөн этиш жасайт. Мындай мүчө *бакыр (<ба+кыр), өкүр (<ө+күр), ышкыр (<ыш+кыр), түкүр (<ту+күр)* сыяктуу сөздөрдө да катышат.

Ч

ЧААР Кыргыз тилинде *чаар* сөзү чаар түскө карата айтылат да, адамдын бетиндеги быдыр-ала тактарга карата да колдонулат. Айрым түрк тилдеринде эки башка сөз жумшалат. Алсак, хакас тилинде *сохыр* сөзү чаар түстү туюнтса, *садыра* сөзү адамдын бетиндеги чаарды билдирет. Көпчүлүк түрк тилдеринде кыргыз тилиндеги сыяктуу бир сөз аркылуу эки түрдүү маани баяндалат.

Бул сөз турция тилинде, түркмөнчө, азербайжанча, кумыкча *чопур* болсо, татарча *чуар*, башкырча *сыбар*, ногойчо, казакча, кара калпакча *шубар*, өзбекче *чипар*, кумыкча *чубар* болуп айтылган. Ошондуктан бул сөздүн эң алгачкы түрү кандай экенин, кыргыз тилиндеги *чаар* болуп айтылган түрү кандай формадагы сөздөн келип чыкканын аныктоо кыйынчылык туудурат.

Алгачкы түрү *чопур//чупар* болгон деп эсептегенде, кыргызча *чаар* сөзү *чубар//чуар>чаар* деген баскычтарды басып өтүү менен жаралышы мүмкүн. Якут тилинде *чакыр* сөзү «ак» маанисинде колдонуларын эске алып, ошол сөз алгач *ак* тагы бар өңгө карата айтыла баштап, кийин *чабыр>чаар* болуп өзгөрүп, маанисин да кеңип кеткен дешке болот.

Монгол тилиндеги жана андан кабыл алынып, алтай тилинде азыр колдонулган *чоокыр* сөзү байыркы түркчө *чокыр* болуп айтылган түрүнөн келип чыгышы ыктымал. Ошол *чакыр* сөзүнүн биринчи муунундагы үндүү созулуп айтылуудан *чоокыр* түрүнө келген. Ал сөздүн өзү алгачкы *чакыр* сөзүнүн *а* тыбышы *о* тыбышына алмашуудан келип чыгышы мүмкүн. Байыркы түркчө *чокыр* сөзүнүн аяккы *р* тыбышы *л* тыбышына өтүшүнөн азыркы кыргызча *ала чокул* дегендеги *чокул* сөзү жаралган.

Өзбек тилинде чаар жыланга карата *чавкар* сөзү колдонулат. Ушуга караганда *чаар* сөзүнүн алгачкы формасы *чавкар//чабкыр* болушу мүмкүн. Анда монголчо жана алтайча *чоохыр* сөзү *б* тыбышы үндүүгө айланышынан келип чыгат. Ал эми *чубар//чупар// шубар* вариантары, тескерисинче, *б* тыбышы сакталып, андан кийинки *к* тыбышы түшүшүнөн келип чыгат. Кыргызча *чаар* сөзү алгачкы *чавкар* сөзүнүн ортосундагы *вк* тыбыштарынын түшүшүнөн жаралат.

ЧАБАК *Сууда чабак урду* деген учурда айтылуучу *чабак* сөзү *чап+ак* бөлүктөрүнөн куралган. Анын *чап* үнгусу байыркы түрк тилинде «колу менен чапкылап сууда сүзүү» дегенди туюнткан (ДТС, 139). Этиш жасоочу *-ак* мүчөсү уланып, *чабак* сөзү жаралган. Азыркы кыргыз тилинде *чап* этишинин андай маанисин унутулган, бирок андан келип чыккан *чабак* сөзү сакталып калган.

ЧАБАЛЕКЕЙ I. *Чабалекей* деген чымчыктын атын билдирген сөз *чабал+ек+ей* бөлүктөрүнөн турат. Анын *чабал* үнгусу азыркы чувашча *чевел-чевел*

деп ошол чымчыктын кулжурап сайраганын туураган сөзгө туура келет (ЧРС, 588). Ага этиш жасоочу *-ак* мүчөсү жалганып *чабалек* түрүнө келген. Аягына кичирейтүүчү *-ай* мүчөсү жалганып, *чабалекей* түрүнө ээ болгон. Алгач *чабалекей* сөзү «чабал-чабал деп сайраган чымчык» дегенге жакын сөз болгон. Кийин уңгусу өзүнчө колдонулбай калып, андай мааниси унутулуп, чымчыктын аты эмне үчүн ушундай коюлганы түшүнүксүз болуп калган.

ЧАБАЛЕКЕЙ II. Балдар чаап ойной турган оюндун атын билдирген *чабалекей* сөзү *чап+ала+к+ей* бөлүктөрүнөн куралган. Азыркы *чап* этишине көп кайталанган кыймыл-аракетти туюнткан *-ала* мүчөсү уланган, андан кийин этиштен зат атооч жасоочу *-ак* мүчөсү жалганып, *чабалек* сөзү жасалган. Ага кичирейтүүчү *-ай* мүчөсү уланып, *чабалекей* сөзү келип чыккан. Мындай аты жыгач балекти чаап ойной турган өзгөчөлүгүнөн улам пайда болгон.

ЧАБАН Кой баккан киши деген мааниде *чабан* сөзү кыргыз тилине иран тилдеринен кабыл алынган. Байыркы иран тилинде *шупан* сөзү *фши «кой»±пана «кайтаруучу»* эки сөздүн биригишинен келип чыккан (ОИЯ, 41). Ал сөз кийинки иран тилдеринде *шубан//чабан* түрүнө келип, андан кыргыз тилине чабан түрүндө кабыл алынган.

ЧАБАТЫ Иран тилинде *чаппа* сөзү «терс, арт жагы» деген маани берет. Андан *чаппаты* сөзү жасалат. (ТадРС, 438). Ал кыргыз тилине *чабаты* болуп кабыл алынган. *Чабаты* ачыбаган камырды жука жайып, улам-улам арт жагына оодарып бышырылган нан дегенди билдирет. Ушундай оодарып бышырылышынан улам аты келип чыккан.

ЧАБДАР Монголчо *чагаа(н)* сөзү кыргызча *ак* сөзүнө туура келет. Ашол сөзгө *-втар* мүчөсү уланып жасалган монголчо *чагавтар* сөзү кыргызча «агыш» дегенди туюнтат. Монгол тилинде сын атоочтун салыштырма даражасын билдирүү үчүн азыр деле *чагавтар* сөзү колдонулат. Ошону менен бирге жылкынын түсүн билдирген *чабдар* сөзү да катар айтылат. *Чабдар* сөзү монголчо *чагавтар* сөзүнүн *га* деген тыбыштары түшүшүнөн жана *т* тыбышы *д* болуп жумшарышынан келип чыккан. Анткени *чабдар* түстүү жылкынын тула боюнун өңү кула же жээрде келип, куйрук менен жалы агыш түстүү болот.

ЧАГАРАК Бул сөз *тегерек* сөзү менен тектеш болушу мүмкүн. Чуваш тилинде *чавар* «тегерет, айландыр», чимир; *чавра* «тегерек» сөздөрүндө үндүү *а* тыбышы айтылат. Алгач *тагарак* түрүндө айтылган сөздүн *т* тыбышы *ч* тыбышына алмашып, *чагарак* сөзү келип чыгышы ыктымал.

ЧАКА *к. акча.*

ЧАКЧА Бул сөз *чак+ча* бөлүктөрүнөн турат. *Чак* уңгусу иранча *шах* «мүйүз» деген сөзгө туура келет, ага түркчө кичирейтүүчү *-ча* мүчөсү уланып, *шакча* сөзү келип чыккан. Алгач *шакча* сөзү «мүйүзчө» дегенге барабар маани берген. Кийин андай түз мааниси унутулуп, насыбай салгычты туюнтуп калган. Мурдагы чакчалар мүйүздөн жасалса, азыр насыбайды ар кандай материалдардан жасалган идиштерге салат. Бирок алар *чакча* атала берет.

ЧАКЧЫГАЙ Бул сөз чымчыктын сайраган үнүн туураган *чак-чак* сөзүнө *-ай* мүчөсү жалгануудан келип чыккан. Кичинекей чымчык чөптүн башына конуп, *чакчык-чакчык* деп сайрайт. Ушундай өзгөчөлүгү анын атынын келип чыгышына негиз болгон.

ЧАКЫР Кыргыз тилинде *чакыр* жана *кыйкыр* сөздөрү *короз чакырды, короз кыйкырды* деген учурда бирдей мааниде колдонулуп, синонимдик мааниде болот. *Чакыр* сөзү *кыйкыр* сөзүнө мааниси боюнча туура келип калышы бекеринен эмес. Байыркы түрк тилиндеги *кыкыр//кыйкыр* сөзү *кы+кыр* морфемаларынан келип чыккан. Ал кезде *кы* сөзү кыйкырууда, чакырууда айтылчу сырдык сөз болгон, ага этиш жасоочу *-кыр* мүчөсү уланып, *кыкыр//кыйкыр* сөзү жаралган.

Кыкыр сөзүнүн ортосундагы *к* тыбышы *ч* тыбышына алмашуудан кыргыз тилинин айрым говорлорунда айтылуучу *кычыр* варианты келип чыккан. Процесс аны менен токтолбостон, *кычыр* сөзүнүн *к* жана *ч* тыбыштары метатезалануудан *чыкыр* варианты пайда болгон. Мына ушул *чыкыр* вариантынын биринчи муунундагы *ы* тыбышы *а* тыбышына өтүүдөн *чакыр* сөзү жаралган дешке болот.

ЧАЛ Азыркы кыргыз тилинде *чал* сөзү *абышка* сөзүнө маанилеш болуп колдонулат. Байыркы түрк тилинде *чал* сөзү «ак, ак куба» маанисин берген (ДТС, 137). Ушундай мааниде азыркы түрк тилдеринин айрымдарында алиге айтылат. Маселен, татар, чуваш тилдеринде. Ошондуктан азыркы кыргыз тилиндеги

чал куйрук деген учурда айтылганда, жылкынын куйругунда ак кылы бардыгы эске алынат.

Ал эми карыган кишини *чал* деп айтуу анын чачы менен сакал-мурутунун агарып кетишине байланышкан. Азыр *чал сакал, чал мурут* деп айтуу мүмкүн эмес. Бирок мурда *чал куйрук* деп айткан сыяктуу жогоркудай айтылыш мүмкүн болгон. Ошол тизмектин *чал* деген сөзү калып, *сакал, мурут, чач* сөздөрү түшүп, өңдү-түстү билдирген сөз адамдын өзүн билдирип калган.

ЧАЛГЫ Адабий тилде *чалгы* болуп айтылган чөп чаба турган курал Ысык-Көл менен Нарында *чапкы* болуп да айтылат. Ал *чапкы* сөзү *чап+кы* бөлүктөрүнөн турат да, курал чөптү чаба тургандыгынан аталганы ар кимге оңой баамдалат. Бирок *чалгы* сөзүнүн *чал* деген уңгусунун мааниси кыргыздарга түшүнүксүз. Ал мындайча чечмеленет.

Азыркы кыргыз тилинде *чал* этиши *ак боз бээни чалды, ай туякты чалды* деген учурда айтылат. Мындагы *чал* этиши «сой» маанисиндеги сөз экенин баамдоо кыйын эмес. *Чал* сөзү «сой» маанисинде татар, башкыр, азербайжан, ногой, кара калпак, казак тилдеринде азыр да айтылат. Азербайжан, кумык, ногой тилдеринде бул сөз «чөп чабуу» маанисинде да колдонулат (Мусаев, 1978, 314). Ал тилдерде *чал* сөзүнүн көп маанисинин бирин «чөп чабуу» деген мааниси түзүп, баары бир сөздүн уясына кирет. Кыргыз тилинде *чал* сөзүнүн «чөптү чабуу» деген мааниси унутулган, бирок андан келип чыккан *чалгы (<чал+гы)* «чөп чаба турган курал» сөзү сакталып кала берген.

ЧАЛДЫК *Ооруга чалдык, көзгө чалдык* деген учурда айтылуучу *чалдык* этиши *чал+дык* бөлүктөрүнөн турат. *Чал* этиши «оролто байлоо, имере байлоо, ороо» маанисин берген этиш болсо, ага дагы этиш жасоочу *-лык* мүчөсү уланган. Мындай мүчө *оо — оолук, буу — буулук, кыс — кыстык, соз — создук, жет — жеттик, тут — туттук* деген сөздөрдө да катышат (Кудайбергенов, 1973, 94—95).

ЧАЛКАН Чалкан чагат — ушул касиети бул өсүмдүктү башкалардан айырмалап турат. Бирок чөптүн атында андай чага турганы байкалбайт. Ошондуктан *чалкан* деген сөздүн келип чыгышы тууралу мындай болжолду айтууга туура келет.

Чалкан сөзү алгачкы *чак+кан* бөлүктөрүнүн биригишинен турган. Катар келген геминаттык *к* тыбышынын бири диссимиляцияланып, *л* тыбышына өтүп кеткен: *чаккан>чалкан.*

ЧАМГАРАК Бул сөз *чамгар+ак* бөлүктөрүнөн куралган. Анын *чамгар* уңгусу өзбек тилиндеги *чамбар* «тегерек, карскан» сөзүнө туура келет. Ага кичирейтүүчү *-ак* мүчөсү улануудан келип чыккан *чамгарак* сөзү кыргыз тилинде боз үйдүн түндүгүндөгү ийилген ичке жыгачтарды туюнтуп калган.

ЧАМДА Кыргыз тилинде *чамда* этиши *ыкчамда* этиши менен бирдей маани берет. Мындай болушу кокустук эмес. *Чамда* этишинин өзү *ыкчамда* этишинин *ык* деген башкы тыбыштары түшүп калышынан келип чыккан. *Ыкчам* сөзүнүн өзү болсо алгачкы *кыча (кыча+м)* сөзүнүн *кы* деген башкы тыбыштары метатезаланып, *ык* болуп айтылышынан жаралган: *кычам>ыкчам.*

ЧАМПА Бул сөз алгач *чап+ма* бөлүктөрүнөн турган. Кийин *пм* тыбыштары орун алмашып жайгашып калып, *чампа* түрүнө келген.

ЧАМЫН Үндүү менен башталган мүчө уланганда уңгунун аягындагы *п* тыбышы жумшарып, *б* тыбышына өтөт. Ошондуктан *чап+ык, чап+ынды* дегендерден *чабык (чөп чабык), чабынды* сөздөрү жаралган. Бирок аны менен чектелбестен, *б* тыбышы өзүнө кош эринчилдиги боюнча жакын болгон *м* тыбышына өтүп кеткен .Натыйжада *чамын* этиши жана *чамынды* деген зат атооч сөздөр жаралган. Мындай болуп *б* тыбышынын *м* тыбышына өтүп кетишине сөздүн аяк жагындагы мурунчул *н* тыбышынын регрессивдүү таасири тийген.

ЧАПКЫН *Бороон-чапкын* деген кош сөздүн составында айтылган *чапкын* сөзү уйгур тилинде «бурганак» (УйРС, 379) маанисин берет. Ал сөз кыргыз тилинде өзүнчө айтылбай, кош сөздүн түгөйү болуп калган.

ЧАРБА Иранча *чар* «төрт» жана *па* «бут» сөздөрү биригип, *чарба* сөзү келип чыккан. Ал «төрт бут» дегенди туюнтат, кыргызча *төрт түлүк мал* дегенге барабар келет. Бирок анын мааниси кеңий берип, азыр бутка эч тиешеси жок түшүнүктөрдү да туюнтуп калган. Мисалы: *дан чарбасы, токой чарбасы.*

ЧАРДАЙ Алгачкысы *чардай* түрү деп эсептесек, анда анын *рд* деген тыбыштарын орун алмаштырып *др* кылып жайгаштыруудан *чадырай* түрү келип чык-

жан. Кийинкидей алмаштырууда эки үнсүздүн ортосуна үндүү тыбыш кыстарылган.

ЧАРКАП Орулуп, бооланып, анан чөмөлө сыяктанып жыйылган эгин *чаркап* делет. Бул сөз иранча *чар* «төрт» жана түркчө *бак* «боо» сөздөрүнөн куралган. Сөзмө-сөз «төрт боо» дегенди билдирет. Анткени үч боону бирин-бирине сүйөштүрүп коюп, анын үстүнө бир боону башын ылдый каратып кийгизип койгон. Ошол үчүн ал *чарбак* аталган. Бирок кийин *бак* сөзү метатезаланып, *кап* түрүнө өзгөрүү менен, *чаркап* сөз төрт боодон турган үймөктү эле эмес, андан да көп боолордон турган чөмөлө сыяктуу эгиндин үймөгү дегенди билдирип калган.

ЧАРПАЯ Иранча *чар* «төрт» жана *пай* «бут» сөздөрү биригип, аягына *-а* мүчөсү кошулуп, *чарпая* сөзү келип чыккан. Ал «төрт бут» дегенди билдирет. Чындыгында эле чарпаялар төрт бурчундагы жыгачтары көтөрүп турган тактайдан жасалган секичени элестетет.

ЧАРЫМ Иран тилинде *чарм* сөзү «тери» маанисин берет (ТадРС, 576). Ошол сөз кыргыз тилине кабыл алынганда «эт менен майдын арасында болуучу тарамыш сыяктуу чел» деген маани берип калган.

ЧАЧА Эт же башка нерсе тамакка (кызыл өңгөчкө) туруп калышынан адам *какайт*. Ал эми шилекей же тамактын бүдүрү кекиртек жакка кетишинен адам *чакайт* же *чачайт*. Мына ушул *чака* же *чача* этиштери *кака* сөзүнүн бир же эки *к* тыбышы *ч* тыбышына алмаштыруудан келип чыгып, андан айырмалуу маани берип калган: *кака*>*чака*>*чача*.

ЧАЧПАК Аялдар чачына тагынчу кооз жасалга *чачпак* сөзү *чач*+*пак* бөлүктөрүнөн турат. Анын аягындагы *-пак* — байыркы түркчө *баг* деген сөз. Ал азыркы кыргызча *боо* дегенге туура келет. «Чач боо» маанисиндеги сөз *чачпак* болуп калган.

ЧАЧТАРАШ *Чачтараш* сөзүн *чач* жана *тарач* деп түшүнүп, экинчи сөз *тара* этишинен чыккан сөз деп билүүгө болбойт. Мындагы *тараш* сөзү иранча *тарошидан* (ТадРС, 383) этишинин кыскарганы болуп эсептелет. Ал «алуу, кыруу» дегенди билдирет. *Чачтараш* сөзү «чачты алуу» дегенди билдирет, ал «чачты тароо» менен эч байланышпайт.

ЧАЯН Кыргыз тилинде *чаян* сөзү үч түрдүү жандыкты туюнтат: «1) скорпион; 2) аары; 3) рак (Юдахин, 353). Булардын баары чагып алмасы бардыгы менен белгилүү. Байыркы түрк тилинде *чадан, чазан, чайан* сөзү «скорпион» дегенди эле туюнткан (ДТС, 135—136).

Бул сөз *чай*+*ан* бөлүктөрүнөн куралган. Анын *чай* уңгусу байыркы түркчө *чад*//*чаз* этишине туура келет. Ал этиш болсо *д*>*к* боюнча азыркы кыргызча *чак* этишине туура келет. Мына ушундай этишке зат атооч жасоочу *-ан* мүчөсү уланып *чадан*//*чазан*>*чайан* «чагып алуучу» сөзү келип чыккан.

ЧЕБЕЛЕН Бул сөз *чеп*+*еле*+*н* бөлүктөрүнөн турат. *Чеп* деген тууранды сөз анын уңгусун түзөт. Аны *чеп-чеп этүү, чепилде, чебелекте* деген сөздөрдөн көрүүгө болот. Ошол *чеп* деген тууранды сөзгө этиш жасоочу *-ала* мүчөсү жалганып, андан кийин өздүк мамиленин мүчөсү *-н* уланып, *чебелен* сөзү жаралган.

ЧЕГИРТКЕ Алтай тилиндеги *черткиш* сөзү кыргызча *чегиртке* сөзүнө туура келет. Буларды салыштырганда *черт*+*киш* (кыргызча *черт*+*кич*) сөзүнүн *черт* уңгусу кыргызча *чегирт* сөзүнө туура келери аныкталат. Мына ушул *чегирт* түрү азыркы *черт* сөзүнүн байыркы формасы болуп чыгат. Башкача айтканда, *чегиртке* деген аты коюлган кезде азыркыча *черт* этиши *чегирт* болуп айтылган. Ошол кездеги формасы кичинекей жандыктын атында сакталып калган. Башка учурларда ал *черт* болуп өзгөрүп, ортосундагы *ги* тыбыштары түшүп калган.

Чегиртке мындай атка арткы чоң буттарын кыймылдатып үн чыгарып сайраганы үчүн конгон. Ал кыймылы чертип жатканды элестетет.

ЧЕЙИН Байыркы түрк тилинде *тегин* деген жандоочсөз болгон. Ал *теги, тег* болуп кыскарып да айтылган (ДТС, 546, 547). Мына ушул *тегин* сөзү *тег*+*ин* бөлүктөрүнөн куралган. Анын *тег* уңгусу азыркы кыргызча *тий* этишине туура келет, *-ин* мүчөсү этиштин чакчыл формасы. Мындай чакчыл форма азыркы якут тилинде колдонулат. Азыркыча айтканда *тегин* сөзү «тийе» (<*тий*+*е*) дегенге барабар маани берет. Ошол *тегин* сөзүнүн *т* тыбышы *ч* тыбышына, *г* тыбышы *й* тыбышына өзгөрүүдөн *чейин* сөзү келип чыккан. Кыргыз тилинде ал кыскарып *-ча* мүчөсү болуп да калат. Мисалы: *Мен келгенге чейин — Мен келгенче.*

ЧЕЙРЕК Иранча *чар* жана *йак* сөздөрү биригип, *чейрек* сөзү жаралган. Ал «төрт+бир» дегенди билдирет. Кыргыз тилине кабыл алынганда *рй* тыбыштары

орун алмаштырып, *йр* болуп айтылып, *чейрек* түрүнө келген. *Чейрек* сөзү «төрттүн бири» деген маанисин сактап, азыркы кыргыз тилинде мезгилге, көлөмгө, аянтка карата айтыла берет.

ЧЕЛЕК Кыргызча *кап* сөзүнөн *кабык* сөзү чыккан сыяктуу *чел* сөзүнөн *челек* сөзү келип чыккан. *Чел* сөзү жыгачтын кабыгы деген маани берген деп эсептесек, андан жасалган идиш *челек* аталган. Анын аягындагы *-ек* мүчөсү кичирейтүүчү маани берген дешке болот. Кийин *челек* жыгачтын кабыгынан эмес, жыгачтын өзүнөн жасала баштаганда деле эски аты колдонула берген.

ЧЕМИРЧЕК *Кемирчек* сөзүнүн *к* тыбышы *ч* тыбышына өтүүдөн *чемирчек* сөзү келип чыккан. Анткени *чемир* деген өзүнчө этиш жок, *кемир* деген өзүнчө сөз бар.

ЧЕПИЛДЕ *к. чебелен.*

ЧЕРТ *к. чегиртке.*

ЧЕЧЕК Байыркы түрк тилинде *чечек* сөзү «гүл» маанисин туюнткан (ДТС, 149). Ал азыркы кыргыз тилинде *байчечекей, ак чечек* деген сыяктуу өсүмдүктөрдүн атында сакталып калган. Аны иран тилинен кабыл алынган *гүл* сүрүп чыгарган. Антишине «чечек» сөзүнүн тергөөдөн улам келип чыккан экинчи маанисиси да кошумча болгон. Адамдын бетинде чаар изди калтыра турган оору кызыл-кызыл ыйлаакча жара болуп чыккандыктан, аны тергеп, оңой өтүп кетсин үчүн атынан айтпай, гүлгө теңештирип, *чечек* деп атаган. Ушундай мааниси кеңири колдонула баштап, биринчи маанисин унуттурууга, аны башка сөз менен алмаштырууга алып келген.

ЧЕЧКЕДЕЙ Кол-аякка жарап калган бала жөнүндө айтылганда колдонулуучу *чечкедей* деген сөздүн жалпы мааниси түшүнүктүү болгон менен, анын *чечке* үңгусу эмне маани бергени, баланы эмнеге салыштырганы түшүнүксүз.

Байыркы түрк тилинде *чечге* сөзү «өрмөктүн аркагын түрө турган жыгач» дегенди туюнткан (ДТС, 143). Баланы мына ушул жыгачка салыштырышы мүмкүн. Азыркы чуваш жана калмак тилинде *чечек* «гүл» деген сөз *чечке* болуп да айтылат. Анда сөздүн аягындагы *ек* тыбыштары *ке* болуп метатезаланат. Эгер ушул сөз негиз болуп алынса, анда *чечкедей* сөзү гүлгө салыштырылган болот.

ЧИЙ Азыркы *сыз* этиши алгачкы *чыз* сөзүнүн *ч* тыбышы *с* тыбышына өтүшүнөн келип чыкса, ал эми ошондой эле маанидеги *чий* сөзү *з* тыбышы *й* тыбышына, *ы* тыбышы *и* тыбышына өтүшүнөн келип жаралган.

ЧИЙНЕ Кыргыз тилиндеги *чийне* сөзү байыркы түрк тилинде *чекне//чийне* болуп айтылган (ДТС, 143). Ал *чек+не* бөлүктөрүнөн турат. Анын *чек* үңгусу *араба чек, чана чек* деген учурда айтылган *чек* этишине туура келет. Ошол үңгудан кийин этиштен зат атооч жасоочу *-на* мүчөсү уланып, *чийне* сөзү келип чыккан.

ЧИЛ Кекилик сыяктуу келген *чил* деген канаттуунун аты өңүнө жараша коюлган. Бул сөздүн алгачкы мааниси түркмөн тилинде сакталып калган. Түркмөн тилинде *чил* сөзү «чаар» дегенди билдирет.

ЧИМИР Байыркы түрк тилиндеги *чебур* (ДТС, 145) сөзү азыркы кыргыз тилинде *чимир* болуп айтылат. Бул сөз азыр үңгусу өзүнчө колдонулбай калган *тегерен, тегерет, тегерек* сөздөрүнүн *тегер* үңгусуна туура келет. *Тегир* үңгусу да *чимир* этиши сыяктуу маани берген, ошол мааниси *т* тыбышы *ч* тыбышына өткөн *чимир* формасында сакталып кала берген.

ЧОГОЙНО Чоор инструментин балтыркандан, жыгачтан жана түтүк куурайдан жасоого болот. Алардын көбүнөн бышыгы *чогойно* болуп эсептелет. Анткени анын түтүгү калың келип, тарамыш сыяктуу жипчелер менен курчалып турат. Ошондуктан ал чоор жасоочу негизги материал боло алат. Ушул өзгөчөлүгүнө ылайык ал *чогойно* аталган. Анын үңгусун *чоор* сөзү түзөт. Ага *-гоно* мүчөсү жалганган. Бирок ал экөө бириккенде *-гоно* мүчөсү экиге бөлүнүп, *й* тыбышынын эки жагына жайгашып калган. Ошол *й* тыбышы өзгөрүлгөн *р* тыбышы болуп эсептелет. Алгачкы *чооргоно* сөзү *чоргоно>чойгоно>чогойно* болуп өзгөрүп кеткен.

Мына ушул *чогойно* деген өсүмдүктү төө жей тургандыгына карап, элде *төө тикен* деп да атайт. Кээ бирөөлөр аны *чоор куурай* дейт.

ЧОЙ Кыргыз тилиндеги *соз* этиши алгачкы *чоз* сөзүнүн башкы *ч* тыбышы *с* тыбышына алмашуудан келип чыкса, *чой* деген аяккы *з* тыбышы *й* тыбышына алмашуудан келип чыккан. Мунун *чоз* дегени кыргыз тилинин ичкилик говорунда колдонулса, *соз* жана *чой* варианттары кыргыз адабий тилинде кол-

донулат. Алардын сырткы формалары айырмалуу болгон менен, билдирген маанилери бирдей.

ЧОЛПОН Иран тилдериндеги *чопан* (ПРС, 167) сөзү кыргыз тилине байыркы кезде *п* тыбышынын алдына *л* тыбышы кошулуп кабыл алынып, *чолпон* түрүнө келген. Ошондуктан *койдун атасы Чолпон ата* деген мифологиялык түшүнүк жаралган. Турция тилинде асмандагы Чолпон жылдызы *Чобан йулдызы* делет (ТурРС, 195). Кийин *чопан* сөзү кыргыз тилине *чабан* түрүндө кабыл алынып, ал «кой баккан киши» маанисин берип, *чолпон* сөзү экөөнүн ортосундагы айырма тыбыштык жагынан да, мааниси жагынан да кескин болуп калган. Ошондуктан бул эки сөз бир уңгудан келип чыкканын баамдоо кыйындап кеткен.

ЧОҢ Белгилүү тарыхчы В. В. Бартольд кыргыз тилиндеги *чоң* деген сөздү кытай тилинен кирген деп эсептеген (Бартольд, т. II, ч. I, 534). Мындай пикирин атайын далилдеген эмес. Кытайча *чан* сөзү «узун» маанисин берет, бирок ал *чоң* деген сөзгө жакындашпайт. Биздин оюбузча, кыргызча *чоң* сөзү монголчо *том* сөзү менен тектеш (МРС, 406). Монголчо *том* кыргызча *чоң* сөзүнүн маанисин берет. Булардын башкы *т* жана *ч* тыбыштары жана аяккы *ң* жана *м* тыбыштары алмашкан.

ЧОО Балык кармоодо колдонулчу чырпыктан токулган *чоо* чувашча *шак* болуп айтылат (ЧРС, 600). Мына ушул *шак* сөзүнө жакын болгон *чак* сөзү кыргыз тилиндеги *чоо* сөзүнүн келип чыгышына негиз болгон. Ал үчүн сөздүн аягындагы *к* тыбышы *в* тыбышына, анан үндүүгө айланган: *чак* > *чав* > *чов* > *чоо*.

ЧОПКУТ Байыркы түрк тилинде *чабгут* сөзү «чыканакка коюучу жаздык, жерге салып отуруучу төшөк (ДТС, 135) маанисин берген. Ал азыр кыргыз тилинде *чопкут* түрүнө келип, «эски-уску төшөнчү» маанисин берип калган. Жоо менен урушканда найза, кылыч, ок өтпөсүн үчүн сооттун же чапандын ичинен көбүнчө чопкутту коюп алган.

ЧӨБӨГӨ Байыркы түрк тилинде *чөп* сөзү «чөгүндү, калдык, чөбөгө (ДТС, 155) маанисин берген, башкача айтканда, ошол *чөп* сөзүнүн өзү эле азыркы кыргызча *чөбөгө* сөзүнүн маанисинде болгон. Ошондуктан *чөбөгө* сөзүнүн уңгусун *чөп* сөзү түзөт, ал эми *-өгө* мүчөсү кичирейтүүчү *-ак* мүчөсүнүн аягына үндүү тыбыш кошулган варианты дешке болот. Алгач

чөбөгө сөзү «каймакты сызгырганда түбүндө чөгүп калган калдыкчасы» деген сөз болгон.

ЧӨК Кыргыз тилинде *чөк түш* деп да, *чөкө түш* деп да айтууга болот. Ал эми төөнү жаткыруу үчүн жалаң гана *чөк!* сөзү колдонулат. Мына ушул *чөк* жана *чөкө* сөздөрүнүн экөө тең азыркы *төө* сөзү менен байланышат. Байыркы түркчө *тебе*, казакча *түйе*, өзбекче *туя* болуп айтылган сөз алгач *төгө* түрүндө болгон деп болжолдойбуз. Анын ортосундагы *г* тыбышы *б* тыбышына өзгөрүүдөн байыркы түркчө *тебе* жаралса, анын *й* тыбышына өзгөрүшүнөн казакча *түйе*, өзбекче *туя* сөздөрү пайда болгон.

Төөнү жаткыруу үчүн билдирген байыркы *төгө* сөзүнүн *т* тыбышын *ч* тыбышына өзгөрткөн түрү жаралган. Төөнү кайра эле *төө* деген сөз менен айтпай, аны *бээ* деп койсо, мени айтпай, бээни айтып жаткан экен деп, айткан сөзгө «түшүнбөй», демек, чөкпөй коюшу да мүмкүн. Ошондуктан ага *төө* деген сөздү айтып кайрылууга туура келген. Алгачкы *төгө* сөзүнүн аяккы үнсүзү түшүп, *чөк!* сөзү пайда болгон. Натыйжада *төө* сөзү менен аны чөгөрүүдө колдонулган *чөк* сөзү айырмалуу болуп, бири-бирине байланышы жок сыяктанып калган.

Кийин *чөк* этишинин мааниси кеңип, башка нерселерге карата да колдонула бере турган болгон.

ЧӨМӨЛӨ Чуваш тилиндеги *теме* (ЧРС, 471) сөзү кыргызча *чөмөлө* сөзүнө туура келет. Чувашча *теме* сөзү азыркы кыргызча *төбө, дөбө* сөздөрүнө тектеш. Байыркы түркчө *төпү* сөзү кыргыз тилинде *төбө, дөбө* болуп өзгөрсө, чуваш тилинде *п, б* тыбышы *м* тыбышына алмашып, *теме* болгон. Ошондуктан *теме* сөзү *чөмө* болуп өзгөргөн түрү кыргыз тилине чуваш тилинен кабыл алынган же чуваштар менен карым-катышта жашаган элдер аркылуу кыргыз тилине кабыл алынган дешке болот. Бул сөз кыргыз тилинин өзүнүн базасында жасалса, *төбө* же *дөбө* түрүндө болмок.

Чөмө сөзүнө этиш жасоочу *-ла* мүчөсү уланып, *чөмөлө* этиши келип чыккан. Андан кайра зат атооч жасоо үчүн *-к* же *-й* мүчөсү уланып, *чөмөлөк* же *чөмөлөй* жаралган. Мындай түрлөрү айрым говорлордо гана айтылат. Кыргыз адабий тилинде аяккы *к, й* тыбышы түшүп, зат атооч сөз менен этиш бирдей формага келип калган.

Ал эми *чөп чөмөлөп жүрөт* деп айтуудагы *чөмөлө* этиши *чөмөлө+лө* дегендин аяккы окшош тыбышта-

рынын бир түгөйү түшүп, гаплологияланышынан улам келип чыккан.

ЧӨМҮЧ Сузуп алуучу *чөмүч* деген идиштин аты байыркы түрк тилиндеги *чомурмуш* (ДТС, 163) сөзүнүн ортоңку тыбыштары түшүп калышынан келип чыгышы мүмкүн: *чомурмуш>чомуш>чөмүч*. Ошону менен бирге *сузгуч, кыскыч, ачкыч* сыяктуу буюмдар, аспаптардын аттары *-гыч* мүчөсүнүн жардамы менен уюшулгандыктан, *чөмүч* сөзү да *чөм+гүч* «чөмүргүч» дегенден келип чыгышы да жүйөлүү өңдөнөт.

ЧӨНТӨК Байыркы түркчө *ичинтеки* (ДТС, 202) сөзү азыркы кыргызча *ичиндеги* сөзүнө туура келет. Бирок ошол сөздүн башындагы жана аягындагы *и* тыбыштары түшүп, ортосундагы үндүүлөрү *ө* тыбышына өзгөрүшүнөн *чөнтөк* сөзү келип чыккан. Кийимдин чөнтөгүнүн оозу сыртында болгон менен, өзү ичинде болот. Ушул өзгөчөлүгү анын атынын келип чыгышына негиз болгон. Ал үчүн алгачкы *ичинтеки>чинтек>чинтөк>чөнтөк* болуп өзгөргөн.

ЧУБАЛЖЫ Этиштин туюк мамилесин кабыл алган *чубал (<чуба+л)* сөзүнө *-жы* мүчөсү уланып, *чубалжы* сөзү жасалган. Мындай *-жы* мүчөсү *кубулжу, кубулжу, жыл-жылжы, моймол-моймолжу, чоюл-чоюлжу* сыяктуу сөздөрдө да катышат. Ал эми *алжы, мулжу, былжы, ылжы, тамылжы* сыяктуу учурларда мааниси унутулуп калган уңгулардан кийин жалганат. Эгерде *кыбылжы* сөзү *кыбыр+жы* дегенден турса, анда *-жы* мүчөсү сөз жасоочу касиетке да ээ болот.

ЧУКУЛДУК Жер каза турган эки жагы тең учтуу келген курал *чукулдук//чукулук//чулдук* атала берет. Бул сөздөр алгачкы *чукулдурук* сөзүнүн тыбыштары улам кыскара беришинен келип чыккан дешке болот. *Чуку* деген уңгуга *-лдырык* мүчөсү уланып, *чукулдурук* сөзү жасалган. Анын *р* тыбышы түшүүнөн *чулудук* түрүнө келсе, дагы *д* тыбышы түшүп айтылганда, *чукулук* түрүнө келген. Ал эми *д* тыбышы түшпөй, *ку* тыбыштары түшүп калышынан *чулдук* түрү жаралган.

ЧУРМУЙ Сөздүн составындагы *ч* жана *м* тыбыштары орундарын алмаштырып жайгашуудан *мурчуй* жана *чурмуй* сөздөрү жасалган. Алардын кайсынысы алгачкы экенин кесе айтуу кыйын.

ЧҮЙГҮН *Чүйгүн эт, согум чүйгүн болсун!* деген учурда айтылуучу *чүйгүн* сөзү байыркы түрк тилинде *чивгин* түрүндө болгон. Ошол *чивгин* сөзүнүн уңгусу болгон *чивег* «даам, татым» (ДТС, 147) маанисин берген. Ага тактооч жасоочу *-н* мүчөсү жалганып *чивгин* сөзү жасалган. Мына ушул сөздүн тыбыштары бир аз өзгөрүп, кыргызча *чүйгүн* сөзү жаралган.

ЧҮЛҮК Уйдун, өгүздүн, буканын мурдуна тагыла турган *чүлүк* деген сөздү азыркы кыргыз тилинде уңгу жана мүчөлөргө ажыратуу кыйындап кеткен. Бул сөз башкыр тилинде *сөйөлдөрөк* болуп айтылат, сөздүн уңгусун *сөй* «шиш, шынаа, мык» сөзү түзөт. Ага *-лдырык* мүчөсү уланып, *сейелдерек* сөзү келип чыккан. Кыргыз тилинде ал сөздүн тыбыштарынын жартысы түшүп, *чүлүк* түрүнө келген. Чындыгында ал сөз алгач *чүгүлдүрүк* же *чүйүлдүрүк* түрүндө болгон.

ЧҮМБӨТ Бул сөз кыргыз тилине иран тилдеринен кабыл алынган. Иранча *чашм «көз», банд «байлануу, жабык»* деген эки сөз биригип, *чашмбанд* келип чыгып, аялдар кылдан токуп, бетин жаап жүрүүчү торду билдирген. Ал сөз кыргыз тилине *чүмбөт* түрүндө кабыл алынган.

ЧЫБЫК Байыркы түрк тилинде *чып* сөзүнүн өзү эле «чыбык» (ДТС, 150) маанисин берген. Ал сөзгө кичирейтүүчү *-ак* мүчөсү жалганып *чыбык, чубук* варианттары жаралган. Алгачкы *чап* сөзү иран тилиндеги *чуб* деген сөз менен тектеш болушу да мүмкүн. Иран тилинде *чуб* сөзү «жыгач» дегенди билдирет (ТадРС, 448). Мына ушул сөзгө кичирейтүүчү *-ак* мүчөсү уланып, «кичинекей жыгач» маанисиндеги *чыбык, чубук* сөзү жаралган деп болжолдоого болот.

ЧЫБЫР *Чыбыр ала, чыбыр чаар* деген учурда айтылуучу *чыбыр* сөзү азыркы *чаар* сөзү менен тектеш. Алгачкы *чагар* сөзүнүн *г* тыбышы *б* тыбышына өзгөргөн варианты кыргыз тилинде *чыбыр* түрүнө келген.

ЧЫГАША *Чык* сөзүнө зат атооч жасоочу *-аша* мүчөсү жалганып, *чыгаша* сөзү келип чыккан. Мындагы *-аша* мүчөсү кыргыз тилиндеги сейрек учураган мүчөлөрдүн катарына кирет. Ал *киреше* деген сөздө да бар.

ЧЫГДАН Бул сөз *чыг+дан* бөлүктөрүнөн турат. Анын *чыг* уңгусу байыркы түркчө *чыг* (ДТС, 147) азыркы кыргызча *чий* сөзүнө туура келет. Ага иранча *-дан* мүчөсү уланган. Мындай мүчө зат атооч сөздөргө уланып, ал сөз эмнеге арналган буюм экенин

билдирет. *Чыгдан* сөзү «чийден жасалган тосмо» деген маани берген.

ЧЫЙЫРЧЫК *Кара чыйырчык, ала чыйырчык* сөздөрүнүн составында айтылган *чыйырчык* сөзү байыркы түрк тилинде *сыгурчук* түрүндө айтылган (ДТС, 502). Мына ушул *сыгурчук* сөзү байыркы түркчө *сыкыр* «ышкыр» (ДТС, 505) сөзүнөн келип чыгат дешке болот. Анткени кара чыйырчык да, ала чыйырчык да ышкырып же чырылдап сайрайт. Мына ушул өзгөчөлүгү алардын атынын келип чыгышына негиз болгон. Анын *чыйыр* үңгусу *чыкыр* сөзүнө туура келет, *-чык* мүчөсү кесипти билдирген *-чы* мүчөсүнө барабар келет.

ЧЫК Байыркы түрк тилиндеги *таш* (азыркы кыргызча *тыш*) деген зат атоочко этиш жасоочу *-ык* мүчөсү жалганып, *ташык* сөзү жаралган (ДТС, 540). Бирок анын башкы *т* тыбышы *ч* тыбышына өтүп, *аш* деген тыбыштары түшүп, *чык* сөзү келип чыккан (ДТС, 150). Алгачкы *ташык* сөзү «тышкарылан, тышка чык» дегенге барабар маани берген. Азыркы кыргыз тилинде *чык* этишинин 20 дан ашык мааниси бар. Анын баары ошол алгачкы маанисинен өнүккөн.

ЧЫКЫЙ Монгол тилинде *чик(ен)* сөзү кыргызча «кулакты» билдирет. Мына ушул сөз кыргыз тилине кабыл алынып, «кулак түп, кулактын сөөгү» деген маани берип калган. Ошондуктан *чыкый түпкө кой* деген тизмек менен *кулак түпкө кой* тизмеги бирдей маани берет. Монголчо *к* тыбышы кыргыз тилинде *й* тыбышына алмашкан.

ЧЫМЧЫ Кыргыз тилинин түштүк диалектисинде *кымчы* сөзү адабий тилдеги *кыпчы* жана *чымчы* деген эки сөзгө туура келет. Бул сөздөрдүн алгачкы формасы *кыпчы* деп эсептеп, *п* тыбышы *м* тыбышына өтүшүнөн *кымчы*, *к* тыбышы *ч* тыбышына өтүшүнөн *чымчы* варианты келип чыккан деп эсептөөгө болот: *кыпчы* > *кымчы* > *чымчы*.

ЧЫМЧЫК Бардык эле майда канаттуу куштарды билдире турган *чымчык* сөзү татарча *чыпчык*, турция тилинде *шыпшык* болуп айтылат. Болжолу, бул сөз алгачкы *чыйп-чыйп* деген үнүн туураган сөз болгон. Кийин тыбыштары өзгөрүп, *чыпчып* > *чыпчык* > *чымчык* болуп калышы мүмкүн.

ЧЫМЫР Бул сөз *чым+ыр* бөлүктөрүнөн куралган. Анын *чым* үңгусу *чың* сөзүнө *ң* жана *м* тыбыштарынын алмашуусу боюнча туура келет. Ошол үңгуга зат атоочтон сын атооч жасоочу *-ыр* мүчөсү уланып, *чымыр* сөзү жаралган.

ЧЫМЫРА *Суу чымырай баштады* деген учурда айтылган *чымыра* сөзү *чымыр+а* бөлүктөрүнөн куралган. Анын *чымыр* үңгусу *чыбыр ала, чыбыр чаар* деген учурдагы *чыбыр* сөзүнө *б* тыбышы *м* тыбышына алмашуусу аркылуу туура келет. Ага атооч сөздөн этиш жасоочу *-а* мүчөсү уланып, *чымыра* сөзү жаралган. Суу кайнай турган болгондо, чыбыр-чыбыр майда көбүктөр чыга баштайт. Мына ушул көрүнүшү *чыбыра* > *чымыра* сөзүнүн келип чыгышына алып келген. Байыркы түрк тилинде *чокур* сөзү «чаар» дегенди билдирсе, андан келип чыккан *чокра* (< *чокур+а*) этиши «кайна» дегенди туюнткан (ДТС, 154). Дал ушул сыяктуу жол менен суунун кайноого жакындап калышы да чыбыр-чыбыр болуп көбүктөнгөн өңүнө жараша *чымыра* этиши аркылуу баяндалган.

ЧЫПАЛАК Байыркы түрк тилинде *чычалак* (ДТС, 147) түрүндө айтылган сөз азыркы кыргыз тилинде *чыпалак* болуп колдонулат. Алгачкы *чычалак* сөзү *чыч+алак* бөлүктөрүнөн турушу мүмкүн. Анын *чыч* үңгусу *кичик* «кичинекей» сөзүнүн башкы *к* тыбышы *ч* тыбышына алмашып, аяккы *к* тыбышы түшүп калган түрү дешке болот *кичик* > *чичи* > *чыч*.

Ал эми экинчи бөлүгүн түзгөн *-алак* байыркы түркчө *элиг* «колдун манжасы» (ДТС, 170) деген маанидеги сөздүн тыбыштары өзгөргөн түрү деп эсептесек, *чычалак* сөзү «кичинекей манжа» маанисин берген сөз болуп чыгат.

ЧЫРМ *Чырм эт* деген учурда айтылган *чырм* сөзү азербайжан тилинде *чимир этмек* болуп айтылат (АзРС, 305). Ушуга караганда *чырм* сөзү алгачкы *чымыр* сөзүнөн келип чыккан дешке болот. Азыркы кыргыз тилинде *бутум чымырап уктап калыптыр* деп айткан учурдагы *чымыраптын чымыр* сөзү *чырм эт* дегендеги *чырм* сөзүнө тектеш.

ЧЫЧКАН Байыркы түркчө *сычкан* аталган сөз өзбекче да *сычкан* болсо, казакча *тышкан*, кыргызча *чычкан* болуп айтылат. Э. В. Севортян бул сөздү *чыч* «жылт коюу» деген этишке *-кан* мүчөсү жалгануудан келип чыккан деп эсептейт (Севортян, 1, 41). Биздин оюбузча, булардын ичинен казакча *тышкан* дегени алгачкысына жакын формасы деп эсептөөгө болот. Анын *тыш* үңгусу байыркы түрк тилинде «тиш» дегенди билдирген, *-ган* — «жаныбар» деген маани билдирген мү-

чө. Ошондо байыркы *тышкан* сөзү «тиштүү жаныбар» дегенге жакын маани берген сөз болуп чыгат. Кийин ошол *тышкан* сөзүнүн *т* тыбышы *ч* тыбышына жана *с* тыбышына, *ш* тыбышы *ч* тыбышына алмашуудан *чычкан, сычкан* варианттары келип чыккан. Мындай аты чычкан тиши менен капты, терини тешип кетишине байланышту болуу керек.

ЧЫЧЫРКАНАК Бул сөз монголчо *чичүүр* «тикен» (МРС, 634) сөзүнө «өсүмдүк» деген маани берчү *-гана* мүчөсү жалгануудан (мисалы: *алтыгана*) жана аягына ашыкча уланган *-к* мүчөсүнөн (тыбышынан) турат. Сөзмө-сөз которгондо «тикенек өсүмдүк» дегенди билдирет.

Бул сөздүн башында *чычы* тыбыштары кайталанат. Оозеки речте анын бири кыскарып, *чырканак* болуп да колдонула берет.

Ш

ШАЙБЫРЛА «Жорго сыяктуу жүрүш» деген маанидеги монголчо *сайвар* сөзү кыргыз тилине кабыл алынган. Ага этиш жасоочу *-ла* мүчөсү уланганда *шайбырла* сөзү келип чыккан. «Манас» эпосунда айтылган «Шайбырлай түшүп жорголоп, Үстүнөн суусу шорголоп» деген учурда шайбырлап бара жаткан ат желген сыяктуу жүрүп бара жатабы же жорго сыяктуу басыгы менен бара жатабы, так аныктоо кыйын. Монгол тилинде *сайвар* сөзү «жол жорго, майда жорго» (МРС, 342) деген мааниде колдонулат. Ошондуктан кыргызча *шайбырла* этишинин маанисин да «жай жоргологон жүрүшкө салуу» деп түшүндүрүү зарыл.

ШАКАР Арабча *шуккар* сөзү «көө, күл» маанисин берет (АРС, 495). Ал сөз кыргыз тилине кабыл алынганда *шакар* болуп, сырткы формасы боюнча да өзгөрүү менен бирге, «күлдөн алынган ширени кайнатканда пайда болгон затты» билдирип калган. Болжолу, байыркы кыргыздар *самын* сөзүн араб тилинен кабыл алуу менен, аны жасоонун жолдорун, *шакар* жасоонун ыкмасын да алардан үйрөнгөн окшойт.

ШАМДАГАЙ Бул сөз *шам+да+гай* бөлүктөрүнөн куралган. Анын *шам* үңгусу *чамда* сөзүндөгү *чам* үңгусуна туура келет, *ч* тыбышы *м* тыбышына алмашкан. Ал эми *-да* мүчөсү этиш жасоочу *-ла* мүчөсүнүн

варианты болсо, *-гай* мүчөсү этиштен сын атооч жасайт.

ШАПАЛАК Кыргызча *шапалак* сөзү казак тилинен кабыл алынышы мүмкүн. Анткени кыргызча *чап* этиши казакча *шап* болот. Мына ошол этишке көп кайталанууну билдирген *-ала* мүчөсү жалганган. Этиштен зат атооч жасоочу *-к* мүчөсү эң аягына уланып, *шапалак* «чабуучу» сөзү жаралган.

ШИБЕГЕ Кыргызча *шибеге* сөзү монголчо *шөвөг* сөзүнөн кабыл алынган. Монгол тилинде *шиве* этиши «сай, көсө» маанисин берет (МРС, 649). Андан *шивек>шөвөг* сөзү жасалган.

ШИМЕК Бешиктеги баланы заарасын агызып кете турган түтүкчөнү билдирген *шимек* сөзү *шим+ек* бөлүктөрүнөн куралган. Анын *шим* үңгусу азыркы *шими* этишине туура келет. Ага этиштен атооч жасоочу, *-к* мүчөсү уланып, *шимек* «шимип кетүүчү нерсе» деген маанидеги сөз жаралган.

ШИМШИ Бул сөз кыргыз тилине монгол тилинен *шимши* сөзүнөн кабыл алынган. Монголчо *шинси* сөзүнүн *н* тыбышы кабыл алынганда *м* тыбышына өтүп, *шимши* түрүнө келген.

ШИРЕ Чуваш тилинде *шар* сөзү «1) кычык, жарака; 2) даректын кыйыштырган жери; 3) так, тырык;; 4) ур *(дарактагы);* 5) жыгачты сүргөндөгү так, сыйрынды» маанилерин берип, андан *шаран* «1) ширөө *(металлга карата),* эрүү *(майга карата);* 2) чок болуу; 3) сиңүү *(тамакка карата);* 4) *өтм.* арыктоо, азуу, жүдөө» (ЧРС, 612) этиши жаралат. Мына ушуга караганда *темир ширеди* деген учурда айтылган *шире* сөзүнүн алгачкы абалы чуваш тилинде сакталып калган.

ШИШЕК Махмуд Кашгаринин «Диванындагы» *тишек* сөзү азыркы кыргызча *шишек* сөзүнө формасы боюнча барабар келет, бирок мааниси боюнча *токту* сөзүнө туура келет. Ушуга караганда, биздин оюбузча, *шишек* сөзү *тиш+е+к* бөлүктөрүнөн туруп, «койдун ууз тиши түшүп, кайра тиши чыккан курагы» дегенди билдирген сөз болуп чыгат. Анткени кой бир жашынан төрт жашына чейин тишейт.

ШИШИ *Шиши толду* деген фразеологизмдин составында айтылган *шиш* сөзү байыркы түркчө *шиш* болуп айтылган. Байыркы түрк тилинде бул сөз «шишик» маанисинде айтылып, азыркы кыргызча *шиши* этишине формасы боюнча туура келип, омонимдеш

сөздөрдөн болгон. Ошол кездеги абалы ушул формада сакталып калган. *Шиши толду* деген тизмек мааниси боюнча «шишиги толду» тизмегине туура келет.

ШООНА Монголчо *ноос(он)* сөзү кыргызча «жүн» дегенди билдирет (МРС, 272). Мына ушул сөздүн *ноосо* бөлүгү кыргыз тилине *шоона* болуп кабыл алынып, «жүндөн ийрилген жоон жипти» туюнтуп калган. Ал үчүн монголчо *ноос(он)* сөзүнүн *н* жана *с* тыбыштары метатезаланып, *соон(он)* болуп өзгөрүп, анан *с* тыбышы *ш* тыбышына алмаштырылган.

ШООТ Кыргыз тилинде *жоотколот, жооткот* сөздөрү *шоот* сөзүнө барабар маани берет. Ошондуктан алгач *жоотколот* түрүндө айтылган сөздүн тыбыштары бир аз кыскарып, *шооткот* болсо, андан да кыскарып, *ж* тыбышы *ш* тыбышына алмашуудан *шоот* сөзү жаралган окшойт: *жоотколот*>*жооткот*>*шоот*.

ШОРГОЛО Кыргызча *шорголо* этиши *чорго+ло* бөлүктөрүнөн турат. *Чорго* сөзүнүн башкы *ч* тыбышы *ш* тыбышына өтүп кеткен *чорголо*>*шорголо*.

ШӨЛБҮРӨ Бул этиш *шөлп+үр+ө* бөлүктөрүнөн куралган. Анын уңгусун *шөлп* деген тууранды сөз түзөт, ага кайра эле тууранды сөз жасоочу *-ыр* мүчө жалганып, *шөлбүр* сөзү пайда болгон. Этиш жасоочу *-а* мүчөсү жалгануудан *шөлбүрө* этиши жаралган.

ШҮҮШҮН Кыргыз тилиндеги *шүйшүн* же *шүүшүн* түрүндө айтылган сөздүн маанисин К. К. Юдахин «1) кровь в непрожаренном, непроваренном мясе; 2) кровь с примесью другой жидкости *(напр. слюна с кровью, кровавая слизь из носа»)* деп которгон (Юдахин, 915). Мына ушул *шүүшүн* сөзү «кан» маанисиндеги монголчо *цус(ан)* сөзүнөн кыргызча ылайыкташтырып кабыл алынган.

Монголчо *шүүшүн* сөзү түркчө *кан* сөзүн толук алмаштыра алган эмес, бирок ал чала бышкан эттеги кан жана кан аралашкан суюктук деген маани берип, өзүнчө колдонулуп калган.

ШЫБА Бул сөз байыркы түрк тилинде *сува* түрүндө айтылган (ДТС, 575). Байыркы түркчө *сува* сөзү *сув+а* бөлүктөрүнөн турары даана байкалат. Анткени *сув* сөзү байыркы түрк тилинде кыргызча *суу* дегенди билдирген. Шыбаганда суу кошулган суюктук колдонулары белгилүү. Ошондуктан алгач *сува* сөзү «суулап майлоо, сүртүү» дегенди туюнткан.

Азыркы кыргыз тилиндеги *шыба* сөзү *шыб+а* бөлүктөрүнөн турат. Анын *шыб* уңгусу азыркы чуваш

тилинде сакталып калган. Чувашча *шыв* сөзү кыргызча *суу* дегенге туура келет (ЧРС, 625). Ага этиш жасоочу *-а* мүчөсү уланып, *шыба* сөзү келип чыккан.

ШЫЙРАК Монгол тилинде *шийр* сөзү «жаныбарлардын буту» дегенди билдирет (МРС, 651). Мына ушул сөзгө кичирейтүүчү *-ак* мүчөсү уланып, буттун төмөн жагын билдирген сөз жасалган.

ШЫКААЛА Монгол тилинде *шагаа* этиши «жылчыктан кароо, көрүү» деген маани берет (МРС, 640). Мына ушул этишке *-ла* мүчөсү жалганып, *шыкаала* сөзү келип чыккан.

ШЫЛТА Байыркы түрк тилинде *тил* сөзүнүн *тыл* варианты да болгон (ДТС, 566). Мына ошол *тыл* сөзүнө *-ла* мүчөсү жалганып, *тылда//тылта* сөзү жасалган. Ал «сүйлө» деген негизги маанисинен тышкары «шылтоо, шылтооло» маанисин да берген. Мына ушул экинчи мааниси өнүгүп жана башкы *т* тыбышы *ш* тыбышына алмашуудан *шылта* сөзү келип чыккан.

ШЫНАА Бул сөз монгол тилиндеги *шаантаг* сөзүнөн кабыл алынган. Монгол тилинде *шаа* этиши «кагуу, киргизүү» дегенди билдирет. Кыргыз тилине кабыл алынганда, сөздүн аяккы тыбыштары кыскарып, биринчи муундагы созулма үндүү тыбыш экинчи муунга которулган: *шаантаг*>*шааны*>*шынаа*.

ШЫР Кыргыз тилиндеги *шыр* жана *шыдыр* сөздөрүнүн мааниси бирдей. Ушуга карап *шыр* алгачкы *шыдыр* дегендин ортосундагы тыбыштары түшкөн түрү дешке болот.

ШЫРААЛЖЫН Монгол тилиндеги *шараљжин* (МРС, 647) сөзү кыргыз тилине *шыраалжын* түрүндө кабыл алынган. Монголчо ал сөз *шар+ал+жин* бөлүктөрүнөн турат. Уңгусу *шар* кыргызча «сары» дегенге барабар келет. Ал эми *-алжын* мүчөсү болсо кыргыз тилиндеги *көгүлжүн, агылжын* деген учурдагы *-ылжын* мүчөсүнө дал келет. Ошондо *шыраалжын* сөзү «саргыч куурай» дегенге жакын маани берген сөз болуп чыгат.

ШЫРАЛГА Мергенчинин олжосунан сурап алынган нерсени *шыралга* дейбиз. Бул сөз алгачкы *сура+лга* дегенден келип чыгат. *Сура* сөзүнүн *с* тыбышы *ш* тыбышына, *у* тыбышы *ы* тыбышына өзгөрүп кеткен. Натыйжада *суралга* менен *шыралга* сөздөрүнүн түпкү байланышы сезилбей калган.

Ы

ЫЗЫРЫН Азыркы кыргыз тилиндеги *ызырын* этиши *ызыр+ын* бөлүктөрүнөн турат. Анын *ызыр* уңгусу байыркы түрк тилинде *ысыр* түрүндө айтылып, «кап, тиште» маанисин берген (ДТС, 220). Ага этиштин өздүк мамилесинин *-н* мүчөсү жалганып, *ысырын* сөзү жасалган. Алгач *ысырын* сөзү «тиштен» деген маани берген. Ошондуктан *ызырын* сөзү кээде *тиштен* сөзүнө маанилеш келип калат.

Байыркы *ысыр* этиши өзүнчө сөз катары колдонуудан чыгып, унутулган. Бирок андан жасалган *ысырын* этиши кыргыз тилинде эки үндүүнүн ортосундагы *с* тыбышын *з* тыбышына өткөрүп сакталып калган. Мындай болушуна *ысыр* этишинин өз маанисин жоготуп коюшу да кошумча шарт түзгөн. Мааниси белгисиз сөздүн тыбыштык түзүлүшүндөгү өзгөрүүлөр туура же натуура багытта бара жатканын контролдоого мүмкүн болбой калган.

ЫКТЫТ Байыркы түрк тилинде *ык тут* (ДТС, 219) түрүндө айтылган тизмек кийин биригип, *ык-тут>ыктыт//ыткыт* болуп кеткен. Анын *ык* деген биринчи сөзү киши ыктытканда чыккан дабышты туураган сөз болсо, *тут* «карма» маанисинде азыр деле айтылган сөзгө туура келет. *Ыткыт* вариантындагы *кт* тыбыштары *тк* болуп метатезаланган *ыктыт>ыткыт* формасы да колдонулат.

ЫКШОО Азыркы кыргыз тилинде *ыкшоо* сөзүнүн уңгусу жана мүчөсү кайсы экенин ажырата билүү кыйындап кеткен. Анын *ыгыш* уңгусу башкыр тилинде «жайла, кашанда» маанисинде азыркыга чейин сакталып калган (БашРС, 669). Мына ушундай маанидеги этиш мурда кыргыз тилинде да болгон. Ага этиштен атооч жасоочу *-ак* мүчөсү жалганып, *ыгышак>ыкшак* сөзү жаралган. Сөздүн аягындагы *к* тыбышы үндүүгө айланышынын натыйжасында ал азыркыдай *ыкшоо* түрүнө келген: *ыкшак>ыкшов>ыкшоо*.

ЫЛАЧЫН Иранча *шахин* жана *лачин*, тажикче *шохин* жана *лочин* сөздөрү кыргызча *ылачын* сөзүнүн маанисин берет. Булардын алгачкысы *шахин* болушу мүмкүн. Ал *шах+ин* бөлүктөрүнөн куралып, «шах салуучу куш» же «куштардын шахы» маанисин туюнтат. Кийин сөз башындагы *ш* тыбышы *л* тыбышына алмаштырганда *лахин* сөзү жаралып, анын ортосундагы

х тыбышы *ч* тыбышына алмашып, *лачын>ылачын* түрүнө келип, түрк тилдерине кабыл алынган.

ЫЛГА Кыргыз тилинде *ирге* этиши менен *ылга* этиши бирдей маани берет. Экөө тең «жакшысын, чоңун жана керектүүсүн тандап алуу» дегенди туюнтат. Ушуга караганда *ылга* сөзү алгачкы *ирге* сөзүнүн *р* тыбышы *л* тыбышына, *и* тыбышы *ы* тыбышына алмашуудан келип чыгышы мүмкүн. *Ирге* сөзүнүн өзү болсо алгачкы *ирик+ке* морфемаларынан жаралып, «ирилерин тандап алуу» дегенди билдирген.

ЫЛДАМ В. В. Радлов турция тилинде *ылга* «атты чабуу, жүгүртүү» (Радлов, т. I, ч. 2, 1977) этишин көрсөткөн. Мына ушул этиштин *г* тыбышы *д* тыбышына өтүүдөн кыргыз тилинде *ылда* түрүнө келиши мүмкүн. Ага этиштен сын атооч жасоочу *-м* мүчөсү жалганып, *ылдам* «тез» сөзү жаралган. Бирок азыркы түрк тилдеринде *ылга//ылда* этиши өзүнчө колдонулбай, андан келип чыккан *ылдам* сөзүнүн кандайча жасалганы күңүрттөнүп калган дешке болот.

ЫЛОО *Улоо* варианты менен айтылган *ылоо* сөзү мааниси боюнча *унаа* сөзүнө туура келет. Бул сөз байыркы түрк тилинде *улаг* түрүндө айтылган. Ошол *улаг* сөзүнүн келип чыгышы жөнүндө айтылган окумуштуулардын пикирлери абдан көп. Алар Э. В. Севортяндын сөздүгүндө көрсөтүлгөн (Севортян, 1974, 449—450). Көпчүлүк окумуштуулар байыркы *улаг* сөзүн *ула+г* бөлүктөрүнө ажыратып, *ула* уңгусун (мисалы: *жипти ула, сөздү ула*) көрүшөт. Бул пикирлердин да жүйөлүү жактары бар. Ар бир бекет сайын аттары алмаштырып, бирине-бирин улаштырып отуруп чабаганчылар жол жүргөнү тарыхта белгилүү. Эгер ушул пикир туура болсо, анда *ылоо* сөзү *улоо* сөзүнүн үндүүлөрү алмашуудан келип чыгат.

Башка көз караш менен алганда, байыркы *улаг*, азыркы кыргызча *улоо, ылоо* деген сөздөрдүн баары *унаа* сөзүнөн жаралат. Монголчо *ун* сөзү кыргызча *мин* этишин туюнтат. *Унаа* сөзү «мингич» дегенге туура келет. Мына ушул сөздүн алгачкы *унаг* сөзү *улаг>улоо>ылоо* болуп, *н* тыбышы *л* тыбышына алмашуусунан келип чыккан варианттары кыргыз тилине кабыл алынган дешке болот.

ЫМДА Азыркы кыргыз тилинде *ымда* этиши көбүнчө *көз* менен тизмектелип айтылып, «белги бер» деген маани туюнтат. Байыркы түрк тилинде *им* «белги, пороль» маанисин берген (ДТС, 209). Ага этиш жа-

соочу *-ла* мүчөсү уланганда, келип чыккан *имла* сөзү алгач жалпы эле «шарттуу белги берүү» дегенди туюнткан. Башка бирөөгө байкатпай белги берүү көздү кысып коюуга байланыштуу. Ошондуктан көзүн ымдап белги берүү көнүмүшкө айланып кеткендиктен, *ымда* этишинин мааниси да жалаң эле «көз кысуу» дегенге барабар келип калган.

ЫНАН Бул сөз *ына+н* бөлүктөрүнөн куралган. *Ына* этиши кыргыз тилинде *уна* түрүндө да айтылат. Мисалы: *айтканыңа ынабайм, унабай койду*. Ага өздүк мамиленин *-н* мүчөсү уланып, *ынан* этиши жаралган. Ушул түрүнүн үңүдагы *н* тыбышы *ш* тыбышына алмашып, *ышан* сөзү жаралып, жоон үндүүлөрү ичке үндүүлөргө айланышынан *ишен* сөзү келип чыккан болуу керек.

ЫҢГАЙ, ЫҢТАЙ Бир нерсенин *оңтою келди* дегенди *ыңтайы келди* же *ыңгайы келди* деп да айтууга болот. *Оңтой* сөзүнүн үндүүлөрү өзгөрүшүнөн *ыңтай* болуп өзгөргөнү оңой байкалат. Кыргыз тилинде *оң* деген сөздөн келип чыккан *оңут* (мисалы: *оңуту келди*), *оңтой* сөздөрү бар болгону менен, *оңгой, оңгою келди* деп айтуу мүмкүн эмес. Ошондой болсо да бул сөздөрдүн бардыгынын түпкү теги бир эле *оң* сөзүнөн келип чыкакндыгы байкалып турат.

ЫҢЫРЧАК Ээр сыяктуу жасалып, балдарды мингизүүгө ылайыкталган же өгүзгө токуй турган начар ээрди билдирген *ыңырчак* сөзүнүн келип чыгышы мындайча түшүндүрүлөт. Караим тилинин Галица диалектисинде *ыгыр* сөзү Крым диалектисиндеги *эгер* сөзүнө туура келет (КарРПС, 650). Алгачкы *эдер//эгер* сөзүнүн *э* тыбышы ал диалектиде *ы* тыбышына өткөн. Мына ушундай кубулуш башка түрк тилдеринде, атап айтканда, *ыңырчак* сөзү бар тилдерде да болгон. Кыскасы, *ыңырчак* сөзүнүн составындагы *ыңыр* бөлүгү азыркы кыргызча *ээр,* башка түрк тилдериндеги *эгер* сөзүнө туура келет. Мурдагы *г* тыбышы *ң* тыбышына, *э* тыбышы *ы* тыбышына алмашкан. Мындай алмашуу *эгирчек>иңирчек>ыңырчак* баскычтары аркылуу жаралган.

Ыңыр үңгусуна кичирейтүүчү *-чак* мүчөсү уланганда *ыңырчак* «ээрче» сөзү келип чыккан. Мындай мүчө *уул-уулчак, моюн-моюнчак* сөздөрүнө да катышат.

ЫРААК Кыргыз тилинде үңгу менен мүчөгө ажыратылбай турган сыяктанып көрүнгөн *ыраак* сөзү

ыраа+к бөлүктөрүнөн турат. Азыркы алтай, хакас, тува тилдеринде *ыра* этиши «ырааста, алыста» маанисин берет. Байыркы түрк тилинде да *ыра* этиши болгон, бирок ал кезде *йыра* (ДТС, 239) варианты активдүү колдонулган. Мына ушул *ыра//йыра* этишине атооч жасоочу *-к* мүчөсү жалганып, *ырак//йырак* сөзү келип чыккан. Кыргыз тилинде акыркы муундагы *а* тыбышын созуп айтуудан ал сөз *ыраак* түрүнө келген.

ЫРГАЙ Тува тилинде *ыргай* сөзү бадал өсүмдүктөрүнүн атын билдирүү менен бирге, *ийрил* этишинин маанисин да билдирет (ТувРС, 370). Ушуга караганда *ыргай* өсүмдүгүнүн аты *ыргай* этишинен келип чыгышы мүмкүн. Анткени ыргайдын жыгачы буралып, ийрилип өсөт, андан жасалган таяк же сабоолор оңой менен сынбайт. Толгонуп өскөн жыгачы чорт сынып кетпейт.

Дагы бир болжол боюнча *ыргай* сөзү *ыр+гай* бөлүктөрүнөн турат. Анын *-гай* мүчөсү *карагай* деген жыгачтын атында да катышат. Ал эми *ыр* үңгусу байыркы түркчө *ар* «саргыч кызыл, күрөң, кызгылтым» (ДТС, 50) сөзүнүн *а* тыбышы *ы* тыбышына өткөн варианты дешке болот. Анткени *ыргай* кызыл кочкул, күрөң түстүү мөмө байлайт. Мына ушул белгиси анын атынын келип чыгышына негиз болушу мүмкүн.

ЫСЫРЫК Байыркы түрк тилинде *ысрык* «кабыл, чагыл, тиштетил» (ДТС, 220) сөзү болгон. Ушундай сөздү айтып, алар балдарын эмдеп же көз тийүүдөн сактайт деп түшүнгөн. Бул *ысрык* сөзү *ысыр+ык* бөлүктөрүнөн турат. Анын *ысыр* үңгусу «кап, чак, тиште» маанисин туюнткан. Ага *-к* мүчөсү уланып, *ысырык* сөзү жасалган. Мындай мүчө азыркы кыргыз тилинде *күй-күйүк, быш-бышык, кызы-кызык* сыяктуу учурларда этиштен этиш жасап, өздүк мамиленин *-н* мүчөсүнө жакын маани берет.

Азыр *ысырык-ысырык!* деген сөздү арчаны түтөтүп алып айтат. Ушуга караганда, ысырыктын күчү арчада сыяктанат. Чындыгында ысырыктын күчү ошол сөздүн өзүндө болгон. Алгач ушундай сөздү айтып дубалоо эле жетиштүү болсо, кийин ага арча түтөтүү ырымы кошулган.

Болжолу, *ысырык-ысырык!* (кабыл, чагыл, тиштетил) деп жаш балдарды сестендирүү үчүн айтылган сөз кийин магиялык сөз катары колдонулуп кала берген. Андай болушуна *ысыр, ысырык* сөздөрүнүн алгачкы мааниси унутулуп калышы да себеп болгон.

ЫЧКЫР Байыркы түрк тилинде *ич кур* (ДТС, 201) түрүндө айтылган сөз кийин биригип, *ычкыр* түрүнө келген. Алгач «ички кур» маанисинде айтылган сөз бириккенде *ичкур>ычкур>ычкыр* болуп өзгөрүп кеткен.

ЫШКЫН Байыркы түркчө *ышгун* түрүндө айтылган сөз кыргызча *ышкын*, монголчо *гишүүнө* болуп айтылат. Монголчо *гишүүнө* сөзү *гашуун* «ачуу» сөзүнүн *а* тыбышы *и* тыбышына алмашуудан келип чыгышы мүмкүн. Ошондо *ышкындын* аты ачкыл даамына байланыштуу келип чыккан болот. Кыргыз тилине, байыркы түрк тилине бул сөз башкы *г* тыбышын түшүрүп, *ышкын//ышгун* болуп кабыл алынышы мүмкүн.

Э

ЭГЕМ «Кудай» деген сөзгө маанилеш *эгем* сөзү *эге+м* бөлүктөрүнөн турат. Анын *эге* (ДТС, 168) уңгусу азыркы кыргызча *ээ* сөзүнүн байыркы кездеги формасы болсо, *-м* биринчи жактын таандык мүчөсү. Ал мүчө уңгуга сиңип кетип, өзүнүн маанисин жоготуп койгон. Алгач *эгем* сөзү «менин ээм» деген түз маанисинде болгон. Мезгил өтүшү менен ал маанисин өзгөртүп, «кудайды» түшүндүрүп калган.

ЭГИЗ I. *Эгиз бала, эгиз козу* деген сыяктуу учурларда айтылган *эгиз* сөзү *эги+з* бөлүктөрүнө ажырайт. *Эги* уңгусу — демейдеги *эки* деген сөз, уңгунун составындагы *к* тыбышы *-з* мүчөсү уланганда жумшарып кеткен. *Жалкы* деген сөзгө *-з* мүчөсү уланганда да жогоркудай кубулуш болот: *жалкы+з—жалгыз*.

Турция тилинде *үч, беш* деген сөздөрдөн кийин да *-з* мүчөсү уланып, *үчүз, бешиз* (ТурРС, 1987, 111) сөздөрү жасалат. Бул мүчө жалганган сөзүнө жалпылаган маани берет.

ЭГИЗ II. «Бийик» маанисинде айтылган *эгиз* сөзү байыркы түрк тилинде *эдиз* (ДТС, 163) түрүндө айтылган. Ал кезде *д* жана *г* тыбыштары бирин-бири алмаштырган. Маселен, *эдер* «ээр» сөзү *эгер, игер* болуп да колдонулган. Бирок *эдиз* сөзүнүн *эгиз* деген варианты бар экендиги жазууларда чагылдырылган эмес. Ал эми азыркы түрк тилдеринин айрымдарында *эгиз* формасы сакталып калган.

Э. В. Севортян *эгиз* формасын *эг* же *эги* «жогорула, көтөрүл, бийикте» этишине *-з* мүчөсү жалганып, *эгиз* сөзү келип чыккан деп эсептейт (Севортян, 1974, 224). Байыркы түрк тилинде *тагык* «тоого чыгуу, көтөрүлүү» этиши болгон. Ал *таг* «тоо» сөзүнө этиш жасоочу *-ык* мүчөсү улануудан жаралган. Ушул *тагык* этиши башкы *т* тыбышын жана аяккы *ык* тыбыштарын түшүрүп, *аг* «жогору чыгуу, көтөрүлүү» (ДТС, 16) болуп өзгөргөн. Мына ушул *аг* этиши *эгиз* «бийик» сөзүндө *эг* түрүндөгү уңгу болуп калган.

ЭЖИГЕЙ Кыргызча *эжигей* түрүндө айтылган сөз монгол тилинде *ээзгий* болот. Бул сөз кыргыз тилине монгол тилинен кабыл алынган. Монголчо *ээде* этиши «ую» маанисин берет (МРС, 634). Ошол этишке *-гий* мүчөсү уланып *ээдгий* сөзү жасалып, тыбыштары өзгөрүп *ээзгий* түрүнө келсе, кыргыз тилине *эжигей* болуп кабыл алынган.

ЭКЕН Бул сөз *э+кен* бөлүктөрүнөн турат. Анын *э* уңгусу байыркы түрк тилинде *эр* түрүндө айтылып, «бол» деген сөзгө жакын маани берген (ДТС, 175). Ошол сөзгө атоочтуктун *-ган* мүчөсү уланганда, *эркен* сөзү жаралган. Мезгил өтүшү менен *эр* этишинин өзү жеке сөз катары айтылуудан калып, анын *р* тыбышы түшкөн *э* бөлүгү эле калып «кемчил этиш» (недостаточный глагол) деген аныктамага ээ болуп жашап калган. Ошол кемчил этиш азыркы *эле (барган эле, келген эле), эмес (барган эмес, келген эмес), имиш (көргөн имиш, айткан имиш)* деген сыяктуу сөздөрдө *э* же *и* түрүндө өлүү уңгу катары сакталып калган.

ЭЛЕ I. *Барган эле, билген эле* деген учурларда айтылган *эле* жардамчы этиши кыргыз тилинин ичкилик говорунда *эде* түрүндө айтылат. Ал сөз байыркы түрк тилинде *эрди* болуп колдонулган. Алгачкы *эрди* сөзү *эр+ди* деген бөлүктөрдөн туруп, *эр* — «бол» маанисиндеги этишке өткөн чактын *-ды* мүчөсү уланган. Мисалы: *ол менин бирла эрди* (Ал мени менен бирге эле). *Түрк бодун табгачка көрүр эрди* (Түрк эли табгачка багынар эле).

Уңгунун *р* тыбышы түшүшүнөн жана *и* тыбышы *э* тыбышына алмашуудан ичкилик говорлорундагыдай *эде* варианты келип чыккан. Кыргыз тилинин көпчүлүк говорлорунда *д* тыбышы *л* тыбышына алмашып эле сөзү жаралган: *эрди>эди>эде>эле*.

ЭЛЕ II. *Унду эле* деген учурда айтылган *эле* сөзү байыркы түрк тилинде *элге* түрүндө айтылып, азыр-

кы кыргыз тилинин айрым говорлорунда айтылган *элге* сөзүнө туура келген. Мына ушул *элге* этиши алгачкы *ирге* (<*ирик+е*) сөзүнүн *илге//элге* болуп өзгөрүшүнөн келип чыккан. *Илге* этиши *ылга* этишинин маанисинде кыргыз тилинде колдонулат. *Ирге* сөзү «ирилерин тандап алуу» дегенди билдирсе, *р* тыбышы *л* тыбышына өткөндө *илге>ылга* болуп өзгөрүп, «тандап алуу, бөлүп алуу» дегенди туюнткан. Ал эми *элге* варианты «унду урпагынан жана башка кошундулардан бөлүп алуу» деген мааниге айланган. Алгач *илге//ылга//элге* сөздөрү «сорттоо, бөлүү, тандоо» деген жалпы маани берген сөздөрдөн болгон. Кийин тыбыштарындагы айырмаларына жараша маанилеринде айырмалар пайда болуп, ар бири белгилүү бир кыймылды билдирүүгө өткөн.

ЭЛИ Байыркы түрк тилинде *эл* «колдун манжасы (ДТС, 169) деген маанидеги сөзгө *-иг* мүчөсү жалганганда жаралган *элиг* (ДТС, 170) сөзү кайра эле ошондой маани берип калган. Мына ушул *элиг* сөзүнүн аягындагы *г* тыбышы түшкөн түрү кыргыз тилинде *эли* болгон. *Эли* сөзү колдун бир манжасынын калыңдыгына барабар өлчөмдү билдирет. Андай маанисинде алгачкы колдун манжасы деген маанисинен келип чыккандыгын баамдоо анчалык кыйын эмес.

ЭЛИК *Эшик-эликте жүрөт* деген учурда айтылган кош сөздүн бир түгөйү болгон *элик* азыркы кыргыз тилинде өзүнчө айтылбайт. Бирок ал сөз чуваш тилинде *алак* (ЧРС, 30) түрүндө айтылып, кыргызча «эшик» дегенди билдирет. Байыркы түрк тилдеринде *ш* тыбышы *л* тыбышына алмашып айтылган варианты да болгон. Мындай *л-чылык* чуваш тилинде басымдуу сакталса, башка түрк тилдеринде *ш-чылык* үстөмдүк кылат. Ошондой болсо да *ш-чыл* тилдерде айрым *л-чыл* варианты да жашап кала берген. Азыркы *жаш* жана *жыл, беш* жана *билек* деген сөздөр ушундай кубулуштун калдыктарынан болуп эсептелет.

ЭЛИКТЕ «Бирөөнү шылдыңдап күлүү» деген маанидеги *эликте* сөзү *элик+те* бөлүктөрүнөн турат. Анын *элик* уңгусу Махмуд Кашгаринин заманында (XI кылым) «мыскыл, шылдың» маанисин берген. Ошол сөзгө этиш жасоочу *-ла* мүчөсү уланып, *эликте* сөзү келип чыккан.

ЭМГЕК Байыркы түрк тилинде *эмге* этиши болгон. Ал «кыйнал, азап же» маанисин берген (ДТС, 172). Ага зат атооч жасоочу *-к* мүчөсү жалганып, *эмгек* сөзү пайда болуп, «азап, кыйноо» маанисин берген .Мына ошол «азап, кыйноо» мааниси дагы өсүүдөн «азап, кыйноо менен аткарыла турган иш, жумуш» мааниси жаралган. Мурда эмгек ушундай түшүнүлгөн. Азыр *эмгек* кылуунун шарты, негизи өзгөргөндүктөн, *эмгек* сөзү *иш, жумуш, кызмат* деген сөздөргө маанилеш болуп өнүгүп бара жатат.

ЭМЕС *Ал эмес, жакшы эмес* деген сыяктуу учурларда айтылган *эмес* сөзү *э+ме+с* бөлүктөрүнөн турат. Анын *э* уңгусу байыркы кездеги *эр* «бол» этишинин *р* тыбышы түшкөнү болсо, *-ме* — азыркыча терс *-ба* мүчөсүнүн *б* тыбышы *м* тыбышына өткөн варианты. Терс *-ба* мүчөсү *-майынча* мүчөсүнүн составында да *-ма* болуп өзгөрүп кетет: *бар+ба+й+ын+ча>бармайынча*. Калган, учурларда *-ба* мүчөсүнүн башында *б* тыбышы сакталат. Кыргыз эли терс *-ба* мүчөсү *-ма* болуп айтылган казак, өзбек, татарлар менен карым-катышта болгондуктан, ал тилдин таасири астында терс мүчөнү жогоркудай учурларда *-ма* түрүндө айтууга жол берген.

Терс мүчөдөн кийин *-с* деген атоочтуктун мүчөсү жалганып, *эмес* сөзү жаралган. Мындай мүчө *бар+ба+с, кел+бе+с, өт+пө+с* сыяктуу учурларда регулярдуу жалганат.

ЭМИ Бул сөз байыркы түрк тилинде *амты, эмди, эмти* түрүндө айтылган (ДТС, 42, 172, 173). Анын *м* тыбышын *н* тыбышына алмаштырган *энди* варианты кыргыз тилинин айрым говорлорунда айтылат. Ал эми адабий тилде болсо байыркы калыбынан *д* же *т* тыбышы түшкөн варианты колдонулат: *эмди>энди>эми*.

ЭНДИК Байыркы түрк тилинде бул сөз *эңлик* (ДТС, 175) түрүндө айтылган. Анын *эң* уңгусу азыркы кыргызча *өң* дегенге туура келет. Ошол сөзгө *-лык* мүчөсү уланганда келип чыккан *эңлик* сөзү бетке сүйкөй турган затты жана ал жасала турган чөптүн атын билдирип калган. Алгачкы *эңлик* сөзү азыркы кыргызча *өңдүк* сөзүнүн морфемалык түзүлүшү боюнча туура келет, бирок мааниси боюнча дал келбейт. Кыргыз тилинде байыркы түркчө сөздүн башкы *э* тыбышы сакталган, бирок *ң* тыбышы *н* тыбышына алмашкан. Натыйжада азыркы *өңдүк* сөзү менен *эндик* сөзү эки башка нерсени туюнтуп калган.

ЭПЧИ *Эпчи жак, эр жак* деген учурда айтылган *эпчи* сөзү «аял» маанисин берери М. Мураталиев та-

рабынан аныкталган (Мураталиев). Боз үйдүн төрүнөн улагасына чейин оң жак капшыты *эр жагы* болсо, чыгдан турган сол жагы *эпчи жагы* болот. Ичинде кишилер отурганда эр жанына эркектер, *эпчи* жанына аялдар жайгашат. Эркек өлсө, сөөгү оң жак капшытка, аял өлсө сол жак капшытка коюлат. Байыркы түрк тилиндеги *эвчи* «аял» (ДТС, 162) сөзү кыргыз тилинде активдүү колдонуудан чыгып калган менен, *эпчи жак* деген учурда сакталып калган.

ЭР Г. Вамбери *эри* сөзүн *ирик* «ири, чоң, күчтүү» сөзү менен бир уңгудан чыккан деп эсептеген (Севортян, 1974, 372). Ушул пикирге толугу менен кошулууга болот. Анткени *ирде* этиши *ир+де* деген бөлүктөрдөн турат да, *ир* уңгусу «чоң» маанисин туюнтат. Болжолу, байыркы кезде *эр//ир* варианты «чоң» маанисинде жарыш айтылган. Кийин алардын тыбыштарындагы айырмага семантикалык жиктелүү кошулуп, экөө эки башка сөзгө айланган. Татар, башкыр тилдериндегидей *ир* түрүндөгүсү «чоң» дегенди, башка түрк тилдериндегидей *эр* түрү «эркек» дегенди туюнтуп калган. Анткени *эр* жеткенде жаш бала бою чоңоюп, алы-күчү толот.

ЭРГИЛЧЕК Боз үйдүн эшиги *эргилчек* деп аталат. Аны айрым говорлордо *элкинчек//эңкилчек* деп да коёт. Мына ушулардын эң алгачкысы *элкинчек* дешке болот. Анткени ал *элик+ин+чек* бөлүктөрүнөн турат. Анын *элик* дегени *эшик* сөзүнүн *л* тыбышы менен айтылган варианты болуп чыгат. Ага *-ин+чек* мүчөлөрү уланганда, уңгунун аягындагы *и* тыбышы түшүп, *элкинчек* түрүнө келген. Мындагы *-ин* өзүнчө маани бере албаган мүчө, *-чек* — кичирейтүүчү мүчө. Ошондо *эликинчек* сөзү «эшикче» деген маани берген сөз дешке болот. Кийин *элкинчек* сөзүнүн *л* тыбышы *р* тыбышына алмашып, *эргилчек* сөзү жаралган.

ЭРМЕН Өтө жагымсыз даамы бар *эрмен* чөптүн аты *эр+мен* бөлүктөрүнөн турушу мүмкүн. Байыркы түрк тилинде *эр* этиши «жийиркен, жери» маанисин берген (ДТС, 175). Мына ушул этишке *-ман* мүчөсү уланып, *эрмен* сөзү жаралган. Ал сөз «жийиркеничтүү даамы бар чөп» маанисин берген сөз болгон окшойт.

ЭРӨӨН Бул сөз *эр+өөн* бөлүктөрүнөн куралышы мүмкүн. Анын *эр* уңгусу жогорку *эрмен* сөзүн уюштырууда катышкан *эр* этиши болсо, ага *-аан* мүчөсү уланган. Ошондо «жийиркеничтүү» деген маани берген сөз келип чыккан окшойт. Мындагы *-аан* мүчөсүн азыркы *караан, бараан* «силуэт» деген сөздөрдөгү *-аан* мүчөсүнө салыштыруурга болот. Аларды созбой, *каран, баран* деп айтууга да мүмкүн болгондуктан, ошол кыска үндүү менен айтылган түрү алгачкысы, созулуп айтылганы кийин пайда болушу ыктымал. Алгач *эрөн (эр+өн)* түрүндө айтылган сөз кийин *эрөөн* болуп кетиши мүмкүн.

ЭРТЕ Байыркы түрк тилинде *эрте* сөзү азыркы кыргыз тилиндеги *эрте* сөзү сыяктуу эле маани берүү менен, «эртең менен» дегенди да туюнткан (ДТС, 182). Азыркы кыргыз тилинде булар бир сөз болбой, эки башка сөзгө айланган. Ал эми *эртең* сөзү да ушул эле сөздөн келип чыккан дешке болот. Анткени ал кезде сутканын башталышы болуп таң аткан мезгил эсептелген.

ЭСЕР Кыргыз тилинде «эси жок эсерге тең келип эмне кыласың» деген сыяктуу учурда айтылган *эсер* сөзү чувашча *ассар (эс+сар)* сөзүнөн кабыл алынган. Чувашча *ас* сөзү кыргыз тилиндеги *эс* сөзү сыяктуу эле «акыл» маанисин берет (ЧРС, 42). Ага *-сар* мүчөсү улануудан келип чыккан *ассар* сөзү мааниси боюнча да, формасы боюнча да кыргызча «эссиз» дегенге туура келет.

Чувашча *ассар* сөзүнүн ортосундагы кош *сс* тыбышынын бири түшүп, ал кыргыз тилинде *эсер* түрүнө келген. Анын түшүп калуусу чувашча формасынын мааниси кыргыздарга белгисиз болушуна байланышкан. Кыргызча *эссиз* деген учурда *-сыз* мүчөсүнүн мааниси түшүнүктүү болгондуктан, эки *с* тыбышынын бири түшкөн эмес.

ЭС-ЭС Кыргызча *эс-эс билем* деген фраза айтылат. Бул сөз *элес-элес билем* деген толук түрүнүн кыскарганы болуп эсептелет. Анын ортосундагы *ле* деген тыбыштары түшүп, *эс-эс* болуп калган.

ЭСИР Бул сөз байыркы түрк тилинде *эсүр//өсүр* түрүндө айтылган (ДТС, 184). Алгач бул этиш *эссире* түрүндө болушу мүмкүн. Андай болгондо *эс* «акыл» деген маанидеги сөзгө чувашча *-сар* мүчөсү уланып, *эссир* «эссиз» сөзү жасалган. Ага этиш жасоочу *-а* мүчөсү жалганганда *эссире* этиши келип чыккан. Кийин катар келген *с* тыбышынын бири жана аягындагы үндүү тыбышы түшүп калып, *эсир* түрүнө келген. Ошондуктан *эсир* этишинин маанисин «эссиз болуу, мас болуу» дегенге барабар болуп калган.

ЭТЕК Кийимдин жерге жакын төмөн жагын *этек* дейбиз. Бул сөз — байыркы *атак* «бут» сөзүнүн *а* тыбышы *э* тыбышына алмашкан варианты. Анткени байыркы түркчө *адак* сөзү *атак* да болуп айтылган (ДТС, 66). Ал азыркы кыргызча *айак (аяк)* сөзүнө туура келет. Кийимдин этеги аягы да болуп эсептелет. Ушул себептен байыркы *атак* сөзү үндүүлөрүн өзгөртүп, *этек* түрүнө келүү менен, *айак* сөзүнөн башкача маани берип калган.

ЭЧКИ Байыркы түрк тилинде жана азыркы айрым түрк тилдеринде *кечи* болуп айтылган сөз кыргызча *эчки* делет. Булар составындагы тыбыштары алмашып калган бир эле сөздүн варианттары дешке болот. Азыркы *чек, чеге* деп эчкини айдоого, чакырууга карата айтылган сөздөн келип чыгат: *чеке>эчки, чеке>кечи.*

ЭШИК Байыркы түрк тилинде *эшү* этиши «жап» маанисин берип, ага зат атооч жасоочу *-к* мүчөсү уланганда, *эшүк* «жабуу» сөзү келип чыккан (ДТС, 186). Мына ушул *эшүк* сөзүнүн *ү* тыбышы *и* тыбышына өзгөрүүдөн *эшик* сөзү жаралышы мүмкүн. Анткени *эшик* үйдүн ачылып-жабылып тура турган бөлүгү болот. Ошол өзгөчөлүгүн байркы түрктөр «жап» маанисиндеги *эшү* сөзүнүн жардамы менен жасалган. *Эшик* сөзүнүн «тыш, сырт» мааниси кийин жаралганы дешке болот.

